# КЫРГЫЗ ЖАШТАРЫНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ

Эртан Өзенсел
Жеват Өзйурт
Абдуллах Кочак
Бактыбек Исаков
Нургүл Сулейманова
Али Үнал

ÇİZGİ KİTABEVİ | e-Kitap

# КЫРГЫЗ ЖАШТАРЫНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ

KIRGIZ GENÇLİK DEĞERLERİ

Проф. PhD. Эртан Өзенсел
Проф. PhD. Жеват Өзйурт
Проф. PhD. Абдуллах Кочак
Доц. м.а., PhD Бактыбек Исаков
Соц.ил.кан. Нургүл Сулейманова
Соц.ил.кан. Али Үнал

ÇİZGİ KİTABEVİ

# KIRGIZ GENÇLİK DEĞERLERİ

КЫРГЫЗ ЖАШТАРЫНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ

Prof. Dr. Ertan ÖZENSEL (Selçuk Üniversitesi)
Prof. Dr. Cevat ÖZYURT (Ankara Yıldırım Beyazıt Üniversitesi)
Prof. Dr. Abdullah KOÇAK (Selçuk Üniversitesi)
Yrd. Doç. Dr. Baktıbek İSAKOV (Kırgızisan Türkiye Manas Üniversitesi)
Dr. Nurgül SULEYMANOVA (Kırgızisan Türkiye Manas Üniversitesi)
Dr. Ali ÜNAL (Kırgızisan Türkiye Manas Üniversitesi)

ÇİZGİ KİTABEVİ

Çizgi Kitabevi Yayınları (e-kitap)

**©Çizgi Kitabevi**
**Aralık 2025**

**ISBN:** 978-625-396-703-1
**Yayıncı Sertifika No:** 52493

**KÜTÜPHANE BİLGİ KARTI**
**- Cataloging in Publication Data (CIP) -**
Эртан Өзенсел | Жеват Өзйурт | Абдуллах Кочак
Бактыбек Исаков | Нургүл Сулейманова | Али Үнал
**КЫРГЫЗ ЖАШТАРЫНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ**

Ertan ÖZENSEL | Cevat ÖZYURT | Abdullah KOÇAK
Baktıbek İSAKOV | Nurgül SULEYMANOVA | Ali ÜNAL
**KIRGIZ GENÇLİK DEĞERLERİ**

Түрк тилинен которгон: Нургүл Сулейманова

Бул эмгек Кыргыз-Түрк «Манас» университети Илимий изилдөө долбоорлор координаторлугу  тарабынан колдоого алынган KTMU-BAP-2024.SB.21 номерлүү долбоорунун маалыматтарынын негизинде даярдалды.

Baskıya Hazırlık: Çizgi Kitabevi Yayınları
Tel: 0332 353 62 65- 66

**ÇİZGİ KİTABEVİ**

Sahibiata Mah.
M. Muzaffer Cad. No:41/1
Meram/**Konya**
(0332) 353 62 65

Konevi Mah.
Larende Cad.  No:20/A
Meram/**Konya**
(0332) 353 62 66

Siyavuşpaşa Mah.
Gül Sk. No:15 B
Bahçelievler/**İstanbul**
(0212) 514 82 93

www.cizgikitabevi.com
/ cizgikitabevi

# МАЗМУНУ

**БАШ СӨЗ** .......... **7**

**I БӨЛҮМ**

**КОНЦЕПТУАЛДЫК ОБЗОР** .......... **9**

Кыргызстандагы төртүнчү толкун изилдөөсүнүн (2003) негизги бөлүмдөрү .......... 20

Кыргызстандагы алтынчы толкун изилдөөсүнүн (2011) негизги бөлүмдөрү .......... 21

Кыргызстандагы жетинчи толкун изилдөөсүнүн (2020) негизги бөлүмдөрү .......... 22

Кыргызстандагы дүйнөлүк баалуулуктарды изилдөөдөн алынган айрым маалыматтар .......... 25

**II БӨЛҮМ**

**ИЗИЛДӨӨНҮН ЫКМАЛАРЫ** .......... **45**

**III БӨЛҮМ**

**ИЗИЛДӨӨ МААЛЫМАТТАРЫН БААЛОО** .......... **55**

Изилдөөнүн көз карандысыз өзгөрмөлөрү жана айрым коомдук мамилелер .......... 55

Айрым коомдук көз караштар .......... 60

Баалуулуктарга байланыштуу Varimax айлантуу ыкмасы колдонулган факторлук анализдер жана изилдөө маалыматтарын талдоо .......... 62

Баалуулукту билдирген түшүнүктөр үчүн жүргүзүлгөн Varimax айлантуу факторлук анализдери жана алардын жыйынтыктарынын талдоосу .......... 157

**КОРУТУНДУ ЖАНА БААЛОО** .......... **273**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР** .......... **285**

## ТАБЛИЦАЛАР ТИЗМЕСИ

Таблица: 2.1. Университеттин өзгөчөлүгүнө жараша студенттердин жана университеттердин саны (2022) ........ 48
Таблица: 2.2. Аймактар боюнча студенттердин жана университеттердин саны ...... 48
Таблица: 2.3. Сурамжылоо жүргүзүлгөн аймактар жана университеттер ........ 49
Таблица: 2.4. Сурамжылоо жүргүзүлгөн университеттер жана тандаманын саны... 50
Таблица: 2.5. Университетте окуган студенттердин билим алуу түрлөрүнө жараша бөлүштүрүлүшү ........ 51
Таблица: 2.5. Университетте окуган студенттердин билим алуу түрлөрүнө жараша бөлүштүрүлүшү ........ 51
Таблица: 2.8. Студенттердин окуп жаткан курстары ........ 52
Таблица: 2.7. Студенттер окуган илим тармактары жана тандама саны ........ 52
Таблица: 3.1.1. Респонденттердин жаш курагы боюнча бөлүштүрүлүшү ........ 55
Таблица: 3.1.2. Респонденттердин университетке келгенче чейин жашаган жери .... 56
Таблица: 3.1.3. Студенттердин билим алуу учурунда жашаган жерлери ........ 56
Таблица: 3.1.4. Бир туугандын саны ........ 57
Таблица: 3.1.5. Энесинин билим деңгээли ........ 57
Таблица: 3.1.6. Атасынын билим деңгээли ........ 57
Таблица: 3.1.7. Студенттердин кыргыз тилин билүү деңгээлдери ........ 58
Таблица: 3.1.8. Студенттердин орус тилин билүү деңгээлдери........ 58
Таблица: 3.2.1. Жаштардын пикири боюнча Кыргызстандагы эң маанилүү 3 көйгөй...60
Таблица: 3.2.2. Кыргызстанда эң көп ишеним артылган 3 институт ........ 61
Таблица: 3.3.1. (ФАКТОР: 1). Динчилдик жана канааттануучулук ........ 63
Таблица: 3.3.2. (ФАКТОР: 2). Өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо ........ 75
Таблица: 3.4.3. (ФАКТОР: 3). Адеп-ахлактык жүрүм-турумдар........ 86
Таблица: 3.3.4. (ФАКТОР: 4) Башкалардын тандоолорун жана укуктарын сыйлоо..... 96
Таблица: 3.4.5. (ФАКТОР:5). Коомдук ак ниеттүүлүк ........ 105
Таблица: 3.4.6. (ФАКТОР: 6) Медиа-көңүл ачуу ........ 116
Таблица: 3.3.7. (Фактор:7). Экономикалык жыргалчылыкты баалоо ........ 127
Таблица: 3.3.8. (ФАКТОР: 8). Жыныстык идентүүлүк ........ 138
Таблица: 3.4.9. (Фактор:9). Жеке эркиндик жана коомдук теңдик........ 228
Таблица: 3.4.10. (ФАКТОР: 10). Үй-бүлө ........ 237
Таблица: 3.4.11. (Фактор: 11). Советтер союзуна байланыштуу түшүнүктөр ........ 246
Таблица: 3.4.12. (ФАКТОР: 12). Байлык ........ 254
Таблица: 3.4.13. (ФАКТОР: 13). Адилеттүүлүк........ 263

# БАШ СӨЗ

Бул изилдөө Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Илимий изилдөө долбоорлорун координаторлугунун (ИИД) колдоосу менен ишке ашырылды.

Коомдук түзүлүштү калыптандырган социалдык институттардын ар биринин өзүнө таандык баалуулуктары бар экени маалым. Социалдык категория катары жаштар да өлкөнүн маданий баалуулуктарын, алгач коомдун негизги баалуулуктарын кийинки муунга жеткирүүгө милдеттүү эң маанилүү катмарлардын бири болуп саналат. Коомдо болуп жаткан ургаалдуу социалдык өзгөрүүлөр коомдун ар кандай катмарларындагы баалуулуктардын өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн. Жаштар болсо, ар түрдүү коомдо демографиялык жактан эң активдүү жана динамикалуу бөлүктү түзүшөт. Башкача айтканда, жаштар экономикалык, саясий жана маданий таасирлерге коомдун башка катмарларына салыштырмалуу көбүрөөк дуушар болушат. Ошондуктан жаштардын кандай баалуулуктарга ээ экендигин аныктоо, зарыл талдоолорду жүргүзүү жана бул багытта саясаттарды иштеп чыгуу өзгөчө мааниге ээ.

Кыргызстанда 30 жылдан ашык убакыттан бери жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдүн таасирин жана алардын жашоо чындыгындагы чагылуусун конкреттүү түрдө билүү максатында бул изилдөө мамлекеттин көз карандысыз доорунда калыптанган университеттерде билим алып жаткан

жаштардын арасында жүргүзүлдү. Ошондой эле бул эмгек кыргыз жаштарынын баалуулуктарына арналган алгачкы кеңири көлөмдөгү илимий изилдөөлөрдүн бири болуп эсептелет. Жыйналган маалыматтардын кеңири талдоосу кыргыз жаштарынын келечекке болгон көз карашын аныктоодо маанилүү жыйынтыктарды берет деп эсептейбиз.

Изилдөө жүргүзүүдө жигердүү жана берилгендик менен иштеген долбоордук топтун бардык мүчөсүнө өзгөчө ыраазычылык билдирем. Ошондой эле, бул илимий ишти колдоого алгандыгы үчүн Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин жетекчилигине жана долбоорду ишке ашыруудагы иштери үчүн Илимий изилдөөлөр долбоорлорун координаторлугуна (ИИД) терең ыраазычылык билдиребиз.

PhD., профессор Эртан Өзенсел

Долбоордун жетекчиси

# І БӨЛҮМ

# КОНЦЕПТУАЛДЫК ОБЗОР

Баалуулуктар – социологияда жеке адамдарга, топторго, тандалгандарга, максаттарга жана социалдык-маданий объектилерге берилген маанилүүлүгүнө карай аныктоочу өлчөмдөр катары түшүндүрүлөт. Ал эми коомдук баалуулук – бул белгилүү бир аракетти же максатты баалоодо негиз болуучу стандарт болуп саналат жана ал топтун мүчөлөрүнүн күчтүү эмоционалдык байланышы менен калыптанган, жалпыланган, абстракттуу жүрүм-турум принциптери катары аныкталат (Theodorson, 1979:455). Баалуулуктар өз алдынча когнитивдик категорияны түзбөйт, алар сөзсүз башка тармактардагы баалуулуктар менен байланышта болушу керек (Güngör, 1998:77). Бул жагынан алып караганда, коомдук баалуулуктар коомдогу жүрүм-турумда ырааттуулукту жана алдын ала болжолдоону камсыз кылган компас сыяктуу роль аткарат. Адамдын кандайдыр бир бир эле баалуулук чөйрөсүндөгү эмес, ар кандай баалуулук тармактарындагы жүрүм-туруму да ырааттуу болот. Кандай болбосун, баалуулуктардын арасында бир өз ара келишим бар. Мисалы, бир адам үй-бүлөгө баа берсе, ал кандайдыр бир формада үй-бүлө институтуна каршы чыга албайт жана никесиз мамилелерге да ошол эле деңгээлде баа бере албайт. Дагы бир кадам алдыга жыла турган болсок, үй-бүлөгө берген баалуулугу менен бирге, аял менен эркектин негизинде түзүлгөн үй-бүлөлүк биримдиктин тышында

бардык социалдык биримдиктерге да баа бериши күтүлөт. Коомдук түзүлүштү түзгөн экономика, саясат, үй-бүлө, укук, билим берүү, дин ж.б. негизги институттардын ар бири өзүнө тиешелүү баалуулуктарды камтыйт (Özensel, 2003:226). Бирок бул институттардын иштешин бири-биринен бөлүп карай албаганыбыз сыяктуу, баалуулуктарды да өз-өзүнчө, көз карандысыз түшүнүү мүмкүн эмес.

Баалуулуктар адамдардын когнитивдик структурасынын негизги элементтери болуп саналат. Баалуулуктар арасында жогорку деңгээлде гармониянын түзүлүшү адамдын чөйрөгө көнүүсүнүн зарыл шарттарынан бири болуп эсептелет. Бул жагынан алганда, баалуулуктар биздин жашообузга терең таасир этет. Алар күн сайын баштан өткөргөн чыныгы турмуштун маанилүү бөлүгү. Баалуулуктар жашообузга түзүлүштүк жана багыт берет жана адамдын бар болуу маанисине салым кошот. Баалуулуктар айрым мотивацияларды жаратууда, объекттерди түшүнүүдө жана ой жүгүртүүдөгү жардамчы катары кызмат кылат. Алар биздин жашообуздун бардык баскычтарында жана тандоолорубузда (жубай, достор, кесип жана топтук мамилелерде) иштейт. Жакшы жашоого болгон үмүттөрүбүз дагы баалуулуктарды камтыйт. Алар өмүр бою созула турган берилгендиктерди пайда кылат жана кээде биз кантип өлүшүбүз керектигин да айта алышат (Kilby, 1993: 55). Ошондуктан баалуулуктарды «түпкү ишенимдер» (Atalay жана башк., 2024: 9) деп аныктоо туура болот.

Баалуулуктарды топко тиешелүү жана жеке деңгээлдеги баалуулуктар деп да классификациялоого болот. Топтук жана жеке деңгээлдеги баалуулуктар жана ишенимдер бизге эмненин маанилүү, эмненин маанисиз экенин көрсөтүп, жүрүм-турумубуз үчүн зарыл мотивацияны түзөт. Топтук баалуулуктар ошондой эле туруктуулуктун жана коопсуздуктун булагы бо-

луп эсептелет. Каалаган коомдо баалуулуктардын адамдарга интеграциялоочу таасири бар болсо да, кээде бул баалуулуктар айрым социалдык көйгөйлөрдүн булагы да болуп калышы мүмкүн. Социалдык көйгөй кыскача айтканда, социалдык баалуулуктар менен социалдык жүрүм-турум арасындагы айырмачылык катары аныкталышы мүмкүн. Эгер адамдар жогорку баалуулуктарга, күчтүү ишенимдерге жана идеалдарга ээ болбосо, анда кайсы жүрүм-турум үлгүсү менен бааланары жөнүндө эч кандай норма болбойт.

Баалуулуктар социалдык көзөмөл механизмдеринин өзөгүн түзөт. Алар адамдарды коомдук нормаларга ылайык келүүгө багыттайт жана жеңилдетет. Коомдук баалуулуктар ошондой эле, иш-аракеттер менен колдоого алынат. Бир коомдун, маданияттын же цивилизациянын негизги баалуулуктарына каршы болуу «чектен чыгуу» катары бааланат. Чектен чыгуу белгилүү баалуулуктардын айланасында бириккен коомдун же топтун чектерин коркунучка салып, коллективдик аң-сезим же абийир тарабынан катуу чараларга дуушар болот. Баалуулуктар жана баалуулуктарды түзгөн институттук түзүмдөр «тарыхый процесс ичинде пайда болуп, объективдүү чындыктын формасына ээ болгон». Коомдук баалуулуктар социалдашуу процессинде ички сезимге айланып, көрөгөчтүккө, баамчылдыкка айланат. Көрөгөчтүктүн жардамы менен күнүмдүк жана коомдук турмуштун талаш-тартышынан, башкача айтканда хаостон кутулуп, гармония жана тартипке жетет (Bağrıyanık, 2025: 30).

Экинчи жагынан караганда, социалдык баалуулуктар абсолюттук эмес. Алар дайыма адамдар жетише ала турган чектен жогору жайгашкан. Жүрүм-турум менен баалуулуктун ортосундагы боштук эч качан толугу менен жабылбайт. Чындыгында адамдар ар дайым ийгилик жарата ала турганынан да көбүн

каалашат деп айтууга болбойт, бул дайыма социалдык көйгөйлөрдүн пайда болушуна алып келет. Бул жагынан социалдык баалуулуктар социалдык көйгөйлөрдүн себептери болуп саналат. Коомдун мүчөлөрүнүн жүрүм-турум үлгүлөрү, салт жана эрежелер менен тыгыз көзөмөлгө алынган коомдордо баалуулуктарга байланыштуу чыр-чатактар өтө сейрек кездешет. Мындай салттуу коомдор менен салыштырганда, адамдардын өз алдынча ой жүгүртүүсүнө көбүрөөк маани берилген коомдордо баалуулуктардагы айырмачылыктардын жана баалуулуктардын чыр-чатактары көп болуп турат (Özensel, 2004: 12-13).

Баалуулуктар – коомдук нормалардын булагын түзөт, адамдардан эмнени каалай тургандыгын, эмнени сыйлоо керек экендигин жана эмнени тыюу саларын аныктайт. Бул контекстке жараша баалуулуктардын коомдогу жалпы функциялары тууралуу адабияттарда кыскача төмөнкүдөй берилген:

- Баалуулуктар жеке адамдарды жана биргеликте болууну баалоодо даяр курал катары колдонулат;
- Баалуулуктар адамдардын көңүлүн пайдалуу жана маанилүү саналган маданий баалуулуктарга бурат;
- Ар бир коомдо идеалдуу ойлонуу жана жүрүм-турум жолдору баалуулуктар аркылуу көрсөтүлөт;
- Баалуулуктар адамга социалдык ролдорду тандоого жана жүзөгө ашырууга жол көрсөтөт;
- Баалуулуктар социалдык көзөмөл жана басымдын куралы болуп саналат.
- Баалуулуктар тилектештиктин куралы катары да иштейт (Fichter, 1990).

Мындан тышкары баалуулуктардын “жагдайдан көз карандысыз жана абстракттуу болуу”, “каалоого ылайык болуу”

жана “иерархиялык болуу” сыяктуу үч өзгөчөлүгү бар (Atalay жана башк., 2024: 10). Баалуулуктардын биринчи өзгөчөлүгү коомдордун моралдык, социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнө жол көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрүн; экинчи өзгөчөлүгү ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнүн болушу; үчүнчүсү болсо өз ара шайкештикти камсыздоону көрсөтөт.

М. Вебер «Протестанттик этика жана капитализм руху» чыгармасында капитализмдин өнүгүүсү менен Батышта пайда болгон жаңы жашоо стилинин ортосундагы байланышты көрсөтөт. Анын пикири боюнча, протестанттык кыймылдын, айрыкча Кальвинисттик багыттарынын өзгөчөлүгү, Кудайдын тандоосу түшүнүгү боюнча ишенгендердин аң-сезиминде өзүн-өзү куткарууга байланышкан тынчсызданууну жараткан. Кальвинисттер тагдырга баш ийүүнүн ордуна, өз тандоосун мүнөздөгөн жашоо образын тандап, тартиптүү жана таза жашоого умтулуп, ишине берилүү менен (Beruff) көңүл ачуудан, ыңгайлуулуктан жана ырахаттан алыс болуп, диний куткарылышын камсыз кылууга аракет кылышкан. Вебердин ою боюнча, мындай жашоо образы тез капитал топтоого, рационалдуу аракет кылууга жана жумушта ийгиликке умтулуусуна багытталган (Landes,1995: 14). Бул жагдай протестанттыкка гана тиешелүү фактор эмес. Вебердин протестанттыкка байланыштырып көрсөткөн нерселеринин баары еврейлердин динине да тиешелүү болушу мүмкүн (Sombart, 1913). Европалык еврейлер көбүнчө шаардык жана кээ бир жагынан заманбап көрүнүшкө ээ болушкан, бирок Европаны өзгөртө алышкан эмес. Себеби еврейлер Европада маргиналдуу позицияга ээ болгон. Протестанттыктын эң маанилүү таасири – көптөгөн индустриалдык эмес коомдордо ийгиликке жетүүдө тоскоол болгон, «тиги» дүйнөгө багытталган аскеттин диний нормаларынын ордуна экономикалык ийгиликке жол ачкан нормаларды киргизүүсү болуп эсептелет (Inglehart, 2001: 6).

Вебердин изилдөө чөйрөсүн жана социологиялык көз карашын түрк коомдук илимпоздорунун арасынан биринчи болуп өздөштүргөн адис – Сабри Фехми Үлгенер. Үлгенер Вебердин изилдөө алкагын колдонуп, ыдыроо  мезгилиндеги Осмон коомунун социалдык-экономикалык жана социалдык-маданий баалуулуктарды анализдеген (Ülgener, 1981a, 1981b, 1983). Үлгенер бул изилдөөлөрүндө Осмон коомунун XV-XVI кылымдардагы экономикалык жактан чөгүүсүн «акыл менен ой жүгүртүү» түшүнүгү аркылуу карайт.

Түркиянын Анкара шаарындагы Коомдук илимдер фонду тарабынан жүргүзүлгөн «Түркиядагы инсандык, дин, экономика жана саясат» (Atalay жана башк., 2024) аттуу акыркы баалуулуктар изилдөөсү биздин изилдөөгө концептуалдык жана теориялык жагынан маанилүү салым кошот. Бул изилдөөдө кеңири баалуулук шкалаларынын ордуна «дин», «экономика» жана «саясат» чөйрөлөрүнө байланыштуу чектелген негизги баалуулуктарга басым жасалган. Суроолорду тандоодо учурдагы актуалдуу маселелерге салыштырмалуу туруктуу маселелерге артыкчылык берилип, 2024-жылга карата Түркиянын баалуулуктар картинасын аныктоого аракет кылынган. Изилдөө Түркиянын бардык ар кайсы жаш курак топторун камтыган. Изилдөөнүн тандамасына 18 жана андан жогорку жаштагы, шайлоо укугуна ээ бардык эркектер жана аялдар деп катышкан. Тандама усулу катары «Катмарланган эки баскычтуу топтук тандоо» колдонулган. Тандаманын саны 5 618 кишини түзгөн. Түркиянын жалпы калкынын репрезентативдүүлүгүн камсыз кылуу максатында 26 NUTS (Статистикалык аймактык бөлүмдөрүнүн номенклатурасы) 2 аймагы көз карандысыз катмар катары каралган. Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары көрсөтүп тургандай, мурда коомду талдоодо функциялык болгон айрым инсандык категориялар

азыр мурдагыдай эффективдүү эмес, ал эми башка айрым инсандык формалар көбүрөөк жалпы кабыл алынып, айрыкча саясий спектрди аныктаган инсандык көрүнүштөр өзгөрүп жатканын көрсөтөт. Мисалы, Түркиядагы жалпы инсандык категориялар катары саналган солчул жана оңчул түшүнүктөргө кызыгуу «жаңы жана кеңири стереотиптерге» менен алмашкан (Atalay, 2024: 204). Өнүгүп келе жаткан жаңы иденттүүлүктүн калыптары «заманбап» жана «консерватор» дилеммасынын негизинде болуп жатат. «Учурда заманбап иденттүүлүк коомдо эң көп таралган иденттүүлүк болуп эсептелет. Бул иденттүүлүккө туура келбегендердин үлүшү болгону 13%ды түзөт. Ал эми консерватордук иденттүүлүк болсо, каршы болгондордун үлүшү 28% болсо да, коомдун жарымынан көбү тарабынан кабыл алынган» (Atalay жана башк., 2024, 203).

Баалуулуктарды изилдөө боюнча алдыңкы орунда турган илимпоз Шварц (Schwartz, 1992) 7 өлкөдөн адамдын баалуулуктарынын универсалдуу мазмунуна жана структурасына байланыштуу чогулткан маалыматтары менен теориясын түзгөн. Кийин ушул изилдөөнү 20 өлкөдөн чогултулган 40 өрнөк менен кайра карап чыгып, андан ары өнүктүргөн.

Баалуулуктар багытындагы эң кеңири изилдөөлөр – Жак Рене Рабье менен Роналд Инглхарт (1998) тарабынан жүргүзүлгөн «Дүйнөлүк баалуулуктардын изилдөөсү» болуп саналат. Дүйнөлүк баалуулуктардын изилдөөсүнүн башталышы 1970-жылдарга барып такалат. Бул изилдөө коомдун мүчөлөрүнүн көз караштары жана баалуулуктарындагы туруктуулук менен өзгөрүүлөрдү салыштырмалуу түрдө изилдөө максаты коюлган. Мындай максат менен жылына эки жолу, жаз жана күз айларында изилдөө жүргүзүү пландалган. Андан кийин изилдөөнү жүргүзгөн «Европанын баалуулуктар системаларын иштөө тобу» 1981-1982-жылдары 25 өлкөнү

камтыган биринчи дүйнөлүк баалуулуктардын изилдөөсүн жүргүзгөн, бирок Түркия бул изилдөөгө катышкан эмес. Ушул эле изилдөөнүн экинчи толкуну 1990-1993-жылдары жүргүзүлүп, 43 өлкөнү камтыган, мында Түркия да катышкан. Бул изилдөө дүйнө калкынын 70%ын камтып, алардын баалуулуктары, көз караштары жана жүрүм-туруму боюнча маанилүү маалыматтарды берген. Түркиянын баалуулуктарын изилдөө бөлүгү Мичиган университети жана Түрк өнөр жайчылар жана ишкерлер уюмунун (TÜSİAD) колдоосу менен Үстүн Эргүдер, Эрсин Калайжыоглу жана Йылмаз Эсмер (1991) тарабынан жүргүзүлгөн. Роналд Инглхарттын жетекчилигинде дүйнөлүк баалуулуктардын изилдөөсү кийинки жылдары масштабы кеңейип, 2010-2014-жылдар аралыгында кайрадан өткөрүлгөн (Ersoy, 2018: 363).

Дүйнөлүк деңгээлде ар түрдүү өлкөлөрдө жана коомдордо жашаган адамдардын жана жалпы калктын баалуулуктарын жана ишенимдерин аныктоого багытталган, 1981-жылдан бери болжол менен 100 өлкөдө үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келген дүйнөдөгү эң кеңири социалдык изилдөө долбоору болгон Дүйнөлүк баалуулуктардын изилдөөсү (World Values Survey) Роналд Инглхарттын жетекчилигинде иштелип чыккан жана башкарылган абдан маанилүү изилдөө болуп саналат.

Бул изилдөөгө айрым мезгилдерде Кыргызстан да катышкан. Дүйнөлүк баалуулуктардын изилдөөсүнүн маалыматтары биздин «Университетте окуп жаткан кыргыз жаштарынын баалуулуктары» изилдөөсү менен ар тараптуу бири-бирин толуктоочу мүнөзгө ээ. Дүйнөлүк баалуулуктардын изилдөөсү  жаштарга багытталбаса да, жалпы баалуулуктар боюнча маанилүү маалыматтарды бергендиктен, изилдөөнүн адабият бөлүгүндө Дүйнөлүк баалуулуктардын изилдөөсүнүн Кыргызстанга тиешелүү маалыматтарын кеңири камтуу маанилүү болуп эсептелет.

«Дүйнөлүк баалуулуктардын изилдөөсү» (World Values Survey) адамдардын баалуулуктарын, ишенимдерин жана дүйнө таанымын түшүнүүгө багытталган кеңири параметрлерди жана суроолорду камтыйт. ДБИнин (Дүйнөлүк баалуулуктардын изилдөөсү) маалыматтары ар кандай өлкөлөр менен аймактардын ортосунда салыштырмалуу анализ жүргүзүүгө өбөлгө түзүп, глобалдык тенденциялар менен өзгөчөлүктөрдү аныктоого жардам берет. ДБИде маалымат топтоонун негизги ыкмасы – катышуучулар толтурган анкета. Анкеталар ар бир өлкөгө ылайыкташтырылып даярдалат.

Изилдөөгө кирген негизги параметрлерге төмөнкүлөр кирет: мамлекеттик институттарга (мамлекеттик бийлик, сот тутуму, милиция) болгон ишеним, социалдык бакубатчылык жана бактылуулук (бактылуулук деңгээли, жашоого канааттануу), социалдык жана маданий баалуулуктар (үй-бүлөнүн мааниси, диний ишенимдер, гендердик ролдор жана теңдик), экономикалык баалуулуктар (иштөөнүн мааниси, жашоо деңгээлине канааттануу), саясий ишенимдер жана катышуу (саясий жашоого катышуу деңгээли, демократия жана саясий системалар боюнча ишенимдер) сыяктуу темаларды камтыйт (https://www.worldvaluessurvey.org/WVSContents.jsp).

Кыргызстан боюнча ДБИнин алгачкы маалымат изилдөөсү төртүнчү толкундун (1999-2004) алкагында 2003-жылы чогултулган (https://www.worldvaluessurvey.org/WVSDocumentationWV4.jsp). Кыргызстан 2005-2009-жылдардагы ДБИнин бешинчи толкунуна катышкан эмес. Ошентип, Кыргызстанга тиешелүү маалымат төртүнчү толкундан баштап, 2011-жылы алтынынчы толкун (2011-2014) (https://www.worldvaluessurvey.org/WVSDocumentationWV6.jsp) жана 2017-2021-жылдардагы жетинчи толкун ичинде 2020-жыл да кирген (https://www.worldvaluessurvey.org/

WVSDocumentationWV7.jsp). Жетинчи толкун 80ден ашык өлкөнү камтып, жаңы социалдык көрүнүштөр жана өзгөрүп жаткан баалуулуктар боюнча жаңыртылган суроолорду камтыган.

ДБИнин ар кандай толкундарындагы сурамжылоолордун жалпы түзүлүшү жана мазмуну: Кыргызстанда да жүргүзүлгөн 4, 6- жана 7-толкундарга тиешелүү үч анкета окшош түзүлүшкө ээ болсо да, убакыт өткөн сайын айрым айырмачылыктар байкалган. Сурамжылоолордогу суроолордун саны үч толкун ичинде 240-290 суроо арасында өзгөргөн. Бардык анкета глобалдык изилдөөнүн бир бөлүгү катары социалдык, саясий жана экономикалык маселелер боюнча пикирлерди чогултуу максатында жүргүзүлгөн. Үч толкунда тең катышуучулардан үй-бүлө, иш, дин жана саясат сыяктуу турмуштун маанилүү аспектилери боюнча суроолор берилген жана жеке баалуулуктар тууралуу маалымат алынган. Ошондой эле балдарды тарбиялоо баалуулуктары, жеке көз карандысыздык, эмгекчилдик жана урматтоо сыяктуу темалар да изилденген. Саясий активдүүлүк, институттарга болгон ишеним жана жарандык катышуу, добуш берүү жана уюмдарга мүчөлүк да суроолордун катарында болгон. Бардык толкундарда коңшу адамдарга, үй-бүлө мүчөлөрүнө жана кеңири социалдык топторго болгон ишеним деңгээли бааланган. Аборт, ажырашуу жана гендердик ролдор сыяктуу этикалык темалар ар бир толкунга кирсе, диний ишенимдер, практика жана алардын күнүмдүк жашоодогу мааниси негизги бөлүмдөрдүн бири болуп саналат. Жаш, жыныс жана билим сыяктуу стандарттуу демографиялык суроолор жоопторду сегменттештирүү үчүн ар бир толкунда берилген.

Сурамжылоолордогу негизги айырмачылыктар: 2003-жылдагы 4-толкун изилдөөсү негизинен баалуулуктар жана ар кай-

сы өлкөлөрдөн алынган пикирлерди чогултууга багытталган. Суроолор турмуштун маанилүү аспектилерин, институттарга болгон ишенимди жана диний практикаларды камтыйт. Саясий жана жарандык катышуу ошол учурдагы толкундарга салыштырмалуу азыраак каралган, бул кээ бир өлкөлөрдөгү саясий өнүгүүнүн алгачкы этаптарын чагылдырышы мүмкүн. Бул толкун коомдогу ишеним жана демократияга көз караш боюнча жөнөкөй суроолорду камтыган.

Алтынынчы толкун (2011-2014) боюнча 2011-жылдагы сурамжылоо ааламдашуу, миграция жана айлана-чөйрөнү коргоо сыяктуу глобалдык темалар боюнча кеңири суроолорду камтыган. Байлыктын бөлүштүрүлүшү, экономикалык теңсиздик жана мамлекеттин жарандарды колдоо ролу өзгөчө маанилүү деп эсептелет. Анкетада респонденттердин ар кандай саясий иш-чараларга катышуусу (мисалы, билдирүүгө кол коюу, митингдерге катышуу) жөнүндө кененирээк суроолор берилген. Айлана-чөйрөнүн маселелери жана эл аралык байланыштардагы тынчсыздануулар, глобалдык проблемалардын кабыл алынышына өзгөчө көңүл бурулган.

Жетинчи толкун (2017-2021) боюнча 2020-жылы жүргүзүлгөн сурамжылоо илим жана технологиянын күнүмдүк жашоого таасирине өзгөчө көңүл бурган. Бул санариптешүү жана глобалдык өзгөрүүлөргө актуалдуу кызыгуу экенин чагылдырат. Жеке коопсуздукка байланыштуу суроолор – коопсуздук сезими, кылмыш тажрыйбасы жана коррупцияны кабыл алуу сыяктуу кененирээк берилген. Миграция жана улуттук идентүүлүк суроолору, глобалдык миграция процесстери жана саясий өзгөрүүлөрдү чагылдыруу үчүн берилген. Медиага жана институттарга болгон ишенимге көбүрөөк көңүл бурулган. Бул суроолор телекөрсөтүү, гезит жана онлайн платформалар сыяктуу маалымат булактарына ишеним жана медиа контент-

ти колдонууга байланыштуу, изилдөө социалдык медианын өсүшүнө кызыктар экенин көрсөткөн.

Ар бир жаңы толкун сайын климаттык өзгөрүү, миграция жана экономикалык теңсиздик сыяктуу глобалдык көйгөйлөргө көбүрөөк көңүл бурулган. Кийинки толкундарда технологиялар, санариптик дүйнө жана илимдин коомго тийгизген таасири боюнча суроолор кошулганы, бул чөйрөлөрдүн маанисинин өсүп жатканын чагылдырат. Алгачкы толкундарда сурамжылоо жарандык катышуу боюнча негизги суроолорду камтыса, кийинки толкундарда саясий активдүүлүк, митингдер жана коомдук жашоону түзүүгө жеке катышуу тууралуу татаал суроолор киргизилген. Натыйжада, негизги түзүлүш жана негизги бөлүмдөр туруктуу калганы менен, сурамжылоо ааламдашуу, технология жана жарандык активдүүлүккө көбүрөөк көңүл буруууга ылайык акырындык менен өзгөртүлгөн.

## Кыргызстандагы төртүнчү толкун изилдөөсүнүн (2003) негизги бөлүмдөрү

*Жашоонун маанилүү аспектилери:* респонденттерден үй-бүлө, достор, саясат, дин жана иш сыяктуу жашоодогу маанилүү элементтерди баалоосу суралган.

*Жеке канааттануу:* жалпы бактылуулук, ден соолуктун абалы, жеке каржылык абал жана жашоого карата жалпы канааттануу боюнча суроолор камтылган.

*Үй-бүлөлүк баалуулуктар жана бала тарбиялоо:* балдарга үйрөтүлө турган баалуулуктар, ата-энелердин ролдору жана үй-бүлөнүн улууларына болгон мамилелери тууралуу суроолорго көңүл бурулган.

*Социалдык мамилелер жана жарандык катышуу:* башка адамдарга карата ишеним, ыктыярдуулук мамилеси, саясий жана коомдук уюмдарга катышуу, ошондой эле ар кандай

социалдык топтор менен өз ара аракеттешүү маселелери каралган.

*Ишке карата көз карашы:* адамдардын жумушта баалаган сапаттары, иш коопсуздугу, айлык маяна жана жеке канааттануусу тууралуу суроолор камтылган.

*Экономикалык жана саясий көз караштар:* экономикалык өсүштүн, айлана-чөйрөнү коргоонун жана ар түрдүү саясий системалардын маанилүүлүгүн баалоо боюнча суроолор берилген.

*Диний ишенимдер:* диний эрежелерди аткаруу, жеке ишенимдер жана диндин күнүмдүк жашоого тийгизген таасири жөнүндө суроолор суралган.

*Адеп-ахлак жана этика:* гомосексуалдуулук, ажырашуу, эвтаназия жана бойдон алдыруу сыяктуу талаштуу темалар боюнча суроолор берилип, респонденттердин бул көрүнүштөрдү адеп-ахлактык жактан кандай кабыл алары суралган.

*Улуттук иденттүүлүк жана уюмдарга карата ишеним:* респонденттердин аскерге, өкмөткө жана диний уюмдар өңдүү мекемелерге карата ишеними, ошондой эле улуттук жана аймактык иденттүүлүгү боюнча суроолор берилген.

## Кыргызстандагы алтынчы толкун изилдөөсүнүн (2011) негизги бөлүмдөрү

*Жеке жана үй-бүлөлүк баалуулуктар:* сурамжылоодо үй-бүлө, достук, иш, дин жана бош убакыт өңдүү жашоонун ар кыл тармактарынын маанилүүлүгү тууралуу суроолор берилген. Ошондой эле, жеке канааттануу, бактылуулук жана ден соолуктун абалдары да изилденген.

*Балдарды чоңойтуу жана тарбиялоо:* Баланы тарбиялоодо эң маанилүү деп эсептелген сапаттар – өз алдынчалык, сабырдуулук жана жоопкерчилик тууралуу суроолор камтылган.

*Жарандык жана коомдук катышуу:* респонденттердин диний, саясий, экологиялык жана башка коомдук уюмдарга катышуусу, ошондой эле добуш берүү, нааразычылык акцияларына же митингдерге катышуу сыяктуу саясий активдүүлүгү изилденет.

*Саясий жана экономикалык көз караштар:* өкмөт, аскер, медиа сыяктуу институттарга карата ишеним жана мүлк бөлүштүрүү, экономикалык өсүш, мамлекеттин экономикадагы ролу боюнча пикирлер суралган.

*Этикалык жана адеп-ахлактык баалуулуктар:* бойдон алдыруу, ажырашуу, жыныстык ролдор жана адеп-ахлак маселелери боюнча респонденттердин көз караштары суралган. Ошондой эле башка адамдарга жана социалдык топторго болгон ишеним, мигранттарга, расалык топторго жана маргинал топторго карата көз караштары да суралган.

*Диний ишенимдер жана аны ишке ашыруу:* бул бөлүмдө респонденттердин диний иденттүүлүгүн, ишенимдерин, дин эрежелерин аткаруусу жана диндин жашоосундагы орду изилденген.

*Улуттук иденттүүлүк жана ишеним:* улуттук сыймык, демократияга карата көз караш жана шайлоолордун адилеттүү кабыл алынышы тууралуу суроолор камтылат.

## Кыргызстандагы жетинчи толкун изилдөөсүнүн (2020) негизги бөлүмдөрү

*Социалдык баалуулуктар жана мамилелер:* бул бөлүмдө үйбүлө, достук, иш, дин жана саясат сыяктуу жашоонун ар кыл тармактарынын мааниси тууралуу баа берилген. Ошондой эле,

баланы тарбиялоо боюнча суроолор да камтылган. Ата-энелер балдарына кандай баалуулуктарды үйрөтүшү керектиги (мисалы, жакшы жүрүм-турум, жоопкерчилик, өз алдынчалык) тууралуу пикирлер суралган.

*Стереотиптер жана социалдык четтетилүү:* респонденттердин ар түрдүү социалдык топторго (мисалы, башка расадагы адамдарга, мигранттарга, гомосексуалдарга, башка диндин өкүлдөрүнө) карата мамилелери каралган. Бул бөлүмдө адамдардын стеориптери, алдын ала көз караштары жана адамдардын ортосундагы  социалдык аралык изилденген.

*Жыныстык ролдор жана үй-бүлөлүк динамика:* бул бөлүм салттуу жыныстык ролдорго жана коомдогу күтүүлөргө багытталган суроолорду камтыган. Мисалы, эркектер жакшыраак саясий лидер болобу же энелер иштегендин ордуна үйдө отурушу керекпи деген сыяктуу респонденттердин көз караштары суралган.

*Саясий көз караштар жана жарандык катышуу:* өкмөт, демократия жана жарандык жашоого катышуу (мисалы, добуш берүү, нааразычылык акцияларына катышуу же саясий уюмдарга мүчө болуу) тууралуу пикирлер суралган. Ошондой эле респонденттердин өкмөт, милиция жана диний уюмдар сыяктуу институттарга карата ишеними бааланган.

*Ишеним жана социалдык капитал:* респонденттердин үй-бүлө мүчөлөрүнө, кошуналарга жана башка социалдык топторго карата ишеними жана ар кандай уюмдарга (мисалы, кесиптик кошуундар, экологиялык топтор, диний уюмдар) катышуусу изилденген.

*Иш жана экономикалык баалуулуктар:* кирешедеги теңсиздик, мамлекеттик жана жеке менчик ишканалар боюнча ой-пикирлер, аны менен катар экономикалык жыргалчылык үчүн жоопкерчилик жеке адамдабы же мамлекеттеби деген маселелер тууралуу пикирлер изилденген.

*Адеп-ахлактык жана этикалык баалуулуктар:* бойдон алдыруу, эвтаназия, ажырашуу жана гомосексуалдуулук сыяктуу этикалык маселелер боюнча суроолорду камтып, бул көрүнүштөрдүн канчалык деңгээлде кабыл алынары жана «туура» деп кабыл алынары тууралуу пикирлери сурамжыланган.

*Диний ишенимдер жана дин эрежелерин аткаруу:* диндин мааниси, Кудайга болгон ишеним, канчалык көп сыйынары (тилек кылуу) жана чиркөө же мечитке баруу сыяктуу суроолор берилген. Ошондой эле, илим менен диндин ортосундагы карама-каршылык тууралуу түшүнүктөр да каралган.

*Коррупция түшүнүгү:* респонденттер Кыргызстандагы коррупциянын деңгээлин баалашкан жана коррупциянын өкмөттө, сот системасында, медиада жана башка мекемелерде кандай деңгээлде жайылганын билдиришкен.

*Коопсуздук жана кылмыштуулук:* жеке коопсуздук, кылмышка туш болуу тажрыйбасы жана баңги заттарды колдонуу же көчө зомбулугу сыяктуу жергиликтүү коопсуздук маселелерине байланыштуу тынчсыздануулар боюнча суроолор камтылган.

*Миграция жана улуттук иденттүүлүк:* миграция жана анын Кыргызстанга тийгизген таасири боюнча ойлору, ошондой эле эмгек рыногунда атаандаштык, маданий ар түрдүүлүк жана миграциянын артыкчылыктары, кемчиликтери тууралуу суроолор суралган.

*Саясий катышуу жана медиа керектөөчүлүк:* саясатка болгон кызыгуу, саясий талкууларга тез-тез катышуу, петицияларга кол коюу же наразычылык акцияларына чыгуу сыяктуу ар түрдүү саясий активдүүлүк каралган. Андан тышкары телекөрсөтүү, радио же социалдык медиадан жаңылыктарды көрүү сыяктуу медиа колдонуу көндүм-адаттары да изилденген.

*Бактылуулук жана жашоого канааттануу:* респонденттер өздөрүнүн жалпы бактылуулук деңгээлине, ден соолугуна жана жашоосуна, ошондой эле каржылык абалына кандай деңгээлде канааттанарын баалашкан.

## Кыргызстандагы дүйнөлүк баалуулуктарды изилдөөдөн алынган айрым маалыматтар

Кыргызстандагы изилдөөлөр үй-бүлөлүк баалуулуктардын адамдардын жашоосунда маанилүү орун ээлерин жана убакыт өткөн сайын мындан да маанилүү болуп бара жатканын көрсөткөн. 2011-жылдан кийин достуктун мааниси бир аз төмөндөгөнү менен, 2020-жылга чейин өзгөчө жаштар, анын ичинде эркектердин арасында кайрадан өсө баштаган. Бош убакыттын баалуулугунун өсүшү да иш менен жеке жашоонун тең салмактуулугун сактоонун маанилүү экенин баса белгилейт. Саясатка жана ишке болгон кызыгуу болсо, өзгөчө аялдар менен улгайган адамдар арасында азайган. Бирок респонденттерди жынысы боюнча салыштырганда, эркектер үчүн иш дагы эле маанилүү роль ойной турганы байкалат. Ал эми диний баалуулуктар айрыкча жаштардын жана эркектердин арасында ачык күч алган. Башкаларга жардам берүүгө болгон каалоо туруктуу деңгээлде калган, бирок жаштар муну бир аз жогору баалап жатканы байкалат. Жалпы бактылуулук деңгээли жана ден соолуктун абалы, өзгөчө жаштардын жана эркектердин арасында бир кыйла жакшырганын белгилеп кетүү керек.

Төмөндө үй-бүлө, достук, жумуш жана дин сыяктуу негизги жашоо баалуулуктарынын маанилүүлүгүндө убакыт боюнча өзгөрүүлөрдүн салыштырмалуу анализи берилип жатат. Мындан тышкары, ар кандай демографиялык топтордо бакыт жана саламаттык деңгээлиндеги жалпы тенденциялар да каралууда. Бул анализ, жаш жана жыныс сыяктуу факторлорго жа-

раша бул баалуулуктардын кабыл алынуусунун убакыт ичинде кандайча өзгөргөнүн көрсөткөн.

***Үй-бүлө:*** 2003-жылы (4-толкун) «үй-бүлө» респонденттердин 87,2%ы үчүн абдан маанилүү болгон. 2011-жылы (алтынчы толкун) жана 2020-жылы (жетинчи толкун) бул көрсөткүч 96,5%га жана 92,4%га жогорулаган. 2003-жылы үй-бүлө маанилүүлүгүндө эркектер менен аялдар дээрлик тең болгон: эркектердин 87,7%ы жана аялдардын 86,8%ы үй-бүлөнү абдан маанилүү деп эсептеген. 2011-жылы бул көрсөткүч эркектерде да (97,0%) жана аялдарда да (95,9%) жогорулаган. 2020-жылы да үй-бүлөгө берилген жогорку маанилүүлүк сакталган: эркектердин 93,7%ы жана аялдардын 91,2%ы үй-бүлөнү абдан маанилүү деп эсептешкен.

Жаш курактарына жараша үй-бүлөнүн маанилүүлүгүн караганда, 2003-жылы жаштар (29 жашка чейинкилер) үй-бүлөнү эң маанилүү топ катары баалашкан (88,3%), ал эми 50 жаштан жогору курактагыларда бул көрсөткүч 81,2% болгон. 2011 жана 2020-жылдары жаш курактар арасында үй-бүлөнү кабылдоодо дээрлик айырма болгон эмес, бардык жаш топтору жогорку натыйжаларды көрсөтүшкөн.

***Достук:*** достуктун маанилүүлүгү бир аз өзгөрмөлүү болуп келген: 2003-жылы респонденттердин 47,5%ы досторун абдан маанилүү деп эсептеген, 2011-жылы бул көрсөткүч 30,5%га түшкөн, бирок 2020-жылы кайра 52,3%га жогорулаган. Бул акыркы жылдары социалдык байланыштардын маанилүүлүгүнүн жогорулаганын көрсөтөт. 2003-жылы эркектердин 50,1%ы жана аялдардын 45,4%ы досторун абдан маанилүү деп эсептеген. 2011-жылы эркектерде достордун маанилүүлүгү 31,0%, аялдарда 30,0%ды түзгөн. Бирок 2020-жылы эркектерде 59,8%, аялдарда 45,3%га жеткен.

Жаш топторуна карата 2003-жылы эң жаштар (29 жашка чейинкилер) досторун маанилүү деп эсептеген (55,4%), ал эми 50 жаштан жогору курактагыларда 44,2% болгон. 2011-жылы жаштар дагы да досторун маанилүү деп эсептешкен (41,6%), бирок 2003-жылга караганда азыраак көрсөткүч. 2020-жылы 29 жашка чейинкилер үчүн достордун маанилүүлүгү кайра жогорулап, 58,3%ды түзгөн, ал эми улуу курактагы топтордо төмөн болуп калган.

***Бош убакыт:*** 2020-жылдагы 7-толкундун изилдөөсү боюнча «бош убакыт» категориясы көбүрөөк адамдар үчүн маанилүү болгон. 2003-жылы респонденттердин 24,8%ы гана бош убактысын абдан маанилүү деп эсептесе, 2020-жылы бул көрсөткүч 41%га жеткен. Бул адамдардын жумуш жана жеке жашоо балансынын маанилүүлүгүн көбүрөөк баалай баштаганын көрсөтөт. 2003-жылы аялдар үчүн (26,7%) эркектерге караганда (22,6%) бош убакыт бир аз маанилүүрөөк болгон. 2011-жылы бул айырма дээрлик жоюлган, ал эми 2020-жылы эркектер (39,9%) жана аялдар (42,0%) бош убакыттын маанилүүлүгүн дээрлик тең баалашкан.

2003-жылкы изилдөөдө жаштар (29 жашка чейинкилер) жана улуу курактагы топтор бош убакыттын маанилүүлүгүн дээрлик бирдей баалашкан (24,7% жана 23,6%). Бирок 2011-жылы жаштар муну көбүрөөк баалай башташкан (28,3%), 2020-жылкы изилдөө жаш курактардын арасында айырмачылыктар азайып, баары бирдей натыйжаларды көрсөтүшкөн.

***Саясат:*** саясаттын маанилүүлүгү убакыт ичинде өзгөрмөлүү болуп, төмөн деңгээлде калган. 2003-жылы адамдардын 15,2%ы саясий ишти абдан маанилүү деп эсептеген, 2011-жылы 12,3%, 2020-жылы 14% болгон. 2003-жылы эркектердин 17,8%ы саясий ишти абдан маанилүү деп эсептесе, аялдарда 13,2% болгон. 2011-жылы эркектер 13,7%, аялдар 10,9% болгон. 2020-

жылы эркектер 14,6%, аялдар 13,6%ды түзгөн, бул саясатка кызыкчылыктын жалпы төмөндүгүн чагылдырган. 2003-жылы жаштар (29 жашка чейинкилер) саясатка көбүрөөк кызыгышкан (14,3%), 2020-жылы дагы жаштар эң жогорку көрсөткүчтү көрсөтүшкөн (14,4%), ал эми улуу жаш курактагы топтордо саясатка кызыкчылык төмөндөгөн.

***Иш жана эмгек:*** иш көпчүлүк үчүн маанилүү бойдон калган. 2003-жылы респонденттердин 54,8%ы жумушту абдан маанилүү деп эсептеген, 2011-жылы бул көрсөткүч 63,7%га жеткен, бирок 2020-жылы 55,5%га азайган. Бул глобалдык окуяларга байланыштуу жумушка карата мамиледеги өзгөрүүлөрдү чагылдыра алат. 2003-жылы эркектер (58,5%) жумушту аялдардан (52,0%) көбүрөөк баалашкан. 2011 жана 2020-жылдарда иш эркектер үчүн дагы да маанилүү бойдон калган (2011-ж. - 64,7% жана 2020-ж. - 58,6%), ал эми аялдарда эркектерге салыштырмалуу төмөн (2011-ж. - 62,8% жана 2020-ж. - 52,5%).

2003-жылы жаштар (29 жашка чейинкилер) жумушту көбүрөөк маанилүү деп эсептеген (58,7%). 2011-жылы 30-49 жаш курактагылар жумушка маани берген эң маанилүү топ болушкан (68,9%), бирок 2020-жылы 29 жашка чейинки жаштар кайрадан жумушка көбүрөөк маанилүү деп баалашкан (61,6%).

***Дин:*** диндин маанилүүлүгү 2003-жылы 31,6%дан 2020-жылы 56%га жеткен, бул акыркы жылдары динге болгон кызыгуу жогорулаганын көрсөтөт. 2003-жылы дин эркектер үчүн (34,0%) аялдарга караганда (29,8%) маанилүү болгон. 2011-жылга чейин бул айырма азайган, бирок 2020-жылга чейин дин эркектер үчүн (58,8%) аялдарга (53,4%) караганда маанилүү бойдон калган. Жаш куракка жараша айырмачылыктар да байкалган, 2003-жылы 29 жашка чейинки жаштар динди улуу курак-

тагыларга караганда көбүрөөк баалашкан (33,2%). 2011 жана 2020-жылдарда жаштар динге болгон кызыгуусун сакташкан.

***Башкаларга жардам берүү мааниси:*** башкаларга жардам берүүдө бираз өзгөрүүлөр болгондугуна карабастан, маанилүү бойдон калган. 2003-жылы адамдардын 24,9%ы бул категорияны абдан маанилүү деп эсептесе, 2020-жылы дагы 24,9% бойдон калган. 2003-жылы эркектер (25,2%) менен аялдар (24,8%) башкаларга жардам берүүнүн маанисин дээрлик бирдей баалашкан. 2011 жана 2020-жылдары дагы бул айырма сакталган. 2003-жылы жаштар (29 жашка чейинкилер) башкаларга жардам берүүнү башка жаш курактагы топтордон көбүрөөк баалашкан (26,3%), 2020-жылы дагы бул тенденция сакталган.

***Кыргызстанда адамдар канчалык бактылуу?*** Маалыматтардын салыштырмалуу анализинде 2003-2020-жылдар аралыгында жалпы бактылуулук деңгээлинин жогорулаганын жана саламаттыктын жакшырганын көрсөтөт. Өзгөчө жаш курактардын жана жыныстардын ортосунда айырмачылыктар байкалат: жаштар жана эркектер жогорку бактылуулук жана саламаттык деңгээлин көрсөткөн.

2003-жылы респонденттендин 19,8%ы өзүн абдан бактылуу сезген, көпчүлүгү (64,1%) өзүн жарым-жартылай бактылуу сезген жана 14,9%ы муну төмөн баалаган. Абдан бактысыз адамдардын пайызы өтө аз болгон (0,5%). Эркектер (19,4%) аялдардан (20,1%) бираз айырмачылыкта азыраак бактылуу экенин билдирген, бирок эркектер көбүрөөк “жарым-жартылай бактылуу” дегенди тандашкан (68,6% эркектер, 60,5% аялдар). 29 жашка чейинки жаштар арасында 24,2%ы өзүн бактылуу сезишсе, 50 жаштан жогору адамдарда бул көрсөткүч төмөн көрсөткүчтө болгон (17,3%).

***Кыргызстандагы адамдар саламаттыгын кантип баалашат?*** 2003-жылкы изилдөөдө респонденттер саламаттыктарын төмөнкүчө баалашкан: 12,3%ы абдан жакшы, 48,7%ы жакшы, 33,3%ы канааттандырарлык жана 5,8%ы начар деп эсептеген. Эркектер саламаттыктарын аялдардан (9,5%) көбүрөөк абдан жакшы деп баалашкан (15,7%). 29 жашка чейинки жаштар саламаттыктарын жогорку деңгээлде баалашкан (16,1%), ал эми 50 жаштан жогору адамдарда 7,7%ды гана түздү.

2011-жылы бул кырдаал жакшырган: респонденттердин 18,3%ы абдан жакшы, 56,9%ы жакшы, 21,9%ы канааттандырарлык баалаган. Эркектер саламаттыктарын аялдардан (15,2%) дагы жогорку баалашкан (21,6% абдан жакшы). 29 жашка чейинки жаштар дагы эң жогорку көрсөткүчтү көрсөтүшкөн: 25,5%ы абдан жакшы деп баалашкан, 50 жаштан жогору курактагыларда 12,1%ды түзгөн.

2017-2020-жылдардын аралыгында саламаттык абалы жакшырган: сурамжылоого катышкандардын 36,7%ы абдан жакшы, 39,6%ы жакшы деп баалашкан, ал эми 20,5%ы канааттандырарлык деп эсептеген. Эркектер (41,3%) саламаттыктарын аялдардан (32,3%) көбүрөөк *абдан жакшы* деп баалашкан, бул айырмачылык ачык байкалган. Жаш курактык тобу менен караганда 29 жашка чейинки жаштар алдынкы орунда – 64,9%ы абдан жакшы деп баалашкан, ал эми 50 жаштан жогору адамдарда бул көрсөткүч 11,3%ды түзгөн.

Жалпысынан бул маалыматтар Кыргызстанда бактылуулук жана саламаттык деңгээли жогорулап жатканын, өзгөчө жаштар арасында жана жыныс менен жаш курак топторунун ортосунда айырмачылыктар бар экенин көрсөткөн. 2020-жылы көпчүлүк респонденттер бактылуулукту жана саламаттыкты 2003-жылдагыга салыштырмалуу жогору баалашкан. Эркектер

жана жаштар салттуу түрдө бактылуулук жана саламаттык деңгээлин жогору баалашкан, бирок жаш өткөн сайын бул көрсөткүчтөр төмөндөгөн. Аялдар саламаттыктарын жана бактылуулугун эркектерге караганда төмөн баалашкан, бирок убакыттын өтүшү менен бактылуулук деңгээлинин арасындагы айырма азайган. Жаштар дайыма жогорку бактылуулук жана саламаттык деңгээлин көрсөтүшкөн, ал эми улуу жаштагы адамдарда жаш куракка байланыштуу саламаттык көйгөйлөрү берилген баа төмөндөгөн.

**Жыйынтык:** 2003, 2011 жана 2020-жылдардагы Кыргызстандагы баалуулуктардын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарына ылайык, үй-бүлө бардык жаш жана жыныс топтору үчүн эң маанилүү баалуулук бойдон калууда. Достук да өзгөчө жаштар жана эркектер үчүн маанилүү роль ойнойт; достордун маанилүүлүгүн 2020-жылга чейин жогорулаганын көрүүгө болот. Бош убакыт өзгөчө жаш муундар арасында маанилүү болуп калган. Саясат өзгөчө аялдар жана улуу курактагы адамдар арасында анчалык мааниге ээ эмес. Дин айрыкча жаш эркектер арасында маанилүү экендигин көрсөттү. Иш көпчүлүк үчүн маанилүү болсо да 2020-жылга чейин бир аз төмөндөгөн. Башкаларга жардам берүү, өзгөчө жаштар арасында туруктуу баалуулук бойдон калууда. Жалпысынан алганда, үй-бүлө, достор, иш жана дин негизги приоритет бойдон кала турганын, бош убакыттын маанилүүлүгү жогорулаганын жана саясатка кызыгуу төмөндөп жатканын көрсөткөн.

***

Жаштар жана жаштыктын аныктамаларына көз чаптырсак, жаштык жаш курак категориясы катары көбүнчө биологиялык жана хронологиялык түшүндүрмөлөр менен берилет. Бул аныктама жаштыктын ошол доордун тарыхый жана коомдук

окуяларынан таасирленген жана өзгөргөн маанисин көз жаздымда калтырат. А чынында, жаштыктын динамикалуу, жаңычыл жана күчтүү жактарын баса белгилеген аныктамалар болгон сыяктуу эле, аны көйгөйлүү, шайкеш келбеген жана көтөрүлүшчүл мүнөздө сыпаттаган терс аныктамалар да бар. Айрым аныктамаларда жаштар коомдун кепилдиги катары жана экономикалык өсүш үчүн салым кылына турган объект же курал катары бааланат. Дагы бир башка көз караштан алганда, жаштык чоңдордун жашоосуна өтүү процесси катары мүнөздөлүп, чоңдор катарына кошулууга аракет кылып жаткан, бул жагынан алсыздыгын көрсөтүп турган абал катары каралат. Ушундай жаштык мезгили оң жана терс маанилери менен коомдук практикалар аркылуу калыптанган ой жүгүртүүлөргө таянып түзүлөт (Baran, 2013: 9-10).

Биздин изилдөө темабыз «жаштар» болгондуктан, жаштык категориясын түзгөн эки негизги элемент бар: биринчиси, белгиленген жаш курактык топтор (12-25 жаш) жана бул жерде негизги критерий биологиялык; бул жаштардын дене жана психикалык өнүгүүсү негизги баалуулук болуп алынат. Экинчиси, ушул эле жаш курактык топ боюнча негизги критерий – бул социалдык факторлор. Башкача айтканда, баалуулуктар жана жүрүм-турум үлгүлөрү. Жаштын биологиялык категория же социалдык категория катары каралышы биринин экинчисинен артык экенин билдирбейт. Бул эки категорияны так бөлүү дээрлик мүмкүн эмес. Жаштык – биологиялык гана же социалдык гана категория катары карасак, анда ар кандай ролдорду ээлеген индивиддерди көрөбүз. Бирок бирин экинчисинен толугу менен ажыратып изилдөө «жаш деген категорияны» түшүнүүнү кыйындатат. Анткени жаш адам – бул белгиленген жаш курагы менен өзгөчөлөнгөн адам гана эмес, ошондой эле бул жаштын физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүк-

төрүнөн ажыраган социалдык субъект да эмес. Жаштын социалдык категория катары аныкталышы анын коомдогу статусунан жана бул статуска берилген ролдор менен камтылышынан келип чыгат. Мына ушул ролдордо жаш адам бир гана роль ойноп токтоп калбай, социалдык субъекти болуп калышы мүмкүн (Özensel, 2004: 30).

Жаштар кайсы коомдо болбосун, дайыма баалуулук катары кабыл алынган. Жаштар коомдун өнүгүү жана прогресс потенциалындагы эң маанилүү элемент болуп келген. Жаштык мезгилинде – жаш адамдын өзүнүн күтүүлөрү, ошондой эле коомдун жаштарга болгон күтүүлөрү жогору болот. Жаштар өзүнүн келечеги үчүн максаттарын, тилектерин аныктап жатканда, коом да жаштарды өзүнүн келечеги катары баалайт (Baran, 2013: 8).

Жаштын эмоционалдык жана социалдык келишпестиктери, коомго ылайыксыздыгы, чөйрөгө кызыкпоосу жана коомдон алыстап кетүү көрүнүштөрүн жаратышы мүмкүн. Ошондой эле, айлана-чөйрөнү кабыл албоо, бийликке каршы чыгуу, агрессивдүү жүрүм-турумга баруу, үй-бүлөдөн көз карандысыз болууну каалоо сыяктуу жүрүм-турум үлгүлөрү пайда болушу мүмкүн. Жаштык – бул кумардын жана идеологиялардын гүлдөй турган, жаңылыкка жана алдыга умтулууларга толгон, өзүн далилдөө, өзүнүн жеке инсандыгын түзүү жана коомдук баалуулуктарды кабыл алып, аларды колдонууга аракет кылган мезгил (Özensel, 2004: 35).

Жаштардын баа берүү критерийлеринин мурунку муундан кайсы маселелерде жана эмнеге айырмаланып жатканын аныктоо үчүн алардын дүйнөсүн түшүнүү жана жаштардын көз карашынан жашоого баа берүү зарыл.

Кыргызстанда жаштар боюнча ар кандай изилдөөлөр жүргүзүлсө да, түздөн-түз «Университеттин жаштары жана баалуулуктар» боюнча изилдөөлөр өтө чектелүү экени байкалат. Өзгөчө жаштар боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизин Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр жана жарыяланган эмгектер түзөт. Мындан тышкары, улуттук, эл аралык мекемелер жана уюмдар өлкөдөгү жаштар менен маанилүү иштерди жүргүзгөнү айтылып кетет. Азыркы изилдөөлөрдүн көбү жаштардын саясий процесстерге катышуусу, жаштардын профили, миграция, экономикалык абалы, жашоо деңгээли, билим алуусу, укуктук чөйрөсү сыяктуу темаларга багытталган социалдык топ катары жаштардын негизги көйгөйлөрүнө токтолгон.

Өзгөчө ар кандай мезгилдерде Кыргыз Республикасы Улуттук статистика комитети тарабынан жаштарга багытталган изилдөөлөр маанилүү орунду ээлейт. Бул изилдөөлөрдүн көбү Кыргыз Республикасынын Бириккен Улуттар Уюмунун Калктын фонду тарабынан каржыланган. «Кыргыз Республикасында жаштар» аттуу мезгилдик изилдөөлөрдө негизинен демографиялык өзгөчөлүктөр, туруктуулук, өлүм көрсөткүчтөрү, саламаттык абалы, нике жана ажырашуу, миграция, билим, экономикалык активдүүлүк, жашоо стандарты, кылмыш жана убакытты пайдалануу маселелери каралган.

Жаштарга байланыштуу дагы бир башка изилдөө 2022-жылы жарыяланган «Кыргыз Республикасында туруктуу өнүгүү жана жаштардын максаттары» болуп саналат. Бул изилдөөдө жаштардын демографиялык өзгөчөлүктөрү, саламаттык жана билим, эмгек жана жумушсуздук, жашоо деңгээли, укук бузуулар жана зомбулук маселелери камтылган (Туруктуу өнүгүүнүн максаттары, 2022).

Жаштар боюнча жеке мекемелер жана уюмдар тарабынан да бир катар изилдөөлөр жүргүзүлгөн. 2015-жылы Кыргыз Республикасы Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги Германия эл аралык кызматташуу коому (GIZ) менен биргеликте «Кыргызстан жаштары: салт менен заманбапты айкалыштырууну изилдөө» (Молодежь Кыргызстана соединения традиции и современность, 2015) аттуу изилдөөнү жүргүзүшкөн. Бул изилдөөдө баалуулуктар жана принциптер, достор, бош убакыт жана аны уюштуруу, келечекке карата күтүүлөр, үй-бүлө жана достор, ролдук моделдер жана гендердик таандыктык, саясатка карата мамиле, диний ишенимдер, толеранттуулук жана кабыл алуу, жаштар менен иштөө сыяктуу маселелер каралган.

2017-жылы Фридрих Эберт фонду Казакстандын өкүлчүлүгү тарабынан «Орто Азия жаштары: салыштырма изилдөө» (Молодежь Центральной Азии: сравнительный обзор, 2017) аттуу социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөөдө ар бир өлкөдөн 15-29 жаштагы 1 000 респондент тандалып алынып, Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстанда ишке ашкан. Социологиялык эмпирикалык изилдөө 4 бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм жаштардын жашоо образы жана канааттануусуна багытталган (анын ичинде бош убакыт жана жашоо стили, жаштардын жашоосунда интернет, билим жана жумуш, жаштар жана иш, алкоголдук жана тамекиге карата мамиле каралган). Экинчи бөлүм жаштардын жашоо максаттарына багытталган (анын ичинде негизги артыкчылыктар, заманбап жаштар, көп аялдуулукка карата мамиле жана үй-бүлө куруу тажрыйбасы, үй-бүлөдөгү аялдын орду, жаштардын жашоосундагы достор, жаштардын миграциялык абалы камтылган). Үчүнчү бөлүм баалуулук багыттары жана таандыктыкка/иденттүүлүккө арналган (баалуулуктардын сапаттары,

жаштардын көз карашы, жаштар арасында ачыктык жана толеранттуулук деңгээли, башкаларга карата ишеним, жаштардын жашоосунда дин, дискриминация, волонтердук жана коомдук кызматка карата мамиле, коомдун негизги көйгөйлөрү, сексуалдык мамилелер сыяктуу темалар каралган). Төртүнчү бөлүм жаштардын саясий көз караштарына арналган (жаштар жана саясий окуялардын байланышы, саясий окуялар боюнча маалымат булагы, интеграциялык абал, тышкы саясат багыттары).

ЮНЕСКОнун деңгээлинде жаштардын көз карашын изилдөө ЮНЕСКОнун ичиндеги компетенцияларга таянып, программалык аракетке багыт берүүчү үч толуктоочу жана өз ара байланышкан изилдөө огу аркылуу ишке ашырылган. Жогоруда айтылган бул огу комплекстүү мамиле жана кеңири кийлигишүү муктаждыгына жооп берет. Бул огу саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу боюнча сунуш берүү жана институттук жана адамдык мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүрүү; идея лабораториясы катары кызмат кылуу жана өз адистик чөйрөсүндө инновациялык сунуштар жана саясаттык сунуштарды өндүрүү; өз ыйгарым укуктарында нормаларды жана стандарттарды белгилөө жана алардын аткарылышын колдоп, көзөмөлдөө болуп саналат (UNESCO Operational, 2014: 8-9). Бул контексте ЮНЕСКОнун жаштар боюнча ишинин үч негизги багыты бар: жаштардын чоң адамдын жашоосуна өтүү потенциалын өнүктүрүү; жарандык, демократиялык катышуу жана социалдык инновация; жаштардын катышуусу менен саясатты иштеп чыгуу жана талдоо (Molodej Tsentralnoy Azii, 2022: 16).

ЮНЕСКО тарабынан жүргүзүлгөн «Орто Азия жаштары, тынчтыкты түзүүнүн кыйынчылыктары: комплекстүү изилдөө» (Молодежь Центральной Азии, вызовы миросрои-

тельству: комплексный исследовательский обзор, 2022) аттуу изилдөө англис тилинде 2021-жылы, орус тилинде 2022-жылы жарыяланган. Бул изилдөө маданияттардын жакындашуусуна байланыштуу эл аралык он жылдык (2013-2022) жол картасынын алкагында Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстанга багытталган. Изилдөөдө жаштардын өнүгүүсү жана тынчтыкты түзүүнүн маселелери каралган. Аны менен катар тынчтыктын түзүлүшүндө билимге негизделген коомдорду өнүктүрүүдө билимдин, окуунун, тарбиянын мааниси, глобалдык туруктуу өнүгүү үчүн жаштардын ролу жана потенциалын жогорулатуу негизги максаты коюлган. Бул чөйрөдө адам укуктарын урматтоо принцибин камтыган системалык, тармактар аралык жана дисциплиналар аралык мамиле аркылуу комплекстүү жана баарын камтыган анализ жүргүзүлгөн. Отчетто негизинен төрт негизги системанын (биологиялык, жеке/индивиддик система, социалдык, маданий) бар экени жана алардын аткарган функцияларынын (адаптация, максатка жетүү, интеграция, моделди/калыпты сактоо) негизинде системалык ыкма колдонулган. Комплекстүү бардык чөйрөдө жаштар жана тынчтыкты түзүү боюнча маселелердин анализинде бир жагынан деңгээл-система-функциялардын арасындагы байланыштар, экинчи жагынан адам укуктарына негизделген негизги тематикалык багыттар басымдуу болгон (Молодежь центральной ..., 2022: 14). Изилдөө киришүү жана үч бөлүмдөн турат. Киришүүдө отчеттун максаттары, негиздемеси, методологиясы, максаттары жана түзүмү баяндалган. Биринчи бөлүмдө жаштардын өнүгүүсү жана калыптанышы, алардын туруктуу өнүгүү жана өсүү маселелери менен байланышы боюнча пикирлер сунушталган. Ошондой эле «өнүгүшү жана калыптанышы» түшүнүктөрүнүн эволюциясы, «жаштар» жана «жаштардын курагы» түшүнүктөрү талданган. Биринчи

бөлүмдүн негизги суроолору: жаштардын аныктамасы, жаш курагы, калыптанышы деген эмне, жаштардын өнүгүүсү эмне үчүн маанилүү? – деген суроолор каралган.

Экинчи бөлүмдө Орто Азия өлкөлөрүндөгү жаштарга багытталган институттук чөйрө жана өкмөттүк саясат талданат. Бул бөлүмдө ар бир өлкөдө мыйзамдуу, институттук чөйрө жана улуттук жаштар саясатынын өнүгүү траекториясы, анын эволюциясы жана азыркы абалы анализденген. Экинчи бөлүмдүн негизги суроолору: Борбордук Азия мамлекеттери жаштар менен кандай мамиле түзөт жана жаштарга байланыштуу өлкө саясаттары кандай?

Үчүнчү бөлүмдө жогоруда айтылган комплекстүү бардык методологиялык ыкмага таянып, Борбордук Азиядагы жаштардын өнүгүүсү жана тынчтыкты түзүүнүн алдында турган негизги чакырыктар баса белгиленген. Темалар төмөнкүдөй тынчтыкты түзүү багыттары боюнча уюштурулган: формалдуу билим берүү, кесиптик билим жана көндүмдөрдү өнүктүрүү менен байланышкан окуу чөйрөсү; экономикалык жана социалдык катышуу (эмгек рыногу), миграция, коомдук катышуу жана интеграция, гендердик өнүгүү, ишкердик; жарандык катышуу (дин, зордукчул экстремизмди алдын алуу, маданий диалог). Үчүнчү бөлүмдүн негизги суроолору: бүгүнкү Борбор Азияда жаштар тынчтыкты түзүү жаатында кандай негизги кыйынчылыктарга туш болууда? (Молодежь центральной …., 2022: 21-22).

2021-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Калкты жайгаштыруу фондунун (UNFPA) колдоосу менен Эльнура Казакбаева тарабынан Кыргызстанда “Жаштардын абалын талдоо” (Ситуационный анализ молодежи, 2021) деген изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөөнүн максаты – калктын жана жаштардын

динамикасына байланыштуу тенденцияларды же боштуктарды камтыган абалын, ошондой эле алардын 2030-жылга чейинки максаттарга тийгизе турган таасирин талдоо болуп саналат. Бул изилдөө жаштарга байланышкан бардык документтерди, отчетторду, мыйзамдарды, жоболорду жана башка жөнгө салуучу актыларды структуралык жактан камтыйт. БУУнун Калкты жайгаштыруу фондунун (UNFPA) 2018-2021-жылдарга карата планынын алкагында өлкөдөгү жаштар жашаган 8 турмуштук чөйрө изилденген. Алар төмөнкүлөр: “Экономикалык ишмердүүлүк”, “Гендердик теңдик”, “Саламаттык”, “Билим берүү”, “Кылмыштуулук жана коопсуздук”, “Жаштардын социалдык жана саясий ишмердүүгүгү” жана “Маалымат жана байланыш технологиялары” (Казакбаева, 2021: 5).

2017-жылы Кыргызстандагы шарттарга ылайыкташтырылып “Глобалдык өнүгүү жана жаштардын жыргалчылык индексин” аныктоого багытталган изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөөдө эл аралык инструменттердин негизинде жаштардын жалпы абалын чагылдырган биринчи ирет системалуу өлчөө ишке ашырылган. “Жаштардын өнүгүү жана жыргалчылыгы индексин” индекстөө методологиясы жаштардын жыргалчылыгы жана өлкөнүн өнүгүүсү боюнча жарандык катышуу, экономикалык мүмкүнчүлүктөр, билим берүү жана илим, маданият, саламаттык, үй-бүлө, маалымат жана байланыш технологиялары, жаштарды коргоо жана коопсуздук сыяктуу көрсөткүчтөргө таянып, 8 негизги индекске бириктирилген 94 кошумча көрсөткүчтү камтыйт.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан “Кыргыз Республикасында жаштардын жыргалчылыгы жана өнүгүү индекси” (Индекс благополучия и развития молодёжи

в Кыргызской Республике, 2022) аттуу изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөө жогоруда айтылган маселелердин алкагында даярдалып, глобалдык жана эл аралык индекстерге: жаштарга багытталган мүмкүнчүлүктөр, жаштардын муктаждыктары менен керектөөлөрү, жаштардын күн тартибин ишке ашыруу механизмдери жана жаштардын канааттануусуна негизделген беш негизги бөлүмдөн турат.

2022-жылы Фридрих Эберт фонду тарабынан “Кыргыз Республикасынын жаштары: өзгөрүү жолунда жоголуудабы? (Молодёжь Кыргызской Республики: затерянные в трансформации?)” аттуу изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөө Кыргызстандагы жаштардын баалуулуктары жана жүрүм-турумдары тууралуу болгон. Изилдөөдө өзгөчө жаштардын жашоого канааттануусу жана келечекке карата көз караштары, баалуулуктары жана өздүк иденттүүлүктөрү, жаштар жана үй-бүлө, көңүл ачуу, билим берүү, иш менен камсыз болуу, көч, саясат, мамлекет, Борбор Азия жана тышкы дүйнө тууралуу пикирлери камтылган.

Кыргызстанда жаштар тууралуу акыркы жылдары жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн басымдуу бөлүгү бул теманы 1990-жылдары башталган советтик доордон кийинки өткөөл мезгил менен байланыштырып карашат. Анткени Кыргызстан 1991-жылы көз карандысыздыкты алгандан кийин саясий, экономикалык, социалдык жана маданий багыттарда чоң өзгөрүү процессине дуушар болду. Бул жаңы этапта мамлекет салттуулук менен жаңычылдык, өнүгүү менен ыдыроо, коомдук кайра түзүлүү менен мурунку абалды сактап калуу сыяктуу бири-бирине карама-каршы келген ар кандай абалдарга тушукту. Бул жагдай коомдун көп бөлүгүн түзгөн жаштарга таасир берип, алардын саясий, экономикалык, социалдык жана маданий көз

караштары менен баалуулуктарынын калыптанышына себеп болгон.

Кыргыз социологдорунун жаштар боюнча жүргүзгөн изилдөөлөрү көбүнчө алардын көйгөйлөрүнө байланыштуу болгону кызыгууну туудурат. Советтер союзунун кулашынан кийин өлкөдө өткөөл мезгил башталып, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий түзүлүштөрдө өтө тездик менен өзгөрүүлөр жүрүп жатты. Бул өзгөрүүлөргө ыңгайлаша албаган жаштар коомдо өздөрүнө туруктуу орун табуу маселесин баштан кечиришкен. Мисалы, жаштардын бир бөлүгү коомдук баалуулуктардын алкагында туура бааланып, саясатка активдүү катыша алса, дагы бир бөлүгү натыйжасы белгисиз болгон саясий оюндарга курал болуп калышкан. Бул эки башка жаштардын тобунун ортосунда бирдей эместик абал азыркыга чейин уланып, экономикалык абал, туулган жери, өскөн чөйрөсү сыяктуу айырмаланган факторлор жаштардын жалпы ой-пикир жана баалуулуктар айланасында биригишине тоскоолдук кылып жатканы байкалат (Маткериов, 2020).

С. О. Жунушова "Заманбап дүйнөдөгү кыргыз жаштары" аттуу эмгегинде жаштар арасындагы бөлүнүүчүлүктү менен туруксуздукту жоюу үчүн мамлекеттик кийлигишүү зарыл экенин баса белгилейт. Өзгөчө мамлекеттин жаштар саясаты боюнча кеңири камтылган программаны кабыл алып, жаштардын мамлекетке болгон ишенимин жогорулатышы керектигин, антпесе өлкөдөгү бүлдүрүүчү күчтөр бул кырдаалды өз кызыкчылыгына колдонуп, жаштарды тыюу салынган диний уюмдарга жана кылмыш дүйнөсүнө тартып кетиши мүмкүн экенин эскертет (Жунушова, 12).

С. Шакеева жана Н. Т. Чолпонкулова "Кыргызстанда каатчылыктан кийинки мезгилде студенттердин өзүн-өзү

баалоосунун өзгөчөлүктөрү" (Шакеева, 2019) аттуу эмгегинде кыргыз жаштарынын башынан өткөргөн көйгөйлөрү, алардын өзүнө болгон ишеними менен байланыштуу экенин белгилешкен. 2010-2011-жылдары Кыргызстандын жети облусундагы университеттерде билим алган 18-22 жаштагы жаштар арасында жүргүзүлгөн изилдөөдө өзүнө болгон ишеним оң баалангдыгы аныкталып, 52,1%ды түзгөн. Изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык, өзүнө болгон ишенимдин оң бааланышы менен жаштар ар дайым өздөрүнө бекем тура алган адамдар болуп саналат (мисалы, кылмыш чөйрөсүнө оңой аралашпагандар ж.б.), жеке лидерлик сапаттарын жакшы өнүктүрүшөт жана зарыл учурда коомдо лидерлик сапаттарын эркин көрсөтө алышат. Ал эми өзүнө ишеними төмөн болгон жаштар (өздөрүнүн бир нерсеге жөндөмдүү экенине көп ишенбегендер) болсо, коомдук чөйрөнүн таасирине өтө көп кабылышат жана ага жараша аракеттенүүгө жакын болушат, тез арада бийликке баш ийишет, жеке сапаттары менен баалуулуктары терс нукта калыптанган деп ишенишет.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстан көз карандысыздыкты алгандан кийинки саясий жана экономикалык өзгөрүүлөр табигый түрдө социалдык жана маданий өзгөрүүлөрдү да кошо алып келди. Учурда болуп жаткан процесстерди айрым илимпоздор жана агартуучулар батышташуу, модернизация жолундагы айныксыз акыркы натыйжа катары баалап, аны алдыга жылуу катары көрүп, оң көз караш билдиришсе, айрым илимпоздор аны кыргыз маданиятынан жана салтынан алыстоо, башкача айтканда, манкурттташуу жана салтка маани бербөө катары түшүндүрүшкөн. Бул жагдай бир жагынан социалдык-психологиялык көрүнүш катары муундар ортосундагы карама-каршылыктын тереңдешине, экинчи жагынан айрыкча технологиялык өнүгүүлөрдүн

таасири менен шаарларда (өзгөчө Бишкек шаарында) жаш муундарда жаңы жашоо образы жана жаңы баалуулук түшүнүктөрүнүн келип чыгышы тууралуу тынчсызданууну күчөткөн. Көз карандысыздыкка ээ болгондон кийинки өзгөргөн жана өнүккөн шарттарды өзүнчө бир доор катары кабыл алганда, жаңы муундун баалуулук түшүнүгүндөгү жана көз карашындагы өзгөрүүлөрдү түшүндүрүүдө социалдык-маданий мүнөздөгү “Университетте окуп жаткан кыргыз жаштарынын баалуулуктары” аттуу изилдөө коомдогу маанилүү боштукту толтурат. Бул изилдөөдө жаштык курак биологиялык жана социалдык категория катары каралат. Ошентип, “жаштык” түшүнүгүн эки деңгээлде талдап, баалоого мүмкүнчүлүк болот.

# II БӨЛҮМ
# ИЗИЛДӨӨНҮН ЫКМАЛАРЫ

Университетте окуган кыргыз жаштарынын баалуулуктарын аныктоону максат кылган бул изилдөөдө «аралаш изилдөө ыкмасы» колдонулган. Аралаш изилдөө ыкмасы – бул изилдөөчүлөргө ар түрдүү ыкмаларды жана парадигмаларды бир учурда колдонуу менен изилдөөдөгү суроолорго жооп издөө мүмкүнчүлүгүн берген ыкма болуп саналат (Toraman, 2021:1). Башкача айтканда, аралаш изилдөөнүн негизги мааниси – изилдөөчүгө түрдүү стратегияларды, ыкмаларды жана ыкчам мамилелерди колдонуу аркылуу көп тараптуу маалыматтарды чогултууга шарт түзөт. Дал ушул максаттарга ылайык аралаш изилдөө ыкмасы тандалып алынган.

Бул изилдөөдө алгач "сандык изилдөө" ыкмасы жана техникалары колдонулуп, негизги изилдөө маалыматтары алынат. Сандык изилдөө – бул кубулуштар менен окуяларды объективдештирип, байкоого боло турган, өлчөнө турган жана сандар менен туюндурула турган формада баяндаган изилдөө ыкмасы болуп эсептелет. Сандык изилдөөлөрдө негизинен изилденип жаткан тема боюнча: «Канча? Кандай өлчөмдө? Канча жолу? Канчалык кеңири таралган?» деген сыяктуу суроолорго жооп издешет.

Экинчиден, бул изилдөөдө дагы "сапаттык изилдөө" ыкмаларынын бири катары маектешүү жана байкоо ыкмасы

колдонулат. Сапаттык изилдөө – бул байкоо, маектешүү жана документтерди талдоо сыяктуу маалымат топтоо ыкмалары аркылуу жүргүзүлгөн изилдөө түрү болуп саналат. Ал окуялар менен кубулуштарды чыныгы шарттарда, толук жана ар тараптуу изилдөөгө багытталган процессти чагылдырат. Сапаттык изилдөөнүн максаты – адам өзүнүн коомдук жашоосун кандайча калыптандырарын түшүнүү жана алардын айланасындагы дүйнөнү кандай кабыл алып, кандайча түшүндүрөөрүн чечмелөө болуп эсептелет. Натыйжада, изилдөөнүн жүрүшүндө тереңирээк жана мазмундуу жыйынтыктарга жетүүнү көздөө болуп эсептелет.

Экинчи жагынан, бул изилдөө "сүрөттөө изилдөөсү" болуп эсептелет. Сүрөттөө изилдөөсү – бул кандайдыр бир системанын кантип иштээрин жана кандай иштеп жатканын терең изилдөө үчүн түрдүү маалымат топтоо ыкмаларын колдонуу аркылуу ал системаны терең изилдеп, маалымат чогултууну камтыган методологиялык ыкма. Сүрөттөө изилдөөлөрү кандайдыр бир окуянын чоо-жайын түшүнүү, ал окуяга же көрүнүшкө байланыштуу мүмкүн болгон түшүндүрмөлөрдү иштеп чыгуу жана белгилүү бир окуяны баалоо максатында колдонулат. Көбүнчө "Кантип?" жана "Эмне үчүн?" деген суроолорго жооп издөөгө негизделет. Сүрөттөө изилдөөлөрүндө алдын ала аныкталган гипотезалар сыналбайт. Ошондуктан бул изилдөөдө гипотеза иштелип чыккан жок жана гипотеза сыноосу жүргүзүлгөн жок. Бул изилдөөдө кыргыз жаштарынын баалуулук түзүмдөрүн ар түрдүү изилдөө ыкмалары жана техникалары аркылуу аныктоого аракет жасалды. Маалыматтар изилдөө учурунда "системалуу байкоо", "сурамжылоо формасы" жана "интервью ыкмасы" аркылуу чогултулду.

Бул изилдөөнүн эң негизги бөлүгүн баалуулуктардын өлчөнүшү түзөт. Батыш өлкөлөрүндө башталган

изилдөөлөрдө баалуулуктар түрлөрүнө жараша иерархиялык тартипте топтолуп изилденген. Бул изилдөөдө Рокач (1973) баштаган жана Шварц тарабынан улантылган системалуу изилдөөлөрдүн катарына кирген “Баалуулуктардын мазмуну жана түзүмүндөгү универсалдуулук” (1992) аттуу изилдөөдө колдонулган баалуулук элементтери негиз катары алынган. Шварцтын баалуулук элементтери Кыргызстандын шарттарына ылайык кайра даярдалды. Ушундай жол менен түшүндүрмө берүүдөгү ишенимдүүлүктү (валиддүүлүктү) жогорулатуу үчүн адаптация жүргүзүлгөн. Ошондой эле Инглхарт (1982) жана Флэнаган (1982) тарабынан иштелип чыккан баалуулук шкалалары да каралды.

Мындан тышкары, Эртан Өзенселдин (2004) «Түрк жаштарынын баалуулуктары: мектепте окуган жаштар боюнча изилдөө», Мерал Чилелинин (1990) «Жаштардын баалуулуктары боюнча изилдөө», Абдуллах Топчуоглунун (1999) «Университетте окуган жаштардын баалуулуктары» аттуу эмгектеринин катарында Кыргызстанда бул тема боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр да каралып чыгып, суроолор камтылган атайын анкеталык таблица түзүлгөн.

2023-жылкы маалыматтарга ылайык, Кыргызстандын калкы 7 037 590 адамды түзөт (Туруктуу калктын жынысы жана курактык топтору боюнча саны). Жаш калктык түзүлүшкө ээ болгон өлкөдө 2023-жылдын башында орточо жаш курак 28,3тү түзөт. Эркектерде бул көрсөткүч 27,4 болсо, аялдарда 29,2 деп белгиленген (Кыргызстан цифраларда 2023, 2023: 51). 14-28 жаш курактагы жаштар категориясы 1 миллион 664 миң 408 адам болуп, өлкө калкынын 23,6%ын түзөт. Негизинен университет жаштарынан турган 18-23 жаштагы курактык топ калктын 9,0%ына туура келет (Демографиялык...2018-2022, 2023: 67-69).

**Таблица: 2.1.** Университеттин өзгөчөлүгүнө жараша студенттердин жана университеттердин саны (2022)

| **Университеттин өзгөчөлүгүнө жараша студенттердин жана университеттердин саны (2022)** | | |
|---|---|---|
| **Көрсөткүчтөр** | Студенттин саны | Университеттин саны |
| **Мамлекеттик университет** | 195 522 | 43 |
| **Жеке университет** | 32 060 | 18 |
| **Жалпы** | 227 582 | 61 |

**Булак:** Кыргыз Республикасындагы Билим. 2018-2022

2022-жылдын маалыматтарына ылайык, Кыргызстан боюнча мамлекеттик жана жеке менчик болуп жалпы 61 университет билим берип келет. Анын ичинен 43ү мамлекеттик, 18и жеке менчик статусундагы университет болуп эсептелет (Билим берүү уюмдарынын түрлөрү жана менчик формалары боюнча саны). Мамлекеттик университеттерде 195 миң 522 студент, жеке менчик университеттерде 32 миң 060 студент болуп, жалпысынан 227 миң 582 студент жогорку билим алып жатат (Уюмдардын менчик формалары боюнча балдардын жана окуучулардын саны). Өлкөдө жалпы 2 миллион 036 миң 404 студенттин ичинен 227 миң 582си, башкача айтканда, 11,1%ы университеттерде окуган жаштар болуп саналат.

**Таблица: 2.2.** Аймактар боюнча студенттердин жана университеттердин саны

| **Аймактар боюнча студенттердин жана университеттердин саны (2022)** | | |
|---|---|---|
| **Аймактар** | **Студенттин саны** | **Университеттин саны** |
| **Баткен** | 11 836 | 1 |
| **Жалал-Абад** | 11 731 | 4 |
| **Ысык-Көл** | 4 343 | 1 |
| **Нарын** | 3 566 | 1 |
| **Талас** | 2 003 | 1 |
| **Чүй** | 6 238 | 5 |
| **Бишкек** | 117 092 | 44 |
| **Ош шаары** | 70 773 | 4 |
| **Жалпы** | 227 582 | 61 |

Кыргызстанда университеттердин басымдуу бөлүгү өлкөнүн борбору Бишкек шаарында жайгашкан. Аймактар боюнча университеттердин санына токтолсок, Баткенде – 1, Жалал-Абадда – 4, Ысык-Көлдө – 1, Нарында – 1, Таласта – 1, Чүй

облусунда (Бишкектен тышкары) – 4, Бишкек шаарында – 44, Ош шаарында – 4 университет иш алып барат. Студенттердин саны эң көп топтолгон шаарлар – Бишкек жана Ош болуп эсептелет.

2022-2023-окуу жылы Кыргызстан боюнча жогорку окуу жайда билим алып жаткан студенттердин саны 227 миң 582. Изилдөөдө 3% ката кетирүү мүмкүнчүлүгү жана 99% ишеним деңгээли менен 1 835 студент тандамага тандалып алынды. Белгиленген 13 университеттин ар биринен квота ыкмасынын негизинде 155-160 студент тандалып алынып, жалпы 2 077 респондентке сурамжылоо жүргүзүлгөн.

**Таблица: 2.3.** Сурамжылоо жүргүзүлгөн аймактар жана университеттер

| Сурамжылоо жүргүзүлгөн аймактар (Университеттер) |
|---|
| 1. Ош мамлекеттик университети |
| 2. Жалал-Абад мамлекеттик университети |
| 3. Баткен мамлекеттик университети |
| 4. К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети |
| 5. Нарын мамлекеттик университети |
| 6. Талас мамлекеттик университети |
| 7. Кыргыз-Түрк «Манас» университети |
| 8. Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети |
| 9. К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети |
| 10. Б.Н. Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети |
| 11. Борбордук Азиядагы Америка университети |
| 12. И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| 13. И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы |

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, биздин тандама Кыргызстандын борбору Бишкек шаарындагы окуу жайлардан баштап башка аймактардагы университетте окуган жаштардын арасында жүргүзүлгөн. Тандамадагы анкетанын саны 1 835ти түзүп, пилоттук сурамжылоо жана анкетадагы мүмкүн болгон ката чеги эске алынып, жалпысынан 2 080 респонденттен сурамжылоо жүргүзүү пландалып, иш жүзүндө 2 077 анкета толтурулган. Ошондой эле респонденттерди тандоодо кокустан тандоо ыкмасы колдонулган. Тиешелүү университеттердин студенттери кокустан тандоонун негизде

тандалып, факультеттер жана бөлүмдөр боюнча тандама квотасына жараша ар бир курстан белгилүү сандагы студенттерге сурамжылоо жүргүзүлгөн. Сурамжылоо Кыргыз-Түрк “«Манас»” университетинин Социология бөлүмүндөгү долбоорго катышкан студенттер тарабынан жүргүзүлгөн. Статистикалык маалыматтар долбоордун тобу тарабынан иштелип чыкты.

**Таблица: 2.4.** Сурамжылоо жүргүзүлгөн университеттер жана тандаманын саны

| | Саны | 100% | Жалпы 100% |
|---|---|---|---|
| **Университеттер** | | | |
| **Ош мамлекеттик университети** | 164 | 7,9 | 7,9 |
| **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 165 | 7,9 | 15,8 |
| **Баткен мамлекеттик университети** | 163 | 7,8 | 23,7 |
| **Нарын мамлекеттик университети** | 166 | 8,0 | 31,7 |
| **Талас мамлекеттик университети** | 160 | 7,7 | 39,4 |
| **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 164 | 7,9 | 47,3 |
| **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 161 | 7,8 | 55,0 |
| **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 157 | 7,6 | 62,6 |
| **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 161 | 7,8 | 70,3 |
| **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 163 | 7,8 | 78,2 |
| **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 152 | 7,3 | 85,5 |
| **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 146 | 7,0 | 92,5 |
| **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 155 | 7,5 | 100,0 |
| **Жалпы** | 2.077 | 100,0 | |

Мындан тышкары изилдөөдө университетте окуган студенттердин билим алып жаткан негизги тармактары эске алынып, тандама даярдалды. Ушундай жол менен студенттердин окуган тармактары (коомдук илимдер, табигый илимдер жана инженерия, саламаттыкты сактоо илимдери) түрдүү баалуулуктарды жаратары же жаратпашы боюнча аныктоого аракет кылынды.

**Таблица: 2.5.** Университетте окуган студенттердин билим алуу түрлөрүнө жараша бөлүштүрүлүшү

| Жылдар | Жалпы билим берүү | Кечки окуу | Сырттан окуу | Дистанттык билим | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|
| **2022** | 135 762 | 1 723 | 71 653 | 18 444 | 227 582 |
| **2021** | 141 646 | 1736 | 68 233 | 18 591 | 230 206 |
| **2020** | 141 276 | 1 469 | 49 468 | 21 944 | 214 157 |
| **2019** | 125 380 | 1 210 | 36 727 | 20 641 | 183 778 |
| **2018** | 113 996 | 1 444 | 28 749 | 20 396 | 164 585 |

**Кыргыз** Республикасындагы билим берүү, 2023: 140

2022-2023-окуу жылынын маалыматтары боюнча Кыргызстанда жалпы 227 582 студент жогорку билим алып жатат. Бул студенттердин ичинен 118 226сын (52%) аялдар, ал эми 109 356сын (48%) эркектер түзөт (Кыргыз Республикасындагы билим берүү, 2023: 140; 152).

**Таблица: 2.6.** Респонденттердин жынысы боюнча бөлүштүрүлүшү

| | Саны | % | Жалпы % |
|---|---|---|---|
| **Жынысы боюнча бөлүштүрүлүшү** | | | |
| **Аял** | 1439 | 69,3 | 69,3 |
| **Эркек** | 638 | 30,7 | 100,0 |
| **Жалпы** | | 100,0 | |

Расмий статистикалык маалыматтар кыздар менен балдардын окуу көрсөткүчтөрү боюнча айырма анча чоң эмес экенин көрсөтсө да, формалдуу (салттуу) билим берүүдө бул абал башкача экени белгилүү. Эркек студенттер кыз студенттерге салыштырмалуу, көбүнчө “сырттан окуу” формасын артык көрүшөт. Биздин изилдөөнүн максаты – тобу жана тандамасы салттуу билим берүү менен окуткан университеттерге ылайык түзүлгөндүктөн, изилдөөнүн деңгээлин жогорулатуу үчүн, биздин тандамада аял студенттердин үлүшү эркек студенттерге караганда көбүрөөк алынган. Бул шартта, изилдөөнүн тандамасынын 69,3%ын кыз студенттер, ал эми 30,7%ын эркек студенттер түзөт.

**Таблица: 2.7.** Студенттер окуган илим тармактары жана тандама саны

| | Саны | % | Жалпы % |
|---|---|---|---|
| **Илим тармактары** | | | |
| **Коомдук илимдер** | 1266 | 59,0 | 59,0 |
| **Табигый-инженердик илимдер** | 595 | 28,6 | 87,7 |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 256 | 12,3 | 100,0 |
| **ЖАЛПЫ** | 2077 | 100,0 | |

Ошондой эле, окуп жаткан курстар менен баалуулуктардын ортосунда байланыш бар же жок экенин аныктоо максатында ар кайсы курстардан туш келди тандоо жолу менен тандама түзүүгө аракет кылынган.

**Таблица: 2.8.** Студенттердин окуп жаткан курстары

| | Саны | % | Жалпы % |
|---|---|---|---|
| **Курсу** | | | |
| **1-курс** | 619 | 29,8 | 29,8 |
| **2-курс** | 759 | 36,5 | 66,3 |
| **3-курс** | 408 | 19,6 | 86,0 |
| **4-курс** | 291 | 14,0 | 100,0 |
| **ЖАЛПЫ** | 2077 | 100,0 | |

Экинчи жагынан алганда, изилдөөнүн сапаттык өлчөмүн түзүү максатында ар бир аймактан тандамага жараша 10 студент тандалып алынып, жарым-жартылай интервью ыкмасы аркылуу сапаттык изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Бул интервьюлардын суроолору сурамжылоо аркылуу алынган маалыматтарга анализдик колдоо материал болуп берген. Маектешүүлөрдү долбоордук топко кирген изилдөөчүлөр жүргүзгөн.

Изилдөөдө алгач респонденттердин жалпы мүнөздөмөлөрү аныкталган. Бул мүнөздөмөлөр аныкталганда катыштык пайыздары эсептелип, “Мод”, “Медина”, “Арифметикалык орточо” жана “Стандарттык четтөөлөр” эсептелген. Алынган пайыздар бизге катыштык формасын көрсөтсө, мод, медина жана арифметикалык орточо борборго карай пайда болгон топтолуштарды көрсөтөт, ал эми эсептелген стандарттык четтөөлөр тең аралыктагы жана пропорциялуу шкалаларда

бизге вариацияны көрсөтөт. Баалуулук билдирүүлөрүнүн анализдеринде да алгач "жалпы орточо" жана "варианс" аныкталып, андан кийин "факторлук анализ" жүргүзүлүп, маанилүү болгон вариация биздин изилдөөдө канча ар башка тармакка бөлүнүшү мүмкүн экени жана бул тармактар эмне болушу мүмкүн экени аныкталган соң, факторлор аталыш алган.

Изилдөөнүн алкагында баалуулуктардын камтыган тармактарын аныктоо үчүн алгач маалыматтар Varimax айлантуу ыкмасы менен факторлук анализге алынган. Varimax айлантуу ыкмасын тандап алуунун себеби – вариациянын бардык факторлордо максималдуу болуусун тандаганыбыз менен байланыштуу. Башка айлантуу ыкмасынын түрлөрү менен салыштырганда, varimax муну жакшыраак камсыз кылаары менен кабыл алынат. Бир фактордун вариациясы максималдуу абалга жеткирилген учурда, ал фактордун алдында жогорку жана төмөн жүктөмдөр көп болушу керек. Мындай учурда төмөн жүктөмдүү өзгөрмөлөр толугу менен анализден четтетилгендиктен, факторду түшүндүрүү алда канча так болот.

Жүргүзүлгөн фактордук анализде **"**Eigen **мааниси**[1] **(өз мааниси) бирден жогору"** критерийи колдонулуп, жалпы вариациянын 61,49%ын түшүндүргөн 9 факторлук чечим алынган. Изилдөөнүн предмети – баалуулуктарды камтыган тармактар аркылуу аныкталган 9 факторго мазмунуна жараша аталыштарды берип, анализдердин жыйынтыктары таблицаларда көрсөтүлүп, баалуулуктарга түшүндүрмө берилген.

Мындан тышкары, баалуулуктар боюнча жүргүзүлгөн факторлук анализде алынган 9 өлчөм колдогу маалыматтар

[1] Эйген (өз) мааниси: Факторлордун санын аныктоодо эске алынган көрсөткүч. Өз мааниси 1ге же 1ден жогору болгон факторлор маанилүү факторлор катары каралат.

аркылуу бир өзгөрмө түрүнө келтирилип, жыныс, аймак, университетке келерден мурун жашаган жери, билим алган университет, илим тармагы (коомдук илимдер, табигый жана инженердик илимдер, саламаттык сактоо илимдери), окуган курсу, ата-эненин билим деңгээли, бир туугандардын саны сыяктуу өзгөрмөлүүлөрдүн арасында маанилүү айырма бар же жок экени ар бир фактордун алдында өз-өзүнчө каралган. Бул айырмачылыктарды аныктоо үчүн бир багыттуу дисперсия анализдери жүргүзүлгөн.

## III БӨЛҮМ

# ИЗИЛДӨӨ МААЛЫМАТТАРЫН БААЛОО

Бул бөлүмдө алгач изилдөөнүн "көз карандысыз өзгөрмөлөрү" тууралуу маалымат берилди. Андан кийин бүгүнкү күндө кыргыз коомун кызыктырган айрым маселелер боюнча жаштардын көз караштары кыскача баяндалды. Андан соң изилдөөнүн негизги бөлүгүн түзгөн жаштардын ар түрдүү баалуулук баяндоолоруна карата "факторлук талдоо" жана башка статистикалык ыкмалар аркылуу аныкталууга аракет кылынган.

## Изилдөөнүн көз карандысыз өзгөрмөлөрү жана айрым коомдук мамилелер

**Таблица: 3.1.1.** Респонденттердин жаш курагы боюнча бөлүштүрүлүшү

| | **Саны** | **%** | **Жалпы %** |
|---|---|---|---|
| **Жаш курагы** | | | |
| **17** | 111 | 5,3 | 5,3 |
| **18** | 541 | 26,0 | 31,4 |
| **19** | 620 | 29,9 | 61,2 |
| **20** | 370 | 17,8 | 79,1 |
| **21** | 250 | 12,0 | 91,1 |
| **22** | 104 | 5,0 | 96,1 |
| **23** | 26 | 1,3 | 97,4 |
| **24** | 26 | 1,3 | 98,6 |
| **25** | 21 | 1,0 | 99,6 |
| **26 жана андан жогору** | 8 | 0,4 | 100,0 |
| **ЖАЛПЫ** | 2077 | 100,0 | |

Таблица 3.1.1де көрсөтүлгөндөй, тандамага кирген студенттердин жаш курагы 17ден 26га чейин болуп, алардын көбүн 19 жаштагылар, т.а., 29,9%ды түзсө, эң аз бөлүгүн 26 жана андан жогорку жаш курактагы студенттер түздү.

**Таблица: 3.1.2.** Респонденттердин университетке келгенче чейин жашаган жери

| | Саны | % | Жалпы % |
|---|---|---|---|
| **Университетке келгенче чейин жашаган жери** | | | |
| **Шаар** | **799** | **38,5** | **38,5** |
| **Шаарча** | **257** | **12,4** | **50,8** |
| **Айыл** | **1021** | **49,2** | **100,0** |
| **ЖАЛПЫ** | **2077** | **100,0** | |

Респонденттердин университетте окуганга чейин 49,2%ы айылда, 38,5%ы шаарда жана 12,4%ы шаарчада жашагандыгы аныкталды. Кыргызстандын калкынын көпчүлүк бөлүгүн айыл жеринде жашаганы эске алуу менен бул жыйынтыктын кадимкидей абалда экенин айтууга болот.

**Таблица: 3.1.3.** Студенттердин билим алуу учурунда жашаган жерлери

| | Саны | % | Жалпы % |
|---|---|---|---|
| **Жашаган жери** | | | |
| **Үй-бүлөсүндө** | 888 | 42,8 | 42,8 |
| **Жатаканада** | 294 | 14,2 | 56,9 |
| **Достору менен батирде** | 341 | 16,4 | 73,3 |
| **Туугандарында** | 399 | 19,2 | 92,5 |
| **Жалгыз** | 155 | 7,5 | 100,0 |
| **ЖАЛПЫ** | 2077 | 100,0 | |

Тандамага кирген студенттердин 42,8%ы билим алуу учурунда үй-бүлөсү менен бирге жашайт. Андан сырткары 19,4%ы туугандары менен, 16,4%ы достору менен бирге батирлерде турса, 14,2%ы жатаканаларда, 7,5%ы болсо жалгыз өз үйүндө жашайт.

**Таблица: 3.1.4.** Бир туугандын саны

| | Саны | % | Жалпы % |
|---|---|---|---|
| **Бир туугандын саны** | | | |
| **Бир туутаны жок** | 42 | 2,0 | 2,0 |
| **1-2 бир тууган** | 415 | 20,0 | 22,0 |
| **3-4 бир тууган** | 941 | 45,3 | 67,3 |
| **5-6 бир тууган** | 565 | 27,2 | 94,5 |
| **7 жана андан көп бир тууган** | 114 | 5,5 | 100,0 |
| **ЖАЛПЫ** | 2077 | 100,0 | |

Изилдөөдөгү тандама боюнча студенттердин 45,3%ы 3-4 бир тууган, 27,2%ы 5-6 бир тууган, 20%ы 1-2 бир тууган, ал эми 5,5%ы 7 же андан көп бир тууган. Бир тууганы жок, б.а., үй-бүлөдө жалгыз бала болгондор 2%ды түзөт.

**Таблица: 3.1.5.** Энесинин билим деңгээли

| | Сан | % | Жалпы % |
|---|---|---|---|
| **Энесинин билими** | | | |
| **Окуп-жазганды билбейт** | 11 | 0,5 | 0,5 |
| **Толук эмес орто мектеп (9-кл.)** | 94 | 4,5 | 5,1 |
| **Толук орто мектеп (11-кл.)** | 616 | 29,7 | 34,7 |
| **Колледж/лицей** | 330 | 15,9 | 50,6 |
| **Университет** | 718 | 34,6 | 85,2 |
| **Магистратура/аспирантура** | 271 | 13,0 | 98,2 |
| **Жооп бере албайм** | 37 | 1,8 | 100,0 |
| **ЖАЛПЫ** | 2077 | 100,0 | |

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй, респонденттердин энелеринин 47,6%ы жогорку жана жогорку билимден кийинки даражага ээ. Колледж/лицей жана толук орто билим (11-кл.), толук эмес орто билим (9-кл.) даражасына ээ болгон энелер 50,6%ы түзөт.

**Таблица: 3.1.6.** Атасынын билим деңгээли

| | Саны | % | Жалпы % |
|---|---|---|---|
| **Атасынын билими** | | | |
| **Окуу-жазууну билбейт** | 18 | 0,9 | 0,9 |
| **Толук эмес орто мектеп (9-кл.)** | 138 | 6,6 | 7,5 |
| **Толук орто мектеп (11-кл.)** | 668 | 32,2 | 39,7 |
| **Колледж/лицей** | 396 | 19,1 | 58,7 |
| **Университет** | 597 | 28,7 | 87,5 |
| **Магистратура** | 221 | 10,6 | 98,1 |
| **Жообу жок** | 39 | 1,9 | 100,0 |
| **ЖАЛПЫ** | 2077 | 100,0 | |

Респонденттердин аталарынын билим деңгээлине карасак, 58,7%ы колледж/лицей жана толук орто билим, толук эмес орто билимди бүтүргөн болсо, 39,4%ы жогорку жана жогорку билимден кийинки билимге ээ экени аныкталды. Изилдөө көрсөткөндөй, респонденттердин энелеринин билим деңгээли аталарынын билим деңгээлине караганда бир аз жогору экени аныкталды.

**Таблица: 3.1.7.** Студенттердин кыргыз тилин билүү деңгээлдери

| | **Саны** | **%** | **Жалпы %** |
|---|---|---|---|
| **Кыргыз тилин билүү деңгээли** | | | |
| **Өтө начар** | 29 | 1,4 | 1,4 |
| **Начар** | 59 | 2,8 | 4,2 |
| **Орто** | 153 | 7,4 | 11,6 |
| **Жакшы** | 555 | 26,7 | 38,3 |
| **Эң жакшы** | 1281 | 61,7 | 100,0 |
| **ЖАЛПЫ** | 2077 | 100,0 | |

**Таблица: 3.1.8.** Студенттердин орус тилин билүү деңгээлдери

| | **Саны** | **%** | **Жалпы %** |
|---|---|---|---|
| **Орус тилин билүү деңгээли** | | | |
| **Өтө начар** | 29 | 1,4 | 1,4 |
| **Начар** | 60 | 2,9 | 4,3 |
| **Орто** | 373 | 18,0 | 22,2 |
| **Жакшы** | 816 | 39,3 | 61,5 |
| **Эң жакшы** | 799 | 38,5 | 100,0 |
| **ЖАЛПЫ** | 2077 | 100,0 | |

Кыргызстан негизинен эки тилде сүйлөгөн коом болуп эсептелет. Кыргызстанда кыргыз жана орус тилдеринин кеңири колдонулушунун тарыхый жана социалдык себептери бар. Кыргызстанды орус падышачылыгы басып алгандан тарта тил саясаты кыргыз коомунда таасирдүү боло баштаган, ал эми СССР мезгилинде орус тилинин жайылтуу үчүн катаал саясаты ишке ашырылган. Советтер союзунда жүргүзүлгөн саясаттардын бири – орус тилин кыргыз коомунда жайылтуу болгон. Кыргызстан эгемендүүлүктү алганга чейин Горбачёвдун убагында кыргыз тилинин расмий тил катары жарыяланышын талап кылган күрөш күчөп, 1989-жылы кыргыз тили мамлекет-

тик тил болуп жарыяланган. Эгемендүүлүктү алганда кийин да Орусия таасирин уланткан жана 2001-жылы мамлекеттик тил жана расмий тил статустары киргизилип, «кыргыз тили мамлекеттик тил», ал эми орус тили «расмий тил» катары жарыяланган. Кыргызстанда кыргыз тили «мамлекеттик тил» статусуна ээ болгонуна карабастан, орус тили билим берүүдө, башкарууда жана саясатта колдонулуп келет, ал эми кыргыз тили расмий жерлерде азыраак колдонулуп келет. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда кыргыз тилин кеңири жайылтууга багытталган саясаттарга басым жасалып жатса да, орус тили өзгөчө билим берүү жана экономика тармагында маанилүүлүгүн сактап келет. Мисалы, түрк жана кыргыз тилинде билим берген Кыргыз-Түрк «Манас» университетинен тышкары бир дагы университет кыргыз тилинде билим бербейт. Өзгөчө борбор калаа Бишкекте орус тили абдан кеңири колдонулат жана жаштар арасында сыймыктануучу элемент катары бааланат.

Мындай социалдык чындыктын алкагында кыргыз жаштарынын өз эне тили болгон кыргыз тилин билиши өзгөчө мааниге ээ. Изилдөөгө катышкан студенттердин болгону 61,7%ы кыргыз тилин абдан жакшы билерин билдирсе, 26,7%ы жакшы деңгээлде билерин белгилешкен. Аны менен катар 7,4%ы орточо, 2,8%ы начар, ал эми 1,4%ы өтө начар деңгээлде билерин билдиришкен.

Кыргыз жаштарынын орус тилин билүү деңгээлине карасак, 38,5%ы орус тилин абдан жакшы билерин, 39,3%ы жакшы деңгээлде билерин билдиришкен. Орточо деңгээлде билгендердин катышы 18%, начар билгендер 2,9%, өтө начар билгендер болсо 1,4%ды түзөт.

## Айрым коомдук көз караштар

Жаштардын коомдук маселелерге карата көз карашын аныктоо максатында бүгүнкү Кыргызстандын эң маанилүү көйгөйлөрүн сурадык. Тактап айтканда, "Кыргызстандагы эң маанилүү 3 көйгөй" кайсылар экени суралды.

**Таблица: 3.2.1.** Жаштардын пикири боюнча Кыргызстандагы эң маанилүү 3 көйгөй

| | Саны | % |
|---|---|---|
| **ЭҢ МААНИЛҮҮ 3 КӨЙГӨЙ** | | |
| **1. Коррупция /паракорчулук** | 944 | 45,5 |
| **2. Жумушсуздук** | 831 | 40,0 |
| **3. Инфляция/Жашоонун кымбаттыгы** | 714 | 34,4 |
| **4. Экологиялык маселелер** | 618 | 29,8 |
| **5. Экономикалык туруксуздук, кризис** | 426 | 20,5 |
| **6. Көч (миграция)** | 425 | 20,5 |
| **7. Билим берүү** | 401 | 19,3 |
| **8. Адам укуктары** | 324 | 15,6 |
| **9. Ажырашуулардын көбөйүүсү** | 296 | 14,3 |
| **10. Кылмыштуулук/Уурулук** | 291 | 14,0 |
| **11. Саламаттык сактоо/социалдык камсыздоо** | 224 | 10,8 |
| **12. Жакырчылык** | 180 | 8,7 |
| **13. Чек ара маселеси/Улуттук коопсуздук** | 154 | 7,4 |
| **14. Саясий белгисиздик/туруксуздук** | 111 | 5,3 |
| **15. Этникалык конфликттер** | 54 | 2,6 |
| **16. Башка** | 40 | 1,9 |

3.2.1-таблицада көрсөтүлгөндөй, университетте билим алып жаткан жаштар Кыргызстанда эң маанилүү деп эсептеген проблемалардын алдыңкы үчтүгүн "Паракорчулук/Коррупция", "Ишсиздик" жана "Инфляция/Жашоонун кымбатташы" түзөрүн белгилешкен. Кыскача айтканда, жаштардын 45,5% паракорчулукту биринчи орундагы эң чоң маселе катары көрүшөт. Экинчи орунда 40% менен ишсиздик, үчүнчү орунда 34,4% менен инфляция же жашоонун кымбатташы көрсөтүлгөн. Бул үч көйгөйдөн тышкары, төмөнкү маселелер да белгиленген: экологиялык көйгөйлөр (29,8%), экономикалык туруксуздук (34,4%), миграция (20,5%), билим берүү (19,3%), адам укуктары (15,6%), ажырашуулар (14,3%), кылмыштуулук/уурулук (14,0%), саламаттыкты сактоо/социалдык камсыздоо

(10,8%), жакырчылык (8,7%), чек ара маселеси/улуттук коопсуздук (7,4%), саясий белгисиздик/туруксуздук (5,3%) жана этностор аралык конфликттер (2,6%).

**Таблица: 3.2.2.** Кыргызстанда эң көп ишеним артылган 3 институт

| | Саны | % |
|---|---|---|
| **Эң ишенимдүү институт** | | |
| **1. Президент** | 784 | 37,7 |
| **2. Университеттер** | 687 | 33,1 |
| **3. Муфтият** | 586 | 28,2 |
| **4. Милиция** | 479 | 23,1 |
| **5. Аскер** | 351 | 16,9 |
| **6. Медиа** | 325 | 15,6 |
| **7. Соттор** | 238 | 11,5 |
| **8. Өкмөт** | 212 | 10,2 |
| **9. Бейөкмөт уюмдар** | 151 | 7,3 |
| **10. Ак сакалдар** | 135 | 6,5 |
| **11. Парламент** | 107 | 5,2 |
| **12. Мэриялар** | 90 | 4,3 |
| **13. Саясий партиялар** | 58 | 2,8 |
| **14. Губернаторлор** | 55 | 2,6 |
| **15. Профсоюздар** | 47 | 2,3 |
| **16. Саясатчылар** | 45 | 2,2 |
| **17. Башка** | 69 | 3,3 |
| **18. Эч бири** | 472 | 22,7 |

Экинчи жагынан, университетте окуган жаштарга Кыргызстанда эң ишеним арткан үч институт кайсылар экени тууралуу суроо бердик. Сурамжылоого катышкан жаштардын арасында Кыргызстанда эң ишенимдүү деп эсептелген институттардын биринчисине “Президент” (37,7%) көрсөтүлдү. Демек, бул Кыргызстан Республикасынын Президенти Садыр Жапаров экенин билдирет. Бул көрүнүш мурдагы Кыргызстандын Премьер-министри жана азыркы Президент Садыр Жапаровдун саясий туруктуулук менен экономикалык өнүгүү жаатындагы ийгиликтүү аракеттери жаштар тарабынан оң кабыл алынып, жогору бааланганын билдирет.

Эң көп ишеним артылган институттардын ичинде экинчи орунду *Университеттер* (33,1%), үчүнчү орунду *Муфтият*

(28,2%) ээлеген. Калган эң ишенимдүү институттар төмөнкүдөй тартипте көрсөтүлгөн: милиция (23,1%), аскер (16,9%), медиа (15,6%), соттор (11,5%), өкмөт (10,2%), бейөкмөт уюмдар (7,3%), ак сакалдар (6,5%), парламент (5,2%), мэриялар (4,3%), саясий партиялар (2,8%), облустун губернаторлору (2,6%), профсоюздар (2,3%), саясатчылар (2,2%), ал эми “башкалар” категориясы 3,3% менен көрсөтүлгөн.

## Баалуулуктарга байланыштуу Varimax айлантуу ыкмасы колдонулган фактордук анализдер жана изилдөө маалыматтарын талдоо

Баалуулуктарга байланыштуу жүргүзүлгөн фактордук анализдин негизинде төмөнкү 9 өлчөм өз-өзүнчө өзгөрмө (фактор) катары аныкталды:

1. Динчилдик жана канааттануучулук
2. Өзүн-өзү сыйлоо жана өздүк баа
3. Бирге/чогуу жашоо
4. Башкалардын тандоосу менен укугун урматтоо
5. Кыргыз тилине берилген маани
6. Айлана-чөйрөнү коргоочулук
7. Экономикалык жыргалчылыкка маани берүү
8. Жыныстык иденттүүлүк
9. Шаңдуу жашоо

Жогоруда аталган тогуз фактор менен жыныс, аймак, мурда жашаган жер, университет, илим тармагы, курсу, ата-эненин билим деңгээли, бир туугандардын саны сыяктуу көз карандысыз өзгөрмөлөрдүн арасында маанилүү байланыш бар же жок экенин ар бир фактордун алдында өзүнчө каралган. Бул айырмачылыктарды аныктоо үчүн бир багыттуу дисперсия анализдери (ANOVA) жүргүзүлгөн.

**Таблица: 3.3.1.** (ФАКТОР: 1). Динчилдик жана канааттануучулук

| | **Орточо** | **SS** | **Жүктөм** |
|---|---|---|---|
| **Фактор: 1. ДИНЧИЛДИК ЖАНА КАНААТТАНУУЧУЛУК** | | | |
| **Тагдырына ыраазы болуу** | 3,86 | 1,23 | 0,78 |
| **Топук болуу** | 3,72 | 1,12 | 0,74 |
| **Моюн сунуу** | 3,84 | 1,13 | 0,74 |
| **Диний ибадаттарды аткаруу** | 4,04 | 1,10 | 0,71 |
| **Динчил болуу** | 3,89 | 1,10 | 0,67 |
| **Cronbach Alfa** | | | 0,82 |
| *Eigendeğeri* | | | 3,32 |
| *Açıklanan Varyans [%]* | | | 10,7 |

Анализделген биринчи фактор бул - “Динчилдик жана канааттануучулук” деп атаган фактор болуп, ал жалпы вариациянын 10,7%ын түшүндүрөт жана анын өздүк мааниси (Eigendeğeri) 3,32ни түзөт.

Таблицадан көрүнүп тургандай, бул фактордун алдында бириктирилген өзгөрмөлөр, негизинен, университет жаштарынын динчилдиги жана канаттануу боюнча маанилүү баалуулуктарга ээ экенин көрсөтөт. Бул көрүнүш Советтер союзу урагандан кийинки тез өзгөрүүлөрдү баштан кечирген кыргыз коомунда руханий баалуулуктарга болгон кызыгуунун арткандыгынын бир көрсөткүчү катары бааласа болот. Белгилүү болгондой, коомдук баалуулуктар жеке аң-сезимден көз карандысыз түрдө коомдук аң-сезим деңгээлинде калыптанып, муундан муунга өтүп турат. Ошондуктан алардын калыптанышы да, өзгөрүшү да абдан узак убакыт аралыгында ишке ашат. Университет жаштарында аныкталган бул көрүнүштү Кыргызстандын акыркы отуз жыл ичинде башынан өткөрүп жаткан ылдам экономикалык жана коомдук өзгөрүүлөр менен глобалдашуу шартында жаңы орун жана багыт издөө аракети катары түшүндүрүүгө болот.

Албетте, “динчилдик” диний ишенимге ээ болуу, динге берилүү, диний ибадаттарды аткаруу сыяктуу маанилерге ээ болгону менен, динчилдикти толугу менен аныктап берүү

оңой эмес. Теологиялык, социологиялык же психологиялык көз караштан алганда, динчилдикке ар түрдүү аныктамаларды берүү мүмкүн. Ошентсе да, бир адамдын өзүн динчил деп айтышы, анын жалпы мааниде динди баалаганын, аны ички дүйнөсүнө сиңиргенин жана диний парздар менен тыюуларга ылайык жүрүм-турум көрсөтүүгө умтуларын билдирет. Субъективдүү тажрыйба катары динчилдик – үй-бүлө, билим берүү, географиялык факторлор, социалдык-экономикалык чөйрө сыяктуу факторлор тарабынан таасирленген абал болуп эсептелет.

“Канаат” түшүнүгү өз маанисинде тагдырына ыраазы болуу, муктаждыгын канааттандырган, үнөмдүү болуу, көзү ток болуу жана жашоодо зарыл жана керек болгон нерселерден ашпоону билдирет. Ал жеке тандоо жана мүнөз менен байланышкан менен, адеп-ахлак жана дин менен да тыгыз байланышы бар. Ошондуктан канааттануучулуктун динчилдик менен бир эле фактордун ичинде орун алышы абдан маанилүү. Бардык ыйык диндердегидей эле Исламда да адам дүйнөгө кызыгуучу жана ага умтулуучу болуп жаратылган. Дүйнөдө тиричилигин өткөрүшү, жашоосун улантышы үчүн ал дүйнөлүк ырыскы-берекеге кызыгат жана умтулат. Бирок бул умтулуу жана каалоо көзөмөлдөнбөсө, адам ачкөздүккө жана ысырапкордукка түшүшү мүмкүн. Ошондуктан канааттануучулук – дүнүйөлүк нерселерге болгон мамиледе ынсаптуулукту билдирет. Кыскасы, ашыкчалыктан адамды алыстаткан мамиле – бул канааттануучулук. Кыргыз жаштарында кеңири тараган баалуулук катары канааттануучулуктун болушу, алардын жашоо философиясын көрсөтүү жагынан абдан маанилүү.

Изилдөөнүн сапаттык бөлүгүндө өлкөнүн ар кайсы аймактарындагы университетте окуган студенттер менен бетме-бет маектешүүлөр өткөрүлдү. Анда университетте окуган жаштар-

дын динге болгон сый-урматы, динчилдик жана диний ибадаттарды аткаруу жагынан абдан маанилүү баалуулуктарга ээ экени байкалган. Кыргызстанда ислам динине болгон кызыгуу өсүп жаткандыгы, ошондой эле ислам ибадаттарын аткарууга болгон умтулуунун кеңири жайылганы да байкалган көрүнүш. Аймактар арасында айрым айырмачылыктар болгону менен, диний баалуулуктар жана исламдык жашоо образы кыргыз коомунда барган сайын жакшы кабыл алынып, маанилүү орунду ээлеп жатканын белгилөөгө болот. Диндин кыргыз коомунда жогору бааланган баалуулукка айланып баратканы жаштар тарабынан негизинен оң көрүнүш катары бааланганы аныкталган. Советтик доордон кийинки мезгилде диндин кыргыз коомунда маанилүү баалуулук катары ортого келип чыгышы да ошол эле жаштар тарабынан табигый көрүнүш катары кабыл алынууда. Респонденттер динди көбүнчө “адамды жакшы жолго багыттаган”, “жаман жолдон сактаган”, “адамдын жан дүйнө тынчтыгын камсыздаган” жана “адамдын адеп-ахлактык тарбиясы менен тыгыз байланыштуу” баалуулук катары мүнөздөшөт. Көпчүлүк жаштар диний ибадаттарды аткарууга аракет кылышарын, аткара албаса да, динчилдикти өздөрүнүн түшүнүгүндө маанилүү баалуулук экенин баса белгилешкен.

Башка жагынан алганда, жаштардын бир бөлүгү диндеги “ашкере багыттар” деп аташкан айрым исламдык топторго болгон тынчсыздануларын билдиришкен. Мисалы, бир студент: “Адамдардын ар кандай агымдарга жана мазхабдарга кошулушу тынчсыздануу жаратат. Жаштар үчүн диний кыймылдар боюнча атайын чаралар көрүлүп, маалымат берүү иштери жүргүзүлүшү керек”, - деп бул маселеге болгон тынчсызданган сезимин билдирген. Ушул эле контекстте дагы бир студент: “Мен да диндин эрежелери менен жашаган адаммын, бирок азыр жаштарды дин аркылуу багыттоо өтө жеңил болуп калды,

мени кооптонткон да ушул", - деп ар түрдүү диний агымдардын коомдук көрүнүштөрүнө көңүл бурган. Ошондой эле башка дагы бир респондент: "Кыргыз коомунда мазхабдар аралык келишпестиктер бар, бул абал элдин динди жек көрүшүнө себеп болууда", - деп ар түрдүү диний топтор кандай коомдук таасирлерге алып келиши мүмкүн экенин билдирген.

**Таблица: 3.3.1.1.** Жыныс жана динчилдик-канааттануучулук

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d Effect size | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50,19 | 9,52 | -1,038 (2075 | ,300 | 2,256 | -0,049 | Жок |
| **Эркек** | 50,66 | 9,54 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөсүнө карата жүргүзүлгөн анализдерде аял (орт. = 50,19) жана эркек (орт. = 50,66) респонденттердин ортосунда маанилүү айырма табылган жок (t(2075) = -1,038; p = 0,300). Cohen's d мааниси -0,049 болуп, бул айырманын таасир деңгээли дээрлик байкалбагандай төмөн экенин көрсөтөт.

Бул жыйынтык университетте окуган жаштардын "динге жана канааттуу жашоо түшүнүгүнө" болгон мамилелери жыныска чоң өлчөмдө көз каранды эместигин көрсөтөт. Эки башка жыныстагы жаштар үчүн да бул баалуулуктарга берилген маани окшош деңгээлде болуп, бул мамилелерди калыптандырууда коомдук жана маданий чөйрөнүн таасири көбүрөөк экени айтса болот. Кыскача айтканда, аял же эркек болуу – адамдын динчилдик жана канааттануу баалуулуктарын кабыл алуу деңгээлине аныктоочу роль ойнобой турганы байкалат.

**Таблица: 3.3.1.2.** Аймак жана динчилдик-канааттануучулук

| Аймак | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 44,79 | 10,92 | 44,598 (7) | ,001 | 1-2<br>1-3 | ,131 | Орто-чоң |
| **Ош** | 52,59 | 8,79 | | | 1-4 | | |
| **Жалал-Абад** | 52,37 | 6,92 | | | 1-5<br>1-6 | | |
| **Ысык-Көл** | 50,55 | 8,78 | | | 1-7 | | |
| **Талас** | 52,09 | 8,09 | | | 8-2, 8-3 | | |
| **Баткен** | 53,31 | 7,34 | | | 8-4, 8-5 | | |
| **Нарын** | 52,24 | 7,85 | | | 8-6, 8-7 | | |
| **Бишкек** | 43,59 | 11,95 | | | | | |

Респонденттердин жашаган аймактары менен “Динчилдик-канааттануучулук” факторунун баллдарынын ортосунда маанилүү байланышы бар экени аныкталган. Изилдөөдөгү аныкталган маалыматтар динчилдик жана канааттануучулук деңгээлдери аймактарга жараша айырмаланарын көрсөттү. Эң жогорку орточо көрсөткүч Баткен облусуна таандык (M = 53,31), ал эми эң төмөнкү орточо көрсөткүчтөр Чүй (M = 44,79) жана Бишкек (M = 43,59) аймактарында байкалган. Көп компоненттүү салыштыруу тестинин жыйынтыгында динчилдик-канааттануу баллдары боюнча аймактардын ортосунда маанилүү айырмачылыктар бар. Мисалы, Чүй облусу менен Ош (MD = -7,79, p < .001), Жалал-Абад (MD = -7,58, p < .001), Баткен (MD = -8,52, p < .001) жана Нарын (MD = -7,44, p < .001) облустарынын ортосунда олуттуу айырмачылыктар аныкталган. Ошондой эле, Бишкек шаары да көптөгөн аймактарга салыштырмалуу кыйла төмөн орточо көрсөткүчтөргө ээ (мисалы, Бишкек–Баткен: MD = -9,72, p < .001). ANOVA анализинин эффект/таасир өлчөмү (effect size) боюнча Eta-squared = 0.131 көрсөткүчү орто жана жогорку деңгээлдин чегинде экенин же жогорку деңгээлге жакын экенин көрсөтөт. Бул жыйынтык динчилдик-канааттануучулук деңгээлиндеги вариациянын болжол менен 13%ы аймактык айырмачылыктар менен түшүндүрүлө аларын ($\eta^2$ = 0.131) билдирет. Бул статистикалык жактан маанилүү ай-

ырмачылыктан тышкары, эффекттин/таасирдин көлөмү да орто-жогорку деңгээлде экенин далилдейт. Демек, адамдардын динчилдик-канааттануучулук деңгээлдери жашаган аймактарына жараша маанилүү жана эске алууга тийиш болгон айырмачылыктарга ээ.

**Таблица: 3.3.1.3.** Мурун жашаган жери жана динчилдик канааттануучулук

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 47,36 | 10,91 | 102,342 (2) | ,001 | 1-3<br>2-3 | 0,09 | Орто |
| **Шаарча** | 48,07 | 9,74 | | | | | |
| **Айыл** | 53,22 | 7,15 | | | | | |

Динчилдик канааттануу фактору менен “мурунку жашаган жери” өзгөрмөлүүлүгүнүн ортосундагы байланышты изилдегенде, олуттуу айырмачылыктар байкалган ($F(2) = 102{,}342$, $p < .001$). Айылдан келген студенттердин “Динчилдик жана канааттануу” баллы шаардан жана шаарчадан келген студенттерге караганда бир топ жогору болуп чыккан (орточо = 53,22). Шаарчада чоңойгон жаштардын орточо көрсөткүчү 48,07 болсо, шаарларда өскөн жаштарда бул көрсөткүч андан да төмөндөп, 47,36га түшкөн. Бул айырмачылык статистикалык жактан маанилүү гана болбостон, орточо деңгээлдеги таасир көлөмүнө да (0,09) ээ.

Бул табылга Кыргызстандагы университетте окуган жаштардын арасында диний жана канааттануучулук баалуулуктарга карата ишеним туюусу айылдан келген жаштарда күчтүүрөөк экенин көрсөтөт. Айылдын жашоо образы жалпысынан, салттуу түзүлүштөрдү жана диний тажрыйбалардын күнүмдүк жашоо менен тыгыз байланышын камтыйт. Айыл жеринде коомдук көзөмөлдүн жогору болушу, жамааттык иденттүүлүктүн бекем болушу жана заманбап секулярдык таасирлердин чектелүү болушу адамдардын бул

баалуулуктарга болгон байланышын күчөтүшү мүмкүн. Ал эми шаар жашоосунун модернизация, индивидуалдашуу жана секулярдашуу сыяктуу процесстерге ачык болуп, динчилдик жана канааттануучулук сыяктуу салттуу баалуулуктарга карата ишеним туюсу жана байланыштуулугу салыштырмалуу төмөн болушуна себеп болушу ыктымал.

**Таблица: 3.3.1.4.** Университет жана динчилдик-канааттануучулук

| **Университет** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ош мамлекеттик университети** | 55,90 | 5,99 | 44,752 (12) | ,001 | 3төн башка Ош менен бирге баарысы | ,206 | Чоң |
| **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 53,13 | 5,92 | | | | | |
| **Баткен мамлекеттик университети** | 53,80 | 6,95 | | | | | |
| **Нарын мамлекеттик университети** | 53,49 | 6,86 | | | | | |
| **Талас мамлекеттик университети** | 53,26 | 6,72 | | | | | |
| **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 52,46 | 7,40 | | | | | |
| **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 49,36 | 8,86 | | | | | |
| **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 52,04 | 8,30 | | | | | |
| **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 49,04 | 10,21 | | | | | |
| **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 48,85 | 10,50 | | | | | |
| **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 44,46 | 10,81 | | | | | |
| **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 38,80 | 10,69 | | | | | |
| **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 47,95 | 9,56 | | | | | |

Жүргүзүлгөн вариация анализинин жыйынтыгына ылайык, университет өзгөрмөлүүлүгү менен **“Динчилдик жана канааттануучулук”** факторунун ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма бар экендиги аныкталган ($F(12) = 44{,}752$; $p < .001$). Бул айырманын таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү өтө жогору ($\eta^2 = 0{,}206$) болуп, бул жагдай университеттер ортосунда байкалган айырмачылыктар жөн гана туш келди эмес, тескерисинче, олуттуу деңгээлде түзүлүштүк жактан айырма бар экенин көрсөтөт.

Эң жогорку орточо балл Ош мамлекеттик университетине таандык (Орточо = 55,90). Аталган университеттеги студенттер динчилдик жана канааттануучулук баалуулуктарына башка университеттерге салыштырмалуу көбүрөөк маани беришерин билдирген. Бул университетттен кийин Жалал-Абад (53,13), Баткен (53,80), Нарын (53,49), Талас (53,26) жана Ысык-Көл (52,46) университеттери турат. Бул университеттердин көпчүлүгү айылга же шаарчаларга жакын жайгашканы, андагы социалдык-маданий чөйрөлөрдүн көбүнчө салттык жүрүм-турум маданиятына умтулган мүнөзгө ээ болушу менен да мүнөздөлөт.

Анткен менен, айрыкча Борбордук Азиядагы Америка университети (Орточо = 38,80), Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университети (Орточо = 44,46) жана И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети (Орточо = 47,95) сыяктуу баш калаа Бишкекте жайгашкан жана көбүрөөк секулярдуу же Батыш багытындагы билим берүү системасына ээ университеттерде бул баалуулуктардын орточо көрсөткүчү айкын төмөн. Бул абал чоң шаарлардагы университеттерде окуган жаштар модернизация, индивидуализм жана секуляризация процессине көбүрөөк дуушар болуп, натыйжада салттуу баалуулуктарга карата алыстоо бар экенин көрсөтөт.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенттеринин орточо баллы (49,36) орто деңгээлде болуп, баш калаада жайгашканына карабастан, диний канааттануучулук баалуулуктарында салыштырмалуу тең салмактуу көрүнүштү көрсөтөт. Бул абал университеттин кыргыз жана түрк маданий таасирлери менен калыптанган чөйрөнү сунуштап, айыл жергесинен келген студенттердин көптүгү менен түшүндүрүлүшү мүмкүн.

Жыйынтыктап айтканда, университет деңгээлинде байкалган бул айырмачылыктар билим берүү мекемелеринин жөн гана маалымат берүүчү жайлар эмес, ошондой эле баалуулуктарды өткөрүп берген жана адамдардын өздүк идентүүлүгүн түзүү процессинде таасир эткен социалдашуу аймактары экенин көрсөтөт. Кыргызстандын университет курагындагы жаштардын динчилдик жана канааттануучулук баалуулуктары окуган университеттеринин жайгашкан аймагын, маданий чөйрөсү жана билим берүү түшүнүгү менен тыгыз байланышта болушу мүмкүн. Айрыкча Баткен, Ош жана Жалал-Абад сыяктуу аймактардагы университеттерде бул баалуулуктардын жогору болушу кыргыз коомунда салттуу баалуулуктардын аймактык деңгээлде дагы деле күчтүү абалда сакталып келаткандыгынын белгиси катары бааланат.

**Таблица: 3.3.1.5.** Илим тармагы жана динчилдик-канааттануучулук

| **Илим тармагы** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук** | 50,79 | 9,36 | 4,492 (2) | 0,011 | 1-3 | 0,004 | Өтө төмөн |
| **Табигый-инженердик** | 49,96 | 9,83 | | | | | |
| **Саламаттыкты сактоо илимдери** | 48,98 | 9,47 | | | | | |

Жүргүзүлгөн бир багыттуу вариация анализине ылайык, студенттер окуган илим тармагы менен "Динчилдик-канааттануучулук" факторунун ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма бар ($F(2) = 4{,}492$; $p = 0{,}011$). Бирок бул айырманын таасир көлөмү өтө төмөн ($\eta^2 = 0{,}004$), демек илим

тармагынын бул баалуулуктарга таасири бар болгону менен, анын таасири өтө чектелүү.

Маалыматтарга караганда эң жогорку орточо балл коомдук илимдер багытында окуган студенттерде байкалган (Орточо = 50,79). Бул топту табигый-муңдар жана инженердик илимдер (Орточо = 49,96) жана саламаттык илимдери (Орточо = 48,98) ээрчитет. Коомдук илимдердин студенттеринин динчилдик жана канааткерлик деңгээли башка тармактарга салыштырмалуу бир аз жогору болушу, бул тармактагы сабактарда баалуулук, маданият, дин жана коом темалары көбүрөөк каралып, терең изилдениши менен түшүндүрүлүшү мүмкүн.

Ошол эле кезде, саламаттык илимдери жана табигый-муңдар жана инженердик илимдер багыттарында окуган жаштар бул баалуулуктарга бир аз алысыраак болушу мүмкүн, анткени бул бөлүмдөрдө билим берүү көбүрөөк техникалык, илимий жана жеке адамга багытталган чөйрөдө жүрөт. Бирок, айырмачылыктар аз экенин жана практикалык мааниде маанилүү бөлүнүүлөрдү жаратаарын унутпоо керек.

**Таблица: 3.3.1.6.** Курс жана динчилдик-канааттануучулук

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1-курс** | 51,07 | 8,86 | 2,134 | 0,094 | - | 0,003 | Өтө кичинекей |
| **2-курс** | 50,06 | 9,89 | | | | | |
| **3-курс** | 49,66 | 9,88 | | | | | |
| **4-курс** | 50,41 | 9,34 | | | | | |

Студенттердин курстук деңгээли менен «Динчилдик жана канааттануучулук» факторунун ортосундагы байланышка жүргүзүлгөн бир багыттуу вариация анализинин жыйынтыгы боюнча статистикалык жактан маанилүү айырма табылган жок ($F = 2{,}134$; $p = 0{,}094 > 0{,}05$). Мындан тышкары, таасирдин көлөмү да өтө төмөн ($\eta^2 = 0{,}003$), бул курс деңгээлинин бул баалуулуктарга маанилүү таасири жок экенин көрсөтөт.

Орточо баллдарга караганда 1-курстун студенттеринин орточо көрсөткүчү (51,07) башка курстарга салыштырмалуу бир аз жогору, бирок бул айырма статистикалык жактан маанилүү эмес болуп саналбайт. Бул абал университеттик окуу процессинде студенттердин динчилдик жана канааттануучулук баалуулуктары байкаларлык деңгээлде өзгөрүү болбогонун, бул баалуулуктар көбүнчө университетке билим алууга келгенге чейин калыптанган болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.3.1.7.** Ата-эненин билими жана динчилдик-канааттануучулук

| **Ата-эненин билими** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/ лицей-** | 52,17 | 7,91 | 25,905 (3) | ,001 | 1-2нин ортосунда | 0,037 | Кичинекей таасир |
| **Экөө тең унив. +** | 47,79 | 10,98 | | | | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 50,06 | 9,81 | | | | | |
| **Энеси колледж/лицей- Атасы унив.+** | 50,56 | 8,88 | | | | | |

ANOVA анализинин жыйынтыктары боюнча ата-эненин билим деңгээли топторунун арасында «динчилдик-канааттануучулук» баллдары жагынан статистикалык маанилүү айырма бар ($F = 25,905$, $p = 0,001 < 0,05$). Бул жагдай билим деңгээли төмөн болгон ата-эненин балдары «динчилдик-канааттануучулук» баллдарын жогору алганын көрсөтөт. Көптүк салыштыруу таблицасында «Колледж/лицей окуу жайын бүтүргөн» ата-энелер тобунун динчилдик-канааттануучулук баллдары «Ата-энесинин экөө тең университетти бүтүргөндөр» тобуна салыштырмалуу статистикалык маанилик жагынан жогору экенин көрсөтөт. Бирок таасирдин көлөмүн өлчөө тестинин жыйынтыгы ($\eta^2 = 0,037$) төмөн болуп, натыйжа маанилүү болсо да, практикалык жашоодо таасири чектелүү экенин билдирет.

**Таблица: 3.3.1.8.** Бир тууганды саны жана динчилдик-канааттануучулук

| Бир тууганды саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 47,11 | 11,52 | 40,497 (4) | ,001 | 1-4<br>1-5 | ,073 | Алсыз |
| **1-2 бир тууган** | 45,92 | 11,15 | | | | | |
| **3-4 бир тууган** | 50,44 | 9,38 | | | | | |
| **5-6 бир тууган** | 52,99 | 7,20 | | | | | |
| **7 жана андан көп** | 53,50 | 7,07 | | | | | |

Жүргүзүлгөн бир багыттуу дисперсия анализинин жыйынтыгы боюнча «бир туугандардын санынын» өзгөрмөлүүлүгү менен «динчилдик жана канааттануучулук» факторунун ортосунда статистикалык маанилүү айырма бар ($F(4) = 40{,}497$; $p < 0{,}001$). Бул айырма таасирдин көлөмү/таасир этүүчү күчү жагынан алганда алсыз деңгээлде ($\eta^2 = 0{,}073$) болгонуна карабастан, статистикалык жактан маанилүү болуп саналат.

Орточо баллдарга караганда бир туугандардын саны көбөйгөн сайын студенттердин динчилдик жана канааттануучулук баллдары да жогорулаганын көрүүгө болот. Өзгөчө 5-6 бир тууганы (Орточо = 52,99) жана 7ден көп бир тууганы бар студенттер (Орточо = 53,50) эң жогорку орточо баллга ээ. Ал эми бир тууганы жок студенттер (Орточо = 47,11) жана 1-2 бир тууганы барлар (Орточо = 45,92) бул баалуулуктарга эң төмөнкү баллдарды беришкен. Бир туугандардын саны көбөйгөн сайын «динчилдик жана канааттануучулук» баалуулуктарынын маанилүү деңгээлде жогорулаганы байкалат. Бул үй-бүлөнүн түзүмдүк өзгөчөлүктөрү адамдын баалуулук дүйнөсүндө чечүүчү роль ойноорун көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.2.** (ФАКТОР: 2). Өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо

| | Орточо | SS | Жүктөмдөр |
|---|---|---|---|
| **Фактор:2, Өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо** | | | |
| **Өзүнө сый-урмат көрсөтүү** | 4,74 | 0,54 | 0,78 |
| **Өзүн бул коомдун мүчөсү катары сезүү** | 4,53 | 0,68 | 0,74 |
| **Өзүн көзөмөлдөй алуу** | 4,62 | 0,61 | 0,70 |
| **Өз чечимдерин өзү кабыл ала билүү** | 4,59 | 0,62 | 0,71 |
| **Cronbach Alfa** | | | 0,76 |
| **Eigendeğeri** | | | 2,58 |
| **Түшүндүрүлгөн вариация [%]** | | | 8,31 |

Экинчи фактор «Өзүн-өзү сыйлоо – өзүн баалоо» деп аталып, жалпы вариациянын 8,31%ын түшүндүрөт жана анын жеке мааниси (Eigendeğeri – башкы маани) 2,58ге барабар. Бул факторго кирген түшүнүктөр көбүнчө жашоого канааттануу, коомдук гармония жана кыйынчылыктарды жеңе билүү жөндөмүнө байланыштуу болот.

Адамдын өзүн-өзү баалоосу жана өзүнө сый-урмат менен мамиле кылышы – өзүн-өзү урматтоо жана өзүн-өзү баалоо түшүнүктөрү менен тыгыз байланыштуу. Бул адамдын психикалык саламаттыгы, жашоодон канааттануусу, аны менен катар жеке жана коомдук мамилелерине түздөн-түз таасир этет. "Адамдын өзүн маанилүү деп эсептеши" – бул анын өз муктаждыктарын, сезимдерин жана чектерин олуттуу кабыл алып, аларга баа берүүсүн билдирет. Ошондой эле, өзүнүн эмоциялык жана физикалык муктаждыктарына олуттуу карап, өзүнө зыян алып келе турган чөйрөлөрдөн алыс болууга аракет кылган жеке мамиле болуп саналат. Натыйжада адам өзүнө да, башкаларга да карата тең салмактуу мамилени калыптандырат. Эгер адам өзүн ашыкча бааласа, бул өзүмчүлдүккө же нарциссизм мүнөзүндөгү психологиялык абалга айланышы мүмкүн.

*"Адам өзүнө сый-урмат көрсөтүүсү"* – бул анын өзүн канчалык деңгээлде баалуу, компетенттүү жана ийгиликтүү эсептегенине байланыштуу жүрүм-турум болуп саналат. Адам

ээ болгон тең салмактуу жогорку сый – анын жашоодо туш болгон ар кандай кыйынчылыктарды жеңүү жөндөмүн жана бактылуулугун жогорулаткан таасирге ээ. Тескерисинче, өзүнө карата сый-урматтын төмөн болушу – өзүн компетентсиз сезүүгө, дайыма башкалардын макулдугун алууга муктаж болууга жана депрессиялык мүнөзгө ээ болууга алып келиши мүмкүн. Ошондуктан, адам өзүн-өзү кабыл алып, баалаганы өзүнө сый-урмат көрсөткөнү позитивдүү «мендик» түшүнүгүнүн өнүгүшү жана эмоционалдык тең салмактуулугу үчүн абдан маанилүү. Мындай "мендикке" ээ болгон адам өз чечимдерин өзү кабыл ала турган жөндөмдүүлүккө ээ болот.

Бул фактордун ичиндеги *"өзүн бул коомдун мүчөсү катары сезүү"* деген түшүнүк, ушул эле фактордогу башка ойлор менен шайкеш келет. Анткени индивиддеги таандыктык сезими коомдук өздүк/иденттүүлүк менен түздөн-түз байланышта болот. Эң негизгиси – адам өзүн коомдун бир бөлүгү катары сезиши, ал коомдун мүчөсү экенин ички сезимде кабыл алышы болуп саналат. Тескерисинче, мындай сезим болбогон учурда, адам өзүн коомдон бөлүп, четке каккандай, кабыл албагандай абалга түшүшү мүмкүн.

Өзүн-өзү көзөмөлдөй билүү, өзүнө байкоо жүргүзүү – бул адамдын кокустан болгон реакциялардан оолак болуп, узак мөөнөттүү максаттарына ылайык иш алып баруу жөндөмү. Өзүн-өзү көзөмөлдөөнүн жогорку деңгээли ийгиликтүү жана ден соолукка пайдалуу мамилелерге өбөлгө түзсө, ал эми төмөн деңгээли ашыкча көз карандылыкка жана психологиялык көйгөйлөргө алып келиши мүмкүн. Социологиялык контекстте, адамдын өзүн-өзү көзөмөлдөй билиши – бул анын коомдук нормаларга жана эрежелерге ылайык жүрүм-турум кылууга ыкташы болуп саналат. Э. Дюркгейм бул көрүнүштү "коомдук тартип" деп атаган болсо, М. Фуко бул маселени

“дисциплина коомунун” түшүнүгү аркылуу түшүндүргөн. Кыскача айтканда, социологиялык өзүн-өзү көзөмөлдөө – бул адамдын ички дүйнөсүндө калыптанган коомдук нормалар жана көзөмөл механизмдери менен байланышкан.

Адамдын өз чечимин өзү кабыл алуусу көбүнчө өз алдынчалуулук түшүнүгү менен байланыштуу болуп, бул индивиддин өз муктаждыктарына, баалуулуктарына жана ишенимдерине ылайык чечим кабыл алып, аракет кыла билүү жөндөмү болуп саналат. Мындай адамдарда жашоодон канааттануу деңгээли жогору, ошондой эле маселелерди чечүү жөндөмдөрү өнүккөн болот. Коомдук контексте бул индивиддин өз эрки менен тандоо жасай алышы, өз аракеттеринде өзүн күчтүү сезе билиши катары чагылат. Мындай сапаттар демократиялуу жана туура коомду калыптандырууда өзгөчө мааниге ээ.

Бул фактордун ичиндеги баалуулуктардын шкаласы кыргыз коомунун келечеги тууралуу бизге маанилүү багыт берүүчү белгилерди көрсөтүп турат. Бул абал жеке адамдын саламаттыкта өнүгүүсү менен катар эле, коомдук шайкештиктин жогорку потенциалын билдирет. Анткени адамдын өзүнө болгон урматы жана ишеними анын көйгөйлөр менен күрөшүү жөндөмүн ачып бере алат. Бирок өзүн-өзү урматтоонун жогору болушу айрым учурларда өзүмчүлдүккө жана олуттуу коомдук шайкешсиздиктердин жаралышына да алып келиши мүмкүн. Экинчи жагынан, кыргыз жаштарынын басымдуу бөлүгүнүн өздөрүн кыргыз коомунун мүчөсү катары көрүшү бул коомдук таандыктык жана кыргыз коомунун келечеги үчүн өзгөчө мааниге ээ. Анткени бир коомго таандык болуу өздүк иденттүүлүгүнүн  аң-сезими үчүн абдан баалуу булак. Кыскасы, кыргыз жаштары арасындагы мындай оң көрүнүш – кыргыздык өздүктүн бекемделиши үчүн келечекке карата терең мааниге ээ.

Интервьюдан алынган маалыматтарда кыргыз жаштарында өзүнө болгон ишеничтин жогору экени, өзүн урматтоосу жана чечимдерди өз алдынча кабыл алууга болгон бекем эрк бар экени аныкталды. Өзгөчө салттуу коомдордо салттык коддордун индивиддин жүрүм-турумуна чектөөчү таасири бар экени белгилүү. Тез өзгөрүп жаткан кыргыз коомунда айрым салттык эрежелердин жаштар тарабынан талап кылынышы жана өздөрүн баалуу, жетиштүү деп көрүү багытындагы тенденциялар терс көрүнүш катары бааланбашы керек. Тескерисинче, бул заманбап дүйнөдө жаштардын өз сезимдерин жана муктаждыктарын олуттуу кабыл алуусу катары каралышы мүмкүн.

Өзгөчө изилдөөнүн тандамасына кирген аялдардын арасында мындай сезимдер көбүрөөк баалуулукка ээ экенин айтса болот. Аялдар ар түрдүү иш-аракеттер аркылуу өздөрүн өнүктүрүүгө аракет кылып жатканы байкалат. Бул абал үй-бүлө ичинде эркек балдардын үстөмдүгүнө каршы кыз балдардын көрсөткөн реакциясы катары да бааласа болот.

**Таблица: 3.3.2.1.** Жыныс жана өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо

| **Жыныс** | **Орточо** | **SS** | **t (sd)** | **p (2-tailed)** | **Ort. farkı** | **Cohen's d Effect size** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50,66 | 9,19 | 4,550 (1054) | ,001 | 2,256 | ,231 | Өтө төмөн |
| **Эркек** | 48,41 | 10,92 | | | | | |

**Levene тестинин жыйынтыгы**: p = 0,001 → Вариациялар тең деп эсептелбестен, анализ жүргүзүлгөн.

Өзүн-өзү сыйлоо – өзүн баалоо фактору менен респонденттин жынысынын ортосунда жүргүзүлгөн t-тесттин жыйынтыгына ылайык, аялдардын өзүн-өзү сыйлоо жана баалоо деңгээлдери эркектерге караганда маанилүү түрдө жогору экендиги аныкталган ($t(1054) = 4{,}550$, $p < .001$). Бирок бул айырмачылыктын таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү (Cohen's d = 0.231) абдан төмөн, бул жыныстын өзүн-өзү сыйлоого

жана баалоого тийгизген таасири чектелүү экенин көрсөтөт. Вариация анализинин жыйынтыгына ылайык, дисперсиялар бирдей эместиги аныкталгандыктан, талдоо дисперсиялар тең эмес деген божомол менен жүргүзүлгөн.

**Таблица: 3.3.2.2.** Аймак жана өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо

| Аймак | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма (Games-Howell) | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 49.8899 | 10.05451 | 2.258 (7) | 0.027 | Жок | 0.008 | Алсыз |
| **Ош** | 50.9923 | 9.33313 | | | Жок | | |
| **Жалал-Абад** | 50.0603 | 9.27839 | | | Жок | | |
| **Ысык-Көл** | 48.5055 | 10.42932 | | | Жок | | |
| **Талас** | 50.9235 | 9.08455 | | | Жок | | |
| **Баткен** | 48.8952 | 10.64842 | | | Жок | | |
| **Нарын** | 50.2141 | 10.16871 | | | Жок | | |
| **Бишкек** | 50.5446 | 9.30033 | | | Жок | | |

Аймактык айырмачылыктар боюнча баалоого алганда, бир багыттуу дисперсия анализинин жыйынтыгына ылайык ($F(7) = 2.258$, $p = 0.027$), респонденттердин университетке окууга келгенге чейин жашаган аймактары менен алардын өзүн-өзү урматтоо жана өзүнө баа берүү деңгээлдеринин ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма бар экени байкалат. Бул абал индивиддерге социалдык чөйрөнүн жана аймактык маданий чөйрөлөрдүн таасири менен өзүн таануу түшүнүгүн өнүктүргөнү менен түшүндүрүлөт. Бирок жүргүзүлгөн изилдөөнүн Games-Howell көптүк салыштыруу тестине ылайык, топтордун ортосунда так жана статистикалык жактан ишенимдүү айырма аныкталган эмес, башкача айтканда, аймактарды бири-бири менен салыштырганда айырмачылыктар статистикалык маанилүүлүк чегине жеткен эмес.

Аймактар боюнча орточо баллдарга караганда, эң жогорку орточо көрсөткүчтөр Ош (50,99) жана Талас (50,92) облустарында байкалса, эң төмөнкү орточо көрсөткүчтөр Ысык-Көл (48,50) жана Баткен (48,89) облустарында экени

белгилүү болду. Аймактык айырмачылыктар маанилүү бир өзгөрмөлүүлүктү жаратканы менен, бул айырмачылыктардын таасир даражасынын төмөн болушу бул баалуулуктардын көбүрөөк индивиддик жана универсалдуу психо-социалдык негиздерге таянарын көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.2.3** Мурун жашаган жери жана өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 50.1163 | 10.19692 | 0.157 (2) | 0.855 | Жок | 0.000 | Алсыз |
| **Шаарча** | 49.9715 | 9.87211 | | | | | |
| **Айыл** | 49.8565 | 9.48641 | | | | | |

Изилдөөгө кирген "Өзүн-өзү сыйлоо – өзүн баалоо" фактору менен респонденттердин университетке чейин жашаган жери (шаар, шаарча, айыл) ортосундагы байланыш талданганда, статистикалык жактан маанилүү айырма табылган эмес ($F(2) = 0.157$, $p = 0.855$). Орточо баллдар шаарда - 50.12, шаарчада - 49.97 жана айылда – 49.86 болуп, дээрлик окшош. Ошондой эле таасир көлөмү нөлгө жакын ($\eta^2 = 0.000$) болуп, жашаган жердин бул факторго тийгизген таасири дээрлик жок экенин көрсөтөт. Бул жыйынтык, адамдын өзүн-өзү баалоо жана өздүк баалуулук деңгээли жашаган жерине караганда үй-бүлө түзүмү, билим деңгээли, социалдык мамилелер жана жеке тажрыйбалар аркылуу калыптанарын көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.2.4.** Университет жана өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо

| Университет | Орточо | SS | F (sd) | P | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ош мамлекеттик университети** | 49.5576 | 10.36211 | 2.971 (12) | 0.000 | - | 0.017 | Алсыз |
| **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 50.6527 | 8.82068 | | | - | | |
| **Баткен мамлекеттик университети** | 48.5834 | 10.87582 | | | - | | |
| **Нарын мамлекеттик университети** | 49.5508 | 10.82128 | | | - | | |
| **Талас мамлекеттик университети** | 51.0379 | 8.87460 | | | - | | |
| **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 47.3600 | 10.88392 | | | - | | |
| **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 50.7818 | 9.19188 | | | - | | |
| **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 51.2713 | 9.53662 | | | - | | |
| **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 50.2617 | 9.79670 | | | - | | |
| **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 50.8806 | 8.04237 | | | - | | |
| **Б.Н. Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 49.6086 | 10.95288 | | | - | | |
| **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 52.0516 | 8.34391 | | | - | | |
| **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 48.2270 | 9.54382 | | | - | | |

Университетте билим алып жаткан жаштардын "Өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо" деңгээли университеттер боюнча алып караганда, дисперсиялык анализдин (ANOVA) жыйынтыктарына ылайык, статистикалык жактан маанилүү айырмачылык бар экени аныкталды ($F(12) = 2.971$, $p < .001$). Бул студенттердин окуган университетине жараша өзүн баалоо, өзүнө ишенүү жана коомго таандыктык деңгээли өзгөрүп

турарын көрсөтөт. Бирок таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү төмөн деңгээлде ($\eta^2 = 0.017$), башкача айтканда, айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү болсо да, практикалык таасири чектелүү.

Орточо баллдарды изилдегенде, эң жогорку өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо деңгээли Борбордук Азиядагы Америка университетинин (52.05) жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (51.27) студенттеринде байкалса, эң төмөн орточо баллга ээ университеттердин арасында К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети (47.36) жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети (48.23) аныкталды. Бул айырмачылыктар университеттердин сунуштаган билим берүү чөйрөсү, социалдык колдоо структурасы, студенттик профили жана институттук атмосфера менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.3.2.5.** Илим тармагы жана өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо

| **Илим тармагы** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.6787 | 9.32438 | 7.856 (2) | 0.000 | Коомдук илимдер-Табигый жана инженерия илимдери | 0.008 | Алсыз |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 48.9821 | 9.68544 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 48.8777 | 11.88427 | | | | | |

“Өзүн-өзү сыйлоо – өзүн баалоо” фактору менен студенттердин окуп жаткан илим тармактарынын (коомдук илимдер, табигый жана инженерия илимдери, саламаттык сактоо илимдери) арасындагы байланышты алып караганда, статистикалык жактан маанилүү айырмачылык бар экени аныкталды ($F(2) = 7.856$, $p < .001$). Бул айырма айрыкча коомдук илимдер менен табигый жана инженерия илимдеринде даана байкалды.

Орточо баллдарга караганда, коомдук илимдердин студенттери эң жогорку өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо деңгээлине ээ (50.68), табигый жана инженерия илимдери (48.98) менен саламаттык сактоо илимдеринин студенттери болсо, төмөнүрөөк орточо баллдарга ээ (48.87). Бул айырмачылыктар коомдук илимдердин студенттеринин өзүн таануу, коомдук таандыктык жана жеке өзүн өнүктүрүүгө ачык болуп, кошумча билим алуу чөйрөлөрүндө болушу менен түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда, таасир көлөмү төмөн ($\eta^2 = 0.008$). Бул илим тармагынын өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоого тийгизген таасири чектелүү экенин көрсөтөт.

Кыскача айтканда, илим тармагы менен өзүн-өзү сыйлоо – өзүн баалоонун ортосунда маанилүү байланыш болсо да, бул айырманын реалдуу жашоого тийгизген таасири төмөн. Бирок коомдук илимдердин студенттеринде бул психо-социалдык өзгөчөлүктөрдүн абдан күчтүү болушу көңүлдү бурат.

**Таблица: 3.3.2.6.** Курсу жана өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо

| **Курс** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49.5241 | 9.9799 | 1.530 (3) | 0.205 | Жок | 0.002 | Алсыз |
| **2** | 50.2399 | 9.5541 | | | | | |
| **3** | 49.5634 | 10.4090 | | | | | |
| **4** | 50.7896 | 9.1849 | | | | | |

Студенттердин курс деңгээлине (1-курстан 4-курс чейин) жараша өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо деңгээли изилденгенде, дисперсиялык анализдин жыйынтыгы боюнча статистикалык жактан маанилүү айырма табылган эмес ($F(3) = 1.530$, $p = 0.205$). Бул жагдай студенттердин университетте кайсы курста окуганы алардын өзүн-өзү баалоо жана өздүк баалуулук деңгээлине олуттуу таасир этпей турганын көрсөтөт.

Орточо баллдардын ортосунда бираз айырмачылыктар байкалат. Эң жогорку орточо көрсөткүч 4-курстагы студенттерде (50.79), ал эми эң төмөнкү орточо көрсөткүч 1-курстагыларда

(49.52) катталган. Бирок бул айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү деңгээлге жеткен эмес жана таасир көлөмү да абдан төмөн ($η^2 = 0.002$). Бул болсо курс деңгээлинин факторго тийгизген таасири алсызыраак экенин көрсөтүп турат.

Жыйынтыктап айтканда, студенттердин өзүн-өзү сыйлоо – өзүн баалоо деңгээли курс жогорулаган сайын бир аз өсүү көрсөтсө да, бул айырмачылыктар маанилүү жана күчтүү эмес.

**Таблица: 3.3.2.7.** Ата-эненин билими жана өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($η^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/ лицей-** | 49.7388 | 9.78683 | 0.351 (3) | 0.789 | Жок | 0.001 | Алсыз |
| **Экөө тең унив.+** | 50.16 | 9.97255 | | | | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 49.6574 | 10.12479 | | | | | |
| **Энеси колледж/ лицей- Атасы унив.+** | 50.2083 | 9.48411 | | | | | |

Изилдөөдө студенттердин ата-энесинин билим деңгээли менен алардын өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо деңгээлинин ортосундагы байланышты караганда, статистикалык жактан маанилүү айырма табылган эмес ($F(3) = 0.351$, $p = 0.789$). Бул ата-эненин билим деңгээли студенттердин өзүн-өзү баалоосуна жана өздүк баалуулугуна олуттуу таасир этпей турганын көрсөтөт.

Орточо баллдарына караганда, топтордун арасында кичине айырмачылыктар бар экени байкалат. Эң жогорку орточо балл «Энеси колледж/лицейди бүтүргөн – атасы университетти бүтүргөндөрдүн» тобуна таандык (50,21), ал эми эң төмөн орточо балл «Энеси университетти бүтүргөн - атасы колледж/лицейди бүтүргөндөрдүн» тобуна (49,65) таандык болуп чыкты. Бирок бул айырмачылыктар статистикалык мааниде маанилүү эмес жана таасирдин көлөмү/таасир этүүчү күчү ($η^2 = 0,001$) өтө төмөн, демек ата-эненин билим деңгээли бул факторго дээрлик эч кандай таасир этпейт. Башкача айтканда,

университетте билим алып жаткан кыргыз жаштарында өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо сезими ата-эненин билим деңгээлинен мурда жеке тажрыйбалар, социалдык чөйрө жана жеке мүнөздөмөлөр аркылуу калыптанарын билдирет.

**Таблица: 3.3.2.8.** Бир туугандын саны жана өзүн-өзү сыйлоо-өзүн баалоо

| Бир туугандын саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 47.8759 | 12.21242 | 0.945 (4) | 0.437 | Жок | 0.002 | Алсыз |
| **1-2 бир тууган** | 50.0780 | 9.91617 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 49.7796 | 9.92133 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 50.1586 | 9.34471 | | | Жок | | |
| **7 жана андан көп** | 50.9978 | 9.76743 | | | Жок | | |

Университетте окуган кыргыз жаштарынын өзүн-өзү баалоо жана өздүк баалуулук деңгээли алардын бир туугандарынын санына жараша айырмасын изилдегенде, жүргүзүлгөн ANOVA анализинин жыйынтыгы боюнча статистикалык жактан маанилүү айырма табылган жок ($F(4) = 0.945$, $p = 0.437$). Натыйжада адамдын бир туугандарынын саны өзүн-өзү баалоо жана өздүк баалуулук деңгээлине таасир этүүчү өзгөрмө эмес экенин көрсөтөт.

Жаштардын өзүн-өзү сыйлоо жана өзүн баалоосунун ортосундагы орточо баллдарды салыштырганда, бираз айырмачылыктар байкалат. Мында эң төмөнкү орточо көрсөткүч бир тууганы жок жаштарда (47.87) кездешсе, эң жогорку орточо көрсөткүч 7 же андан көп бир тууганы бар жаштарда (50.99) кездешти. Бирок бул айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү эмес жана таасир көлөмү / таасир этүүчү күчү ($\eta^2 = 0.002$) абдан төмөн деңгээлде болгон. Бир туугандардын саны өзүн-өзү сыйлоо жана өздүк баалуулукка карата күчтүү таасир эте турган факторго кирбейт экенин көрсөттү. Ошентип, университетте окуган кыргыз жаштарынын өзүн-өзү баалоо жана өздүк баалуулук деңгээли бир туугандардын санынан көз каранды эмес, көбүрөөк жеке, социалдык жана психологиялык факторлор менен калыптанат.

**Таблица: 3.3.3.** (ФАКТОР: 3). Бирге/чогуу жашоо

| | Орточо | SS | Жүктөмдөр |
|---|---|---|---|
| **Фактор: 3, БИРГЕ/ЧОГУУ ЖАШОО** | | | |
| **Башка этникалык топтогу адам менен турмуш курууну түшүнүү менен кабыл алуу** | 3,83 | 1,00 | 0,79 |
| **Башка этникалык топтогу адам менен достук мамиле түзө билүү** | 4,22 | 0,79 | 0,74 |
| **Этникалык айырмачылыктарды өлкөбүздүн байлыгы катары көрүү** | 3,80 | 0,95 | 0,61 |
| **Ар түрдүү өздүк иденттүүлүктөргө сый көрсөтүү** | 4,35 | 0,73 | 0,47 |
| *Cronbach Alfa* | | | 0,71 |
| *Eigendeğeri* | | | 2,00 |
| *Аныкталган вариация [%]* | | | 6,45 |

3-орундагы фактор «Бирге/чогуу жашоо» деп аталып, жалпы вариациянын 6,45%ын түшүндүрөт жана Eigen көрсөткүчү 2,00. Бул фактор социологиялык жактан коомдогу ар түрдүүлүк жана маданий көпчүлүк түшүнүктөрү менен байланыштуу.

Коомдогу ар түрдүүлүк бул бир коомдо этникалык, диний, маданий жана класстык/таптык айырмачылыктарды кадимки көрүнүш жана байлык катары кабыл алуу. Ошондой эле, бир коомдогу ар кандай топтордун өздөрүнүн иденттүүлүгүнүн сактап, тең укуктуу абалда маданий көпчүлүккө ээ болушу. Бул абал түрдүү топтордун бир эле коом ичинде жалпы коомдук жашоону улантуу үчүн өз ара түшүнүү, ишеним жана кызматташтыкта болуусу, ошондой эле тең жарандык жана адилеттүүлүк сезиминин болушу дегенди түшүндүрүлөт.

Бирге/чогуу жашоо бул кыйынчылыктарга чыдоо эмес, тескерисинче коомдогу жеке адам жана топтун ар мүчөсү активдүү түрдө бири-бирин түшүнүүгө аракет кылуусу. Социологиялык жактан алып караганда, мындай коомдук түзүлүш чыр-чатактардын чыгышына тоскоол гана болбостон, коомду маданий жактан өнүктүрөт жана ар түрдүүлүктү коомдук байлык катары кабылдоону бекемдейт. Бирге/чогуу жашоо – бул жөн гана физикалык жакындык эмес, коомдук

катышуу жана өз ара сый-урматка негизделет. Бирге жашоо бул ар түрдүүлүктүн жеке мейкиндикте гана эмес, коомдук мейкиндикте да болушу дегенди билдирет.

Бүгүнкү күндө көптөгөн коомдун алдында турган негизги көйгөйлөрдүн бири – бул ар түрдүү этностун тынчтык жана ынтымак ичинде бирге жашоо маселеси болуп саналат. Бул заманбап коомдору үчүн өтө маанилүү көйгөйдүн бири болуп жатат. Бул көйгөйдүн негизинде ар түрдүүлүк же азчылыктар арасында теңчилик, этникалык өкүлчүлүк жана таанылуу талаптары жатат.

Бүгүнкү саясий социологиянын эң талаштуу темаларынын бири – улут-өлкөнүн туруктуулугу жана этникалык маселелер болуп саналат. Улут-өлкө дегенде, кыскача айтканда, чектелген аймакта үстөмдүк кылган, бир улуттук таанылыштын айланасында уюшулган саясий түзүмдөр түшүндүрүлөт. Алар жалпы тил, маданият жана тарыхтын негизинде уюшулуп биригишет. Модернизация процессинде гомогендикти негиз катары алып, ичинде бар болгон ар түрдүүлүктөрдүн убакыттын өтүшү менен негизги бүтүндүккө кошулары болжолдонгон. Бирок, өзгөчө ааламдашуу саясий талаада улут-өлкөлөрдүн ролун төмөндөтүп, бүгүн көптөгөн улут-өлкөлөр этникалык айырмачылыктар менен олуттуу көйгөйлөргө туш болууда. Ааламдашуу чектерди өтө алсыз кылып, капитал, маалымат, маданият жана адам ресурстары бул чектерден көбүрөөк чыгып кетүүдө. Бул абал улут-өлкөлөрдүн таанылышына олуттуу таасир этип жатат. Мамлекеттер өз үстөмдүгүн территориялык жерине эмес, маалыматка, ишенимге, маданиятка жана ааламдык тармактарга таянууга мажбур болуп жатышат.

Белгилүү болгондой, кыргыз коому бай маданий мураска, көп улуттуу жана көп тилдүү түзүлүшкө ээ. Бул ар түрдүүлүк коомдук жашоодо да, маданий практикаларда да байкалат. Ар

кайсы этникалык коомдор тарыхый жактан тынчтыкта жашап келишкен. Бирок өзгөчө өлкөлөр арасындагы чек ара көйгөйлөрү жана башка айрым коомдук маселелердин айынан өлкөдөгү этникалык айырмачылыктардын арасында кээде чыңалуулар да болуп турган.

Университетте окуган жаштардын көп бөлүгү өлкөдөгү этникалык ар түрдүүлүктү байлык катары көрүшү, ар кандай өзгөчөлүктөргө сый менен мамиле кылышы, ар түрдүү этникалык топтогу адамдар менен достошууну көйгөй кылбаганы, ал тургай башка этникалык топтор менен үйлөнүү же турмушка чыгууну кадимки көрүнүш катары кабыл алышы кыргыз коомунун байлыгы катары бул ар түрдүү этностук мамилени сактап калуу жагынан абдан маанилүү экени аныкталды.

Студенттер менен интервью жүргүзүлгөндө Кыргызстандагы этникалык жана маданий айырмачылыктар жаштар арасында кеңири түрдө байлык катары кабыл алынары аныкталды. Бул жагынан алганда, студенттердин айткандары боюнча толеранттуу жана плюралисттик көз караш үстөмдүк кылары көзгө урунат. Ошондуктан университеттин жаштары этникалык ар түрдүүлүктү коркунуч эмес, табигый социалдык чындык катары кабыл аларын айтууга болот. Мындан тышкары, бардык аймактарда этникалык топтор түздөн-түз коркунуч жаратат деген ачык же кеңири жайылган пикир жок экени аныкталды. Бул жагдай Кыргызстандагы учурдагы этникалык мамилелердин негизинен туруктуу экенин жана коомдун аң-сезим деңгээлинде бул топторго карата нейтралдуу же достук мамиле үстөмдүк кыларын көрсөтүшү жагынан абдан маанилүү. Чынында эле, интервьюга катышкандардын жалпы оюн жыйынтыктаган бир маектешүүчү: «Этникалык топтор менен ар дайым ынтымакта жашап келдик жана жашай беребиз, кооптончу эч нерсе жок деп ойлойм. Кыргызстан – бул жөн гана кыргыз эли үчүн эмес,

ошондой эле бардык кыргызстандыктар үчүн да тынчтыкта жашоого боло турган өлкө» - деп белгиледи.

Өзгөчө коңшу өлкөлөр менен болгон айрым чек ара чыр-чатактары өлкөдөгү этникалык топтордун ортосунда кээде чыңалууларга алып келгени менен, жаштар бул убактылуу көрүнүш экенин жана анын чоң этникалык кагылыштарга айланбайт деп оптимисттик маанайда экенин билдиришкен. Ошондой эле Кыргызстанда ар түрдүү этникалык топтордун тынчтыкта жана ынтымакта жашашы үчүн зарыл болгон укуктук чараларды күчөтүү боюнча да талаптар бар экени байкалат.

Экинчи жагынан алганда, маектүүгө катышкан кээ бир студенттер ар түрдүү этникалык топтор менен чогуу жашоо көйгөй жаралбай турганын, бирок алардын да кыргыз тилин үйрөнүшү керек деген талаптарын билдиришкен. Бул контекстте бир маектешүүчү абалды мындайча жыйынтыктаган: «Этникалык топтор менен жакшы мамилебиз бар, аларды саясий жактан башкаруубуз керек, бирок кыргыз тилин билиши да зарыл».

**Таблица: 3.3.3.1.** Жыныс жана бирге/чогуу жашоо

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 49.2787 | 9.89703 | -4.556 (2075) | 0.001 | -2.12796 | -0.217 | Алсыз |
| **Эркек** | 51.4067 | 9.64144 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөлүүлүгү боюнча жүргүзүлгөн көз карандысыз үлгүлөр үчүн t-тестинин жыйынтыгына ылайык, кыз жана эркек студенттердин бул фактор боюнча баллдары статистикалык жактан маанилүү айырманы көрсөтөт ($t(2075) = -4{,}556$, $p < 0{,}001$). Орточо баллдарга караганда, эркек студенттердин "Бирге жашоо" факторундагы орточо көрсөткүчү (Орточо = 51,41) кыз студенттерден (Орточо = 49,28) жогору чыккан. Бул эркек студенттердин ар кандай этникалык топтор менен бирге жашоого, кечиримдүүлүккө жана маданий ар түрдүүлүккө көбүрөөк ачык экенин көрсөтөт.

Бирок бул айырманын таасир көлөмү (Cohen's d = -0,217) төмөн деңгээлде. Башкача айтканда, айырма статистикалык жактан маанилүү болгону менен, практикалык жактан жыныс факторунун бул баалуулукка тийгизген таасири чектелүү экенин көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.3.2.** Аймак жана бирге/чогуу жашоо

| **Аймак** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма (Games-Howell)** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 51.8455 | 9.67053 | 9.795 (7) | 0.000 | Жалал-Абад, Талас, Нарын, Бишкек (позитив); Талас, Бишкек (негатив) | 0.032 | Алсыз |
| **Ош** | 50.6125 | 10.21933 | | | Талас (позитив) | | |
| **Жалал-Абад** | 48.7923 | 9.97773 | | | Чүй, Баткен, Бишкек (негатив) | | |
| **Ысык-Көл** | 50.7705 | 9.44782 | | | Талас, Нарын (позитив) | | |
| **Талас** | 46.7078 | 10.06034 | | | Чүй, Ош, Ысык-Көл, Баткен, Нарын, Бишкек (негатив) | | |
| **Баткен** | 51.5219 | 9.35218 | | | Жалал-Абад, Талас, Нарын (позитив) | | |
| **Нарын** | 48.0697 | 9.39676 | | | Чүй, Ысык-Көл, Бишкек (негатив) | | |
| **Бишкек** | 51.8603 | 9.66392 | | | Жалал-Абад, Талас, Нарын (позитив) | | |

Аймактык өзгөрмөлүүлүккө жараша жүргүзүлгөн анализде бул факторудук баллдар аймактар арасында маанилүү деңгээлде айырмаланары аныкталган (F(7)=9,795; p<0,001). Таасир көлөмү алсыз деңгээлде болсо да ($\eta^2$=0,032), статистикалык жактан маанилүү деп табылган. Эң жогорку орточо баллдар Бишкек (Орточо=51,86) жана Чүй (Орточо=51,84) аймактарында байкалган, бул чоң жана космополит шаарларда жашаган жаштардын бирге жашоо баалуулугуна көбүрөөк маани берерин көрсөтөт. Ал эми эң төмөнкү баллдар Талас (Орточо=46,70), Нарын (Орточо=48,07) жана Жалал-Абад (Орточо=48,79) аймактарында катталган. Games-Howell тести өзгөчө Талас аймагы көптөгөн аймактарга салыштырмалуу олуттуу түрдө төмөн балл алганын аныктаган.

Жыйынтыгында, жашаган аймагына карата университеттеги жаштардын бирге жашоо баалуулуктарына болгон мамилесинде таасир этүүчү фактор болуп саналат. Шаарлашкан аймактарда бул баалуулуктарга көбүрөөк маани берилсе, ал эми салттуу түзүлүшкө ээ аймактарда салыштырмалуу төмөн баллдар алынган.

**Таблица: 3.3.3.3.** Мурун жашаган жери жана бирге/чогуу жашоо

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 51.2345 | 9.87753 | 13.64 (2) | 0.000 | Шаар-айыл | 0.013 | Алсыз |
| **Шаарча** | 50.2633 | 9.47307 | | | | | |
| **Айыл** | 48.8301 | 9.83269 | | | | | |

Университетте окуган жаштарынын “Бирге/чогуу жашоо” баалуулугуна берген мааниси, алардын университетке чейин жашаган жашоо чөйрөсүнө жараша статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктарды көрсөттү ($F(2)=13,64$; $p<0,001$). Таасир көлөмү төмөн деңгээлде болуп ($\eta^2=0,013$), бул айырма статистикалык жактан маанилүү экенин, бирок анын практикалык таасири чектелүү экенин көрсөтөт.

Университетте билим алып жаткан студенттердин «Бирге жашоо» факторуна берген баасы алардын университетке чейин жашаган жерине жараша олуттуу айырмачылыкты көрсөтөт ($F(2)=13,64$; $p<0,001$). Таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү төмөн ($\eta^2=0,013$), бул айырма статистикалык жактан маанилүү, бирок анын практикалык таасири чектелүү экенин көрсөтүп турат.

Орточо баллдарга ылайык, шаарда чоңойгон жаштар (Орточо=51,23), шаарчаларда (Орточо=50,26) жана өзгөчө айылда (Орточо=48,83) чоңойгон жаштарга салыштырмалуу “бирге жашоо” баалуулугуна көбүрөөк маани беришет. Маанилүү айырма шаар менен айылдын ортосунда аныкталган.

Бул жагдай, шаарда жашаган адамдардын маданий ар түрдүүлүккө көбүрөөк туш болушу жана айырмачылыктар

менен бирге жашоо тажрыйбасынын алда канча интенсивдүү болушу менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Ал эми айыл жашоосунун бир тектүү жана салттуу түзүлүшү болсо, кечиримдүүлүк жана ар башка иденттүүлүктөр менен өз ара аракеттенүү маселелеринде чектелүү мамилеге алып келиши ыктымал.

**Таблица: 3.3.3.4.** Университет жана бирге/чогуу жашоо

| Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ош мамлекеттик университети** | 50.0125 | 10.37174 | 11.092 (12) | 0.000 | Нарын, Талас | 0.061 | Алсыз |
| **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 47.3205 | 10.45707 | | | Нарын, Талас | | |
| **Баткен мамлекеттик университети** | 50.1140 | 9.44859 | | | Нарын, Талас | | |
| **Нарын мамлекеттик университети** | 46.3982 | 9.78927 | | | Ош, Жалал-Абад, Баткен, К.Тыныстанов, Америка, Славян | | |
| **Талас мамлекеттик университети** | 45.1920 | 9.91376 | | | Ош, Жалал-Абад, Баткен, К.Тыныстанов, Америка, Славян | | |
| **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 51.8645 | 9.09254 | | | Нарын, Талас | | |
| **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 49.8243 | 8.93627 | | | Нарын, Талас | | |
| **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 49.9730 | 9.68872 | | | Нарын, Талас | | |
| **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 51.3554 | 9.86873 | | | Нарын, Талас | | |
| **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 50.8632 | 8.75069 | | | Нарын, Талас | | |
| **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 52.4857 | 10.00470 | | | Нарын, Талас | | |
| **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 54.7278 | 8.00787 | | | Нарын, Талас | | |
| **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 49.6643 | 9.92204 | | | Нарын, Талас | | |

Анализдин жыйынтыктарына ылайык, университеттеги жаштардын “Бирге жашоо” баалуулугуна берген мааниси алардын окуп жаткан университетине жараша маанилүү түрдө айырмаланат ($F(12)=11,092$; $p<0,001$). Бул айырманын таасир көлөмү алсыз деңгээлде болуп ($\eta^2=0,061$), университеттин бул баалуулукка тийгизген таасири статистикалык жактан маанилүү, бирок чектелген деңгээлде экенин көрсөтөт.

Эң жогорку орточо балл Борбордук Азиядагы Америка университетинин (Орточо=54,72) жана Кыргыз-Орус Славян университетинин (Орточо=52,48) студенттеринде байкалган. Бул университеттер, негизинен, көп улуттуу, ачык жана ар түрдүүлүккө көнгөн студенттик профилге ээ болуп, ар башка иденттүүлүктөр менен бирге жашоо баалуулугуна көбүрөөк сезимтал мамиледе калыптандырышат. Ал эми эң төмөнкү орточо баллдар Нарын мамлекеттик университетинде (Орточо=46,39) жана Талас мамлекеттик университетинде (Орточо=45,19) байкалган. Бул эки университеттин шаарчаларда жайгашканы жана салттуу, бир тектүү коомдук түзүлүшкө ээ болгону студенттердин айырмачылыктарга карата көбүрөөк узак мамиледе калыптандыруусуна алып келиши мүмкүн.

Games-Howell тестинын жыйынтыгына ылайык, Нарын жана Талас университеттери көптөгөн университеттер менен маанилүү деңгээлде айырмаланат. Айрыкча чоң шаарларда же эл аралык түзүлүшкө ээ университеттерде билим алган студенттер этникалык жана маданий ар түрдүүлүккө көбүрөөк ачык экени менен түшүндүрүлөт.

**Таблица: 3.3.3.5.** Илим тармагы жана бирге/чогуу жашоо

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 49.9485 | 9.91195 | 5.621 (2) | 0.004 | Коомдук илимдер-Саламаттык сактоо илимдери, Табигый жана инжерения илимдери-Саламаттык сактоо илимдери | 0.005 | Алсыз |
| **Табигый жана инжерения илимдери** | 49.1673 | 9.51016 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 51.6335 | 10.27169 | | | | | |

“Бирге жашоо” факторунун баллдары студенттердин окуп жаткан илим тармагына жараша маанилүү түрдө айырмаланган (F(2)=5,621; p=0,004). Бирок бул айырманын таасир көлөмү өтө төмөн ($\eta^2$=0,005), башкача айтканда, илим багытынын бул баалуулукка тийгизген таасири статистикалык жактан маанилүү болсо да, практикалык жактан чектелүү.

Эң жогорку орточо балл саламаттык сактоо илимдеринин студенттерине тиешелүү (Орточо=51,63). Бул топту коомдук илимдердин (Орточо=49,95) студенттери жана табигый илимдер менен инженерия багытындагы (Орточо=49,17) студенттер түзөт. Маанилүү айырма өзгөчө саламаттык сактоо илимдери менен калган эки тармактын (коомдук илимдер жана табигый илимдер) ортосунда байкалат.

**Таблица: 3.3.3.6.** Курс жана бирге/чогуу жашоо

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49.4318 | 10.2556 | 1.099 (3) | 0.348 | Жок | 0.002 | Алсыз |
| **2** | 50.3002 | 9.5738 | | | | | |
| **3** | 49.7253 | 9.8829 | | | | | |
| **4** | 50.3281 | 9.7414 | | | | | |

Университетте окуп жаткан студенттердин “Бирге жашоо” фактордук баллдары курстардын деңгээлине жараша маанилүү айырмачылыкты көрсөткөн эмес (F(3)=1,099; p=0,348).

Eta-squared ($\eta^2$=0,002) көрсөткүчү да бул айырманын өтө алсыз таасир деңгээлине ээ экенин көрсөтүп турат.

Орточо баллдар курстар арасында дээрлик окшош болуп чыккан: 1-курстун студенттери – 49,43, 2-курс – 50,30, 3-курс – 49,72 жана 4-курстун студенттери – 50,33 орточо балл алышкан. Бул жагдай, бирге жашоо баалуулугу студенттер арасында убакыттын өтүшү менен өзгөрбөгөнүн, окуу жылы жогорулаган сайын бул баалуулукта байкаларлык өсүү же төмөндөө болбогонун көрсөтөт. Кыскасы, “бирге/чогуу жашоо” баалуулугу бардык курстарда бирдей деңгээлде кабыл алынат жана курс деңгээли бул баалуулукка таасир этүүчү фактор катары өзгөчөлөнбөйт.

**Таблица: 3.3.3.7.** Ата-эненин билими жана бирге/чогуу жашоо

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/ лицей-** | 49.4301 | 9.94261 | 7.871 (3) | 0.000 | Ооба | 0.012 | Алсыз |
| **Экөө тең унив.+** | 51.569 | 9.61268 | | | | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 48.8397 | 9.70653 | | | | | |
| **Энеси колледж/ лицей- Атасы унив.+** | 49.7836 | 10.05921 | | | | | |

Студенттердин “Бирге жашоо” баалуулугуна берген мааниси ата-энелеринин билим деңгээлине жараша маанилүү түрдө айырмаланат ($F(3)=7,871$; $p<0,001$). Бул айырманын таасир көлөмү алсыз деңгээлде болуп ($\eta^2$=0,012), билим деңгээлинин таасири чектелүү болгону менен эске алууга болот. Эң жогорку орточо балл ата-энесинин экөө тең университет бүтүргөн студенттерде байкалган (Орточо=51,57). Ал эми болгону апасы университетти бүтүргөндөрдө (Орточо=48,83) же ата-энесинин экөө тең кесиптик лицейлерден төмөн билим деңгээлине ээ болгон студенттерде (Орточо=49,43) бул баалуулук төмөнүрөөк болуп чыккан.

Бул табылгалар ата-энелердин жогорку билим деңгээлине ээ болушу балдарында кечиримдүүлүк, айырмачылыктар

менен бирге жашоо жана маданий ар түрдүүлүккө ачык болуу сыяктуу баалуулуктарга көбүрөөк маани берүүсүнө өбөлгө түзөрүн көрсөтөт. Билим деңгээли жогору үй-бүлөлөрдө адамдар арасындагы эмпатия, көп маданияттуулукту түшүнүү жана коомдук ар түрдүүлүккө сезимталдык көбүрөөк өнүгөт.

**Таблица: 3.3.3.8.** Бир туугандын саны жана бирге/чогуу жашоо

| Бир туугандын саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 49.7942 | 11.1746 | 4.976 (4) | 0.001 | Жок | 0.010 | Алсыз |
| **1-2 бир тууган** | 51.5488 | 9.14138 | | | 3-4 бир тууган (1.52542*), 5-6 бир тууган (2.72153*) | | |
| **3-4 бир тууган** | 50.0234 | 9.84342 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 48.8273 | 9.91708 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 48.8251 | 11.08422 | | | Жок | | |

“Бирге жашоо” баалуулугу студенттердин бир туугандардын санына жараша маанилүү түрдө айырмалангандыгы аныкталган (F(4)=4,976; p=0,001). Бирок таасир көлөмү алсыз деңгээлде ($\eta^2$=0,010), башкача айтканда, бир туугандардын санынын таасири чектелүү. Эң жогорку орточо көрсөткүч 1-2 бир тууганы бар студенттерде байкалган (Орточо=51,55). Бул топ 3-4 бир тууганы барларга (Орточо=50,02) караганда бир аз жогору, 5-6 (Орточо=48,82) жана 7 же андан көп бир тууганы барларга салыштырмалуу болсо маанилүү деңгээлде жогору балл алган. Бир да бир тууганы жок студенттер (Орточо=49,79) болсо орто деңгээлде экени аныкталды.

**Таблица: 3.3.4.** (ФАКТОР: 4) Башкалардын тандоолорун жана укуктарын сыйлоо

| | Орточо | SS | Жүктөмдөр |
|---|---|---|---|
| **Фактор:4, Башкалардын тандоолорун жана укуктарын сыйлоо** | | | |
| **Башкалардын тандоолорун сыйлоо** | 4,47 | 0,66 | 0,81 |
| **Башкалардын укуктарын сыйлоо** | 4,51 | 0,64 | 0,80 |
| **Башкалар жасаган жакшылыктарда көз жаздымда калбоо** | 4,46 | 0,70 | 0,64 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,71 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 1,98 |
| ***Аныкталган варианс [%]*** | | | 6,38 |

4-фактор "Башкалардын тандоолорун жана укуктарын сыйлоо" деп аталып, жалпысынан дисперсиянын 6,438% түшүндүрөт жана өз маани (Eigendeğer) көрсөткүчү 1,98. Бул фактор мурунку факторду да толуктоочу мүнөзгө ээ.

Башкалардын тандоолоруна жана укуктарына сый-урмат көрсөтүү – жеке жана коомдук жашоонун негизги моралдык жана укуктук принциптеринин бири катары кабыл алынат. Ошондой эле бул түшүнүктөр адам укуктары, демократия, этика жана коомдук ынтымак жагынан абдан маанилүү. Анткени коомдогу айырмачылыктар менен ар түрдүүлүктүн болушу – жеке жана коомдук эркиндиктердин табигый натыйжасы. Биз сөз кылып жаткан сый-урмат жана жеке тандоолор социологиялык контекстте коомдук ынтымактын негизи болуп саналат. Жеке деңгээлде ал индивиддин өзүнө болгон ишенимин жана коомдук таандыгын күчөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, башкалардын тандоолоруна жана укуктарына сый-урмат көрсөтүү – бул адамдын негизги баалуулуктарына жана жашоосуна ылайык баалуулуктарды кабыл алуу. Сый көрсөтүү – бул жөн гана моралдык милдет эмес, ошол эле учурда ар бир адамдын укуктук милдеттеринин бири. Укуктарга сый, түшүнүү менен мамиле кылуу коомдогу бардык адамдардын милдети. Ошондуктан сый көрсөтүү жөн гана адеп-ахлактык баалуулук эмес, ошол эле учурда демократиялык коомдордун да негизги тиреги болуп саналат.

Сурамжылоодо орун алган "Башкалар жасаган жакшылыктардын көз жаздымында калуу" деген түшүнүктү да бул фактор менен байланыштырсак, абдан маанилүү болот. Анткени башкалар жасаган жакшылыктарга жакшылык менен жооп бере албоо – жеке да, коомдук да мааниге ээ. Жасалган жакшылыкка жооп кайтаруу аркылуу мамилелерде тең салмактуулукту сактоо жана моралдык жоопкерчиликти

аткаруу болуп эсептелет. Ошону менен бирге, жакшылыкка жакшылык менен жооп берүү – коомдо ишенимди, байланышты жана өз ара жардамдашуу маданиятын кеңири жайылтат.

Жаштар менен жүргүзүлгөн интервьюларда билингендей, кыргыз жаштары башкалардын укуктарына жана тандоолоруна сый-урмат көрсөтүүдө жогорку деңгээлдеги активдүүлүктү көрсөтүшкөн, бул алардын жеке этикалык баалуулуктар жана коомдук нормалар жагынан маанилүү жүрүм-турум үлгүсүн кабыл алганын далилдейт. Заманбап коомдордо коомдук мамилелер негизинен өз ара жооп кайтаруу принцибине таянса, салттуу коомдордо бул жагдай жөн гана жооп кайтаруу принцибине эмес, ошол эле учурда жеке жана коомдук ар-намысты чагылдырган түшүнүккө негизделет. Ошондуктан адамдардын ортосундагы мамилелер жеке кызыкчылыктан эмес, моралдык жоопкерчилик жана коомдук байланыштар аркылуу уланып келет. Мындай түшүнүктүн болушу жакшылыктын коомдо айлампа түрүндө жайылышына өбөлгө түзөт. Кыргыз жаштарынын арасында заманбап жана айлампа мүнөздөгү коомдук баалуулуктар катары аталган баалуулуктардын кабыл алынышы жакынкы келечекте кыргыз коомунун өнүгүүсү үчүн үмүт жараткан көрүнүш катары бааланууга тийиш.

**Таблица: 3.3.4.1.** Жыныс жана башкалардын тандоолорун жана укуктарын сыйлоо

| **Жыныс** | **Орточо** | **SS** | **t (sd)** | **p (2-tailed)** | **Орт. айырма** | **Cohen's d** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50.4376 | 9.3745 | 2.81 (1123) | 0.005 | 1.34295 | 0.139 | Алсыз |
| **Эркек** | 49.0946 | 10.3122 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөсүнө жараша жүргүзүлгөн көз каранды эмес тандамалар үчүн жасалган t-тестинин жыйынтыгы боюнча кыз студенттер бул фактор боюнча эркек студенттерге салыштырмалуу статистикалык жактан маанилүү деңгээлде

жогору балл алышкан (кыздар = 50,44, эркектер = 49,09; t(1123) = 2,81; p = 0,005). Бул айырманын Cohen's d мааниси 0,139 болуп эсептелген, ал таасир көлөмү жагынан "алсыз" деңгээлде экенин көрсөтөт. Башкача айтканда, статистикалык жактан маанилүү айырма аныкталганы менен, бул айырманын практикалык таасири чектелүү.

Бул жыйынтыктар кыз студенттер социалдык мамилелерде көбүрөөк сезимтал болуп, башка адамдардын укуктары менен тандоолоруна сый менен мамиле кыларын көрсөтөт. Бирок бул айырманын деңгээли төмөн болуп, жалпы тенденция эки жыныс үчүн тең бул баалуулуктун абдан жогорку деңгээлде кабыл алынганын көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.4.2.** Аймак жана башкалардын тандоолорун жана укуктарын сыйлоо

| **Аймак** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма (Games-Howell)** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 50.4851 | 9.54645 | 0.869 (7) | 0.530 | Жок | 0.003 | Алсыз |
| **Ош** | 49.6933 | 9.09098 | | | Жок | | |
| **Жалал-Абад** | 49.5949 | 9.88811 | | | Жок | | |
| **Ысык-Көл** | 49.3176 | 9.67683 | | | Жок | | |
| **Талас** | 50.8485 | 9.23471 | | | Жок | | |
| **Баткен** | 49.8772 | 9.71281 | | | Жок | | |
| **Нарын** | 50.0659 | 10.40046 | | | Жок | | |
| **Бишкек** | 50.6762 | 9.67184 | | | Жок | | |

Жүргүзүлгөн дисперсиялык анализдин жыйынтыктарына ылайык, студенттердин университетке чейинки жашаган аймактарына жараша бул фактордо маанилүү айырма байкалган эмес (F(7) = 0,869; p = 0,530). Games-Howell тести менен жүргүзүлгөн көптүк салыштырууларда да статистикалык маанидеги айырма аныкталган эмес. Eta-squared ($\eta^2$) мааниси 0,003 болуп, таасир деңгээли алсыз экенин көрсөтөт. Аймактар боюнча орточо баллдар бири-бирине абдан жакын (49-51 аралыгында), эң жогорку көрсөткүч Талас аймагына (50,85), эң төмөнкү көрсөткүч Ысык-Көлгө (49,31) тиешелүү. Бул жыйынтык аймактык айырмачылыктар студенттердин башкалардын

укуктарына жана тандоолоруна сый-урмат көрсөтүү деңгээлин аныктоодо таасирдүү эместигин көрсөтүп турат.

**Таблица: 3.3.4.3.** Мурун жашаган жери жана башкалардын тандоолорун жана укуктарын сыйлоо

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 50.2195 | 9.66059 | 0.365 (2) | 0.695 | Жок | 0.000 | Алсыз |
| **Район** | 50.1489 | 9.74153 | | | | | |
| **Айыл** | 49.8417 | 9.7051 | | | | | |

Респонденттердин университетке кирүүдөн мурун жашаган жерине (шаар, шаарча, айыл) жараша башкалардын тандоолоруна жана укуктарына сый көрсөтүү деңгээлинде маанилүү айырма байкалган эмес ($F(2) = 0,365$; $p = 0,695$). Орточо баллдар бири-бирине абдан жакын: шаарда чоңойгондор – 50,22, шаарчада чоңойгондор – 50,14, айылда чоңойгондор – 49,84. Eta-squared ($\eta^2$) мааниси 0,000 болуп, таасир деңгээли дээрлик жок экенин көрсөтөт.

Бул жыйынтыктар жеке адамдардын социалдык чөйрөсү айылдык же шаардык болушунан көз карандысыз, башкалардын укуктарына жана тандоолоруна сый-урмат көрсөтүү мамилеси бирдей экенин көрсөтүп турат. Кыргыз жаштарынын арасында бул баалуулук коомдук деңгээлде кеңири калыптанган деп айтууга болот.

**Таблица: 3.3.4.4.** Университет жана башкалардын тандоолору менен укуктарын сыйлоо

| Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ош мамлекеттик университети** | 48.5509 | 9.63811 | 2.679 (12) | 0.001 | - | 0.015 | Алсыз |
| **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 49.5727 | 10.69736 | | | - | | |
| **Баткен мамлекеттик университети** | 48.9992 | 9.96428 | | | - | | |
| **Нарын мамлекеттик университети** | 50.5955 | 9.76610 | | | - | | |
| **Талас мамлекеттик университети** | 50.7756 | 9.33427 | | | - | | |
| **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 48.8396 | 10.09599 | | | - | | |
| **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 49.3827 | 9.66587 | | | - | | |
| **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 49.7852 | 10.01815 | | | - | | |
| **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 52.4666 | 7.72552 | | | - | | |
| **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 50.4148 | 9.31068 | | | - | | |
| **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 51.8014 | 8.87635 | | | - | | |
| **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 50.8575 | 9.68302 | | | - | | |
| **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 49.4905 | 10.20302 | | | - | | |

Бул анализде студенттердин окуп жаткан университеттерине жараша «Башкалардын тандоолорун жана укуктарын сыйлоо» факторундагы мамилелери салыштырылган. ANOVA натыйжаларына ылайык, топтордун арасында статистикалык жактан маанилүү айырмачылык бар ($F(12) = 2.679$; $p = 0.001$). Бирок бул айырманын эффекттин көлөмү төмөн ($\eta^2 = 0.015$),

башкача айтканда, университет фактору бул баалуулуктагы таасирди азыраак көрсөткөн.

Орточо көрсөткүчтөргө караганда эң жогорку баллдар И.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында (52.47) жана Кыргыз-Орус Славян университетинде (51.80) алынганы аныкталды. Калган университеттерде болсо бирдей тенденция байкалат. Бул көрүнүш кээ бир университеттерде жеке укуктарга болгон сезимталдык күчтүү экенин көрсөтсө да, жалпысынан бардык университеттерде орточо деңгээл жогорку экенин көрсөтүп турат.

**Таблица: 3.3.4.5.** Илим тармагы жана башкалардын тандоолору менен укуктарын сыйлоо

| **Илим тармагы** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 49.9361 | 9.85375 | 4.346 (2) | 0.013 | Коомдук илимдер-Саламаттык сактоо илимдери, Табигый жана инженерия илимдери-Саламаттык сактоо илимдери | 0.004 | Алсыз |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 49.5214 | 9.58896 | | | | | |
| **Саламатык сактоо илимдери** | 51.6219 | 8.97407 | | | | | |

Студенттердин окуп жаткан илим тармагына карата ушул фактор боюнча статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктар аныкталган ($F(2) = 4.346$; $p = 0.013$). Көптүк салыштыруу анализдери боюнча саламаттык сактоо илимдеринде окуган студенттердин орточо көрсөткүчү (51.62) коомдук илимдер (49.94) жана табигый менен инженердик илимдерде окуган студенттерден (49.52) статистикалык жактан жогору болуп чыкты. Бирок бул айырмачылыктын таасир өлчөмү абдан төмөн ($\eta^2 = 0.004$), башкача айтканда, практикалык таасири чектелүү.

Бул жыйынтык саламаттык сактоо илимдери боюнча окуган студенттердин башкалардын укуктарына жана тандоолоруна көбүрөөк сезимталдык менен мамиле жасайт жана муну алардын окуу процессинде адам борборлуу кесиптик этика жана жоопкерчилик принциптери көбүрөөк баса белгиленгендиги менен байланыштырууга болот. Бирок жалпы алганда бардык багыттарда баалуулук баллдары жогорку болуп чыгышы, бул баанын окуу багытына карабастан, кеңири кабыл алынганын көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.4.6.** Курс жана башкалардын тандоолору менен укуктарын сыйлоо

| **Курс** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49.8334 | 9.9603 | 0.130 (3) | 0.942 | Жок | 0.000 | Алсыз |
| **2** | 50.1587 | 9.4729 | | | | | |
| **3** | 50.0416 | 9.3235 | | | | | |
| **4** | 50.0607 | 10.1985 | | | | | |

Студенттердин окуган курстарына жараша бул баалуулукка карата мамилелеринде статистикалык жактан маанилүү айырмачылык жок ($F(3) = 0.130$; $p = 0.942$). Бардык курстардын орточо баллдары бири-бирине абдан жакын болуп, 49.83 менен 50.16 арасында өзгөрүүдө. Таасир көлөмү ($\eta^2 = 0.000$) дээрлик жокко эсе. Бул жыйынтык Кыргызстандагы университетте билим алып жаткан жаштар арасында башкалардын тандоолоруна жана укуктарына сый-урмат көрсөтүү мамилеси курстун деңгээлинен көз каранды болбостон, кеңири кабыл алынганын көрсөтөт. Башкача айтканда, биринчи курстан 4-курска чейинки студенттердин бул маселеге карата мамилелери дээрлик бирдей.

**Таблица: 3.3.4.7.** Ата-эненин билими жана башкалардын тандоолору менен уктуктарын сыйлоо

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей-** | 49.8317 | 9.75697 | 0.136 (3) | 0.939 | Жок | 0.000 | Алсыз |
| **Экөө тең унив.+** | 50.1473 | 9.7477 | | | | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 49.9562 | 10.07275 | | | | | |
| **Энеси колльдеж/лицей- Атасы унив.+** | 50.1002 | 8.83695 | | | | | |

Респонденттердин ата-энелеринин билим деңгээлине жараша башкалардын тандоолоруна жана укуктарына сый-урмат көрсөтүү факторунда статистикалык маанилүү айырмачылык табылган жок ($F(3) = 0.136$; $p = 0.939$). Орточо баллдар бардык топтордо бири-бирине абдан жакын болуп, 49.83 менен 50.14 аралыгында өзгөрүүдө. Таасир көлөмү дээрлик нөлгө жакын ($\eta^2 = 0.000$). Бул жыйынтык адамдардын бул баалуулукту кабыл алышында ата-эненин билим деңгээли чечүүчү фактор эместигин көрсөтөт. Башкача айтканда, жаштардын башкаларга сый-урмат көрсөтүү мамилеси ата-эненин билим деңгээлинин айырмачылыгынан көз каранды болбостон, жалпы баалуулук катары көрүнүп турат.

**Таблица: 3.3.4.8.** Бир туугандын саны жана башкалардын тандоолору менен укуктарын сыйлоо

| Бир тууганДын саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 50.1050 | 11.19817 | 0.474 (4) | 0.755 | Жок | 0.001 | Алсыз |
| **1-2 бир тууган** | 50.3274 | 9.66243 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 49.7610 | 9.95409 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 50.0753 | 9.23402 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 50.8254 | 9.26912 | | | Жок | | |

Респонденттердин бир туугандарынын санына жараша башкалардын тандоолоруна жана укуктарына сый көрсөтүү

деңгээлинде статистикалык маанилүү айырмачылык табылган жок ($F(4) = 0.474$; $p = 0.755$). Орточо баллдар бардык топтордо абдан окшош болуп, 49.76 менен 50.83 аралыгында өзгөрүүдө, ал эми таасирдин көлөмү өтө төмөн ($\eta^2 = 0.001$). Бул жыйынтык адамдардын үй-бүлөдөгү бир туугандарынын санына карабастан, бул баалуулукту кабыл алганын көрсөтөт. Бир тууган менен чогуу чоңоюу же жалгыз бала болуу мындай социалдык жана моралдык баалуулуктарга ээ болууга статистикалык мааниде таасир этпейт.

**Таблица: 3.3.5.** (ФАКТОР: 5) Кыргыз тилине берилген маани

| | Орточо | SS | Жүктөмдөр |
|---|---|---|---|
| **Фактор:5, Кыргыз тилине берилген маани** | | | |
| **Күнүмдүк турмушта кыргыз тилинин кеңири колдонулушун каалоо** | 4,41 | 0,86 | 0,77 |
| **Кыргызстанда кыргызча сүйлөөгө маани берүү** | 4,51 | 0,76 | 0,76 |
| **Кыргыздын байланыш тили катары кыргызчаны тандашы** | 4,13 | 1,00 | 0,70 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,73 |
| **Eigendeğeri** | | | 1,97 |
| ***Аныкталган варианс [%]*** | | | 6,37 |

Бешинчи орундагы фактор – жалпы вариациянын 6,37%ын түшүндүргөн жана Эйген мааниси 1,97 болгон «Кыргыз тилине берилген маани» деп аталган фактор. Бул фактор бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын жаштары үчүн орусча же кыргызчаны кеңири колдонуу тандоосун аныктоодо өтө маанилүү фактор болуп эсептелет.

Бүгүнкү Кыргыз Республикасында талкууланып жаткан маселелердин сап башында орусча жана кыргызчаны колдонуу маселеси турат. Бул талкуулардын түпкү тамыры тарыхый өтмүшкө таянат. Орусиянын ак падышачылыгынын тил саясаты кыргыз коомуна таасир эте баштаган жана совет доорунда олуттуу орус тили саясатына айланган. Совет режими жүргүзгөн саясаттарда орус тилин өздөрү үстөмдүк кылган өлкөлөргө жүргүзгөн сыяктуу кыргыз коомунда жайылтууга шарт түзүшкөн. Эгемендүүлүккө чейинки Горбачёв

мезгилинде Кыргызстанда кыргыз тилинин расмий тил катары жарыялануусу боюнча күрөштөр күчөп, 1989-жылы кыргыз тили мамлекеттик тил катары жарыяланган. Эгемендүүлүктөн кийин 2001-жылы мамлекеттик тил менен расмий тил айырмасы киргизилип, «Кыргыз тили – мамлекеттик тил» болуп калган, ал эми «Орусча – расмий тил» деп таанылган. Ошентип, бүгүнкү күндө Кыргызстан бюрократиялык расмий иштерде эки тилдүү коом болуп эсептелет.

Советтер союзу басып алган аймактарда үстөмдүгүн сактап калууда тилдин канчалык маанилүү экенин жакшы түшүнгөн. Чындыгында, Советтик мамлекеттик системанын архитекторлору болгон Ленин улутту «маданият жана тагдыр бирдиги эмес, тил бирдиги» катары мүнөздөгөн. Сталин болсо улутту «тарыхый жактан калыптанган, туруктуу тил, жер, экономикалык жашоо менен өзүн маданий коңшулук аркылуу сыртка чыгара турган психологиялык түзүлүшкө ээ коом» катары аныктаган (Sarı, 1996, 27). Бул түшүнүк Советтер союзу басып алган өлкөлөрдөгү саясаттын негизин түзүп, анын *таасирлерин* Советтик союздан көз карандысыз болгон өлкөлөрдө отуз жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин да бүгүнкү күндө байкоого болот. Өзүнүн улуттук өздүгүн сактоо менен таңууланган чет элдик өздүк арасында *келгин сезимде* жашаган, тилдерине жана маданий өздүгүнө ээ болуу мүмкүнчүлүктөрү дээрлик толугу менен жоголгон муундардын бир эл түзүүгө аракеттениши өтө татаал жана оор процесс болуп саналат.

Тил – бул бир эле жерде жашаган адамдардын ортосунда байланыш түзгөн каражат гана эмес, ошондой эле алардын тагдырын аныктаган курал болуп эсептелет (Sapir, 1958, 162). Улуттар тил аркылуу өз маданиятын, адабиятын, тарыхын жана искусствосун ачып-таанытып көрсөтө алышат, улут

катары аң-сезимге ээ болушат жана бул байлыктарын кийинки муундарга өткөрүп бере алышат. Бир улуттун эне тилинин өздүк түзүлүштөгү маанисине карабастан жүргүзүлгөн саясаттар эне тилдин колдонулушун экинчи планда калтыра алышат. Чындыгында, колониялык мамлекеттер басып алган коомдордо жасаган биринчи иштеринин бири – ошол өлкөнүн тилин өзгөртүү жана алсыратуу болгон.

Бүгүнкү күндө эки тилди тең колдонгон Кыргызстанда орус тилинде билим берүүнүн кеңири улантылышы, академиялык тилде орус тилинин басымдуулугу, саясатта орус тилинин кеңири колдонулушу, экономикалык турмушта таасирин сактап келиши жана орус тилинин эл аралык деңгээлде жарактуу болушу сыяктуу себептер орус тилинин кеңири колдонулушуна таасир этүүдө. Айрыкча борбор калаа Бишкек сап башында болуп, орус тили шаардын тили катары бардык чөйрөлөрдө өзүнүн эффективдүүлүгүн сактап келүүдө.

Кыргызстандагы университеттердин көпчүлүгү Бишкекте жайгашкан жана негизинен орус тилин кеңири колдонушат. Билим берүү, экономика, социалдык, саясий жана маданий байланыштар коомдо орчундуу ролду ээлейт,  аты аталган чөйрөлөрдүн бардыгында орус тилинин үстөмдүгүн байкоого болот. Мындай иш аракеттер орус тилинин кыргыз коомунда таасирдүү экенин жана орус тилинин кеңири колдонулушуна өбөлгө түзүп жатканын айгинелейт. Кыргыз өкмөтүнүн мамлекет көз карандысыздыкты алгандан кийин да социалдык-маданий саясаттарында орус тилинин үстөмдүгү сакталууда, калктын кеңири катмарынын жана жаштардын күнүмдүк турмушунда орус тилинде байланыш жүргүзүүсү да таасирин жогоо элек. Соңку мезгилде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде кыргыз тилин өнүктүрүүгө багытталган айрым түзөтүүлөрдү киргизүүгө аракет кылынса да, кыргыз

тилинин күнүмдүк турмушта кеңири колдонулушу үчүн дагы убакыт керектиги айкын.

Изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн интервьюнун материалдарынан байкалгандай, тарыхый, саясий, экономикалык жана маданий себептерге карабастан, Кыргызстанда орус тилинин кеңири колдонулушуна карабастан, университеттин жаштары өздөрүнүн эне тили болгон кыргыз тилинин кеңири чөйрөдө колдонулушун каалашат. Бул улуттук өзгөчөлүк, маданий туруктуулук жана коомдук биримдик үчүн чоң мааниге ээ. Жаштардагы бул ишеним – алардын элдин эс тутумун, баалуулуктарын жана өздөрүнүн бар экендигин сактоого болгон таламынын маанилүү көрсөткүчү. Анткени бир элдин тарыхы, маданияты, адабияты, салттары тилде сакталат. Тил – улуттук өздүк жана таандык болуунун эң негизги элементи. Бул талап аткарылып, өкмөттөр кыргыз тилин кеңейтүү боюнча натыйжалуу саясат жүргүзсө, кыргыз тилинин кеңири колдонулушуна олуттуу таасир тийгизет.

Чындыгында, жаштар өздөрүнүн эне тилин колдонуунун канчалык маанилүү экендиги жөнүндө чоң аң-сезимге ээ экендиктерин көрсөтүп жатышат.  интервьюга катышкан бир студент: «Орус тилинин кеңири колдонулушу жакшы, бирок ошондой эле эне тилибизге көңүл буруп, кыргыз тилин унутпашыбыз керек. Айрым адамдар эми кыргызча ойлоно албайт, мисалы, айылдарда орус тилинин дарсканалары ачылды, ата-энелер балдарын орусча класстарга жөнөтүп жатышат. Ошондуктан балдар кыргызча сүйлөй албайт» деп кыргызча сүйлөөнүн маанилүүлүгүн баса белгилейт. Дагы башка бир маектешүүчү: «Эне тилибиз кыргызча, расмий тил орусча. Орус тилине каршы эмесмин, бирок кыргыз тилин унутпашыбыз керек. Эки кыргыз орусча сүйлөшсө

жакшы эмес, кыргызча сүйлөшүшү керек» деп күнүмдүк жашоодо кыргызча сүйлөөнүн маанисин белгилейт. Бул маселеге өз оюн билдирген дагы бир маектешүүчү: «Биз кыргызча сүйлөшүшүбүз керек, тамырларыбыз, тарыхыбыз жана кыргыз жарандыгыбыз бар. Ата-энелер балдарын орусча окутуп, орусча сүйлөгөнүнө кубанышат, бирок бул туура эмес. Мисалы, Америкада жашаган кыргыздардын балдары кыргызча сүйлөйт, ал эми Кыргызстанда жашагандардын балдары орусча сүйлөйт. Бул ата-энелердин руханий жакырчылыгы деп эсептейм. Мен кыргызча сүйлөшүңүздөр деп айтканда, орусчаны билбешиңиз керек деп айткым келбейт, бирок кыргызча билишиңиз керек деп айтам» деп билдирген. Кыргызча сүйлөөнүн маанилүүлүгүн белгилеген дагы бир маектешүүчү мындай дейт: «Орус тилинин күнүмдүк турмушта көбүрөөк колдонулушу эң актуалдуу маселелерден бири болуп жатат. Анткени кыргыз тили жоголуп баратат, бул себептердин бири. Айылдарда гана кыргызча сүйлөйт, шаарда баары орусча сүйлөйт. Балдарыма кыргызча үйрөтүп, тилимди сактагым келет» деп эне тилдин маанисин баса белгилейт. Бул маселеде мамлекеттин аракетсиздигин билдирген бир студент: «Кыргызча окуу китеби жок, баарын орусча окуйбуз жана жаштар орусча сүйлөйт. Кыргызча окуу китеби жок» деп кейигенин билдирген.

**Таблица: 3.3.5.1.** Жыныс жана кыргыз тилине берилген маани

| **Жыныс** | **Орточо** | **SS** | **t (sd)** | **p (2-tailed)** | **Орт. айырма** | **Cohen's d** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50.7016 | 8.9986 | 3.376 (1065) | 0.001 | 1.62196 | 0.171 | Алсыз |
| **Эркек** | 49.0796 | 10.55436 | | | | | |

Бул фактор боюнча жыныс өзгөрмөлүүлүгүнө карата жүргүзүлгөнкөзкарандысызтандамаларүчүнt-тестанализинин негизинде, кыз студенттердин кыргыз тилине берген мааниси ($\bar{x}$=50.70, SS=8.99) эркек студенттерге салыштырмалуу ($\bar{x}$=49.08,

SS=10.55) статистикалык жактан ишенимдүү деңгээлде жогору экени аныкталды (t(1065)=3.376, p=0.001 < 0.05). Орточо айырма 1.62 балл болуп, Cohen's d таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү 0.171ди түздү. Бул көрсөткүч илимий адабияттарда "алсыз" таасир деңгээли категориясына кирет.

Анализдер көрсөткөндөй, университетте окуган кыргыз жаштарынын арасында кыздар эне тили болгон кыргыз тилине көбүрөөк маани беришет. Кыз студенттер кыргыз тилин сактап калуу жана жайылтуу боюнча сезимтал болуп, тилге ээлик кылуу мамилесин көбүрөөк көрсөтүшөт деп айтууга болот.

**Таблица: 3.3.5.** 2. Аймак жана кыргыз тилине берилген маани

| **Аймак** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма (Games-Howell)** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 47.2442 | 11.71681 | 12.381 (7) | 0.000 | Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Баткен, Нарын, (негатив); Бишкек (позитив) | 0.040 | Алсыз |
| **Ош** | 51.5374 | 7.99478 | | | Чүй, Бишкек (позитив) | | |
| **Жалал-Абад** | 51.4082 | 7.44737 | | | Чүй, Бишкек (позитив) | | |
| **Ысык-Көл** | 50.8139 | 8.44178 | | | Чүй, Бишкек (позитив) | | |
| **Талас** | 50.2621 | 8.94792 | | | Чүй, Бишкек (позитив) | | |
| **Баткен** | 51.8897 | 8.28346 | | | Чүй, Ысык-Көл, Бишкек (позитив) | | |
| **Нарын** | 51.2794 | 8.22253 | | | Чүй, Бишкек (позитив) | | |
| **Бишкек** | 46.4324 | 13.07771 | | | Чүй, Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Талас, Баткен, Нарын (негатив) | | |

Анализдин жыйынтыктарына ылайык, студенттердин жашаган аймагына жараша кыргыз тилине маани берүүсү статистикалык жактан маанилүү түрдө айырмаланганын көрүүгө болот (F(7)=12.381, p<0.001). Таасир көлөмү төмөн деңгээлде ($\eta^2$=0.040), бирок статистикалык жактан маанилүү болуп эсептелет.

Эң төмөн орточо балл Бишкек шаарында ($\bar{x}$=46.43) жана Чүй ($\bar{x}$=47.24) облусунда байкалган. Бул көрүнүш өзгөчө Бишкекте орус тилинин шаардын тили катары кеңири колдонулушу менен түшүндүрүлөт. Ал эми Баткен ($\bar{x}$=51.89), Ош, Жалал-Абад жана Нарын сыяктуу облустарда кыргыз тилине жогору маани берилери көрүнүп турат. Бул аймактардагы салттуу жашоо образы жана кыргыз тилинин күнүмдүк турмушта активдүү колдонулушу жогорудагы жыйынтыкты бекемдейт. Games-Howell тестинин жыйынтыгында Бишкек шаары менен Чүй облусунда башка бардык аймактарга салыштырмалуу статистикалык жактан маанилүү түрдө төмөн балл алгандыгы аныкталган. Калган аймактардын арасында олуттуу айырма байкалган эмес.

Ошентип, аймактык айырмачылыктар жаштардын мамлекеттик тилге болгон көз карашында маанилүү өзгөрмө болуп, шаарлашуу деңгээли жана тилдин күнүмдүк турмуштагы колдонулушунун жыштыгы бул айырмачылыктардын негизги себептеринин катарын түзөт. Изилдөөнүн ушул жыйынтыктарына карап, тил саясаты аймактардын өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алуу менен иштеп чыгышы керек экенин көрсөтүп турат.

**Таблица: 3.3.5.3.** Мурун жашаган жери жана кыргыз тилине берилген маани

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 48.2799 | 10.98326 | 39.505 (2) | 0.000 | Шаар-айыл, Шаарча-айыл | 0.037 | Алсыз |
| **Шаарча** | 48.8415 | 11.21538 | | | | | |
| **Айыл** | 52.0514 | 7.22048 | | | | | |

Респонденттердин университетке окууга келгенге чейин жашаган жерлери менен кыргыз тилине маани берүүсүнүн арасында маанилүү айырма бар экени аныкталган ($F(2)=39.505$, $p<0.001$). Таасир көлөмү төмөн деңгээлде ($\eta^2=0.037$), бирок статистикалык жактан маанилүү экени аныкталды.

Изилдөөнүн алгачкы алынган маалыматтарына ылайык, айылда жашаган студенттер кыргыз тилине эң жогорку деңгээлде маани беришет ($\bar{x}$=52.05), бул тил күнүмдүк жашоодо кеңири колдонулган айыл жергесинде маданий байланыштын күчтүүрөөк экенин көрсөтөт. Шаарчаларда ($\bar{x}$=48.84), айрыкча чоң шаарларда чоңойгон студенттер ($\bar{x}$=48.28) салыштырмалуу төмөн балл беришкен. Games-Howell тестинин жыйынтыгы боюнча шаар жана шаарча менен айылдын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырмалар аныкталган.

Жыйынтыгында шаарлашуунун өсүшү менен эне тилге болгон байланыштын азайышы мүмкүн экенин, ал эми айылдык аймактарда кыргыз тили маданий өздүктүн күчтүү бөлүгү катары сакталып келгенин көрсөтүп жатат.

**Таблица: 3.3.5.4.** Университет жана кыргыз тилине берилген маани

| Университет | Ортточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ош мамлекеттик университети** | 51.4662 | 7.36690 | 11.327 (12) | 0.000 | Славян, Америка унив. | 0.062 | Алсыз |
| **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 51.0386 | 6.72912 | | | Славян, Америка унив. | | |
| **Баткен мамлекеттик университети** | 51.8190 | 7.10876 | | | Славян, Америка унив. | | |
| **Нарын мамлекеттик университети** | 50.6950 | 7.46015 | | | Славян, Америка унив. | | |
| **Талас мамлекеттик университети** | 50.2727 | 8.40858 | | | Славян, Америка унив. | | |
| **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 50.7286 | 8.09442 | | | Славян, Америка унив. | | |
| **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 52.8360 | 6.80846 | | | Славян, Америка унив. | | |
| **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 51.9054 | 9.26160 | | | Славян, Америка унив. | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 49.7494 | 10.19315 | | | Славян, Америка унив. | | |
| **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 52.3677 | 8.66400 | | | Славян, Америка унив. | | |
| **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 44.9491 | 13.03703 | | | Ош, Жалал-Абад, Баткен, Нарын, Талас, Тыныстанов, «Манас», Ж.Баласагын, Медицина акад., Бишкек мам., Раззаков унив. | | |
| **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 45.0100 | 14.02573 | | | Ош, Жалал-Абад, Баткен, Нарын, Талас, Тыныстанов, «Манас», Ж.Баласагын, Медицина акад., Бишкек мамл., Раззаков унив. | | |
| **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 48.9059 | 10.68350 | | | Славян, Америка унив. | | |

Кыргыз тилин баалоо көрсөткүчтөрү студенттер окуган университеттерге жараша статистикалык жактан маанилүү айырма көрсөттү ($F(12)=11.327$, $p<0.001$). Таасир көлөмү алсыз деңгээлде ($\eta^2=0.062$) болсо да, маанилүү айырмачылыктар бар.

Эң жогорку орточо баллдар Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде ($\bar{x}$=52.84), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде ($\bar{x}$=51.91) жана Баткен мамлекеттик университетинде ($\bar{x}$=51.82) байкалат. Бул университеттер жалпыга Кыргыз Республикасынын улуттук иденттүүлүгүнө жана маданиятына көбүрөөк байланышты көрсөтөт. Ага карама-каршы, Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин ($\bar{x}$=44.95) жана Борбордук Азиядагы Америка университетинин ($\bar{x}$=45.01) студенттери кыргыз тилине эң төмөн маани берген

топтор болуп эсептелет. Бул жагдай, аталган университеттерде окутуу тилинин негизинен орусча жана англисче болушу менен байланыштуу. Games-Howell тестинин жыйынтыгына ылайык, бул эки университеттин көрсөткүчтөрү дээрлик бардык башка университеттерден статистикалык мааниде айырмаланган.

**Таблица: 3.3.5.5.** Илим тармагы жана кыргыз тилине берилген маани

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.3154 | 9.2818 | 0.326 (2) | 0.722 | Жок | 0.000 | Алсыз |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 50.1463 | 9.78703 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 49.7990 | 10.11132 | | | | | |

Кыргыз тилин баалоо менен студенттер окуган илим тармагынын ортосунда статистикалык маанилүү айырма табылган эмес ($F(2)=0.326$, $p=0.722$). Таасир көлөмү дээрлик нөлгө барабар же абдан төмөн ($\eta^2=0.000$). Коомдук илимдерде ($\bar{x}=50.32$), табигый менен инженердик илимдерде ($\bar{x}=50.15$) жана саламаттык сактоо илимдеринде ($\bar{x}=49.80$) орточо баллдар дээрлик бирдей болгон.

Бул жыйынтык студенттердин академиялык дисциплинасына карабастан, кыргыз тилине болгон мамилелеринде жалпы окшоштук бар экенин көрсөтөт. Демек, кыргыз тилине берилген маани илим тармагына эмес, башка маданий жана аймактык факторлорго жараша айырмаланат.

**Таблица: 3.3.5.6.** Курс жана кыргыз тилине берилген маани

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 50.7562 | 8.5353 | 1.291 (3) | 0.276 | Жок | 0.002 | Алсыз |
| **2** | 49.8464 | 9.7216 | | | | | |
| **3** | 50.3458 | 10.2487 | | | | | |
| **4** | 49.7586 | 9.9658 | | | | | |

Кыргыз тилине берилген маани студенттердин курстарына жараша статистикалык маанилүү айырма көрсөтпөйт

(F(3)=1.291, p=0.276). Таасир көлөмү абдан төмөн ($\eta^2$=0.002), бул курстун деңгээлинин бул факторго чечүүчү таасир этпей турганын көрсөтөт. 1-курстун студенттеринин орточо баллы ($\bar{x}$=50.76) башка курстарга караганда бир аз жогору болсо да, бул айырма статистикалык жактан маанилүү эмес. Натыйжада, студенттердин курстарга жогорулаган сайын кыргыз тилине болгон мамилелеринде олуттуу өзгөрүү байкалган эмес.

**Таблица: 3.3.5.7.** Ата-эненин билими жана кыргыз тилине берилген маани

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/ лицей** | 50.7865 | 8.43487 | 1.865 (3) | 0.133 | Жок | 0.003 | Алсыз |
| **Экөө тең унив.+** | 49.6773 | 10.12528 | | | | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 50.3464 | 10.48336 | | | | | |
| **Энеси колледж/ лицей.- Атасы унив.+** | 49.6849 | 10.11126 | | | | | |

Ата-эненин билим деңгээли менен студенттердин кыргыз тилине берген маани арасында статистикалык маанилүү айырма табылган эмес (F(3)=1.865, p=0.133). Таасир көлөмү абдан төмөн ($\eta^2$=0.003), бул ата-эненин билиминен бул баалуулуктарга чечүүчү таасир болбогонун көрсөтөт.

Эң жогорку орточо балл, ата-энеси экөө тең орто жана толук эмес орто билимге ээ болгон топко тиешелүү ($\bar{x}$=50.79); эң төмөнкү орточо балл болсо ата-энеси экөө тең университетти бүткөн топто ($\bar{x}$=49.68) кездешти. Бирок бул айырма статистикалык жактан маанилүү эмес. Натыйжада, студенттердин кыргыз тилине берген мааниси ата-энелеринин билим деңгээлине жараша өзгөрбөйт.

**Таблица: 3.3.5.8.** Бир туугандын саны жана кыргыз тилине берилген маани

| Бир туугандын саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 47.4462 | 9.72697 | 21.47 (4) | 0.000 | 5-6 бир тууган (-4.71378*), 7ден көп (-4.67317*) | 0.040 | Алсыз |
| **1-2 бир тууган** | 46.8838 | 12.48098 | | | 3-4 бир тууган (-3.49964*), 5-6 бир тууган (-5.27615*), 7ден көп (-5.23554*) | | |
| **3-4 бир тууган** | 50.3834 | 9.07521 | | | 5-6 бир тууган (-1.77651*) | | |
| **5-6 бир тууган** | 52.1599 | 7.22613 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 52.1193 | 7.17697 | | | Жок | | |

Кыргыз тилине берилген маани студенттердин бир туугандарынын санына жараша статистикалык жактан маанилүү айырма көрсөттү ($F(4)=21.47$, $p<0.001$). Таасир көлөмү алсыз деңгээлде ($\eta^2=0.040$). Эң төмөнкү орточо баллдар бир туугансыз ($\bar{x}=47.45$) жана 1-2 бир тууганы бар студенттерде ($\bar{x}=46.88$) байкалса, эң жогорку көрсөткүчтөр 5-6 бир тууганы бар ($\bar{x}=52.16$) жана 7ден көп бир тууганы бар студенттерде ($\bar{x}=52.12$) катталган. Көп топтуу салыштыруу тестине ылайык, бир туугандардын саны көп болгондо кыргыз тилине берилген маани статистикалык жактан олуттуу жогорулайт.

Бул жыйынтык бир туугандарынын саны көбүрөөк жана салттуу үй-бүлөдө өскөн индивиддер маданий баалуулуктарга жана эне тилине көбүрөөк байланыштыгын көрсөтөт. Ага карама-каршы, кичине же ядролук үй-бүлөлөрдө өскөн жаштарда эне тилине болгон сезимдик байланышы алсыз экени аныкталды.

**Таблица: 3.3.6.** (ФАКТОР: 6). Айлана-чөйрөнү коргоочулук

| | Орточо | SS | Жүктөмдөр |
|---|---|---|---|
| **Фактор:6, Айлана-чөйрөнү коргоочулук** | | | |
| **Табиятты сүйүү** | 4,53 | 0,63 | 0,79 |
| **Табият менен гармонияда жашоо** | 4,34 | 0,74 | 0,75 |
| **Айлана-чөйрөнү таза кармоо** | 4,66 | 0,57 | 0,62 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,70 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 1,93 |
| ***Аныкталган варианс [%]*** | | | 6,22 |

6-орундагы фактор жалпы дисперсиянын 6,22% түшүндүргөн жана өздүк мааниси (Eigendeğeri) 1,93 болгон "Чөйрөнү коргоо" деп аталган фактор болуп саналат. Чөйрөнү коргоо (экологиялык баалуулук) бүгүнкү коомдордо заманбап баалуулук катары маанилүү болсо да, Чыгыш жана ислам коомдору үчүн салттуу баалуулук болуп эсептелет.

Заманбап баалуулук катары чөйрөнү коргоо – жеке адамдардын жана коомдун табиятка жоопкерчиликтүү, сезимтал жана туруктуу мамиле кылышын билдирет. Бул баалуулук – жөн гана табиятты коргоо аң-сезими эмес, келечек муундарга жашоого ыңгайлуу дүйнөнү калтыруу этикасына негизделген коомдук түшүнүк болуп саналат. Чөйрөнү коргоонун заманбап коомдогу пайда болушу өнөр жай инклюзиясы менен тездеп кеткен экологиялык бузулууларга байланыштуу башталган. Табияттын ылдам бузулушу адамдарда аны коргоо аң-сезимин пайда кылат жана чөйрөнү коргоо заманбап этикалык баалуулукка жана коомдук кыймылга айланат. Ошентип, табиятты жөн гана колдонулуучу ресурс эмес, өзүнчө баалуулук катары көрүү аң-сезими пайда болот.

Айлана-чөйрөнү коргоо заманбап адамдын керектөө адаттарын жана табият менен болгон мамилесин кайра карап чыгууга өбөлгө түзөт, бир маалда адамдын табият менен болгон байланышын кайра калыптандырууга шарт түзөт.

Экологиялык аң-сезим табигый ресурстарды тең салмактуу пайдалануудан баштап, калдыктарды көзөмөлдөөгө чейин туруктуу чечимдерди издөө менен байланыштуу жана экологияга сезимтал технологияларга багыт алууну камсыздайт. Андан тышкары, бул замандын капиталисттик керектөө коомунун жана керектөө адаттарынын сыналышын талап кылат.

Кыргыз коомунда экологиялык аң-сезимдин өнүгүшүндө акыркы жылдары жүргүзүлгөн мамлекеттик саясаттын жана жарандык коомдун демилгелеринин маанилүү таасири бар. 2022-жылы Президент С. Жапаров баштаган “Жашыл мурас” кампаниясы маанилүү демилге болуп саналат. Жарандык коомдор менен биргеликте жүргүзүлгөн ар кандай экологиялык долбоорлор да абдан маанилүү иш-аракеттер болуп саналат. Кыскача айтканда, кыргыз коомунда экологиялык аң-сезим салттуу табиятты сүйүү сезими менен заманбап чөйрөнү коргоо түшүнүгүнүн айкалышынан калыптанат. Мамлекеттин демилгеси менен жүргүзүлгөн улуттук кампаниялар, жергиликтүү долбоорлор жана жарандык коомдун демилгелери аркылуу коомдун ар кайсы катмарларында экологиялык маалымдуулук өсүп, туруктуу келечек үчүн кадамдар жасалууда.

Кыргыз жаштары мамлекеттин жана жарандык коомдордун жүргүзгөн кампанияларына сезимтал болуп, чөйрөнү коргоо баалуулуктарын кабыл алышы, келечекте экологиялык туруктуулук жана коомдук трансформация үчүн абдан маанилүү жана чечүүчү көз карашка ээ болуусуну билдирет. Бул аң-сезим жаштарда кеңири тараганы табиятка сый мамиле кылып, аны коргоо менен гана чектелбестен, жашоо образы, экономикалык түшүнүк жана моралдык философиянын калыптанышын да камсыз кылат. Айрыкча, бүгүнкү жаштарды келечектин чечим кабыл алуучулары катары караганда, бул жагдай абдан маанилүү болот.

Мындан тышкары, кыргыз жаштары интервьюларында экологиялык аң-сезимди өнүктүрүүгө багытталган программаларга көңүл бурууну сунушташкан. Бул жаатта респонденттердин көпчүлүк билдирген ой-пикирлерин бир студент төмөнкүчө билдирген: “Коом өз аймагын таза кармоону

үйрөнбөй жатат, бул табиятка терс таасир берип жатат. Бул тууралуу үйдө, мектепте жана билим берүү мекемелеринде атайын маалымат берилүүсү керек, анткени бизге табият керек".

**Таблица: 3.3.6.1.** Жыныс жана айлана-чөйрөнү коргоочулук

| Жынысы | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50.3493 | 9.40417 | 2.342 (1094) | 0.014 | 1.1468 | 0.117 | Алсыз |
| **Эркек** | 49.2025 | 10.66601 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөсүнө ылайык жүргүзүлгөн көз карандысыз топтордун t-тестинин жыйынтыктарына караганда, кыз студенттердин чөйрөнү коргоо баллдары (Орточо = 50.35, SS = 9.40) эркек студенттерге (Орточо = 49.20, SS = 10.67) салыштырмалуу статистикалык жактан маанилүү деңгээлде жогору чыккан ($t(1094) = 2.342$, $p = 0.014$). Бул табылга аялдардын табиятка жана айлана-чөйрөгө көбүрөөк сезимтал экенин көрсөтөт. Бирок бул айырманын таасир көлөмү Cohen's d = 0.117 менен абдан төмөн болуп, жыныстын табиятты коргоо боюнча көрсөткүчкө чектелген таасирге ээ экенин көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.6.2.** Аймак жана айлана-чөйрөнү коргоочулук

| Аймак | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма (Games-Howell) | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 49.2907 | 11.79388 | 0.981 (7) | 0.443 | Жок | 0.003 | Алсыз |
| **Ош** | 49.7352 | 9.04979 | | | Жок | | |
| **Жалал-Абад** | 50.2311 | 9.36584 | | | Жок | | |
| **Ысык-Көл** | 49.8037 | 9.10464 | | | Жок | | |
| **Талас** | 50.0862 | 9.87837 | | | Жок | | |
| **Баткен** | 49.2486 | 11.0888 | | | Жок | | |
| **Нарын** | 49.8838 | 9.75275 | | | Жок | | |
| **Бишкек** | 51.1671 | 9.35993 | | | Жок | | |

Айлана-чөйрөнү коргоо баалуулуктарына байланыштуу аймактык айырмачылыктарды изилдеген анализде ANOVA (бир багыттуу дисперсия анализи) жыйынтыктарына ылайык, студенттердин жашаган аймактарына жараша табиятты

коргоо баллдарынын арасында статистикалык маанилүү айырма табылган эмес ($F(7) = 0.981$, $p = 0.443$). Games-Howell көп топтуу салыштыруу тестинин жыйынтыктары боюнча да кайсы бир аймактарында маанилүү айырма аныкталган эмес. Бул жыйынтык ар кандай географиялык аймактардан келген университеттин студенттеринин жаратылышка болгон мамилелеринде олуттуу өзгөрүү болбогонун көрсөтөт. Мындан тышкары, бул анализде эсептелген таасир көлөмү (Eta-squared, $\eta^2 = 0.003$) абдан төмөн. Бул аймак өзгөрмөсүнүн чөйрөнү коргоо деңгээлине таасиринин дээрлик жокко эсе экенин көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.6.3.** Мурун жашаган жери жана айлана-чөйрөнү коргоочулук

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 50.2417 | 10.15988 | 0.517 (2) | 0.596 | Жок | 0.000 | Алсыз |
| **Шаарча** | 50.1059 | 9.94844 | | | | | |
| **Айыл** | 49.7781 | 9.51854 | | | | | |

Студенттердин университетке киреРден мурун жашаган аймагынын түрү (шаар, шаарча, айыл) менен чөйрөнү коргоо баалуулуктары арасындагы байланыш изилденгенде, бир багыттуу дисперсия анализинин (ANOVA) жыйынтыктарына ылайык, статистикалык маанилүү айырма табылган эмес ($F(2) = 0.517$, $p = 0.596$). Бул студенттердин мурдагы жашаган аймак түрү чөйрөгө болгон мамилелерине статистикалык жактан олуттуу таасир этпегенин көрсөтөт. Мындан тышкары, таасир көлөмү (Eta-squared, $\eta^2 = 0.000$) дээрлик нөлгө жакын болуп, бул өзгөрмөнүн чөйрөнү коргоо көрсөткүчүнө таасири дээрлик жок экенин көрсөтөт.

Орточо баллдарды караганда кичине айырмачылыктар байкалат (шаар: 50.24; шаарча: 50.10; айыл: 49.77), бирок бул айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү эмес. Бул табиятка сезимталдыкты жөн гана жашаган аймак менен түшүндүрүүгө болбой турганын, экологиялык аң-сезимдин шаар же

айылдан чыккан жеринен көз карандысыз түрдө жаштар арасында кеңири таралганын көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.6.4.** Университет жана айлана-чөйрөнү коргоочулук

| Университет | Орточо | SS | F (sd) | P | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ош мамлекеттик университети** | 49.9641 | 9.16231 | 1.318 (12) | 0.201 | - | 0.008 | Алсыз |
| **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 50.1370 | 9.44807 | | | - | | |
| **Баткен мамлекеттик университети** | 48.5541 | 11.47603 | | | - | | |
| **Нарын мамлекеттик университети** | 50.3564 | 9.73049 | | | - | | |
| **Талас мамлекеттик университети** | 50.0068 | 9.60820 | | | - | | |
| **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 49.4350 | 8.34207 | | | - | | |
| **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 51.7939 | 9.05803 | | | - | | |
| **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 49.0571 | 11.82748 | | | - | | |
| **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 50.8585 | 8.95155 | | | - | | |
| **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 50.5145 | 8.83470 | | | - | | |
| **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 50.0449 | 10.23033 | | | - | | |
| **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 50.4941 | 9.48757 | | | - | | |
| **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 48.7311 | 10.84924 | | | - | | |

Университетте окуп жаткан жаштардын айлана-чөйрө баалуулуктарына карата мамилеси менен алардын билим алып жаткан университеттеринин ортосундагы байланышты баалаган дисперсия анализинин (ANOVA) жыйынтыктарына ылайык, ар кандай университеттерде окуган студенттердин

экологиялык деңгээли боюнча статистикалык жактан ишенимдүү айырма жок экендиги аныкталды ($F(12) = 1.318$, $p = 0.201$). Башкача айтканда, студенттердин окуган университети алардын айлана-чөйрө баалуулуктарына болгон көз караштарын аныктоодо олуттуу таасирге ээ эмес.

Eta-квадрат көрсөткүчү ($\eta^2 = 0.008$) абдан төмөн болуп, университет өзгөрмөсүнүн экологиялык көз караштарга тийгизген таасири алсыз экенин көрсөтөт. Бул айырмачылыктардын негизинен ар түрдүү болуп, университет деңгээлинде системалуу таасир бар деп айтууга мүмкүн эместигин айгинелейт.

Статистикалык жактан маанилүү болбосо да, арифметикалык орточону алып караганда Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенттеринин экологияга карата көз карашында баллдары (Орточо = 51.79) башка университеттерге салыштырмалуу жогору экени байкалат. Эң төмөн орточо көрсөткүч Баткен мамлекеттик университетинин студенттеринде (Орточо = 48.55) катталган. Бул айырмачылыктардын маанилүүлүккө жетпегени, топ ичиндеги вариациянын жогору болушу менен түшүндүрүлүшү мүмкүн.

Жыйынтыктап айтканда, университеттерге жараша экологияга болгон көз караш деңгээлинде маанилүү айырмачылык табылган жок. Бул жагдай экологиялык сезимталдык белгилүү бир университеттерде гана топтолбостон, жалпы эле университетте билим алып жаткан кыргыз жаштарынын аң-сезимдик деңгээлинде тараганын көрсөтөт. Ошентсе да айрым университеттерде экологиялык баллдардын жогору болушу, бул окуу жайлардын жүргүзгөн аң-сезим жогорулатуу долбоорлору, кампус айланасындагы жашоо образы же студенттик профили сыяктуу факторлор менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.3.6.5.** Илим тармагы жана айлана-чөйрөнү коргоочулук

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.1273 | 9.88566 | 1.741 (2) | 0.176 | Жок | 0.002 | Алсыз |
| **Табигый жана инженердик илимдер** | 49.4299 | 9.96462 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 50.6912 | 9.11635 | | | | | |

Студенттердин экологиялык баалуулуктарга карата мамилелери алардын окуп жаткан илим тармактарына жараша айырмаланарын аныктоо максатында жүргүзүлгөн дисперсиялык анализдин (ANOVA) жыйынтыктарына ылайык, коомдук илимдер, табигый жана инженерия илимдери менен саламаттыкты сактоо илимдеринин ортосунда экологиялык деңгээл боюнча статистикалык жактан маанилүү айырмачылык табылган жок ($F(2) = 1.741$, $p = 0.176$). Студенттердин окуп жаткан академиялык тармактарынын айлана-чөйрөгө болгон мамилелерин аныктоодо маанилүү таасири жок экени байкалган.

Таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү (Eta-squared, $\eta^2 = 0.002$) абдан төмөн деңгээлде. Бул жагдай илим тармагынын өзгөрмөлүүлүгү экологиялык баллдарга болгон таасири өтө чектелүү экенин жана жалпы деңгээлде маанилүү таасир жаратпай турганын көрсөтөт.

Статистикалык жактан маанилүү айырма болбосо да, орточо баллдарды алып караганда, саламаттык сактоо илимдеринин студенттеринин экологиялык баллдары (Орточо = 50.69) башка тармактарга салыштырмалуу жогору экени, ал эми табигый жана инженерия илимдери багытындагы студенттердин баллдары төмөнүрөөк (Орточо = 49.42) экени байкалат. Бул айырмачылыктар азыраак деңгээлде болуп, илим тармагынын айлана-чөйрөгө болгон сезимталдыкта экинчи даражадагы же кыйыр таасирлерди жаратканын көрсөтүп турат.

Жыйынтыктап айтканда, студенттердин айлана-чөйрөгө байланышкан баалуулуктарга болгон мамилелери алардын кайсы илим тармагында билим алышына жараша статистикалык жактан маанилүү түрдө өзгөргөн эмес. Бул көрүнүш, экологиялык баалуулуктар академиялык дисциплина чөйрөсүндө гана калыптанбай турганын; көбүнчө жеке багыттар, жалпы коомдук аң-сезим жана коомдук баалуулуктардын негизинде түзүлөрүн көрсөтүп турат. Ошол эле учурда, айрыкча саламаттык сактоо багытындагы студенттер арасында айлана-чөйрөгө байланышкан аң-сезим бир аз жогору болушу бул тармактагы илимдин түздөн-түз адам жана айлана-чөйрө саламаттыгына багытталышынан улам болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.3.6.6.** Курс жана айлана-чөйрөнү коргоочулук

| **Курсу** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49.9587 | 9.9176 | 0.409 (3) | 0.746 | Жок | 0.001 | Алсыз |
| **2** | 50.1444 | 9.7426 | | | | | |
| **3** | 49.5679 | 9.0799 | | | | | |
| **4** | 50.2956 | 10.7986 | | | | | |

Студенттердин окуп жаткан курс деңгээли (1-, 2-, 3- же 4-курс) менен экологиялык баалуулуктарга болгон мамилесинин ортосундагы байланыш One-Way ANOVA аркылуу бааланганда, курс деңгээли менен экологиялык баллдардын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырмачылык табылган жок ($F(3) = 0{,}409$, $p = 0{,}746$). Бул жыйынтык, университеттик билим алуу процессинде студенттердин курс жогорулаган сайын айлана-чөйрөгө болгон мамилесинде олуттуу өзгөрүү болбой турганын көрсөтүп турат. Мындан тышкары, таасирдин көлөмү (Eta-squared, $\eta^2 = 0{,}001$) абдан төмөн. Бул курс деңгээлинин экологиялык мамилеге абдан алсыз жана дээрлик көңүлгө алынгыс таасир этерин билдирет.

Орточо баллдар каралганда курстар арасында майда айырмачылыктар байкалат (мисалы: 3-курс = 49,57, 4-курс = 50,29),

бирок бул айырмачылыктар статистикалык маанилүүлүк деңгээлине жеткен жок. Бул абал студенттердин айлана-чөйрөгө болгон сезимталдыгы окуу процессинде олуттуу өнүкпөгөнүн, балким университетке чейин калыптанган экологиялык аң-сезим деңгээли негизинен өзгөрбөй каларын көрсөтүп турат.

Университеттик билим алуу процессинде окуп жаткан курс деңгээли экологиялык баалуулуктарга болгон мамилеге таасир этүүчү аныктоочу фактор болуп эсептелбейт. Бул табылга айлана-чөйрө аң-сезими жөн гана академиялык окуу мөөнөтү менен эмес, көбүрөөк жеке аң-сезим, социалдык чөйрө, медиа жана эрте билим берүү аркылуу калыптанарын көрсөтүп турат.

**Таблица: 3.3.6.7.** Ата-эненин билими ve айлана-чөйрөнү коргоочулук

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей** | 49.7368 | 9.47885 | 0.491 (3) | 0.689 | Жок | 0.001 | Алсыз |
| **Экөө тең унив.+** | 50.0512 | 9.8817 | | | | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 50.4325 | 10.20071 | | | | | |
| **Энеси колледж/лицей.- Атасы унив.+** | 49.6875 | 10.21764 | | | | | |

Бул анализде студенттердин ата-энелеринин билим деңгээлине жараша айлана-чөйрөгө болгон мамилесинде айырмачылыктар бар экени же жок экени изилденди. ANOVA (бир факторлуу дисперсиялык анализ) жыйынтыктарына ылайык, ата-эненин билим деңгээли менен экологиялык баллдардын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма табылган жок ($F(3) = 0.491$, $p = 0.689$). Башкача айтканда, студенттердин айлана-чөйрөгө сезимталдык деңгээли апасы же атасынын билим деңгээлине жараша өзгөрбөйт. Eta-squared көрсөткүчү ($\eta^2 = 0.001$) абдан төмөн жана бул ата-эненин билим деңгээли айлана-чөйрөгө болгон мамилеге алсыз таасир

этээрин көрсөтөт. Топтордун орточо баллдары каралганда алардын ортосунда болгону майда айырмачылыктар бар экени байкалат.

Бул айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү деңгээлге жетпегендиктен, айлана-чөйрөгө болгон мамилени ата-эненин билим деңгээли менен түз байланыштырууга болбой турганы түшүнүлөт. Бул жагдай, айлана-чөйрө аң-сезими ата-эненин билим деңгээли менен эмес, көбүрөөк жеке тажрыйба, экологиялык кампаниялар, мектептеги билим берүү жана социалдык медиа сыяктуу тышкы факторлор аркылуу калыптанаарын ойлонтот.

**3.3.6.8.** Бир туугандын саны ve айлана-чөйрөнү коргоочулук

| **Бир туугандын саны** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 47.4131 | 10.19873 | 1.409 (4) | 0.229 | Жок | 0.003 | Алсыз |
| **1-2 бир тууган** | 50.2031 | 10.46626 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 49.7156 | 9.88229 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 50.5409 | 9.10164 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 49.8264 | 10.10705 | | | Жок | | |

Айлана-чөйрө баалуулуктарына карата мамилелердин жеке адамдын туугандарынын санына жараша айырмаланып-айырмаланарын талдоо максатында жүргүзүлгөн варианттык анализдин (ANOVA) жыйынтыктарына ылайык, туугандарынын саны менен айлана-чөйрөгө кам көрүү баллдарынын ортосунда статистикалык маанилүү айырма табылган жок ($F(4) = 1.409$, $p = 0.229$). Бул жыйынтык студенттердин экологиялык сезимталдыгы туугандарынын саны менен байланыштуу эмес экенин көрсөтөт. Eta-квадраттын мааниси ($\eta^2 = 0.003$) өтө төмөн болуп, туугандарынын санынын айлана-чөйрөгө кам көрүүгө тийгизген таасири өтө алсыз экенин билдирет.

Орточо баллдарга караганда, бир тууганы жок адамдардын айлана-чөйрөгө кам көрүү баллдары башка топторго салыштырмалуу бир аз төмөн болуп көрүнөт (Орточо = 47.41). Эң жогорку орточо көрсөткүч 5-6 тууганы бар топто байкалат (Орточо = 50.54). Бирок бул айырмачылыктар статистикалык мааниге жетпегендиктен, талдоо кылууда этият болуу керек.

Бул көрүнүш үй-бүлөдөгү туугандардын саны жеке адамдын айлана-чөйрө баалуулуктарына болгон көз карашын калыптандырууда анык рол ойночу фактор эмес экенин көрсөтөт. Балким, экологиялык сезимталдык индивидуалдык аң-сезим, социалдык чөйрө, билим берүү жана медиа сыяктуу тышкы факторлор менен көбүрөөк байланыштуу болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.3.7.** (Фактор:7). Экономикалык жыргалчылыкты баалоо

| | **Орточо** | **SS** | **Жүктөмдөр** |
|---|---|---|---|
| **Фактор:7, Экономикалык байлыкты баалоо** | | | |
| **Кандай гана болбосун бай болуу** | 3,45 | 1,17 | 0,79 |
| **Бай болуу** | 4,15 | 1,00 | 0,73 |
| **Бардык нерсени акча чечет дегенге ишенүү** | 3,34 | 1,18 | 0,67 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,64 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 1,87 |
| ***Açıklanan Varyans [%]*** | | | 6,03 |

Респонденттердин маалыматтарына ылайык, 6-орунда турган фактор – жалпы вариациянын 6,03%ын түшүндүргөн жана Eigendeğer'i 1,87 болгон "Экономикалык байлыкка маани берүү" деп аталган фактор. Бул баалуулуктун фактордук тизмеде орун алгандыгы, кыргыз жаштарынын жалпы баалуулуктарын талдоодо өзгөчө мааниге ээ экенин көрсөтөт. Чындыгында, ушул кезге чейин алынган факторлор кумулятивдүү вариациянын 50,46%ын түшүндүрөт.

Экономикалык байлыкка маани берүү, негизинен жеке адамдын өзүн максаттарын ишке ашыруу, коомдук урматка ээ болуу жана социалдык статуска жетүү каалоосу менен тыгыз байланыштуу. Физиологиялык муктаждыктарды

канааттандыруу акча менен байланыштуу болушу мүмкүн. Экономикалык байлык сезими келечекти көзөмөлдөөгө болгон каалоо менен да байланыштуу. Материалдык байлык көптөгөн адамдар үчүн ийгилик жана жетишкендиктин көрсөткүчү катары бааланат. Ошентип, адам өзү баалуу, ийгиликтүү жана күчтүү деп эсептей алат, айланасындагылар тарабынан бааланарын, сый-урмат менен кабыл алууну күтөт.

Социалдык контекстте экономикалык байлык коомдук статусту аныктаган маанилүү критерийлердин бири болуп саналат. Заманбап коомдо атаандаштыкты аныктоочу критерийлердин катарына кирет. Өзгөчө капиталисттик коомдо экономикалык ийгилик адамдын коомдук баалуулугу менен теңештирилет. Себеби, жогорку сапаттагы өндүрүм капиталисттик коомдо сый-урматка татыктуу баалуулук катары каралат. Экономикалык байлыкка ээ адам өзүн коопсуз, күчтүү жана коом тарабынан сый менен кабыл алынган катары баалайт.

Бирок бардыгын экономикалык байлык менен байланыштыруу – материалисттик, куралдык жана көп учурда жеке багыттагы дүйнө таанымдын көрүнүшү болуп саналат. Мындай баалуулукка ээ адамдардын жашоосундагы ийгиликтер жана баалуулуктар материалдык киреше аркылуу аныкталат жана ички руханий баалуулуктардан көрө сырткы көрүнүшкө көбүрөөк көз каранды болуп калат. Бул баалуулуктар капиталисттик баалуулуктарды өздөштүрүү катары бааланат. Капиталисттик коомдо туруктуу өндүрүү жана керектөө маанилүү баалуулук болуп эсептелет. Көбүнчө кызыкчылыкка негизделген социалдык структура пайда болуп, үй-бүлө, достук, сүйүү сыяктуу эмоционалдык байланыштар материалдык өлчөм менен гана бааланат. Ошентип, эрдик, адептүүлүк, кайрымдуулук сыяктуу баалуулуктар арткы орунда болгондо, жашоодо канааттанбоо жана чарчоо сезими пайда болушу да мүмкүн.

Мурунку алты фактордогу баалуулуктар жеке жана коомдук мааниде абдан маанилүү болсо, кыргыз жаштары арасында экономикалык байлыкка өтө маани берүү сыяктуу баалуулуктун кабыл алынышы – кыргыз жаштары жана коом үчүн өзгөчө көңүл бура маселе болуп саналат. Себеби мындай инсандык жана социалдык баалуулук түшүнүгү, чектелген жашоо философиясынын натыйжасында алсыз (морт) өздүк "мендин" калыптанышы жана баалуулуктар системасын жөн гана материалдык ийгиликке гана бурдурууну шарттайт. Ошол эле учурда, коомдо эмпатия, кайрымдуулук, жардамдашуу, кийлигишпөө жана адилеттүүлүк сыяктуу моралдык баалуулуктарды алсыздандырып, жеке адамдардын өздөрүнө жана коомго карата өздүк айырмалангандыгын күчөтөт.

Мурунку факторлордогу баалуулуктар менен бул фактордогу баалуулуктарды салыштырганда, Кыргызстандын жаштары руханий баалуулуктар менен материалдык баалуулуктардын кагылышкандай сезимдик кризисте же мындай баалуулук чек арасында турганын көрүүгө болот. Анткени руханий баалуулуктар адамдын ички канааттануу, баалуулуктун маанисин изилдөө жана моралдык баалуулуктар менен жашоо аракетин билдирет. Бөлүшүү, сүйүү, ыраазычылык жана ички тынчтыкка жетүү менен байланыштуу. Ал эми материалдык баалуулуктар, негизинен, буюм-мүлк жана менчик менен байланыштуу.

Байкоо жана интервьюнун маалыматтарына ылайык, Кыргызстандагы социалдык трансформация процесстеринин жаштардагы экономикалык баалуулуктарга таасири башка негизги себептердин бири болуп саналат. Советтик доордон кийинки Кыргызстан тез экономикалык өзгөрүүлөрдү баштан өткөргөн. Социалисттик экономикадан либералдык экономикалык саясатка өтүү коомдо олуттуу үзгүлтүккө учураган процесстердин жана жаңы класстардын пайда болушуна алып

келген. Бул муун мындай өзгөрүүлөргө түздөн-түз дуушар болбосо да, үй-бүлөлөр жана коомдун ар кандай катмарлары аркылуу бул баалуулуктардын жаштар арасында үстөмдүк кылышына таасир этиши мүмкүн. Классикалык медиа жана социалдык медианын жогорку жыргалчылыктагы жашоо философиясын жайылтууда бекемдөөчү роль ойношу дагы бир маанилүү фактор катары бааланат.

Экономикалык баалуулуктарга негизделген материалисттик жаш Кыргызстан жаштары, салттуу баалуулуктардан алыстап, материалдык ийгилик, жеке киреше жана кооз жашоону артык көрүшөт дегенди билдирет. Ал эми кыргыз коомунда көчмөн турмуш, коллективдүү жардамдашуу жана салттарга берилгендик негизинен узак жылдар жашалган. Бул баалуулуктардын ордуна индивидуализм, керектөө жана статуска негизделген жашоо образын кабыл алуу, салттуу инсандыкты алмаштырып, маданий тамырлардан алыстап, убактылуу канааттануу издеген жаштардын жаралышына алып келет жана олуттуу социалдык проблемалардын булагы болушу мүмкүн.

Интервьюларда жаштар байлыкты баалашса да, “эмнеге болбосун бай болуу” деген ойго каршы экенин билдиришкен. Көбүнчө жаштар экономикалык бакытка жетүү ойлорун мындайча жыйынтыктайт: «Эмнеге болбосун? Бай жашоого каршы эмесмин, бирок акыйкат жол менен бай болуу керек. Бирок адамдардын бай жашоого жана экономикалык жактан канааттанган жашоого жетиши керек деп ойлойм».

**Таблица: 3.3.7.1.** Жыныс жана экономикалык жыргалчылык

| **Жыныс** | **Орточо** | **SS** | **t (sd)** | **p (2-tailed)** | **Орт. айырма** | **Cohen’s d** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 49.4319 | 9.74509 | -3.314 (2075) | 0.001 | -1.55135 | -0.158 | Алсыз |
| **Эркек** | 50.9833 | 10.05891 | | | | | |

Бул факторду жыныс боюнча караганда, университеттин кыз менен эркектеринин арасында экономикалык байлыкка берген

маанилеринде айырмачылыктар болушу мүмкүн. Изилденген көз карандысыз үлгүлөрдүн t-тестинин жыйынтыктарына ылайык, эркек студенттер (Орточо = 50,98, SS = 10,05) бул факторго аял студенттерге караганда (Орточо = 49,43, SS = 9,75) статистикалык жактан маанилүү деңгээлде жогорку баа беришкен. Алынган айырма статистикалык жактан маанилүү деп табылган (t(2075) = -3,314, p = 0,001). Бул жыйынтык эркек студенттердин экономикалык ийгилик жана байлыкка аялдарга караганда көбүрөөк баа беришин көрсөтөт.

Бирок айырманын көлөмүнө караганда, Cohen's d = -0,158 болуп, "алсыз таасир деңгээли" категориясына кирет. Демек, статистикалык жактан маанилүү айырма болсо да, практикалык мааниде чоң мааниге ээ эмес экенин, башкача айтканда экономикалык бакытка берген баанын жыныска жараша айкын өзгөрбөй турганын көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.7.2.** Аймак жана экономикалык жыргалчылык

| **Аймак** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма (Games-Howell)** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 51.4797 | 9.26845 | 4.556 (7) | 0.000 | Ысык-Көл (позитив) | 0.015 | Алсыз |
| **Ош** | 49.8353 | 9.46523 | | | Жок | | |
| **Жалал-Абад** | 50.2085 | 9.44703 | | | Жок | | |
| **Ысык-Көл** | 47.7719 | 11.01218 | | | Чүй, Талас, Баткен (негатив) | | |
| **Талас** | 50.4435 | 8.89109 | | | Ысык-Көл (позитив) | | |
| **Баткен** | 51.6911 | 9.18928 | | | Ысык-Көл, Нарын (позитив) | | |
| **Нарын** | 48.7823 | 10.30024 | | | Баткен (негатив) | | |
| **Бишкек** | 50.2595 | 10.09201 | | | Жок | | |

ANOVA жыйынтыктарына ылайык, «Экономикалык жыргалчылык» көрсөткүчү студенттердин келген аймактарына жараша статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктарга ээ экенин көрсөттү (F(7) = 4,556, p < 0,001). Games-Howell көптүк салыштыруу тестинин жыйынтыктарына ылайык, өзгөчө Ысык-Көл аймагынан келген студенттер экономикалык бакытка

башка аймактарга караганда статистикалык жактан маанилүү деңгээлде аз баа беришкен. Ысык-Көлдүн баллы Чүй, Талас жана Баткен менен салыштырганда абдан эле төмөн. Ал эми Баткен аймагы Ысык-Көл жана Нарынга караганда жогорку балл алган, бул жерде экономикалык баалуулуктар көбүрөөк орун алганын көрсөтүп турат.

Ошентсе да, алынган таасирдин көлөмү төмөн ($\eta^2 = 0,015$), башкача айтканда, аймактык фактору экономикалык бакытка баа берүүгө чектелүү таасир этет. Бул жыйынтык, аймактык айырмачылыктар бар экенин көрсөтсө да, жаштардын экономикалык баалуулуктарды кабыл алуусунда жалгыз аныктоочу фактор болбой турганын ачып берет. Өзгөчө Баткен сыяктуу экономикалык мүмкүнчүлүктөр чектелген аймактарда байлыкка умтулуу күчтүү болсо, Ысык-Көл сыяктуу табият жана туризм менен айырмаланган аймактарда тынч жана канааттанган жашоо артыкчылыкка ээ болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.3.7.3.** Мурун жашаган жери жана экономикалык жыргалчылык

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 50.4184 | 10.03267 | 4.475 (2) | 0.012 | Шаар-айыл, Шаарча-айыл | 0.004 | Алсыз |
| **Шаарча** | 50.874 | 9.63834 | | | | | |
| **Айыл** | 49.2664 | 9.75717 | | | | | |

Респонденттердин университетке чейин жашаган жери боюнча экономикалык жыргалчылыкты баалоо деңгээлинде маанилүү айырмачылыктар байкалган ($F(2) = 4.475$, $p = 0.012$). Орточо баллдарга караганда, шаарда жашагандар (орт. = 50.41) жана шаарчада жашагандар (орт. = 50.87) айылда жашагандарга караганда (орт. = 49.26) жогору балл алышкан. Көптүк салыштыруу жыйынтыгына ылайык, бул айырма өзгөчө шаар-айыл жана шаарча-айыл топторунун ортосунда статистикалык жактан маанилүү. Ошону менен бирге, таасир көлөмү төмөн ($\eta^2 = 0.004$), башкача айтканда, бул айырма статистика-

лык жактан маанилүү болсо да, экономикалык жыргалчылыкты баалоого болгон таасири чектелүү гана деңгээлде.

Бул жыйынтык шаарда жана шаарчада чоңойгон жаштар материалдык жетишкендикке жана экономикалык байлыкка көбүрөөк маани беришерин көрсөтөт. Шаар турмушунда атаандаштык, статус издөө жана керектөө маданиятынын күчтүүрөөк болушу бул айырмачылыктын негизги себептеринин бири болушу мүмкүн. Ал эми айылда чоңойгон адамдарда канааттануу, жөнөкөйлүк сыяктуу баалуулуктардын көбүрөөк алдыга чыгары ойлонууга негиз берет.

**Таблица: 3.3.7.4.** Университет жана экономикалык жыргалчылык

| **Университет** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **P** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ош мамлекеттик университети** | 49.8561 | 9.16888 | 5.948 (12) | 0.000 | К.Тыныстанов, Славян | 0.033 | Алсыз |
| **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 50.5648 | 9.28069 | | | К.Тыныстанов, Славян | | |
| **Баткен мамлекеттик университети** | 52.2480 | 8.76645 | | | К.Тыныстанов, Нарын | | |
| **Нарын мамлекеттик университети** | 48.2199 | 10.52272 | | | Баткен, Славян | | |
| **Талас мамлекеттик университети** | 49.5191 | 8.85054 | | | К.Тыныстанов, Славян | | |
| **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 46.0421 | 12.00046 | | | Ош, Жалал-Абад, Баткен, Талас, Ж.Баласагын, Медициналык академия, Бишкек мамлекеттик унив., Славян, Политехникалык унив. | | |
| **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 47.9271 | 9.28503 | | | Славян | | |
| **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 50.4318 | 9.42206 | | | К.Тыныстанов, Славян | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 51.4683 | 9.19760 | | | К.Тыныстанов, Славян | | |
| **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 51.2813 | 8.97208 | | | К.Тыныстанов, Славян | | |
| **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 52.6982 | 10.60818 | | | Ош, Жалал-Абад, Нарын, Талас, «Манас», Ж.Баласагын, Медициналык академия, Бишкек мамлекеттик унив., Политехникалык унив. | | |
| **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 48.5299 | 9.85882 | | | Славян | | |
| **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 50.1328 | 10.04588 | | | К.Тыныстанов, Славян | | |

Университеттер боюнча экономикалык жыргалчылыкты баалоо деңгээлинде олуттуу айырмачылыктар аныкталган ($F(12) = 5.948$, $p < 0.001$). Бул айырмачылыктын таасир көлөмү $\eta^2 = 0.033$ болуп, статистикалык жактан маанилүү болсо да, алсыз деңгээлде экени белгиленди. Орточо баллдарга боюнча эң жогорку көрсөткүч Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинде (52.70) жана Баткен мамлекеттик университетинде (52.25) байкалган. Бул университеттердин студенттери экономикалык байлыкка көбүрөөк маани беришет. Эң төмөнкү орточо көрсөткүч болсо К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде (46.04) аныкталган жана бул университет көптөгөн башка университеттер менен салыштырганда олуттуу айырма жаратkandыгы байкалат. Ошондой эле, Кыргыз-Түрк «Манас» университети (47.93) жана Нарын университети (48.21) да экономикалык жыргалчылыкты азыраак баалаган топторго кирет.

**Таблица: 3.3.7.5.** Илим тармагы жана экономикалык жыргалчылык

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.4023 | 9.5947 | 8.056 (2) | 0.000 | Коомдук илимдер-Табигый жана инженерия илимдери, Табигый жана инженерия илимдери-Саламаттык сактоо илимдери | 0.008 | Алсыз |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 48.5500 | 10.44031 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 50.7009 | 9.4979 | | | | | |

Экономикалык жыргалчылыкка берилген маанилүүлүк студенттердин окуган илим тармагына жараша олуттуу айырмачылыкты көрсөттү ($F(2) = 8.056$, $p < 0.001$). Маанилүү айырмачылыктар коомдук илимдер, табигый жана инженердик илимдер жана саламаттык сактоо илимдеринин ортосунда байкалган. Таасирдин көлөмү $\eta^2 = 0.008$ болуп, алсыз деңгээлде экени аныкталды.

Табигый жана инженердик багытта окуган студенттер (Орточо = 48.55) экономикалык жыргалчылыкка башка тармактарга караганда азыраак маани беришсе, эң жогорку орточо балл саламаттык тармагындагы студенттерге таандык (Орточо = 50.70). Коомдук илимдердин студенттери болсо 50.40 орточо балл менен бул эки топтун ортосунда орун алышкан.

Бул жагдай, инженердик багыттагы студенттер техникалык көндүмдөр жана өндүрүмдүүлүк сыяктуу баалуулуктарга көбүрөөк көңүл бураарын, саламаттык тармагындагы студенттер болсо, туруктуу жана коопсуз кесиптик күтүүлөрүнө ылайык, экономикалык ийгиликке көбүрөөк маани бере турганын көрсөтөт. Ал эми коомдук илимдерде статус жана коомдук кабыл алуу изденүүлөрү экономикалык ийгилик менен салыштырмалуу тең салмакта жүрөрүн айгинелейт.

**Таблица: 3.3.7.6.** Курс жана экономикалык жыргалчылык

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49.9569 | 10.0385 | 0.467 (3) | 0.705 | Жок | 0.001 | Алсыз |
| **2** | 49.7621 | 9.7451 | | | | | |
| **3** | 50.3587 | 9.8074 | | | | | |
| **4** | 49.5558 | 9.9192 | | | | | |

Студенттердин окуган курстарынын деңгээлине жараша экономикалык жыргалчылыкты баалоо баллдарынын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырмачылык табылган жок ($F(3) = 0.467$, $p = 0.705$). Орточо баллдар 49.55 менен 50.36нын арасында болуп, бири-бирине абдан жакын маанилерди көрсөттү. Мындан тышкары, таасирдин көлөмү да абдан төмөн ($\eta^2 = 0.001$) деңгээлде экендиги аныкталды.

Бул жыйынтык, студенттердин курстары жогорулаган сайын экономикалык баалуулуктарга болгон мамилеси олуттуу түрдө өзгөрбөй турганын көрсөтөт. Башкача айтканда, биринчи курстан төртүнчү курсқа чейин экономикалык жыргалчылыкты баалоо деңгээли негизинен туруктуу бойдон калат. Курсу жогорулаган сайын бул баалуулукта өсүү же төмөндөө байкалбайт.

Демек, курстук деңгээли экономикалык жыргалчылыкка берилген мааниге түздөн-түз таасир этүүчү өзгөрмө эмес. Студенттердин бул багыттагы мамилеси негизинен башка жеке жана чөйрөлүк факторлор менен калыптанат.

**Таблица: 3.3.7.7.** Ата-эненин билими жана экономикалык жыргалчылык

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей** | 49.6253 | 9.73892 | 2.589 (3) | 0.051 | Жок | 0.004 | Алсыз |
| **Экөө тең унив.+** | 50.7765 | 9.80082 | | | | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 49.1193 | 10.30702 | | | | | |
| **Энеси колледж/лицей.- Атасы унив.+** | 50.0166 | 9.68293 | | | | | |

Студенттердин атасы менен энесинин билим деңгээлине жараша экономикалык жыргалчылыкты баалоо деңгээлдеринде статистикалык жактан олуттуу айырмачылык табылган эмес ($F(3) = 2.589$, $p = 0.051$). “Экөө тең университетти бүтүргөн” топто орточо көрсөткүч бир аз жогору (50.78) болгону менен, бул айырма статистикалык мааниге ээ эмес. Таасир көлөмү да төмөн деңгээлде ($\eta^2 = 0.004$) чыккан.

Бул табылга ата-эненин билим деңгээли экономикалык жыргалчылыкка берилген мааниге чектелген гана таасир этерин көрсөтүүдө. Жаштардын экономикалык баалуулуктарга болгон көз карашын көбүнчө жеке тажрыйбалар, социалдык чөйрө жана медиа сыяктуу тышкы факторлор калыптандырат.

**Таблица: 3.3.7.8.** Бир туугандын саны жана экономикалык жыргалчылык

| **Бир тууганды ын саны** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 53.2436 | 8.6409 | 2.62 (4) | 0.033 | Жок | 0.005 | Алсыз |
| **1-2 бир тууган** | 50.7962 | 10.38733 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 49.7320 | 9.77468 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 49.3254 | 9.47475 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 49.7945 | 10.67983 | | | Жок | | |

Респонденттердин бир туугандарынын санына жараша экономикалык жыргалчылыкты баалоо көрсөткүчү статистикалык жактан маанилүү айырма бар экени аныкталган ($F(4) = 2.62$, $p = 0.033$), бирок көптүк салыштыруу жыйынтыктары боюнча бул айырма кайсы топтордун ортосунда так маанилүү баалуулук экени аныкталган эмес. Ошондуктан бул айырмачылык жалпысынан күчтүү деңгээлдеги көрсөткүчтү түшүндүрбөйт ($\eta^2 = 0.005$).

Орточо көрсөткүчтөргө караганда, бир тууганы жок студенттер (Орточо = 53,24) экономикалык жыргалчылыкка эң жогорку маани берген топ болуп аныкталды. Бир туугандардын саны көп болгон сайын экономикалык жыргалчылыкка болгон

баалуулук төмөндөгөн жана 5-6 бир тууганы бар респондент-терде эң төмөнкү деңгээлге (Орточо = 49,32) түштү. Бул бир балалуу үй-бүлөнүн мүчөлөрү жеке ийгиликке жана экономикалык коопсуздукка көбүрөөк маани беришет деген ойду жаратышы мүмкүн. Ал эми көп балалуу үй-бүлөлөрдө бөлүшүү, канааттануу жана материалдык ресурстардын чектелүүлүгү сыяктуу факторлор экономикалык баалуулуктардын төмөнкү приоритетте болушуна себепкер болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.3.8.** (ФАКТОР: 8). Жыныстык иденттүүлүк

| | **Орточо** | **SS** | **Жүктөмдөр** |
|---|---|---|---|
| **Фактор:8, Жыныстык иденттүүлүк** | | | |
| **Адамдардын жыныс тандоосуна сый мамиле кылуу** | 3,29 | 1,29 | 0,82 |
| **Адамдардын жыныс өзгөртүү эркиндигине ээ экенин ойлонуу** | 2,35 | 1,36 | 0,78 |
| **Адамдардын төрөлгөндөн келген жынысын сактоосун ойлонуу** | 4,19 | 0,99 | 0,50 |
| *Cronbach Alfa* | | | 0,60 |
| *Eigendeğeri* | | | 1,71 |
| *Açıklanan Varyans [%]* | | | 5,52 |

8-орунда турган фактор жалпы дисперсиянын 5,52% түшүндүргөн жана өздүк мааниси (Eigendeğeri) 1,71 болгон "Жыныстык иденттүүлүк" деп аталган фактор болуп эсептелет. Бул фактордун ичинде бири-бирине карама-каршы келген эки баалуулук тобу орун алган. Биринчи топто орточо арифметикалык мааниси жогору болгон "Адамдар төрөлгөндө берилген жынысын сакташы керек" деген түшүнүк орун алган. Бул көз караш жынысты төрөлгөндө берилген иденттүүлүк жана табият катары кабыл алып, аны өзгөртүүнү табиятка каршы көрүнүш катары баалаган баалуулук системасына таандык. Экинчи топто болсо, арифметикалык орточо маанилери төмөнүрөөк болгон "Адамдар жынысын өзгөртүү эркиндигине ээ болушу керек" жана "Адамдардын жыныстык тандоосуна сый-урмат менен мамиле кылуу" деген көз караштар орун алган. Бул багыт адам өз жынысын аныктоодо эркин болушу зарыл деген баалуулуктарга негизделет.

Белгилүү болгондой, "аял" же "эркек" түшүнүктөрү бир жагынан биологиялык деңгээлде адамдын ургаачы же эркек экенин билдирсе, экинчи жагынан коомдун индивидге сунуш кылган ролдор системасында аял же эркек катары кабыл алынган социалдык абалды билдирет. Бирок бул терминдерде камтылган биологиялык өлчөм менен социалдык өлчөм бири-биринен таптакыр башка нерселерди түшүндүрүп, талаш-тартыштарды жараткан. Маселен, гендердик теориялар жынысты биологиялык эмес, социалдык жактан курулган иденттүүлүк катары карашат. Ошондой эле бул теорияларда жыныстык өтүү (gender transition) табигый укук жана социалдык ар түрдүүлүктүн бир бөлүгү катары бааланат. Ал эми биологиялык детерминисттик ыкмалар болсо жыныс биологиялык түрдө аныкталат жана гормон же хирургиялык кийлигишүү менен аны өзгөртүү мүмкүн эмес деген көз караштты жакташат. Коомдук консерватизм болсо жыныстык өзгөрүүнү, айрыкча үй-бүлөлүк түзүлүштү жана салттуу ролдорду бузган, коомдук тартипке коркунуч туудурган көрүнүш катары карайт. Ошондой эле диний көз караштар да (Ислам, Христиандык, Иудаизм) жыныстык өзгөрүүнү табиятка кийлигишүү катары баалап, Кудай берген жынысты өзгөртүү дин жана морал жагынан туура эмес деп эсептешет.

Бүгүнкү күндө жыныстык өзгөрүү, гомосексуалдуулук жана бир жыныстуу никелер айрым Европа өлкөлөрүндө укуктук жактан легалдуу болуп, адам укуктарынын алкагында каралууда. Гомосексуалдуулукту жана бир жыныстуу никени адам укугу катары таануу адам укуктарына сый мамиле кылуунун алкагында түшүндүрүлүп, гомосексуалдуулукту мыйзамдаштыруу үчүн мамлекеттерге басым жасоо да мүмкүн болгон. Ал тургай, БУУ 2008-жылдын 18-декабрында декларация кабыл алып, сексуалдык багыт жана жыныстык иденттүүлүккө бай-

ланыштуу колдонулган жазалоочу чараларды айыптаган (БУУ Башкы Ассамблеясы, 2008).

Адамдар жашоо философиясына жараша ар кандай тандоолорго жана баалуулуктарга ээ болушу мүмкүн. Негизги маселе алардын биримдиги коом тарабынан кабыл алынып же кабыл алынбашынан мурда, бул биримдикти “никеге туруу” же “үй-бүлө” катары мүнөздөп, аны үй-бүлө институту катары атагысы келген жагдай жаралат. Мындай биримдиктерди “никеге туруу” жана “үй-бүлө” институтунун ичине киргизүү аракети – ошол мамилени мыйзамдаштыруу жана ага коомдук баалуулук берүү аракети катары бааланышы керек. Тарыхый жана коомдук жактан бардык үй-бүлө түрлөрүнүн жалпы өзгөчөлүгү – ар кандай жыныстагы (эркек жана аял) индивиддердин нике аркылуу үй-бүлө түзүшүндө. Үй-бүлө куруу процессинде мындан башка жол менен түзүлгөн ар кандай биримдиктерди үй-бүлө деп атоо жана аныктоо мүмкүн эмес. Ошондуктан индивиддердин тандоосу катары пайда болгон “биримдик” – жөн гана үй-бүлөлүк маселе эмес, коомдун негизги институту болгон үй-бүлөгө мүнөздүү типтүү коомдук бузулууларды чагылдырат.

Үй-бүлөдөн баштап, көптөгөн негизги коомдук баалуулуктарга терс таасир тийгизе ала турган жыныстык иденттүүлүктү тандоо түшүнүгү же ЛГБТ сыяктуу түзүлүштөргө кыргыз жаштарынын интервьюларында белгилүү болгондугуна караганда, аз деңгээлде болсо да оң көз караште болушу, салттуу кыргыз баалуулуктары менен потенциалдуу карама-каршылыктын терең коомдук жазага тартылышы мүмкүн экенин көрсөтөт.

Интервьюга катышкан жаштардын дээрлик бардыгы жыныс өзгөртүүгө каршы экенин билдиришсе да, мындай багыттар кыргыз коомунда кеңири жайылып баратканына басым

жасашкан. Бул көз карашты бир катышуучу кыскача мындайча жыйынтыктаган: "Жыныс өзгөртүү популярдашып жатат, бирок мен ага каршы чыгам. Биз жаратылышта кандай төрөлсөк, ошондой калышыбыз керек. Эркек аялга айланган күндө да, биологиялык жана психологиялык жактан эркек бойдон калат. Үй-бүлө салттуу абалында улануусу зарыл. Жыныс өзгөртүлгөндөн кийин үй-бүлө деген түшүнүк жок болуп калат жана коомдун келечеги үчүн чоң көйгөйлөрдү пайда кылат".

**Таблица: 3.3.8.1.** Жыныс жана жыныстык иденттүүлүк

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | Таблица: 3.3.8. | 9.34279 | 4.983 (1084) | 0.001 | 2.44383 | 0.25 | Күчтүү |
| **Эркек** | 48.204 | 10.7124 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөсүнө жараша жүргүзүлгөн анализде маанилүү айырмачылыктар байкалган (t(1084) = 4.983, p = 0.001). Аял респонденттердин бул факторго берген жалпы баллынын орточо мааниси 50.65 болсо, эркектердики 48.20 болуп чыккан. Бул айырмачылык статистикалык жактан маанилүү жана аялдар жыныстык иденттүүлүккө байланышкан баалуулуктарга эркектерге салыштырмалуу сезимтал мамиле кыларын көрсөтөт. Коэндин d көрсөткүчү 0.25 болуп, бул айырмачылыктын таасир көлөмү күчтүү деңгээлде экенин далилдейт. Башкача айтканда, бул айырмачылык практикалык турмушта да байкалып, абдан олуттуу ажырымды көрсөтүүдө.

Бул натыйжалардын алкагында, университетте окуган кыргыз жаштары жалпысынан гендердик маселелерге консервативдүү көз караш экендиги, бирок аялдардын бул багыттагы баалуулуктары эркектерге салыштырмалуу бир аз көбүрөөк камтуучу жана эркин мүнөздө кабыл алынары аныкталды.

**Таблица: 3.3.8.2.** Аймак жана жыныстык иденттүүлүк

| Bölge | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма (Games-Howell) | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 49.7975 | 11.21038 | 2.743 (7) | 0.008 | Жалал-Абад, Талас (негатив) | 0.009 | Алсыз |
| **Ош** | 48.6224 | 9.45167 | | | Жок | | |
| **Жалал-Абад** | 48.6418 | 8.73734 | | | Ысык-Көл, Талас (негатив) | | |
| **Ысык-Көл** | 51.0456 | 10.33154 | | | Жалал-Абад (позитив) | | |
| **Талас** | 51.1682 | 9.31188 | | | Жалал-Абад (позитив) | | |
| **Баткен** | 49.3992 | 9.95088 | | | Жок | | |
| **Нарын** | 49.8961 | 8.52354 | | | Жок | | |
| **Бишкек** | 50.4737 | 11.18016 | | | Жок | | |

Жыныстык иденттүүлүк факторунун алкагында жүргүзүлгөн дисперсиялык анализ, респонденттердин университетке келгенге чейин жашаган аймактарына жараша бул факторго берген баллдары статистикалык жактан маанилүү деңгээлде айырмаланарын көрсөттү ($F(7) = 2.743$, $p = 0.008$). Бирок таасир көлөмү абдан төмөн ($\eta^2 = 0.009$) болгондуктан, айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү болсо да, практикада алсыз деңгээлде гана таасир этери белгилүү болду.

Аймактар боюнча орточо баллдар каралганда, эң жогорку орточо көрсөткүч Талас (51.17) жана Ысык-Көл (51.04) облустарында байкалган. Тескерисинче, Жалал-Абад (48.64) жана Ош (48.62) облустарынын орточо баллдары төмөн болуп чыккан. Games-Howell көптүк салыштыруулар тестинин жыйынтыгына ылайык, Жалал-Абад облусу Талас жана Ысык-Көлгө салыштырмалуу статистикалык жактан маанилүү түрдө төмөн балл алган. Бул табылга Талас жана Ысык-Көл аймактарында жашаган жаштардын жыныстык иденттүүлүк боюнча баалуулуктарга көбүрөөк сезимтал мамиле кылышарын, ал эми Жалал-Абадда тескерисинче, көбүрөөк салттуу же консервативдүү көз караштар үстөмдүк кылары аныкталды.

Башка аймактарда маанилүү айырма табылган жок. Бишкек, Нарын, Баткен жана Чүй сыяктуу борборлордо жаштардын баллдары жалпы орточонун айланасында болгон. Бул аймактардагы жаштардын жыныстык иденттүүлүк маселелерине карата көз караштары өлкө боюнча байкалган ар түрдүү баалуулук кабылдоолорунун чагылышы катары аныкталды. Жыйынтыктап айтканда, аймактык айырмачылыктар жалпы алганда алсыз деңгээлде болсо да, айрыкча Жалал-Абад менен Талас жана Ысык-Көл облустарынын ортосунда маанилүү көз караш айырмачылыктары бар экендиги көңүлдү бурат.

**Таблица: 3.3.8.3.** Мурун жашаган жери ve жыныстык иденттүүлүк

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 49.9332 | 10.5671 | 0.185 (2) | 0.831 | Жок | 0.000 | Алсыз |
| **Шаарча** | 50.201 | 10.75378 | | | | | |
| **Айыл** | 49.7925 | 8.99403 | | | | | |

Респонденттердин университетке кирүүдөн мурда жашаган жайгашкан жери (шаар, шаарча, айыл) менен "Жыныстык иденттүүлүк" факторуна берген баллдарынын ортосунда маанилүү айырма табылган эмес ($F(2) = 0.185$, $p = 0.831$). Бул жыйынтык жаштардын жыныстык иденттүүлүккө байланышкан баалуулуктарын кабыл алышы алардын өскөн жеринин тибине жараша олуттуу түрдө айырмаланбай турганын көрсөтөт.

Таасир көлөмүнүн көрсөткүчү ($\eta^2 = 0.000$) нөлгө абдан жакын болуп, бул өзгөрмөнүн түшүндүрүүчү күчү өтө алсыз экенин далилдейт. Орточо баллдар да бири-бирине абдан жакын: шаарда өскөндөр үчүн орточо 49.93, шаарчада 50.20, айылда болсо 49.79. Бул кичинекей айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү эмес жана иш жүзүндө да олуттуу айырма жаратпайт.

**Таблица: 3.3.8.4.** Университет жана жыныстык иденттүүлүк

| Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ош мамлекеттик университети** | 48.5240 | 8,75 | 2.853 (12) | 0.001 | Жалал-Абад, Талас | 0.016 | Алсыз |
| **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 48.1959 | 8,59 | | | Ош, Ысык-Көл, Талас | | |
| **Баткен мамлекеттик университети** | 49.3992 | 9,51 | | | - | | |
| **Нарын мамлекеттик университети** | 49.8961 | 8,01 | | | - | | |
| **Талас мамлекеттик университети** | 51.1682 | 9,11 | | | Ош, Жалал-Абад | | |
| **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 51.0456 | 9,13 | | | Жалал-Абад | | |
| **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 50.7849 | 10,21 | | | - | | |
| **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 49.7840 | 9,43 | | | - | | |
| **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 50.9632 | 9,81 | | | - | | |
| **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 49.7840 | 10,45 | | | - | | |
| **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 50.2037 | 11,80 | | | - | | |
| **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 50.8575 | 11,06 | | | - | | |
| **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 49.2971 | 11,10 | | | - | | |

Университет өзгөрмөлүүлүгүнө жүргүзүлгөн анализде студенттердин жыныстык иденттүүлүккө байланышкан баалуулук баллдарынын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктар аныкталган ($F(12) = 2.853$, $p = 0.001$). Таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү төмөн деңгээлде ($\eta^2 = 0.016$) болуп, айырмачылыктар бар экенин, бирок университеттердин жыныстык иденттүүлүк баалуулуктарына болгон таасири алсыз экенин көрсөтөт.

Орточо баллдар каралган учурда эң жогорку көрсөткүчтөр Талас мамлекеттик университетинин (51.17) жана

К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин (51.04) студенттерине таандык экени аныкталган. Бул университеттердеги студенттер жыныстык иденттүүлүк маселелерине көбүрөөк маани берери же урмат-сый менен мамиле кылышарын айтууга болот.

Ал эми эң төмөн орточо баллдар Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (48.20) жана Ош мамлекеттик университетинин (48.52) студенттерине тиешелүү болгон. **Games-Howell** тестинин жыйынтыгы боюнча Жалал-Абад университетинин студенттеринин баллдары Талас, Ысык-Көл жана Ош сыяктуу университеттерге салыштырмалуу статистикалык жактан бир топ төмөн экени аныкталган. Мындан тышкары, Ош университетинин студенттери да Талас жана Жалал-Абад университеттерине караганда төмөн балл алышкан.

Натыйжада университеттердин арасында баалуулук боюнча айырмачылыктар бар экенин, айрым университеттерде студенттер коомдук жыныстык иденттүүлүк маселесине көбүрөөк консервативдүү мамиле кылышса, башкаларында тескерисинче либералдуу мамилелерди кабыл алышарын көрсөттү. Өзгөчө Талас жана Ысык-Көл университеттериндеги жогорку көрсөткүч бул маселеге карата көз караш жергиликтүү маданий климат менен катар эле академиялык чөйрөнүн же окутуучулук курамдын позициясы менен да байланыштуу болушу мүмкүн. Жалпысынан алганда, университет өзгөрмөлүүлүгүнүн жыныстык иденттүүлүк баалуулуктарына болгон таасири статистикалык жактан маанилүү болгону менен, ал таасир алсыз деңгээлде экени аныкталды.

**Таблица: 3.3.8.5.** Илим тармагы жана жыныстык иденттүүлүк

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.0190 | 9.71166 | 1.101 (2) | 0.333 | Жок | 0.001 | Алсыз |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 50.0139 | 9.9703 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 49.0422 | 10.1865 | | | | | |

Жыныстык иденттүүлүк факторуна байланышкан баалуулуктардын студенттер окуган илим тармагына жараша айырмаланып-айырмаланышарын изилдеген ANOVA анализинин жыйынтыгы боюнча, топтордун ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма табылган эмес ($F(2) = 1.101$, $p = 0.333$). Ошондой эле таасир көлөмү өтө төмөн ($\eta^2 = 0.001$) болуп, илим тармагын жыныстык иденттүүлүккө байланышкан баалуулуктарга дээрлик эч кандай таасир этпей тургаанын көрсөтөт. Орточо баллдар да бири-бирине абдан жакын чыккан.

Бул жыйынтыктар студенттердин социалдык жыныстык иденттүүлүккө байланышкан баалуулуктарын кабылдоосу кайсы академиялык дисциплинде билим алганына карабастан олуттуу өзгөрбөстүгүн көрсөтөт. Коомдук илимдерде мындай темаларга теориялык жактан көбүрөөк орун берилери күтүлсө да, маалымат деңгээлинде мындай айырма байкалган эмес.

**Таблица: 3.3.8.6.** Курс жана жыныстык иденттүүлүк

| Курсу | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49.5731 | 9.9513 | 4.390 (3) | 0.004 | 2-4, 3-4 | 0.006 | Алсыз |
| **2** | 50.2563 | 9.8448 | | | | | |
| **3** | 50.8538 | 10.0334 | | | | | |
| **4** | 48.3088 | 9.1636 | | | | | |

Жыныстык иденттүүлүк факторуна байланышкан баллдар студенттердин курстарына жараша маанилүү айырмачылыктарды көрсөттү ($F(3) = 4.390$, $p = 0.004$). Бирок

айырмачылыктын таасир деңгээли өтө алсыз ($\eta^2 = 0.006$). Орточо баллдарды караганда, эң жогорку көрсөткүч 3-курстун студенттерине таандык (50.85), ал эми эң төмөнкү көрсөткүч 4-курстун студенттеринде (48.31) байкалган.

Games-Howell тестинин жыйынтыгына ылайык, 2- жана 3-курстардын баллдары менен 4-курстун студенттеринин баллдары арасында статистикалык маанилүү айырмачылык бар. Бул жагдай университеттик билим берүү процессинде, айрыкча ортодогу курстарда социалдык жыныстык иденттүүлүккө байланышкан баалуулуктар кыйла ийкемдүү өнүгөрүн, ал эми бүтүрүүчү курстун студенттеринде бул сезимталдык төмөндөгөнүн көрсөтөт. Балким, жумушчу жашоого жакындаган акыркы курстун студенттери көбүрөөк салттуу же практикалык багыттагы көз караштарды кабыл алышат. Жыйынтыктап айтканда, курстун деңгээли жыныстык иденттүүлүккө байланышкан баалуулуктарга кичине, бирок статистикалык жактан маанилүү таасир көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.8.7.** Ата-эненин билими жана жыныстык иденттүүлүк

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей** | 49.7171 | 9.57533 | 0.273 (3) | 0.845 | Жок | 0.000 | Алсыз |
| **Экөө тең унив.+** | 50.1737 | 10.44737 | | | | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 49.9461 | 9.689 | | | | | |
| **Энеси колледж/лицей.- Атасы унив.+** | 50.1014 | 9.88182 | | | | | |

Жыныстык иденттүүлүк факторуна байланышкан баллдар студенттердин ата-энесинин билим деңгээлине жараша статистикалык маанилүү айырма көрсөткөн жок ($F(3) = 0.273$, $p = 0.845$). Таасир көлөмү болсо дээрлик нөл деңгээлинде абдан төмөн ($\eta^2 = 0.000$). Орточо баллдар төрт билим тобунда да бири-бирине абдан жакын болуп, айкын багытты көрсөтпөйт. Бул

жагдай, социалдык жыныстык иденттүүлүккө байланышкан баалуулуктар апа-ата билим деңгээлинен көрө, жеке ой-пикир, медиа, достор чөйрөсү же университеттик чөйрө сыяктуу башка факторлордон көбүрөөк таасир алат экенин көрсөтөт. Демек, ата-эненин билим деңгээли студенттердин жыныстык иденттүүлүк боюнча көз караштарын түшүнүүдө чечүүчү өзгөрмө эмес.

**Таблица: 3.3.8.8.** Бир туугандын саны жана жыныстык иденттүүлүк

| Бир туугандын саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 50.6133 | 11.06949 | 0.759 (4) | 0.552 | Жок | 0.001 | Алсыз |
| **1-2 бир тууган** | 50.5407 | 11.1689 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 49.6271 | 9.65594 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 49.9277 | 9.16322 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 49.3685 | 9.07068 | | | Жок | | |

Бир туугандардын санына жараша жүргүзүлгөн анализде, жыныстык иденттүүлүк факторуна байланышкан баллдардын ортосунда статистикалык маанилүү айырма табылган эмес ($F(4) = 0.759$, $p = 0.552$). Таасир көлөмү да абдан төмөн ($\eta^2 = 0.001$), демек бир туугандардын саны бул баалуулуктарга дээрлик эч кандай таасир этпейт.

Орточо баллдар ар кандай бир туугандардын саны боюнча топтордо кичине айырмачылыктарды көрсөткөнү менен, бул айырмачылыктар статистикалык мааниге ээ эмес. Бул табылга жыныстык иденттүүлүккө байланышкан баалуулуктар үй-бүлөдөгү балдардын санына таасир этпей турганын жана көбүнчө жеке же маданий факторлордон калыптанаарын көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.9.** (ФАКТОР 9): Шаңдуу жашоо

| | Орточо | SS | Жүктөмдөр |
|---|---|---|---|
| **Фактор: 9, ШАҢДУУ ЖАШОО** | | | |
| **Шаңдуу жашоону тандоо** | 4,42 | 0,76 | 0,65 |
| **Жашоодо дайыма өзгөрүүлөрдү каалоо** | 4,13 | 0,90 | 0,64 |
| **Жашоодон ырахат алуу** | 4,64 | 0,61 | 0,62 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,58 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 1,71 |
| ***Аныкталган варианс [%]*** | | | 5,51 |

Респонденттердин маалыматтарына ылайык аныкталган тогузунчу жана акыркы фактор, жалпы дисперсиянын 5,51% түшүндүргөн жана өздүк мааниси (Eigendeğeri) 1,71 болгон "Шаңдуу жашоо" деп аталган фактор болуп саналат.

Бул фактордун ичинде орун алган "Шаңдуу, кызыктуу жашоону тандоо", "Турмушта дайыма өзгөрүүнү каалоо" жана "Жашоодон ырахат алуу" деген баалуулуктар, индивиддин жашоо менен болгон мамилесин жана жашоо философиясын чагылдырат. Бирок алардын ар биринин астында ар кандай мотивациялар жатат. Шаңдуу жашоодо, адатта, рутинадан качуу жана динамикалуу жашоо сүрүүнү каалоо бар. Индивид активдүү, каардуу жана кыймылдуу, бирок чарчоо тобокелдиги да бар. Турмушта дайыма өзгөрүүнү каалоо болсо, учурдагы абалдан тез эле тажап, убактылуулукту артык көрүү менен байланыштуу. Бул көбүнчө бир нерсеге концентрацияланууда кыйынчылык көргөн жана канааттанбаган адамдардын тенденциясы болуп саналат. Жашоодон ырахат алуу – жашоонун ар бир учурунан маанини жана канааттанууну табуу. Бул тең салмактуу, чынчыл жана туруктуу жашоону камсыздайт.

Бул фактордо орун алган үч баалуулук, индивид деңгээлинде психологиялык тенденция катары көрүнгөнү менен, коомдук деңгээлде маданий баалуулук катары иштеп кызмат кылат. Модерн коом бул баалуулуктарды индивиддин жашоо күтүүлөрүн калыптандырууда багыттайт, колдойт жана кээде чектей да алат.

Белгилүү болгондой, салттуу коомдордо көбүнчө баш ийүү жана ылайыкташуу үстөмдүк кылса, заманбап жана постмодерн коомдордо канааттандырылуучу жана каалаган жашоо образы катары шыктануу жана кызыгуу издөө сунушталат. Бүгүнкү коомдордо да, турмушта дайыма өзгөрүүнү каалоо алсыздык эмес, тескерисинче, тез өзгөрүүлөргө ылайы-

ктоо жана көп багыттуулук сыяктуу көндүмдөрдүн символу болуп калды. Мындан тышкары, салттуу коомдордо тартип, туруктуулук жана берилгендик маанилүү баалуулуктар болсо, бүгүнкү коомдо көп кесиптүүлүк, көп идентичдүү жарандык сыяктуу баалуулуктар алдыңкы орунга чыкты. Бирок бул жерде эң чоң тобокелдик – беттик мамиле жана тереңдиктин жоголушу сыяктуу олуттуу көйгөйлөрдү жаратат. Бай коомдордо болсо жашоодон ырахат алуу дагы так жана көрүнүктүү баалуулукка айланган.

Биз аныктаган бул баалуулук көрсөтмөлөрү үч негизги баалуулукту да чагылдырат: “эркиндик жана жеке өз алдынчалык”, “ыңгайлашуу жана өзгөрүүгө жөндөмдүүлүк”, жана “маанини жана бакытты издөөнү”. Ошондой эле бул баалуулуктар, жеке канааттанбастык, коомдук бузулуу жана идентичдик кризистин булагын түзүшү мүмкүн.

Маектешүүлөрдүн маалыматтарына ылайык, тез өзгөрүп жаткан кыргыз коомунда университет жаштарынын баалуулуктарында мындай баалуулук тенденцияларынын кеңири тарашы, бир жагынан оңой жаштардын өсүүсүн билдирсе, экинчи жагынан, жогоруда айтылгандай, коомдук бузулууларга, идентичдик кризиске жана канааттанбастыкка да себеп боло алат. Бул баалуулук тенденцияларын, өзгөчө билим берүү системасынын ичинде туура багыттоо, келечектеги кыргыз коомунда маанилүү жана максаттуу натыйжаларды камсыздай алат.

**Таблица: 3.3.9.1.** Жыныс жана шаңдуу жашоо

| Жынысы | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen’s d | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50.9821 | 9.15247 | 6.358 (1056) | 0.001 | 3.13193 | 0.323 | Алсыз |
| **Эркек** | 47.8502 | 10.8481 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөлүүлүгүнө жараша жүргүзүлгөн анализдин жыйынтыктары, бул фактордун аялдар менен эркектердин

ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма бар экенин көрсөтөт (t(1056)=6.358; p<.001). Аял респонденттердин орточо баллы 50.98 болсо, эркектердики 47.85 болуп чыккан. Орточо баллдардын айырмасы 3.13 баллга барабар жана бул айырма статистикалык мааниге ээ. Эсептелген Коэн d көрсөткүчү 0.323 болуп, кичине деңгээлдеги таасирди көрсөтөт. Бул табылга, аялдардын эркектерге салыштырмалуу "Шаңдуу жашоо" каалоосуна көбүрөөк баа берээрин көрсөтүп турат.

**Таблица: 3.3.9.2.** Аймак жана шаңдуу жашоо

| Аймак | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма (Games-Howell) | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 49.1848 | 11.30052 | 2.854 (7) | 0.006 | Жалал-Абад (негатив) | 0.010 | Алсыз |
| **Ош** | 50.2551 | 8.71098 | | | Жок | | |
| **Жалал-Абад** | 51.3574 | 8.67966 | | | Чүй, Ысык-Көл (позитив) | | |
| **Ысык-Көл** | 48.1995 | 10.61867 | | | Жалал-Абад (негатив) | | |
| **Талас** | 50.6929 | 9.41282 | | | Жок | | |
| **Баткен** | 49.9309 | 9.40289 | | | Жок | | |
| **Нарын** | 50.3477 | 9.90654 | | | Жок | | |
| **Бишкек** | 49.9714 | 10.31052 | | | Жок | | |

«Шаңдуу жашоо» фактору жеке адамдардын өзгөрүүгө, динамикага жана жашоодон ырахат алууга болгон каалоосун чагылдырат. Аймактык өзгөрмөлүүлүккө жараша жүргүзүлгөн анализдин жыйынтыгында бул факторлордун аймактарга карата маанилүү айырмачылыктарды көрсөтөрү аныкталган (F(7)=2.854; p=0.006). Бирок таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү ($\eta^2$=0.010) төмөн деңгээлде болуп, айырмачылыктын практикалык таасири чектелүү экенин билдирет.

Эң жогорку орточо көрсөткүч Жалал-Абад облусунда (51.36), эң төмөнкү болсо Ысык-Көл облусунда (48.20) байкалды. Жалал-Абад облусу статистикалык жактан Чүй жана Ысык-Көл облустарынан олуттуу түрдө жогорку балл алган. Бул көрүнүш географиялык чөйрөдө жашаган жаштардын баалуулук түшүнүгүнө таасир этерин көрсөтөт. Активдүү жана

өзгөрүүгө ачык баалуулуктарга ээ болгон респонденттер аймактардан келген жаштар болуп, кызыктуу жашоого көбүрөөк маани берери аныкталды.

**Таблица: 3.3.9.3.** Мурун жашаган жери жана шаңдуу жашоо

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 49.7344 | 10.02041 | 0.763 (2) | 0.466 | Жок | 0.001 | Алсыз |
| **Шаарча** | 49.8421 | 10.91804 | | | | | |
| **Айыл** | 50.2884 | 9.33933 | | | | | |

«Шаңдуу жашоо» фактору менен студенттердин университетке окууга келгенге чейин жашаган жеринин (шаар, шаарча, айыл) ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма табылган жок ($F(2)=0.763$; $p=0.466$). Орточо баллдар айылда (50.29), шаарчада (49.84) жана шаарда (49.73) жашагандар арасында бираз айырмачылыктарды көрсөттү. Eta-squared көрсөткүчү 0.001 болуп, бул айырманын таасир деңгээли абдан төмөн экенин билдирет. Натыйжада жеке адамдардын кызыктуу жана динамикалуу жашоого болгон каалоосу алардын жашаган жерине жараша олуттуу өзгөрбөй турганын көрсөтөт. Демек, шаарда же айылда чоңойгон болуу бул баалуулукка болгон багытка маанилүү таасир тийгизбейт.

**Таблица: 3.3.9.4.** Университет жана шаңдуу жашоо

| Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Ош мамлекеттик университети** | 51,20 | 8,60 | 3.167 (12) | 0.000 | Жалал-Абад, Ысык-Көл | 0.018 | Алсыз |
| **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 52,43 | 8,09 | | | Ош, Ысык-Көл | | |
| **Баткен мамлекеттик университети** | 50,03 | 9,54 | | | - | | |
| **Нарын мамлекеттик университети** | 50,59 | 10,33 | | | - | | |
| **Талас мамлекеттик университети** | 51,89 | 8,53 | | | - | | |
| **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 48,49 | 10,72 | | | Ош, Жалал-Абад | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 50,43 | 9,82 | | | - | | |
| **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 50,32 | 8,94 | | | - | | |
| **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 48,40 | 9,73 | | | - | | |
| **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 50,20 | 8,63 | | | - | | |
| **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 48,67 | 11,09 | | | - | | |
| **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 47,99 | 11,16 | | | - | | |
| **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 49,29 | 11,10 | | | - | | |

"Шаңдуу жашоо" фактору менен студенттердин билим алган окуу жайларынын ортосунда маанилүү айырмачылыктар аныкталды ($F(12) = 3.167$; $p = 0.000$). Бирок бул айырмачылыктын таасир көлөмү/тассир этүүчү күчү төмөн ($\eta^2 = 0.018$), башкача айтканда, университет көрсөткүчү бул баалуулук багытына болгону чектелүү деңгээлде таасир этет.

«Шаңдуу жашоо» факторун университеттердин арасында салыштырып караганда эң жогорку орточо көрсөткүч Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (52.43) жана Талас мамлекеттик университетинин (51.89) студенттерине тиешелүү болду. Ал эми эң төмөнкү орточо көрсөткүчтөр Борбордук Азиядагы Америка университетинин (47.99), И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын (48.40) жана Ысык-Көл мамлекеттик университетинин (48.49) студенттеринде байкалган. Games-Howell көптүк салыштыруу

тестинин жыйынтыгы боюнча Жалал-Абад жана Ош мамлекеттик университеттери Ысык-Көл университетине караганда статистикалык жактан маанилүү түрдө жогору балл алышкан. Бул жыйынтыктар ар түрдүү университеттердеги жаштардын шаңдуу жашоо, жаңылыкка умтулуу жана жашоого канааттануу аракеттерине берген баасы ар кандай экенин көрсөтөт.

**Таблица: 3.3.9.5.** Илим тармагы жана шаңдуу жашоо

| **Илим тармагы** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.3664 | 9.69958 | 5.934 (2) | 0.003 | Коомдук илимдер-Саламаттык сактоо илимдер, Табигый илимдер жана инженерия-Саламаттык сактоо илимдери | 0.006 | Алсыз |
| **Табигый илимдер жана инженерия** | 50.1481 | 9.67546 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 48.0638 | 10.43427 | | | | | |

“Шаңдуу жашоо” фактору менен студенттер окуган илим тармагынын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма аныкталган ($F(2) = 5.934$; $p = 0.003$). Бирок бул айырмачылыктын таасир көлөмү төмөн ($\eta^2 = 0.006$), башкача айтканда, илим тармагы бул баалуулукка болгон багытты чектелүү деңгээлде гана аныктайт. Орточо баллдарга караганда, коомдук илимдер (50.37) жана табигый илимдер менен инженерия (50.15) тармагындагы студенттер саламаттык сактоо илимдеринин студенттерине караганда шаңдуу жашоого көбүрөөк маани беришет. Ал эми саламаттык сактоо тармагында бул баалуулукка болгон багыт статистикалык жактан төмөнүрөөк деңгээлде байкалат (48.06).

Бул айырма, социалдык жана техникалык тармактардагы студенттер көбүрөөк өзгөрмө, динамикалык жана жеке кана-

аттанууга багытталган баалуулуктарга ачык экенин; ал эми саламаттык сактоо илимдеринин студенттери болсо көбүрөөк көзөмөлдөлгөн жана тартиптүү жашоо образын кабыл алууга жакын экенин көрсөтүп турат.

**Таблица: 3.3.9.6.** Курс жана шаңдуу жашоо

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 50.1138 | 9.5620 | 0.303 (3) | 0.823 | Жок | 0.000 | Алсыз |
| **2** | 50.1147 | 9.5220 | | | | | |
| **3** | 50.0631 | 10.2319 | | | | | |
| **4** | 49.5137 | 10.4763 | | | | | |

Студенттердин курстарынын деңгээлине ылайык «Шаңдуу жашоо» фактору статистикалык жактан маанилүү айырмачылыкты көрсөтпөйт (F(3) = 0,303; p = 0,823). Орточо балл бардык курстарда абдан окшош деңгээлде болуп, 1-курс үчүн 50,11, 4-курс үчүн 49,51 түзөт, жана айырмачылыктын таасиринин көлөмү дээрлик нөлгө барабар ($\eta^2 = 0{,}000$).

Анализдер көрсөткөндөй, шаңдуу жашоого умтулуу студенттердин курстарынын деңгээлинен көз каранды эмес жана убакыт менен маанилүү өзгөрбөйт. Студенттер университетте өтө турган убактысына карабастан, бул баалуулукка окшош деңгээлде маани беришет.

**Таблица: 3.3.9.7.** Ата-эненин билими жана шаңдуу жашоо

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей** | 50.0715 | 9.65115 | 0.456 (3) | 0.713 | Жок | 0.001 | Алсыз |
| **Экөө тең унив.+** | 50.0599 | 9.87226 | | | | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/ лицей-** | 49.8962 | 9.8339 | | | | | |
| **Энеси колледж/ лицей.- Атасы унив.+** | 49.1867 | 10.4313 | | | | | |

«Шаңдуу жашоо» фактору боюнча студенттердин апа-бала (ата-эне) билим деңгээлине жараша маанилүү айырмачылык табылган эмес (F(3)=0.456; p=0.713). Орточо баллдар төрт топто

теӊ абдан окшош болуп, айырмачылыктын таасир көлөмү өтө төмөн ($\eta^2$=0.001). Демек, студенттердин жашоодон кубаныч алуу, өзгөрүүлөрдү каалоо жана шыктануусу ата-эненин билим деңгээлинен көз каранды эмес. Кыскача айтканда, ата-эненин билим деңгээли бул баалуулуктун кабыл алышына таасир көрсөткөн негизги фактор эмес.

**Таблица: 3.3.9.8.** Бир туугандын саны жана шаңдуу жашоо

| **Бир туугандын саны** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **P** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 50.0879 | 11.34796 | 3.634 (4) | 0.006 | Жок | 0.007 | Алсыз |
| **1-2 бир тууган** | 49.6317 | 11.02275 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 49.4591 | 9.74295 | | | 5-6 бир тууган (-1.88900*) | | |
| **5-6 бир тууган** | 51.3481 | 8.6006 | | | 3-4 бир тууган (1.88900*) | | |
| **7ден көп** | 49.4570 | 10.23404 | | | Жок | | |

«Шаңдуу жашоо» фактору менен бир үй-бүлөдөгү бир туугандардын саны арасында статистикалык жактан маанилүү айырма табылган (F(4)=3.634; p=0.006). Бирок бул айырманын таасир күчү төмөн деңгээлде ($\eta^2$=0.007). Маалыматтарга ылайык, 5-6 бир тууганы бар студенттер бул баалуулукту эң жогорку орточо балл менен (51.35) бааласа, 3-4 бир тууганы барлар эң төмөн орточону көрсөтүшкөн (49.46). Games-Howell тестине ылайык, маанилүү айырма болгону ушул эки топто аныкталган. Демек, көп бир туугандуу үй-бүлөлөрдө өскөн адамдар динамикалуу жана активдүү жашоого көбүрөөк умтулушу мүмкүн деп ойлотот.

Бул бөлүмдөгү түшүнүктөр боюнча жүргүзүлгөн статистикалык анализдерде гана маанилүүлүк деңгээлине (p-мааниси) эмес, ошондой эле табылган айырманын практикадагы маанисин баалоо максатында таасир күчү (effect size) баалуулуктарына да көңүл бурулган. Таасир күчү – бир

өзгөрмөнүн экинчи өзгөрмөгө тийгизген таасиринин чоңдугун көрсөткөн сандык өлчөм. Бул чөйрөдө варианс анализдеринде колдонулган eta-squared ($\eta^2$) баалуулуктары Cohen (1988) тарабынан берилген классификацияга ылайык чечмеленет.

Cohen (1988) таасир күчүнүн классификациясына ылайык: $\eta^2 = 0.01$ – кичине таасир, $\eta^2 = 0.06$ – орто таасир, $\eta^2 = 0.14$ жана андан жогорку $\eta^2$ - чоң таасир катары эсептелет.

| Таасир этүүчү күчү | Cohen's d | Eta-squared ($\eta^2$) | Комментарий |
|---|---|---|---|
| **Кичинекей** | 0.20 | 0.01 | Таасир бар, бирок кичинекей |
| **Орто** | 0.50 | 0.06 | Орто деңгээлдеги таасир |
| **Чоң** | 0.80 | 0.14 | Күчтүү жана маанилүү таасир |

***Cohen, J. (1988***). Statistical Power Analysis for the Behavioral Sciences (2nd ed.). Hillsdale, NJ: Lawrence Erlbaum Associates, Publishers

Бул классификация, статистикалык жактан маанилүү деп табылган натыйжалардын практикалык жактан канчалык таасирдүү жана маанилүү экенин так түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

## Баалуулукту билдирген түшүнүктөр үчүн жүргүзүлгөн Varimax айлантуу фактордук анализдери жана алардын жыйынтыктарынын талдоосу

Изилдөөнүн 3-бөлүмүнүн 4-бөлүгүн түзгөн «Түшүнүктөргө тиешелүү баалуулуктардын камтыган тармактарын аныктоо үчүн, жалпы баалуулуктар бөлүмүндөй эле, маалыматтарды кайрадан Varimax ротациясы колдонулган фактордук анализге тарттык. Eigendeğer 1ден жогору критерийине ылайык, жалпы вариациянын 54,76% түшүндүргөн 13 фактордон турган чечим алынган».

Университетте билим алып жаткан жаштар бул түшүнүктөрдү кандай кабыл алышарын аныктоодо, алардын баалуулук түзүлүшүн аныктап көрсөтүүдө бизге маанилүү маалыматтарды берет. Бул түшүнүктөрдүн ар бири маанисине жараша түздөн-түз же кыйыр түрдө белгилүү бир баалуулукка

туура келет деп кабыл алынат. Бул түшүнүктөрдүн көпчүлүгү коомдордо расмий же расмий эмес институттар катары жашоосун улантып келет. Мисалы, кыргыз коомунда маанилүү орунду ээлеген **«калпак»** кыргыз маданиятынын конкреттүү бир символу жана баалуулугу болуп саналат. Улуттук баалуулуктардын бири болгон **«туу»** болсо, элдин жалпы баалуулуктарынын олуттуу символдорунун бири. Ошондой эле **«Парламент»** демократиялык коомдор үчүн жөн гана саясий институт болбостон, маанилүү баалуулуктарды чагылдырган расмий институттук түзүлүш болуп саналат.

**Таблица: 3.4.1.** (ФАКТОР 1): Салттуу символдор

| | **Орточо** | **SS** | **Жүктөмдөр** |
|---|---|---|---|
| **Фактор:1, Салттуу символдор** | | | |
| **Боз үй** | 3,78 | 1,02 | 0,70 |
| **«Манас»** | 4,04 | 0,97 | 0,68 |
| **Калпак** | 4,12 | 0,93 | 0,66 |
| **Чыңгыз Айтматов** | 4,13 | 0,87 | 0,61 |
| **Жети ата** | 4,15 | 0,97 | 0,61 |
| **Туу** | 4,22 | 0,95 | 0,56 |
| **Каада-салт** | 3,84 | 1,02 | 0,53 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,80 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 3,75 |
| ***Аныкталган варианс [%]*** | | | 6,70 |

Респонденттерден алынган маалыматтарга ылайык аныкталган биринчи фактор - «Салттуу символдор». Салттуу символдор түшүнүгү жалпы вариациянын 6,70% түшүндүрүп, Eigendeğer көрсөткүчү 3,75ти түзгөн. Бул фактордун карамагында боз үй, «Манас», калпак, жети ата жана туудан тышкары, көптөгөн баалуулуктардын алкагында түшүндүрүлгөн *Каада-ата (салт-санаа)* да орун алган. Ошондой эле бул фактордун ичинде кыргыз коомунда жөн гана жазуучу же ойчул болбостон, маанилүү баалуулук катары орун алган Чыңгыз Айтматовдун киргизилиши да абдан маанилүү көрүнүш болуп саналат.

**Боз үй** – кыргыздардын жана Орто Азиядагы түрк элдеринин салттуу көчмөн жашоо образынын көчмө үйү болуп

саналат. Боз үй жөн гана турак-жай эмес, ошол эле учурда үй-бүлөнүн биримдигинин, меймандостуктун жана көптөгөн коомдук ырым-жырымдардын борбору болуп эсептелет. Салттуу кыргыз коомунда үйлөнүү тойлор, аза күтүү жана маанилүү салтанаттар негизинен боз үйдүн ичинде өткөрүлөт. Боз үйдүн түндүгү кыргыз туусунда чагылдырылып, улуттук символго айланган[2]. «Манас» («Манас» ата) – Кыргызстандын көз карандысыздыгы менен коомдук биримдиги үчүн эң маанилүү символдордун бири. Ошондой эле ал баатырдыктын жана жамааттык идентүүлүктүн символу. «Манас» – эрдиктин, адилеттүүлүктүн, кыйышпастыктын жана акылмандыктын символу өңдүү баалуулуктун да символу болуп саналат. Эпос катары **«Манас» эпосу** дүйнөдөгү эң чоң эпос болуп эсептелет жана кыргыз элинин тарыхын, эрдик, кыйышпастык сыяктуу баалуулуктарын жана ишенимдерин оозеки түрдө муундан-муунга жеткирген чыгарма. Бүгүнкү күндө «Манас» улуттук идентүүлүктү кайра жаратууда негизги ролго ээ. **Калпак** – жөн гана баш кийим эмес, улуттук идентүүлүктүн жана маданий мурастын символу. **Жети ата** – ар бир кыргыздын ата-бабаларды таануу салтынын бир бөлүгү. Ал урууну билүүнү, ата-бабаларга урмат көрсөтүүнү жана коомдук тартипти сактоону көздөйт. Ошондой эле жети атаны билүү адамдын өздүгүн/идентүүлүгүн жана коом ичиндеги ордун түшүнүүгө жардам берет. **Каада-салт** – модерндешүүнүн натыйжасында таасири азайганы менен кыргыз коомунда алиге чейин маанилүү ролду ойнойт жана коомдук түзүлүштүн негизги элементтеринин бири катары мааниге ээ. **Чыңгыз Айтматов** – кыргыз адабиятынын залкар жазуучуларынын бири жана коомдук эс-тутумда маанилүү орунду ээлейт. Айтматов «Манкурт» түшүнүгү аркылуу адамдардын маданий тамырларынан ажырап калуу коркунучун

[2] Y. Ercan Gül, Kırgız Türklerinde "Boz Üy" (Çadır) Geleneği, https://www.altayli.net/kirgiz-turklerinde-boz-uy-cadir-gelenegi.html?utm_source=chatgpt.com

баса белгилеп, маданий иденттүүлүктү сактоону жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды өз чыгармаларында тең салмактуу чагылдырган. **Туу** – жамааттык иденттүүлүктүн, улуттук биримдиктин, эгемендүүлүктүн жана коомдук сезимдердин эң мыкты чагылдырган символдорунун бири. Ошондой эле ал элдер үчүн жалпы баалуулуктарга жана орток тарыхка болгон урмат-сыйдын белгиси болуп саналат.

Университеттен окуп жаткан кыргыз жаштарынын **салттуу символдорго** жогорку деңгээлде баа берүүсү, алардын коомго таандыктык сезимин, муундар арасындагы байланышын жана маданий туруктуулукка берген маани-мүнөзүн көрсөтүү жагынан өтө маанилүү болуп саналат.

**Таблица: 3.4.1.1.** Жыныс жана салттуу символдор

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Ort. farkı | Cohen's d Effect size | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 49,77 | 9,72 | -2,750 (2075) | ,006 | -1,26 | -,131 | Кичинекей |
| **Эркек** | 51,03 | 9,44 | | | | | |

**Levene тестинин жыйынтыгы**: p = 0,400 → Вариациялардын тең экени кабыл алынган.

Салттуу символдор фактору менен жыныстын ортосундагы байланышты аңдоо максатында жүргүзүлгөн t-тест анализи аялдар 49,77, эркектер 51,03 балл алганын көрсөттү. Эки топтун стандарттык четтөөсү бирдей деңгээлде (аялдар: 9,72; эркектер: 9,44). Бул бөлүнүүнүн бирдей өзгөрмөлүүлүктө экенин көрсөтөт. Анализде аял менен эркектердин салттуу символдор факторунун баллдарынын арасында статистикалык жактан маанилүү айырма бар экенин көрсөткөн (t=2,75; sd=2075; p=0,006). Эркектердин орточо баллы аялдарга караганда 1,26 баллга жогору. Айырманын таасирин баалоо үчүн жүргүзүлгөн Cohen's d тести -0,131 деп аныкталды. Бул деңгээл абдан төмөн таасир деңгээлин билдирет (Cohen, 1988). Натыйжада жыныс топторунун арасында статистикалык жактан маанилүү айырма бар болсо да, анын практикалык таасири маанилүү эмес экенин көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.1.2.** Ата-энесинин билими жана салттуу символдор

| Ата-энесинин билими | N | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/ лицей-** | 842 | 50,71 | 8,52 | 2,994 (3) | ,030 | 1-2 arası | 0,004 | Кичинекей |
| **Экөө тең унив.+** | 612 | 49,22 | 10,93 | | | | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 360 | 50,49 | 10,03 | | | | | |
| **Энеси колледж/ лицей- Атасы унив.+** | 191 | 50,04 | 9,23 | | | | | |

ANOVAнын жыйынтыктарына ылайык, ата-эненин билим деңгээли боюнча топтордун арасында "Салттуу символдордун" баллдары статистикалык жактан маанилүү айырма көрсөттү (F=2,994, p=0,030 < 0,05). Бул ата-энесинин билим деңгээли төмөн болгон студенттер салттуу символдор боюнча жогорку баллдарга ээ экенин көрсөтөт. Көптүк салыштыруу таблицасында *"Экөө тең орто мектеп"* тобунун салттуу символдор боюнча баллы *"Экөө тең университет"* тобуна караганда статистикалык жактан маанилүү жогору экенин көрсөтөт. Башка топтор арасында маанилүү айырма жок. Андан тышкары, таасирдин көлөмүн/таасир этүүчү күчтүн баалоо тестинин жыйынтыгы (Eta-squared = 0,004) абдан төмөн (Cohen, 1988). Натыйжада статистикалык мааниге ээ болсо да, практикалык жашоо чөйрөсүндөгү таасири чектелгенин билдирет.

**Таблица: 3.4.1.3.** Аймак жана салттуу символдор

| Аймак | | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | | 48,09 | 10,11 | 4,851 | ,001 | 1-4<br>1-5 | ,016 | Кичинекей |
| **Ош** | | 49,24 | 9,95 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | | 50,55 | 9,16 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | | 51,28 | 8,81 | | | | | |
| **Талас** | | 50,43 | 8,88 | | | | | |
| **Баткен** | | 50,70 | 7,64 | | | | | |
| **Нарын** | | 51,72 | 9,17 | | | | | |
| **Бишкек** | | 48,29 | 12,24 | | | | | |

**«Салттуу символдордун»** баллдары боюнча респонденттердин жашаган аймагына жараша статистикалык жактан маанилүү айырма бар экендиги аныкталган (F = 4,851, p = 0,001 < 0,05). Бул жагдай ар башка аймактарда жашаган университеттеги жаштардын салттуу символдорго маани берүүлөрү айырмаланарын көрсөтөт. Көптүк салыштырма анализдерине ылайык, айрыкча Чүй облусу менен айрым башка аймактардын ортосунда маанилүү айырмачылыктар байкалган. Мисалы, Чүй облусунун тобуна кирген жаштардын **«Салттуу символдор»** боюнча баллдары Ысык-Көл (M = 51,28), Нарын (M = 51,72) жана Баткен (M = 50,70) аймактарындагы респонденттерге салыштырмалуу статистикалык жактан төмөн экени аныкталган. Буга карабастан, Чүй (M = 48,09) жана Бишкек (M = 48,29) аймактары эң төмөн орточо баллдарга ээ. Социологиялык жактан алып караганда, салттуу символдорго карата берилгендик/маани берүүчүлүк айылдык аймактарда (Нарын, Ысык-Көл, Баткен) бир кыйла күчтүү экендиги байкалат.

**Таблица: 3.4.1.4.** Мурун жашаган жери жана салттык символдор

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 48,82 | 10,84 | 17,694 | ,001 | 1-3<br>2-3 | 0,017 | Кичинекей |
| **Шаарча** | 49,31 | 9,26 | | | | | |
| **Айыл** | 51,42 | 8,54 | | | | | |

Респонденттердин университетке окууга келгенге чейинки жашаган жерлери менен **«Салттуу символдорго берилген маанинин»** ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма табылган (F=17,694; p<.001). Орточо баллдарга караганда, айылда жашаган адамдар салттуу символдорго эң жогорку деңгээлде маани бергендиги (Орточо=51,42), андан кийинки орунда шаарчаларда жашагандар (Орточо=49,31), ал эми эң төмөн көрсөткүч шаарда жашагандарга (Орточо=48,82) таандык экени аныкталды. Бул жыйынтыктар айылда чоңойгон

жаштардын салттуу символдорго жана баалуулуктарга көбүрөөк берилгендигин/маани берерин, ал эми шаарлашуу бул берилгендикти/баалуулукту азайтарын көрсөтөт. Таасир көлөмүнө/таасир этүүчү күчүнө карасак (Eta-squared = 0,017), айырма статистикалык жактан маанилүү болгону менен, таасир деңгээли кичине деп бааланган. Демек, жашаган жер салттуу символдорго маани берүүдө чектелүү деңгээлде таасир эткен менен статистикалык жактан олуттуу ролду ойнойт.

**Таблица: 3.4.1.5.** Университет жана салттуу символдор

| **№** | **Университет** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Ош мамлекеттик университети** | 51,06 | 8,52 | 6,905 | ,001 | 11-1<br>11-3 | ,039 | Кичинекей |
| 2 | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 50,59 | 9,73 | | | 11-4<br>11-6 | | |
| 3 | **Баткен мамлекеттик университети** | 51,08 | 7,14 | | | 11-7<br>11-8 | | |
| 4 | **Нарын мамлекеттик университети** | 52,07 | 9,00 | | | 12-11ден башка баарысы | | |
| 5 | **Талас мамлекеттик университети** | 49,58 | 9,13 | | | | | |
| 6 | **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 51,34 | 8,71 | | | | | |
| 7 | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 51,05 | 8,77 | | | | | |
| 8 | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 51,26 | 8,97 | | | | | |
| 9 | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 50,05 | 9,96 | | | | | |
| 10 | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 51,01 | 9,37 | | | | | |
| 11 | **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 47,06 | 11,50 | | | | | |
| 12 | **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 44,69 | 11,95 | | | | | |
| 113 | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 50,48 | 10,09 | | | | | |

Студенттердин окуган университеттери менен «Салттуу символдорго берилген маани» деңгээли арасында да статистикалык жактан маанилүү айырмачылык аныкталган ($F = 6,905$; $p < .001$). Бул жыйынтык университетке жараша салттуу баалуулуктарга берилген маанинин өзгөрүп турушун көрсөтөт. Орточо көрсөткүчтөргө караганда, эң жогорку орточо баллга ээ университеттердин бири – Нарын мамлекеттик университети (Орт. = 52,07), ал эми эң төмөн орточо баллга ээ университеттер – Б.Н.Ельцин Кыргыз-Орус Славян университети (Орт. = 47,06) жана Борбор Азиядагы Америка университети (Орт. = 44,69). Бул жерде, өзгөчө Батыш борборлу же Россия таасириндеги университеттерде салттуу баалуулуктарга берилген маанинин төмөн экенин, ал эми регионалдык мамлекеттик университеттерде бул маанинин жогору экенин айтууга болот.

Маанилүү айырмачылыктын байкалган университеттер аралык эки тараптуу салыштыруу тестинде, өзгөчө Борбор Азиядагы Америка университетинин көптөгөн университеттерге салыштырмалуу төмөн балл алганын аныктоо мүмкүн болгон. Бул айырмачылыктар аталган университеттин окутуу тили, маданий атмосферасы, студенттердин социалдык келип чыгышы же баалуулук багыттары менен байланыштуу болушу мүмкүн.

Таасирдин көлөмү ($\eta^2 = 0,039$) аз болсо да, статистикалык маанилүүлүктүн болушу университеттер аралык маданий айырмачылыктардын баалуулук багыттарына таасир этиши мүмкүн экенин көрсөтөт. Бул контекстте университеттердин академиялык гана эмес, ошондой эле маданий социализация чөйрөсү экенин жана студенттердин баалуулук дүйнөсүн калыптандырууга таасир этерин айтууга болот.

**Таблица: 3.4.1.6.** Илим тармагы жана салттуу символдор

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50,26 | 9,61 | ,326 | ,722 | | | |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 49,89 | 9,58 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 50,29 | 10,02 | | | | | |

Изилдөөгө катышкан студенттердин билим алып жаткан илим тармагы боюнча Салттуу символдорго карата көз караштарында статистикалык жактан маанилүү айырма табылган жок. Үч категорияда да окшош деңгээлдеги баллдар алынган. Бул ар башка академиялык дисциплиналарда билим алган студенттердин салттуу баалуулуктарга караган көз карашы бирдей экенин билдирет. Орточо баллдарга караганда да бардык тармактар арасында кичине айырмачылыктар байкалды.

**Таблица: 3.4.1.7.** Курс жана салттуу символдор

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1-курс** | 50,64 | 9,30 | ,904 | ,438 | | | |
| **2-курс** | 49,94 | 9,71 | | | | | |
| **3-курс** | 50,20 | 9,68 | | | | | |
| **4-курс** | 49,66 | 10,18 | | | | | |

Студенттердин курстанынын деңгээли (1., 2., 3., 4.-курстар) менен «салттуу символдорго берилген маанинин» арасында статистикалык жактан маанилүү айырмачылык аныкталган эмес ($F = 0{,}904$; $p = 0{,}438$). Бул жыйынтык, окуу процессинде курстандын жогорулатылышы студенттердин салттуу баалуулуктарга карата мамилесин маанилүү деңгээлде өзгөртпөй турганын көрсөтөт.

Орточо көрсөткүчтөрдү караганда, эң жогорку орточо балл 1-курстун студенттерине тиешелүү (Орт. = 50,64), эң төмөнкү орточо балл 4-курстун студенттерине тиешелүү (Орт. = 49,66). Бирок бул айырмачылык аз деңгээлде болуп, статистикалык

жактан маанилүү эмес. Демек, курстун өсүшү менен салттуу баалуулуктарга берилген маанинин азайганы көрүнүп жатса да, бул айырмачылыктар кездемелик вариация катары бааланат.

**Таблица: 3.4.1.8.** Бир туугандын саны жана салттуу символдор

| Бир туугандын саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир туугany жок** | 47,49 | 11,53 | 7,763 | ,001 | 2-4<br>2-5 | ,015 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 48,38 | 11,35 | | | 3-5 | | |
| **3-4 бир тууган** | 50,10 | 9,40 | | | | | |
| **5-6 бир тууган** | 51,45 | 8,55 | | | | | |
| **7ден көп** | 51,78 | 8,11 | | | | | |

Студенттердин тууганадарынын саны менен «Салттуу символдорго берилген мааниси» деңгээли арасында статистикалык жактан маанилүү айырмачылык байкалган ($F = 7{,}763$; $p < .001$). Бул жыйынтык, индивиддин тууган саны салттуу баалуулуктарга болгон мамилесине таасир этиши мүмкүн экенин көрсөтөт. Орточо көрсөткүчтөргө караганда, туугандары көп болгондо салттуу символдорго берилген маанинин деңгээли да жогорулайт. Бир тууганы жок адамдардын орточо баасы эң төмөн деңгээлде (Орт. = 47,49) болсо, 7 жана андан көп туугандары бар адамдарда бул көрсөткүч эң жогорку деңгээлге жетет (Орт. = 51,78). Бул көрүнүш, чоң үй-бүлөдө өскөн адамдардын салттуу баалуулуктарга көбүрөөк маани беришин көрсөтөт.

Маанилүү айырмачылык өзгөчө төмөнкү топтор арасында байкалган: 2-4, 2-5 жана 3-5. Башкача айтканда, 1-2 тууганы бар адамдар менен 5-6 жана андан көп тууганы бар адамдар арасында салттуу баалуулуктарга берилген маани боюнча айырмачылыктар бар. Бирок таасирдин көлөмү (Eta-squared = 0,015) аз экенин көрсөтөт. Башкача айтканда, статистикалык жактан маанилүү болсо да, тууган саны салттуу баалуулуктарга практикалык таасир кылуу деңгээли боюнча чектелүү.

**Таблица: 3.4.2.** (ФАКТОР 2): Демократиялык институттар

| | **Орточо** | **SS** | **Жүктөмдөр** |
|---|---|---|---|
| **Фактор:2, Демократиялык институттар** | | | |
| **Саясий партия** | 3,40 | 1,09 | 0,78 |
| **Парламент** | 3,64 | 1,06 | 0,76 |
| **Шайлоо** | 3,81 | 1,09 | 0,70 |
| **Профсоюз** | 3,48 | 1,04 | 0,61 |
| **Милиция** | 4,07 | 0,93 | 0,61 |
| **Өкмөт** | 3,95 | 0,95 | 0,50 |
| *Cronbach Alfa* | | | 0,82 |
| *Eigendeğeri* | | | 3,44 |
| *Açıklanan Varyans [%]* | | | 6,14 |

Факторлук анализде "Демократиялык институттар" деген аталыштагы экинчи фактор студенттердин партия, парламент, шайлоо, профсоюз, милиция жана өкмөт сыяктуу институттарга берген баасын өлчөөдө колдонулган. Бул фактордун Кронбах Альфа көрсөткүчү 0.82 болуп, ички шайкештиги абдан жогору экендиги аныкталган. Фактордун өздүк мааниси 3.44, ал эми түшүндүрүлгөн дисперсия үлүшү 6.14% түзгөн. Бул болсо демократиялык институттар кыргыз университет жаштарынын баалуулуктар системасында маанилүү орунду ээлерин көрсөтөт.

Бул фактордо эң жогорку жүктөө мааниси менен "Партия" (0,78) жана "Парламент" (0,76) алдыга чыгууда, аларды "Шайлоо" (0,70), "Профсоюз" жана "Милиция" (экөө тең 0,61) ээрчиген. "Өкмөт" болсо жүктөм мааниси боюнча төмөнкү деңгээлде орун алган (0,50). Бул жагдай жаштардын саясий түзүлүштүн ар кандай элементтерине берген мааниси айырмаланарын жана айрыкча шайлоолорго жана мыйзам чыгаруу органына көбүрөөк маани беришерин айгинелейт.

Бул жерде көрсөтүлгөн институттар демократиялык коомдордо жөн гана башкаруу процессин эмес, ошондой эле демократиялык катышуунун жана башкарууда өкүлчүлүктүн чагылдырылышы болгон институционалдык жана баалуулук түзүлүштөрдү билдирет. Коомдо бул институттардын болушу

демократиянын иштеши жана демократиялык маданияттын бар болушу менен түздөн-түз байланыштуу.

Кыргыз жаштарынын демократиялык институттарга жогорку деңгээлде катышуусу, Кыргызстандагы демократия маданиятынын келечеги үчүн абдан маанилүү. Анткени жаштардын мындай баалуулуктарга ээ болушу – бул жөн гана жеке адамдын наркы эмес, ошондой эле коомдун келечеги үчүн катышуучу, эркиндикчил жана адилеттүү коомду чындоого кошкон салымы болуп саналат. Демократиялык баалуулуктар ар түрдүү көз караштарга, ишенимдерге жана жашоо образдарына түшүнүү менен мамиле кылууга өбөлгө түзөт жана чогуу жашоо маданиятынын өнүгүшүнө шарт жаратат.

**Таблица: 3.4.2.1.** Жыныс жана демократиялык институттар

| **Жынысы** | **Орточо** | **SS** | **t (sd)** | **p** | **Орт. айырма** | **Cohen's d** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 49,97 | 9,54 | -0.695 (2075) | 0,487 | -0,32405 | -0,033 | Кичиекей |
| **Эркек** | 50,3 | 10,38 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөлүүлүгү боюнча фактордук баллдар салыштырылганда, аялдардын орточо баллы 49,97 (SS = 9,54) болсо, эркектердин орточо баллы 50,3 (SS = 10,38) катары эсептелген. Экөөнүн ортосундагы айырма статистикалык жактан маанилүү эмес ($t(2075) = -0.695$; $p = 0.487$). Коэндин d көрсөткүчү -0.033 болуп, таасир көлөмү абдан төмөн деңгээлде экени аныкталган. Бул жагдай аял жана эркек студенттердин демократиялык институттарга берген мааниси жагынан окшош баалуулуктарга ээ экендигин көрсөтөт. Натыйжада саясий катышуу аң-сезими коомдук жыныс ролдорунан көрө көбүрөөк жеке мамилеге жана саясий социализация процессине байланыштуу болушу мүмкүн экенин ойлонтот.

**Таблица: 3.4.2.2.** Ата-эненин билими ve демократиялык институттар

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей** | 50.59 | 9.43 | 2.182 (3) | 0.088 | -<br>-<br>-<br>- | 0.003 | Кичинекей |
| **Экөө тең унив.+** | 49.92 | 9.85 | | | | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 49.06 | 10.52 | | | | | |
| **Энеси колледж/лицей.- Атасы унив.+** | 50.37 | 10.18 | | | | | |

Респонденттердин ата-энелеринин билим деңгээлине жараша “Демократиялык институттар” фактору боюнча олуттуу айырмачылык табылган эмес (F(3) = 2.182; p = 0.088). Орточо баллдар ата-энесинин экөө тең орто мектептен төмөн билими барлардын арасында 50.59 менен эң жогорку деңгээлде чыккан. Ата-энесинин экөө тең университетти бүтүргөндөрдө бул көрсөткүч 49.92, болгону апасы университет бүтүргөндөрдө 49.06, болгону атасы университет бүтүргөндөрдө болсо 50.37 болуп өлчөнгөн.

Eta-squared көрсөткүчү 0.003 болуп, абдан төмөн деңгээлдеги таасирди көрсөттү. Бул табылгалар ата-эненин билим деңгээли университет жаштарынын демократиялык институттарга берген маанисине олуттуу же күчтүү таасир этпей турганын айгинелейт. Башкача айтканда, студенттердин демократиялык институттарга карата баалуулуктары ата-энесинин билим деңгээлинен көз карандысыз калыптанууда.

**Таблица: 3.4.2.3.** Аймак жана демократиялык институттар

| Bölge | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма (Games-Howell) | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 49.67 | 10.21 | 8.574 (7) | 0.000 | Чүй-Баткен: -4.01130*, Ысык-Көл-Жалал-Абад: -3.51124*, Ысык-Көл-Баткен: -6.06459*, Талас-Баткен: -3.89851*, Баткен-Нарын: 4.61899*, Баткен-Бишкек: 3.76668* | 0.028 | Кичинекей |
| **Ош** | 50.37 | 10 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 51.12 | 8.72 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 47.61 | 10.99 | | | | | |
| **Талас** | 49.78 | 9.15 | | | | | |
| **Баткен** | 53.68 | 8.24 | | | | | |
| **Нарын** | 49.06 | 9.99 | | | | | |
| **Бишкек** | 49.91 | 9.84 | | | | | |
| **Жалпы** | 50.07 | 9.81 | | | | | |

Респонденттердин университетке чейинки жашаган аймактарына ылайык «Демократиялык институттар» фактору боюнча баллдары маанилүү айырмачылыктарды көрсөттү ($F(7) = 8.574$; $p < .001$). Эң жогорку орточо балл Баткен аймагына таандык (53.68), эң төмөнү болсо Ысык-Көл аймагында (47.61) байкалган. Games-Howell тестинин натыйжаларына ылайык, өзгөчө Баткен аймагы менен Чүй, Ысык-Көл, Талас, Нарын жана Бишкек аймактарынын ортосунда маанилүү айырмачылыктар белгиленген.

Eta-squared баалуулугу 0.028 болуп, бул айырманын таасиринин кичине деңгээлде экенин көрсөтөт. Демек, аймактык айырмачылыктар студенттердин демократиялык институттарга берген баалуулуктарында статистикалык жактан маанилүү болсо да, практикалык таасири чектелген. Өзгөчө Баткен аймагынан келген жаштар демократиялык институттарга жогорку мааниге ээ экенин айтууга болот.

**Таблица: 3.4.2.4.** Мурун жашаган жери жана демократиялык институттар

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 49.98 | 10.00 | 0.219 (2) | 0.804 | Жок | 0.000 | Кичинекей |
| **Шаарча** | 49.83 | 9.41 | | | Жок | | |
| **Айыл** | 50.21 | 9.76 | | | Жок | | |

Респонденттердин университетке чейинки жашаган жерине ылайык «Демократиялык институттар» фактору боюнча баллдары статистикалык жактан маанилүү айырмачылыкты көрсөтүлгөн жок (F(2) = 0.219; p = 0.804). Орточо баллдар шаарда жашагандар үчүн 49.98, шаарчада жашагандар үчүн 49.83, ал эми айылда жашагандар үчүн 50.21 болуп эсептелген.

Eta-squared баалуулугу 0.000 болуп, таасиринин абдан аз экенин көрсөтөт. Бул натыйжа университеттеги студенттердин демократиялык институттарга берген баалуулуктары алардын мурдагы жашаган жеринен көз карандысыз окшош экенин көрсөтүп турат. Кыскача айтканда, шаарча-шаар айырмасы бул баалуулук өлчөмүндө чечүүчү фактор эмес.

**Таблица: 3.4.2.5.** Университет жана демократиялык институттар

| № | Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Ош мамлекеттик университети | 50.23 | 10.09 | 8.351 (12) | 0.000 | 3 | 0.046 | Кичинекей |
| **2** | Жалал-Абад мамлекеттик университети | 52.02 | 8.28 | | | 5, 6, 7, 13 | | |
| **3** | Баткен мамлекеттик университети | 53.76 | 8.50 | | | 1, 4, 5, 6, 7, 9, 13 | | |
| **4** | Нарын мамлекеттик университети | 48.66 | 10.18 | | | 3, 10 | | |
| **5** | Талас мамлекеттик университети | 48.79 | 8.99 | | | 2, 3, 10 | | |
| **6** | К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети | 47.03 | 11.04 | | | 2, 3, 8, 10, 11, 12 | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **7** | Кыргыз-Түрк «Манас» университети | 47.48 | 10.62 | | | 2, 3, 10, 12 | | |
| **8** | Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети | 51.10 | 8.68 | | | 6, 13 | | |
| **9** | И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы | 49.68 | 8.64 | | | 3 | | |
| **10** | К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети | 52.31 | 8.24 | | | 4, 5, 6, 7, 13 | | |
| **11** | Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус славян университети | 51.16 | 10.04 | | | 6, 13 | | |
| **12** | Борбордук Азиядагы Америка университети | 51.92 | 9.38 | | | 6, 7, 13 | | |
| **13** | И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети | 46.94 | 11.48 | | | 2, 3, 8, 10, 11, 12 | | |

Изилдөөгө ылайык, студенттер окуган университеттерге жараша «Демократиялык институттар» фактору боюнча баллдар арасында статистикалык маанилүү айырмачылык байкалган ($F(12) = 8.351$; $p < .001$). Эң жогорку орточо балл Баткен мамлекеттик университетинде (53.76), эң төмөнкү балл И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде (46.94) аныкталган.

Көптүк салыштыруу анализдеринде Баткен университети менен башка университеттер арасында маанилүү айырмачылыктар байкалган. Айрыкча Талас, «Манас», Ысык-Көл жана Раззаков университеттеринин орточо баллдары төмөн экенине көңүл бурулган.

Eta-squared баалуулугу 0.046 болуп, кичине деңгээлдеги таасирди көрсөтөт. Бул университеттер аралык айырмачылыктардын статистикалык жактан маанилүү экенин, бирок таасир күчү чектелүү экенин билдирет. Ошол эле учурда, университеттин жайгашкан аймагы, окуу тили, институттун маданияты жана студенттердин профили сыяктуу факторлор демократиялык баалуулуктарга болгон мамилеге таасир эте алат деп айтууга болот.

**Таблица: 3.4.2.6.** Илим тармагы жана демократиялык институттар

| **Илим тармагы** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.58 | 9.4 | 4.715 (2) | 0.009 | Коомдук илимдер-Табигый жана инженерия илимдери | 0.005 | Кичинекей |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 49.08 | 10.48 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 50 | 9.96 | | | | | |

Студенттер окуган илим багыттарына жараша «Демократиялык институттар» фактору боюнча баллдар арасында статистикалык маанилүү айырмачылык байкалган ($F(2) = 4.715$; $p = 0.009$). Коомдук илимдер студенттери (Орточо = 50.58), Табигый жана инженердик илимдер студенттерине (Орточо = 49.08) салыштырмалуу демократиялык институттарга жогорку деңгээлде маани беришет. Саламаттык сактоо илимдеринин студенттери орто деңгээлде (Орточо = 50.00) орун алган. Бул айырмачылык, көп учурда Коомдук илимдердин мазмуну саясат, укук жана коомдук структуралар менен көбүрөөк байланыштуу болуусунан келип чыгышы мүмкүн.

Eta-squared ($\eta^2$) баалуулугу 0.005 болуп, айырмачылыктын таасиринин кичине экенин көрсөтөт. Бул, ар кандай академиялык дисциплиналардагы студенттердин демократиялык баа-

луулуктарга болгон сезимталдыгы кээ бир деңгээлде айырмаланарын, бирок айырмачылыктын чектелген экенин билдирет. Коомдук илимдердин окуусу жеке адамдарда демократиялык аң-сезимди жана институттарга болгон сезимталдыкты салыштырмалуу көбүрөөк өнүктүрө алаары айтылат.

**Таблица: 3.4.2.7.** Курс жана демократиялык институттар

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 50.68 | 9.68 | 3.07 (3) | 0.027 | 1-4 ($p < 0.05$) | 0.004 | Кичинекей |
| **2** | 50.28 | 9.56 | | | | | |
| **3** | 49.79 | 10.17 | | | | | |
| **4** | 48.65 | 10.06 | | | | | |

Маанилүү айырма: 1-курс менен 4-курс арасында маанилүү айырма бар (Орточо айырма = 2.02803, $p < 0.05$).

Студенттердин окуган курстарына жараша демократиялык институттарга берген маани берүү деңгээли арасында статистикалык маанилүү айырмачылык байкалган ($F(3) = 3.07$; $p = 0.027$). Эң жогорку орточо көрсөткүч 1-курстагы студенттерде (50.68), эң төмөнкү орточо көрсөткүч болсо 4-курстагы студенттерде (48.65) байкалган. Маанилүү айырмачылык, өзгөчө 1- жана 4-курстар арасында көрсөтүлгөн.

Бул, университетке жаңы кабыл алынган студенттер демократиялык институттарга карата көбүрөөк идеалисттик жана позитивдүү мамиледе экенин, ал эми жогорку курстарда бул кабылдоо убакыт өтүшү менен азайышы мүмкүн экенин көрсөтөт. Бул өзгөрүү университеттик жашоодо жолугушкан реалдуулуктарга, коомдук институттарга байланыштуу үмүтсүздүктөргө же саясий-коомдук сын-пикирлердин көбөйүшүнө байланыштуу болушу мүмкүн.

Таасирдин көлөмү кичине деңгээлде ($\eta^2 = 0.004$), демек курстун деңгээли статистикалык жактан маанилүү болсо да, жалпы тенденцияга чектелген таасир этет.

**Таблица: 3.4.2.8.** Бир туугандын саны жана демократиялык институттар

| Бир туугандын саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 51.52 | 10.79 | 1.014 (4) | 0.399 | Жок | 0.002 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 50.56 | 9.84 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 49.67 | 9.92 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 50.17 | 9.56 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 50.69 | 9.49 | | | Жок | | |

Респонденттердин бир туугандардын санына карата демократиялык институттарга берген баасы статистикалык жактан маанилүү айырма көрсөтпөйт ($F(4) = 1.014$; $p = 0.399$). Орточо баллдар бири-бирине абдан жакын жана айкын тенденция байкалбайт. Эң жогорку орточо бир тууганы жоктордо (51.52), эң төмөнкү орточо 3-4 бир тууганы барларда (49.67) аныкталган, бирок бул айырма статистикалык жактан маанилүү эмес.

Eta-squared көрсөткүчү 0.002 болуп, таасирдин көлөмү абдан кичинекей. Бул натыйжа үй-бүлөдөгү бир туугандардын саны демократиялык бааларга болгон мамилени аныктоочу роль ойнобойт экенин көрсөтүп турат. Кыскача айтканда, демократиялык институттарга берилген баа жеке же социалдык-маданий башка факторлор менен формалашаарын билдирет.

**Таблица: 3.4.3.** (ФАКТОР: 3). Адеп-ахлактык жүрүм-турумдар

| | Орточо | SS | Жүктөмдөр |
|---|---|---|---|
| **Фактор:3, Адеп-ахлактык жүрүм-турумдар** | | | |
| **Тарбия** | 4,79 | 0,48 | 0,73 |
| **Тазалык** | 4,74 | 0,51 | 0,68 |
| **Жоопкерчилик** | 4,68 | 0,63 | 0,64 |
| **Жөнөкөйлүк** | 4,55 | 0,73 | 0,58 |
| **Ден соолук** | 4,86 | 0,42 | 0,51 |
| **Сый** | 4,63 | 0,61 | 0,51 |
| **Сабырдуулук** | 4,51 | 0,72 | 0,46 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,76 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 3,20 |
| ***Аныкталган вариация [%]*** | | | 5,71 |

Факторлук анализде үчүнчү фактор “Адеп-ахлактык жүрүм-турумдар” (Фактор:3) деп аталды. Бул фактор кыргыз университет жаштары арасында жогорку деңгээлде бааланган жети негизги баалуулукту камтыйт: тарбия, тазалык, жоопкерчилик, жөнөкөйлүк, саламаттык, урмат-сый жана сабырдуулук. Бул баалуулуктардын орточо маанилери жалпы жогорку (4,51ден 4,86га чейин) жана стандарттык четтөөсү төмөн болушу, респонденттердин бул адамгерчиликтүү мамилелерге чоң маани берип жатканын көрсөтөт. Эң жогорку орточо саламаттык (4,86), эң төмөн орточо болсо сабырдуулук (4,51) боюнча байкалган. Факторлук жүктөмдөр .46 менен .73 ортосунда өзгөрүп, өзгөрмөлөрдүн ушул факторлдо маанилүү түрдө топтолуп турганын көрсөтөт. Факторлун ишенимдүүлүгү Cronbach Alpha көрсөткүчү 0.76 болуп эсептелген, бул факторлун ички туруктуулугу жетиштүү деңгээлде экенин көрсөтөт. Мындан тышкары, бул фактор жалпы вариациянын %5,71ин түшүндүрөт жана факторлун өздүгү (Eigendeğeri) 3,20.

Бул билдирүүдө каралган түшүнүктөргө карасак, алар жөн гана жеке инсандык жакшы сапаттар эмес, ошондой эле коомдун биримдигин жана тартипти сактоого көмөктөшкөн нормативдик принциптер болуп эсептелет. Алар коомдун адамгерчиликтүү тартибин, күнүмдүк жашоо нормаларын жана адамдар ортосундагы мамилелердин сапатын аныктаган негизги социалдык баалуулуктардын маанилүү бөлүгүн түзөт. Ошондуктан бул баалуулуктар коомдук тартиптин туруктуулугун, жалпы жашоо маданиятын жана адамгерчиликтүү түзүлүштү аныктоодо өтө маанилүү ролду ойнойт. Индивиддер бул баалуулуктарды кабыл алганы сайын, коомдук тартип, эмпатия, коомдук кызматташтык жана гармония өнүгөт.

Бул баалуулуктар өнүкпөгөн коомдордо моралдык, социалдык жана структуралык бүтүндүк олуттуу зыянга учурайт жана ылдам коомдук бузулуу менен бетме-бет калат. Анткени бул баалуулуктардын коомдо жетишсиздиги жөн гана индивиддерге эмес, ошондой эле коомду бириктирген байланыштарды да алсыздантат.

**Таблица: 3.4.3.1.** Жыныс жана адеп-ахлактык жүрүм-турумдар

| Жынысы | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50,71 | 8,48 | 3.959(2075) | 0,000 | 1,72474 | 0,188 | Кичинекей |
| **Эркек** | 48,98 | 10,53 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөлүүлүгү менен **"Адеп-ахлактык жүрүм-турумдар"** факторунун ортосундагы байланышты изилдөө максатында жүргүзүлгөн көз каранды эмес топтордун t-тестинин жыйынтыктарына ылайык, аял респонденттердин (Орточо = 50,71, Стандарттык четтөө = 8,48) адеп-ахлактык жүрүм-турумдарга берген баасы эркектерге караганда (Орточо = 48,98, Стандарттык четтөө = 10,53) статистикалык жактан маанилүү түрдө жогору болгон. Бул айырма статистикалык жактан маанилүү ($t(2075)=3.959$, $p<.001$). Бирок таасир көлөмү Cohen's $d=0.188$ менен чакан деңгээлде болуп, жыныстын адеп-ахлактык жүрүм-турумдарга тийгизген таасири чектелүү экенин көрсөтөт. Бул жыйынтыктар, университеттик кыргыз жаштары арасында адеп-ахлактык баалуулуктарга чоң маани берилип жатканын жана бул баалуулуктарга болгон берилгендик айрыкча аял респонденттердин арасында жогору экенин көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.3.2.** Ата-эненин билими жана адеп-ахлактык жүрүм-турум

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/ лицей-** | 49.80 | 9.74 | 0.643 (3) | 0.587 | - | 0.001 | Кичинекей |
| **Экөө тең унив.+** | 50.13 | 8.84 | | | - | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 50.56 | 8.75 | | | - | | |
| **Энеси колледж/ лицей- Атасы унив.+** | 50.37 | 9.31 | | | - | | |

Анализдин натыйжасы адеп-ахлактык жүрүм-турумдар фактору менен ата-эненин билим деңгээлинин ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма жок экенин көрсөтүп турат ($F(3) = 0.643$, $p = 0.587$). Башкача айтканда, студенттердин адеп-ахлактык жүрүм-турумдары ата-эненин билим деңгээлине жараша өзгөрбөйт. Мындан тышкары, таасирдин көлөмү Eta-squared ($\eta^2 = 0.001$) көрсөткүчү абдан төмөн, бул ата-эненин билим деңгээли адеп-ахлактык жүрүм-турумдарга тийгизген таасири дээрлик жок экенин билдирет. Cohen (1988) классификациясына ылайык, бул таасир кичинекей деңгээлде деп бааланат.

**Таблица: 3.4.3.3.** Аймак жана адеп-ахлактык жүрүм-турум

| Аймак | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма (Games-Howell) | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 50.42 | 9.74 | 4.229 (7) | 0.000 | Ош-Баткен: 3.76955*, Жалал-Абад-Баткен: 3.12828*, Талас-Баткен: 3.93869* | 0.014 | Кичинекей |
| **Ош** | 51.22 | 8.67 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 50.58 | 8.78 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 50.11 | 8.73 | | | | | |
| **Талас** | 51.39 | 7.36 | | | | | |
| **Баткен** | 47.45 | 11.68 | | | | | |
| **Нарын** | 50.51 | 8.77 | | | | | |
| **Бишкек** | 49.68 | 9.38 | | | | | |

ANOVAнын жыйынтыгы “Адеп-ахлактык жүрүм-турумдар” фактору менен студенттердин университетке чейин жашаган аймагынын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктар бар экенин көрсөттү (F(7) =

4.229, p = 0.000). Бул табылга студенттердин адамгерчиликтүү мамилелер деңгээли алардын келип чыккан аймагына жараша өзгөрөрүн ачып көрсөтөт.

Post-hoc анализ катары колдонулган Games-Howell тестине ылайык, маанилүү айырмачылыктар төмөнкү аймактар арасында аныкталды:

- ➢ Ош-Баткен: Ош аймагынан келген студенттердин адеп-ахлактык жүрүм-турумдары боюнча баллдары Баткенге караганда статистикалык жактан маанилүү жогору (айырма 3.77).
- ➢ Жалал-Абад-Баткен: Жалал-Абаддын студенттери да Баткенге салыштырмалуу статистикалык мааниде жогору баллга ээ (айырма 3.13).
- ➢ Талас-Баткен: Талас аймагынан келген студенттердин баллдары да Баткенге караганда статистикалык жактан маанилүү жогору (айырма 3.94).

*Аймактардын орточо баллдарына караганда:*

➢ Эң төмөн орточо балл Баткен аймагында байкалган (Орт. = 47.45).

- ➢ Эң жогорку орточо баллдар Талас (51.39) жана Ош (51.22) аймактарында аныкталган.

Eta-squared мааниси 0.014 болуп, бул таасирдин көлөмү кичине деңгээлде деп бааланат. Башкача айтканда, аймактык айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү болсо да, “Адеп-ахлактык жүрүм-турумдарга” тийгизген таасири чектелүү.

**Таблица: 3.4.3.4.** Мурун жашаган жери жана адеп-ахлактык жүрүм-турумдар

| **Мурун жашаган жери** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 50.24 | 09.02 | 0.714 (2) | 0.490 | Жок | 0.001 | Өтө кичинекей |
| **Шаарча** | 49.54 | 9.10 | | | Жок | | |
| **Айыл** | 50.29 | 9.35 | | | Жок | | |

“Мурун жашаган жери” (шаар, шаарча, айыл) менен “Адеп-ахлактык жүрүм-турум” факторунун ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма жок ($F(2) = 0.714$, $p = 0.490$). Бул жыйынтык студенттердин мурда жашаган жерлери (шаар, шаарча же айыл) алардын адеп-ахлактык мамилесине олуттуу таасир этпей турганын көрсөтөт. Eta-squared ($\eta^2$) көрсөткүчү 0.001 болуп, абдан кичинекей таасир көлөмүн көрсөтөт. Бул болсо мурда жашаган жер студенттердин адеп-ахлактык баалуулуктарга болгон мамилесин түшүндүрүүдө өтө чектелген роль ойной турганын билдирет.

**Таблица: 3.4.3.5.** Университет жана адеп-ахлактык жүрүм-турумдар

| **№** | **Университет** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **Ош мамлекеттик университети** | 50,6 | 9,16 | 4.457 (12) | 0.000 | 3 | 0.025 | Кичинекей |
| **2** | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 50,85 | 7,9 | | | 3 | | |
| **3** | **Баткен мамлекеттик университети** | 46,45 | 12,06 | | | 1, 2, 4, 5, 7, 8, 9, 11, 13 | | |
| **4** | **Нарын мамлекеттик университети** | 50,94 | 8,2 | | | 3 | | |
| **5** | **Талас мамлекеттик университети** | 52,37 | 7,09 | | | 3, 6, 12 | | |
| **6** | **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 48,85 | 8,89 | | | 5 | | |
| **7** | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 50,57 | 7,8 | | | 3 | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **8** | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 50,81 | 8,45 | | | 3 | | |
| **9** | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 51,07 | 8,65 | | | 3 | | |
| **10** | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 50,19 | 9,69 | | | | | |
| **11** | **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус славян университети** | 50,74 | 9,66 | | | 3 | | |
| **12** | **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 48,12 | 9,96 | | | 5 | | |
| **13** | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 50,64 | 9,87 | | | 3 | | |

“Адеп-ахлактык жүрүм-турум” фактору менен студенттер окуган университеттердин ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктар табылды (F(12) = 4.457, p = 0.000). Бирок Eta-squared ($\eta^2$) мааниси 0.025 болуп, бул айырмачылыктын таасир көлөмү чакан деңгээлде экенин көрсөтөт.

Маалыматтарга ылайык, орточо көрсөткүчтөрдүн ортосундагы көңүл бурдурган айырмачылыктар төмөнкүчө:

- Эң төмөн орточо көрсөткүч Баткен мамлекеттик университетине тиешелүү (Орточо = 46,45). Бул университет дээрлик бардык башка университеттер менен салыштырганда статистикалык жактан маанилүү түрдө төмөн адеп-ахлактык жүрүм-турум баллына ээ.
- Эң жогорку орточо көрсөткүч Талас мамлекеттик университетине тиешелүү (Орточо = 52,37). Бул университет Баткен (3), Ысык-Көл (6) жана Борбордук Азиядагы Америка университети (12) менен статистикалык жактан маанилүү айырмачылыкты көрсөтөт.

- Башка университеттер жалпы эсепте 50дүн айланасында топтолуп, кичине айырмачылыктар менен бири-биринен бөлүнүп турат.

Бул жыйынтыктар университеттердин билим берүү чөйрөсү, баалуулуктарды жеткирүү ыкмасы, маданий атмосферасы же студенттердин профили сыяктуу факторлор студенттердин ахлактык мамилелерине белгилүү бир деңгээлде таасир эте аларын көрсөтүп турат. Айрыкча Баткен мамлекеттик университетинин студенттеринин башка университеттерге салыштырмалуу ахлактык мамиле баллынын төмөн болушу – бул университеттин социалдык чөйрөсү, студенттик курамы же баалуулуктарды берүү жагынан айырмачылыктары болушу мүмкүн экенин ойлонтот.

**Таблица: 3.4.3.6.** Илим тармагы жана адеп-ахлактык жүрүм-турумдар

| **Илим тармагы** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.65 | 8.91 | 4.225 (2) | 0.015 | Коомдук илимдер-Табигый жана инженерия илимдери | 0.004 | Кичинекей |
| **Табигый жана инжеренерия илимдери** | 49.35 | 9.63 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 49.83 | 9.38 | | | | | |

“Адеп-ахлактык жүрүм-турумдар” фактору менен студенттер окуган илим тармактарынын (коомдук илимдер, табигый илимдер жана инженерия, саламаттыкты сактоо илимдери) ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма бар ($F(2)=4.225$, $p = 0.015$). Маанилүү айырма өзгөчө коомдук илимдер менен табигый илимдер жана инженерия багытындагы топтордун ортосунда аныкталган.

Коомдук илимдер багытындагы студенттердин орточо баллы (Орточо = 50.65) табигый илимдер жана инженерия багытындагы студенттерге караганда жогору (Орточо=49.35).

Ал эми саламаттык сактоо тармагындагы студенттер орточо эсеп менен (49.83) бул эки топтун ортосунда орун алат, бирок статистикалык жактан маанилүү айырма байкалган эмес. Ошондой эле Eta-squared ($\eta^2$)=0.004 болуп, бул айырмачылыктын таасир көлөмү төмөн экенин көрсөтөт.

Жыйынтыгында коомдук илимдер багытында билим алып жаткан студенттердин моралдык баалуулуктарга көбүрөөк басым жасоого ыктаарын көрсөтөт. Бул көрүнүш коомдук илимдер багытындагы билим берүү мазмунунда этика, баалуулуктар, коомдук жоопкерчилик жана адам аралык мамилелерге көбүрөөк көңүл бурулушу менен байланыштуу болушу мүмкүн. Ал эми табигый илимдер жана инженерия тармактарында техникалык жана функционалдык багытка көбүрөөк басым жасалганы моралдык баалуулуктардын үйрөтүлүшүндө кыйыр, кыйла чектелген роль ойношун шартташы мүмкүн.

**Таблица: 3.4.3.7.** Курс жана адеп-ахлактык жүрүм-турумдар

| **Sınıf** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49.78 | 9.68 | 0.796 (3) | 0.496 | Жок | 0.001 | Кичинекей |
| **2** | 50.52 | 8.92 | | | | | |
| **3** | 50.04 | 9.17 | | | | | |
| **4** | 50.32 | 8.86 | | | | | |

“Адеп-ахлактык жүрүм-турумдар” фактору менен студенттердин университеттеги курстук деңгээлдеринин ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма жок экени байкалууда ($F(3) = 0.796$, $p = 0.496$). Бул баллдар студенттердин адеп-ахлактык мамилелери университет учурунда туруктуу сакталат жана курстун жогорулашы менен маанилүү өзгөрүү болбой турганын көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.3.8.** Бир туугандын саны жана адеп-ахлактык жүрүм-турумдар

| Бир туугандын саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 48.69 | 11.14 | 1.322 (4) | 0.259 | Жок | 0.003 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 49.93 | 9.47 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 50.02 | 9.36 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 50.86 | 8.46 | | | Жок | | |
| **7 жана андан ашык** | 49.57 | 9.45 | | | Жок | | |

«Адеп-ахлактык жүрүм-турум» фактору менен студенттердин бир тууганларынын санынын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма аныкталган жок ($F(4) = 1.322$, $p = 0.259$). Орточо баллдар бири-бирине абдан жакын болуп, айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү эмес деп табылды. Бул жыйынтык адамдын адеп-ахлактык мамилеси бир туугандарынын санынан көз каранды болбой, өз алдынча калыптана жүрүм-турум экенин көрсөттү.

**Таблица: 3.4.4.** (ФАКТОР: 4). Диний түшүнүктөр

| | Орточо | SS | Жүктөмдөр |
|---|---|---|---|
| **Фактор:4, Диний түшүнүктөр** | | | |
| **Дин** | 4,49 | 0,94 | 0,81 |
| **Адал** | 4,51 | 0,89 | 0,76 |
| **Мечит** | 4,30 | 0,95 | 0,73 |
| **Ыйман** | 4,53 | 0,86 | 0,68 |
| **Ак сакалдар** | 3,78 | 1,04 | 0,43 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,83 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 3,13 |
| ***Açıklanan Varyans [%]*** | | | 5,59 |

4-орундагы фактор “Диний түшүнүктөр” деп аталып, анын Eigendeğeri 3,13 болуп, жалпы дисперсиянын 5,59%ын түшүндүрөт. Бул фактордун алкагында дин, адал, мечит, ыйман сыяктуу диний негизги элементтер камтылса, кыргыз коомунда маанилүү салттуу институт катары эсептелген Ак сакалдын да чыгышы өзгөчө көңүл бурууга туура келет.

Бул фактордун алкагында жогорку фактордук жүктөмгө ээ болгон түшүнүктөр төмөнкүлөр: “Дин” (жүктөмү: 0,81), “Адал” (0,76), “Мечит” (0,73), “Ыйман” (0,68) жана “Аксакалдар” (0,43).

Бул түшүнүктөрдүн баары адамдын диний сезимталдыгын жана диндин күнүмдүк жашоодогу ролун чагылдырат. Фактордун Кронбах Альфа көрсөткүчү 0,83 болуп, бул берилип жаткан билдирмелердин ички шайкештиги жогору экенин көрсөтөт.

Бул фактордо камтылган түшүнүктөр коомдо жалаң гана жеке диний баалуулуктарды эмес, ошол эле учурда коомдук тартипти, ахлактык нормаларды, коомдук жашоо образын жана жалпы иденттүүлүктү аныктоочу маанилүү күчкө ээ болгон кээ бир баалуулуктарды да камтыйт. Ошондой эле, бул баалуулуктар жеке ишенимдерге гана тиешелүү эмес. Алар маанилүү коомдук функцияларга ээ болуп, коомдогу жүрүм-турум үлгүлөрүн, баа берүү критерийлерин жана ынтымак формаларын калыптандырууда да чоң роль ойношот.

**Таблица: 3.4.4.1.** Жыныс жана диний түшүнүктөр

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Effect size |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50,61 | 8,58 | 1.439(2075) | 0,150 | 0,61613 | 0,068 | Кичинекей |
| **Эркек** | 49,99 | 9,9 | | | | | |

Бул фактордун жынысына жараша бөлүштүрүлүшү каралганда, кыз студенттердин орточо көрсөткүчү 50,61, ал эми эркек студенттердики 49,99 деп табылган. Кыздар тарапка ооп турган айырма байкалганы менен, бул айырма статистикалык жактан маанилүү эмес ($t(2075) = 1,439$, $p = 0,150 > 0,05$). Ошондой эле Cohen's d көрсөткүчү 0,068 болуп, бул айырманын таасир көлөмү өтө төмөн деңгээлде экенин көрсөтөт. Башкача айтканда, жыныстын диний түшүнүктөргө берилген мааниге олуттуу таасири жок экендиги аныкталган.

**Таблица: 3.4.4.2.** Ата-энесинин билими жана диний түшүнүктөр

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей** | 51.64 | 7.36 | 18.139 (3) | 0.000 | Экөө тең унив.+ *, Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей- *, Энеси колледж/лицей.- Атасы унив.+ * | 0.026 | Кичинекей |
| **Экөө тең университет** | 48.22 | 10.64 | | | Экөө тең колледж/лицей * | | |
| **Энеси унив.+Атасы колледж/лицей-** | 50.98 | 9.25 | | | Экөө тең колледж/лицей * | | |
| **Энеси колледж/лицей- Атасы унив.+** | 50.56 | 8.65 | | | Экөө тең колледж/лицей * | | |

Жаштардын апасы менен атасынын билим деңгээлине жараша диний түшүнүктөргө берген мааниси боюнча статистикалык жактан маанилүү айырмалар аныкталган ($F(3) = 18.139$, $p = 0.000 < 0.05$). Бул айырманын таасир көлөмү $\eta^2 = 0.026$ болуп, Коэндин классификациясы боюнча бул айырманын таасири чакан деңгээлде деп айтууга болот.

Салыштыруу анализдерине ылайык, "Ата-энесинин экөө тең орто мектептен төмөн билим деңгээлине ээ болгон" жаштардын диний түшүнүктөргө берген мааниси статистикалык жактан маанилүү түрдө жогору деп табылган (Орточо = 51,64). Бул топ башка бардык топтордон – тактап айтканда, ата-энесинин экөө тең жогорку билимдүү болгон (Орточо = 48,22), апасы жогорку билимдүү, атасы орто мектептен төмөн (Орточо = 50,98), жана апасы орто мектептен төмөн, атасы жогорку билимдүү (Орточо = 50,56) топтордон маанилүү деңгээлде айырмаланат. Калган үч топтун өз ара айырмасы маанилүү эмес.

Бул жыйынтыктар, ата-эненин билим деңгээли жогорулаган сайын университеттеги жаштардын диний түшүнүктөргө берген мааниси бир аз төмөндөй турганын көрсөтөт.

Айрыкча ата-энесинин экөө тең жогорку билимге ээ болгон учурда, жаштардын диний баалуулуктарга болгон мамилеси башка топторго караганда салыштырмалуу алысыраак экени байкалган.

**Таблица: 3.4.4.3.** Аймак жана диний түшүнүктөр

| Аймак | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма (Games-Howell) | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 46.39 | 12.16 | 33.591 (7) | 0.000 | Чүй-Ош: -6.01772*, Чүй-Жалал-Абад: -5.99148*, Чүй-Ысык-Көл: -4.24101*, Чүй-Талас: -5.38732*, Чүй-Баткен: -6.18208*, Чүй-Нарын: -5.48079*, Ош-Бишкек: 7.90142*, Жалал-Абад-Бишкек: 7.87519*, Ысык-Көл-Бишкек: 6.12472*, Талас-Бишкек: 7.27102*, Баткен-Бишкек: 8.06578*, Нарын-Бишкек: 7.36449* | 0.102 | Орто |
| **Ош** | 52.41 | 6.41 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 52.38 | 6.63 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 50.63 | 8.37 | | | | | |
| **Талас** | 51.78 | 07.01 | | | | | |
| **Баткен** | 52.57 | 6.57 | | | | | |
| **Нарын** | 51.87 | 6.75 | | | | | |
| **Бишкек** | 44.51 | 12.68 | | | | | |

“Диний түшүнүктөр” фактору боюнча респонденттердин университетке чейинки жашаган аймагына жараша айырмачылык статистикалык жактан маанилүү деп табылды ($F(7) = 33.591$, $p < 0.001$). Аны менен катар бул айырмачылыктын таасир көлөмү / таасир этүүчү күчү 0.102 болуп, мындай көрсөткүч Коэндин классификациясы боюнча орточо деңгээлдеги таасирди билдирет. Башкача айтканда, аймактык фактор диний баалуулуктарга карата көз караштарга олуттуу таасир тийгизерин көрсөтөт.

Изилдөөдө аныкталган статистикага ылайык, диний баалуулуктарга маани/баа берүүнүн орточо көрсөткүчү эң

жогорку болгон аймактар төмөнкүлөр: Баткен (орточо = 52.57), Ош (52.41), Жалал-Абад (52.38) жана Нарын (51.87), ал эми эң төмөн орточо көрсөткүч Чүй облусу (46.39) жана Бишкек шаарында (44.51) байкалган. Games-Howell көптүк салыштыруу тести боюнча, өзгөчө төмөнкү айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү деп табылган:

Чүй облусу Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Талас, Баткен жана Нарын аймактарына салыштырмалуу диний түшүнүктөргө баа берүү деңгээли төмөн болуп чыкты.

Бишкек шаары да Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Талас, Баткен жана Нарын облустарына салыштырмалуу диний түшүнүктөргө берген баасы же баалуулук катары баалооу бир кыйла төмөн экени аныкталды.

Бул айырмачылыктар, айылдык же салттуу түзүлүшүн сактап калган аймактарда чоңойгон жаштар диний баалуулуктарга көбүрөөк маани берерин; ал эми борбор калаа Бишкек жана анын айланасы сыяктуу секулярдашкан (дүйнөлүк көз караш үстөм болгон) аймактарда бул маанилүүлүк анча жогору эместигин көрсөтүп турат.

Бул айырмачылыктарды айылдык же салттуу түзүлүштү сактаган аймактарда чоңойгон жаштардын диний баалуулуктарга көбүрөөк маани берип, баалаганы менен түшүндүрүүгө болот, ал эми борбор калаа Бишкек шаарында жана Чүй облусунда секулярдашкан абал болгондуктан, динге карата баалуулук анчейин жогорку эместиги байкалды.

**Таблица: 3.4.4.4.** Мурун жашаган жери жана диний түшүнүктөр

| **Мурун жашаган жери** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 48.24 | 11.04 | 53.532 (2) | 0.000 | Айыл (4.17832*) | 0.049 | Орто |
| **Шаарча** | 49.19 | 9.92 | | | Айыл (3.22856*) | | |
| **Айыл** | 52.42 | 06.08 | | | Шаар (-4.17832*), Шаарча (-3.22856*) | | |

Диний түшүнүктөргө канчалык маани берилери тууралуу жагынан шаарда, шаарч ада жана айылда чоңойгон жаштардын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктар аныкталды ($F(2) = 53.532$, $p < 0.001$). Мындан тышкары, eta-squared мааниси 0.049 болуп, бул айырмачылыктын орточо деңгээлдеги таасири бар экенин билдирет. Бул абал жашаган жердин диний баалуулуктарга болгон мамилеге олуттуу таасир тийгизерин көрсөтөт.

Games-Howell көптүк салыштыруу тестинин жыйынтыгына ылайык, айылда жашаган жаштар шаарда (айырма = 4.17832) жана шаарчада (айырма = 3.22856) жашаган жаштарга караганда диний түшүнүктөр боюнча орточо баллы статистикалыктан жактан бир топ түрдө жогору болуп чыкты. Натыйжада адамдын жашаган жери социалдык-маданий түзүлүшү алардын диний баалуулуктарга жакындыгына, берилүү менен аткара тургандыгына таасир тийгизерин көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.4.5.** Университет жана диний түшүнүктөр

| № | Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Ош мамлекеттик университети** | 53,58 | 4,69 | 23,712 | 0, 000 | 7, 9, 10, 11, 12, 13 | 0,121 | Күчтүү |
| 2 | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 53,4 | 5,19 | | | 7, 9, 10, 11, 12, 13 | | |
| 3 | **Баткен мамлекеттик университети** | 51,95 | 7,27 | | | 11, 12, 13 | | |
| 4 | **Нарын мамлекеттик университети** | 51,72 | 7,35 | | | 11, 12 | | |
| 5 | **Талас мамлекеттик университети** | 52,9 | 5,15 | | | 9, 11, 12, 13 | | |
| 6 | **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 51,96 | 7,58 | | | 11, 12, 13 | | |
| 7 | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 50,28 | 9,12 | | | 1, 2, 11, 12 | | |
| 8 | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 52,2 | 6,39 | | | 11, 12, 13 | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **9** | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 49,46 | 8,44 | | | 1, 2, 5, 12 | | |
| **10** | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 50,66 | 8,19 | | | 1, 2, 11, 12 | | |
| **11** | **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус славян университети** | 45,85 | 12,45 | | | 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 10 | | |
| **12** | **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 41,83 | 13,35 | | | 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10, 13 | | |
| **13** | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 48,34 | 10,72 | | | 1, 2, 3, 5, 6, 8, 12 | | |

“Диний түшүнүктөр” фактору боюнча студенттердин диний баалуулуктарга берген мааниси менен алардын окуган университетинин ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктар аныкталды ($F = 23.712$, $p < 0.001$). Таасир көлөмү $\eta^2 = 0.121$ болуп, Коэндин классификациясы боюнча бул айырма орточо деңгээлдеги таасирге ээ. Бул көрүнүш студенттердин окуган университети алардын диний баалуулуктарга болгон көз карашына олуттуу деңгээлде таасир эте аларын көрсөтөт.

*Эң жогорку орточо баллга ээ болгон университеттер:* Ош мамлекеттик университети: 53,58 Жалал-Абад мамлекеттик университети: 53,4 Талас мамлекеттик университети: 52,9

*Эң төмөн орточо баллга ээ болгон университеттер:* Борбордук Азиядагы Америка университети: 41,83 Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университети: 45,85

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети: 48,34 И. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы: 49,46

Games-Howell көптүк салыштыруу тестинин жыйынтыгына ылайык, Ош жана Жалал-Абад университеттеринде окуган студенттер өзгөчө Бишкектеги университеттерге (мисалы, Славян университети, Америка университети, Техникалык университет) салыштырмалуу диний түшүнүк боюнча орточо баллдары кыйла жогору экени байкалган.

Борбордук Азиядагы Америка университети башка университеттерге салыштырмалуу эң төмөн баллга ээ болуп, бул айырма статистикалык жактан маанилүү жана күчтүү деңгээлде экендиги аныкталган.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенттери диний баалуулуктарга орточо деңгээлде маани беришет, бирок түштүктөгү университеттер (Ош, Жалал-Абад, Талас) менен салыштырганда алардын баллдары статистикалык жактан маанилүү түрдө төмөнүрөөк экени аныкталган.

Бул табылгалар студенттердин диний баалуулуктарга болгон мамилеси университеттердин жайгашкан аймагына, институционалдык маданиятына, окуу программасына жана студенттик профилге жараша олуттуу айырмаланарын көрсөтөт. Айрыкча түштүк аймактардагы (Ош, Жалал-Абад, Баткен) университеттерде окуган студенттер диний баалуулуктарга жогору деңгээлде маани беришет. Буга каршы, Бишкек шаарындагы университеттерде (Славян, Америка, Техникалык жана Медициналык университеттер) диний баалуулуктарга берилген маани статистикалык жактан маанилүү түрдө төмөн экени байкалат.

**Таблица: 3.4.4.6.** Илим тармагы жана диний түшүнүктөр

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.75 | 8.75 | 2.112 (2) | 0.121 | Жок | 0.002 | Жок |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 49.9 | 9.74 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 50 | 8.37 | | | | | |

“Диний түшүнүктөр” фактору менен илим тармактарынын арасында статистикалык жактан маанилүү айырма табылган жок ($F(2) = 2.112$, $p = 0.121 > 0.05$).

Таасирдин чоңдугу жагынан да eta-квадрат = 0.002 болуп, бул маанинин өтө төмөн болушу илим жаатынын диний түшүнүктөргө берилген маани боюнча өлчөнө турган таасири жок экенин көрсөтөт. Бул жыйынтык диний баалуулуктарга болгон мамиленин студенттердин академиялык дисциплина факторунан таасирленбегенин билдирет.

**Таблица: 3.4.4.7.** Курс жана диний түшүнүктөр

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 51.37 | 8 | 4.421 (3) | 0.004 | 1-2 ($p < 0.05$) | 0.006 | Кичинекей |
| **2** | 49.68 | 9.43 | | | | | |
| **3** | 50.67 | 8.51 | | | | | |
| **4** | 49.95 | 10.31 | | | | | |

Студенттер окуган курстун деңгээли менен “Диний түшүнүктөр” факторунун арасында статистикалык жактан маанилүү айырма аныкталган ($F(3) = 4.421$, $p = 0.004 < 0.05$). Таасирдин чоңдугу жагынан eta-квадрат ($\eta^2$) = 0.006 болуп, бул мааниси кичинекей деңгээлдеги таасирге дал келет. Бул абал курстун деңгээли диний түшүнүктөргө берилген мааниге чектелген гана таасири бар экенин көрсөтөт. Маанилүү айырма болгону 1- жана 2-курстун студенттеринин ортосунда байкалган. Калган курстардын арасында айырмалар статистикалык жактан маанилүү эмес.

Бул жыйынтыктарга караганда, 1-курстун студенттери диний баалуулуктарга көбүрөөк маани беришет. Бул абал университетке жаңы келген студенттер көбүнчө үй-бүлө баалуулуктары менен калыптанган диний сезимталдыкка ээ экенин көрсөтөт; жогорку курстарга өтүп бараткан сайын бул баалуулуктар академиялык чөйрө, достордун айланышы, шаар турмушу сыяктуу факторлордун таасири менен бир аз ийкемдүү болоору көрүнүп турат.

**Таблица: 3.4.4.8.** Бир туугандын саны жана диний түшүнүктөр

| **Бир туугандын саны** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 48.72 | 13.01 | 30.469 (4) | 0 | 1-2 бир тууган, 3-4 бир тууган, 5-6 бир тууган, 7ден көп | 0.056 | Орто |
| **1-2 бир тууган** | 46.45 | 12.3 | | | 3-4 бир тууган*, 5-6 бир тууган*, 7ден көп* | | |
| **3-4 бир тууган** | 50.86 | 8.33 | | | 1-2 бир тууган*, 5-6 бир тууган* | | |
| **5-6 бир тууган** | 52.43 | 5.94 | | | Бир тууганы жок, 1-2 бир тууган*, 3-4 бир тууган* | | |
| **7ден көп** | 51.8 | 6.21 | | | Бир тууганы жок, 1-2 бир тууган* | | |

Респонденттердин бир туугандарынын саны менен “Диний түшүнүктөр” факторунун ортосундагы байланыш анализденген. Алынган жыйынтыктар, адамдардын бир туугандарынын саны диний баалуулуктарга берген маани боюнча статистикалык жактан маанилүү айырма бар экенин көрсөттү ($F(4) = 30.469$, $p < 0.001$). Eta-квадрат мааниси 0.056 болуп, бул айырманын орто деңгээлдеги таасири бар экенин түшүндүрөт. Бул бир тууган санынын диний баалуулуктар менен байланышы каралышы керек болгон маанилүү өзгөрмө экенин билдирет.

Маанилүү айырмалар (Games-Howell тестине ылайык) 1-2 бир тууганы барлар арасында аныкталган жана бул топтордун диний түшүнүк баллдары башка бардык топторго караганда

статистикалык жактан маанилүү төмөн болгон. 5-6 бир тууганы барлар, бир тууганы жокторго жана 1-2 бир тууганы барларга салыштырмалуу статистикалык жактан маанилүү жогорку балл алган. 7 же андан көп бир тууганы барлар да окшош түрдө жогорку диний баллдарга ээ болушат.

Бул жыйынтыктар үй-бүлөдөгү балдардын саны көбөйгөн сайын диний баалуулуктарга болгон берилгендик да жогорулай турганын көрсөтөт. Айрыкча 5 же андан көп бир тууганы бар адамдарда диний баалуулуктарга жогорку деңгээлде маани берилгени көңүлдү бурат. Андыктан, 1-2 бир тууганы бар адамдарда диний баалуулуктарга берилген маани төмөн болуп саналат. Бул абал, кичирээк жана жеке багытталган үй-бүлө түзүмдөрүндө диний-социалдык баалуулуктарды мураска берүү алсыз болушу мүмкүн деген ойду пайда кылат.

**Таблица: 3.4.5.** (ФАКТОР:5). Коомдук ак ниеттүүлүк

| | **Орточо** | **SS** | **Жүктөмдөр** |
|---|---|---|---|
| **Фактор:5, Коомдук ак ниеттүүлүк** | | | |
| **Эр жүрөктүк** | 4,53 | 0,67 | 0,67 |
| **Ар-намыс** | 4,52 | 0,70 | 0,64 |
| **Сылыктык** | 4,55 | 0,61 | 0,57 |
| **Меймандостук** | 4,44 | 0,70 | 0,55 |
| **Боорукердик** | 4,53 | 0,62 | 0,53 |
| **Тайманбастык** | 4,45 | 0,75 | 0,50 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,76 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 2,83 |
| ***Аныкталган варианты [%]*** | | | 5,06 |

Бул изилдөөдө 5-фактор катары аныкталган “Коомдук ак ниеттүүлүк” фактору коом тарабынан кабыл алынган моралдык сапаттарды жана жеке адамдардын ортосундагы мамилелерде маанилүү саналган көз караштарды камтыйт. Бул фактордо мындан тышкары эрдик, ар-намыс, сыпайылык, меймандостук, боорукерлик жана тайманбастык сыяктуу баалуулуктар бар. Респонденттер бул баалуулуктарга жогорку деңгээлде маани беришкен; мисалы, сыпайылык (орт. = 4,55), эрдик (орт. = 4,53) жана ар-намыс (орт. = 4,52) сыяктуу баалуулуктардын орточо

көрсөткүчтөрү өтө жогору. Фактордун ички туруктуулугу Cronbach Альфа коэффициенти менен 0,76 деп аныкталган; бул шкаладагы пикирлердин ишенимдүү түрдө бирдей түзүмдү өлчөп жатканын көрсөтөт. Коомдук ак ниеттүүлүк фактору жалпы вариациянын 5,06% түшүндүрүп, Eigen баалуулугунда (өзгөчө мааниси) 2,83 болуп саналат.

Бул баалуулуктар салттуу коомдордо жамааттык инсандыкты, коомдук көзөмөлдү жана коомдук намыстын маанилүү элементтерин түзөт. Алар жеке адамдын моралдык милдеттерин билдирет. Сылыктык жана меймандостук сыяктуу баалуулуктар көбүнчө символикалык мааниге ээ болсо да, социалдык капитал үчүн маанилүүлүгүн сактайт. Ошондой эле, салттуу коомдордо ар-намыс сыяктуу баалуулуктарды болушу көбүнчө коомдук көзөмөл механизмдеринин алкагында иштесе да, моралдык мамиле жана баалуулуктар жагынан өтө маанилүү болуп саналат. Заманбап коомдордо бул баалуулук көбүнчө жеке купуялуулук жана адам укуктары контекстинде баалуулук катары каралат. Эрдик жана баатырдык эки экстремалдык жактын орто чекитинде турат. Бир жагында жамандык, экинчи жагында коркоктук бар. Орто жагы – эрдик жана баатырдык. Салттуу коомдордо алар көбүнчө физикалык күч жана коомдук статус көрсөткүчтөрүнүн бири болуп, дайыма ушул сапаттарга ээ адамдарга коомдук сый-урмат жогору болот. Заманбап коомда моралдык эрдик – коомдук жоопкерчилик сезими, адилетсиздикке каршы туруштук деген мааниде кабыл алынган баалуулук болуп саналат.

Азыркы тез өзгөрүп жаткан коомдордо жаштардын мындай салттуу баалуулуктарды кабыл алышы коомдогу моралдык түзүлүш, маданий туруктуулук жана инсандык калыптануу жагынан өтө маанилүү. Алар келечектеги коомдук проекциялар боюнча бизге маанилүү көрсөткүчтөрдү берет.

Кыргыз жаштарында мындай баалуулуктардын маанилүү экендиги түпкү тамырга таянган инсандык калыптануу, индивидуализм башкы орунга чыккан заманбап дүйнөдө социалдык сезимталдыктын сакталышы, салттуу баалуулуктар менен заманбап баалуулуктардын ортосунда тең салмакты түзүү жагынан өтө маанилүү болуп саналат.

**Таблица: 3.4.5.1.** Жыныс жана коомдук ак ниеттүүлүк

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 49,82 | 9,44 | -2,246 (2075) | 0,025 | -1,0081 | -0,107 | |
| **Эркек** | 50,83 | 9,43 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөлүүлүгү боюнча жүргүзүлгөн анализдерде аялдар менен эркектердин арасында статистикалык жактан маанилүү айырма чыкты (t(2075) = -2,246, p = 0,025 < 0,05). Бул жыйынтыкка караганда, эркектер социалдык адамгерчилик факторунун маанилүүлүгүнө аялдарга салыштырмалуу бир аз көбүрөөк маани беришет. Бирок бул айырманын таасир көлөмү өтө төмөн (Cohen's d = -0,107), демек бул айырма статистикалык жактан маанилүү болсо да, практикалык жактан кичинекей таасирге ээ.

Бул жыйынтыкты социологиялык жактан баалаганда, эркектер салттуу түрдө коомдогу ролдоруна тиешелүү "эрдик", "тайманбастык" жана "ар-намыс" сыяктуу баалуулуктарга көбүрөөк басым жасашы мүмкүн деген жыйынтык чыгарса болот. Бул баалуулуктар эркектик сапаты (жыныстык өзгөчөлүгү) көбүрөөк байланыштырылып, эркектердин мындай адамгерчилик сапаттарды көбүрөөк өздөштүрүүсүнө алып келген болушу мүмкүн. Ага карама-каршы, аялдар сыпайылык, боорукерлик жана меймандостук сыяктуу баалуулуктарга жогорку деңгээлде маани беришет. Бирок жалпы фактордун орточо көрсөткүчү жагынан эркектерде бир аз жогорку тенденция байкалат.

**Таблица: 3.4.5.2.** Ата-эненин билими жана коомдук ак ниеттүүлүк

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей** | 50.11 | 9.22 | 0.755 (3) | 0.520 | - | 0.001 | Кичинекей |
| **Экөө тең унив.+** | 50.44 | 9.63 | | | - | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/ лицей-** | 49.50 | 9.85 | | | - | | |
| **Энеси колледж/ лицей.- Атасы унив.+** | 50.09 | 8.76 | | | - | | |

Респонденттердин ата-энелеринин билим деңгээлинин төрт тобунун ортосунда "коомдук ак ниеттүүлүктүн" баллдары боюнча статистикалык жактан маанилүү айырма табылган жок ($F(3) = 0.755$, $p = 0.520 > 0.05$). Бул жыйынтык респонденттердин ата-энелеринин билим деңгээли кандай болбосун коомдук ак ниеттүүлүк баалуулуктарын бирдей кабыл алышканын көрсөтөт. Таасирдин көлөмүн туюндурган Eta-квадраттын мааниси 0.001 болуп, таасир деңгээли Cohen классификациясы боюнча кичинекей деңгээлде каралат. Бул ата-эненин билим деңгээлинин "Коомдук ак ниеттүүлүк" факторуна тийгизген таасири дээрлик жок экенин билдирет. Бул жыйынтык боюнча коомдук ак ниеттүүлүк – эрдик, ар/намыс, боорукерлик сыяктуу баалуулуктар – жеке адамдын үй-бүлөдөн алган билим деңгээлинен көз карандысыз экенин айтууга болот.

**Таблица: 3.4.5.3.** Аймак жана коомдук ак ниеттүүлүк

| Аймак | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма (Games-Howell) | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 49.37 | 9.76 | 0.759 (7) | 0.622 | Жок | 0.003 | Кичинекей |
| **Ош** | 50.51 | 9.41 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 50.18 | 9.46 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 49.27 | 9.68 | | | | | |
| **Талас** | 50.69 | 9.13 | | | | | |
| **Баткен** | 50.2 | 8.54 | | | | | |
| **Нарын** | 50.37 | 9.16 | | | | | |
| **Бишкек** | 50.39 | 10.22 | | | | | |

Коомдук ак ниеттүүлүк факторуна байланыштуу баллдар респонденттердин келип чыккан аймактарына карата

статистикалык жактан маанилүү айырма көрсөтпөйт (F(7) = 0.759, p = 0.622). Games-Howell тестине ылайык, кайсы бир аймактардын ортосунда маанилүү айырма жок. Таасирдин көлөмү өтө төмөн (0.003). Бул жыйынтык Кыргызстандагы университеттин жаштары коомдук ак ниеттүүлүк баалуулуктарын аймакка карабастан кабыл алып, бул баалуулуктардын маданий жактан жалпыга жайылган орток баалуулуктар экенин көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.5.4.** Мурун жашаган жери жана коомдук ак ниеттүүлүк

| **Мурун жашаган жери** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 50.20 | 9.81 | 0.484 (2) | 0.617 | Жок | 0.000 | Өтө кичинекей |
| **Шаарча** | 50.58 | 9.46 | | | Жок | | |
| **Айыл** | 49.96 | 9.15 | | | Жок | | |

Респонденттердин университетте окуганга чейин жашаган жайы (шаар, шаарча, айыл) менен коомдук кадыр-баркка ээ болуу баллдарынын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма табылган жок (F(2) = 0.484, p = 0.617). Таасир этүүчү күчү дээрлик жокко эсе (0.000). Бул абал коомдук кадыр-баркка ээ болуу баалуулугу шаардын же айылдын түрүнө карабастан, бирдей деңгээлде бааланарын көрсөттү. Бул баалуулуктар индивиддин жашаган жерине эмес, коомдук-маданий же адамдын орток байланыштарына негизделет.

**Таблица: 3.4.5.5.** Университет жана коомдук ак ниеттүүлүк

| | **Университет** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **Ош мамлекеттик университети** | 51,04 | 8,6 | 2,113 | 0,078 | | | |
| **2** | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 49,75 | 9,25 | | | | | |
| **3** | **Баткен мамлекеттик университети** | 51,08 | 7,93 | | | | | |
| **4** | **Нарын мамлекеттик университети** | 50,41 | 9,5 | | | | | |
| **5** | **Талас мамлекеттик университети** | 51,00 | 9,01 | | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 48,52 | 9,72 | | | | | |
| 7 | **Кыргыз-Түрк «Манас» Университети** | 49,53 | 10,7 | | | | | |
| 8 | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 49,39 | 9,77 | | | | | |
| 9 | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 50,05 | 9,67 | | | | | |
| 10 | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 50,65 | 8,57 | | | | | |
| 11 | **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус славян университети** | 50,87 | 9,13 | | | | | |
| 12 | **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 49,45 | 10,46 | | | | | |
| 13 | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 49,97 | 9,54 | | | | | |

Университеттердин өзгөрмөлүүлүгүнө жараша жүргүзүлгөн анализде студенттердин коомдук ак ниеттүүлүк сапаттардын көрсөткүчтөрүнүн арасында статистикалык жактан маанилүү айырма жок экени аныкталган ($F = 3,113$; $p = 0.078$). Университеттер бул көрсөткүчтөр боюнча алгандардын баллдары бири-бирине жакын болуп, маанилүү айырма байкалбайт. Бул учурда университеттердин коомдук ак ниеттүүлүк сапаттарды бекемдөө боюнча өзүнчө билим берүү саясаты жүргүзүлбөгөндүгүн белгилөөгө болот.

**Таблица: 3.4.5.6.** Илим тармагы жана коомдук ак ниеттүүлүк

| **Илим тармагы** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.45 | 9.29 | 1.835 (2) | 0.16 | Жок | 0.002 | Жок |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 49.78 | 9.58 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 49.41 | 9.87 | | | | | |

Студенттердин коомдук ак ниеттүүлүк көрсөткүчтөрү, окуган илим тармагы боюнча каралганда, коомдук илимдер, табигый менен инженерия илимдери жана саламаттык сактоо илимдеринин студенттеринин арасында статистикалык жактан маанилүү айырма байкалган жок ($F(2) = 1.835$, $p = 0.16 > 0.05$). Таасир көлөмү да абдан төмөн (0.002), башкача айтканда, илим тармагы бул факторду аныктаган негизги көрсөтмө эмес.

Орточо баллдарга караганда, коомдук илимдердин студенттери коомдук ак ниеттүүлүккө бир аз көбүрөөк маани беришери аныкталды (50.45), бирок бул айырма статистикалык жактан маанилүү эмес. Бул жыйынтык коомдук ак ниеттүүлүк илимий адистик тармактардан көз карандысыз, кеңири маданий деңгээлде бөлүшүлгөн баалуулуктар экенин көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.5.7.** Курс жана коомдук ак ниеттүүлүк

| **Курс** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 50.13 | 9.8 | 0.549 (3) | 0.649 | Жок | 0.001 | Кичинекей |
| **2** | 50.04 | 9.28 | | | | | |
| **3** | 49.84 | 9.2 | | | | | |
| **4** | 50.74 | 9.48 | | | | | |

Университеттеги студенттердин окуган курсуна (1-4-курс) жараша коомдук ак ниеттүүлүк сапаттарынын көрсөткүчтөрүнүн арасында статистикалык жактан маанилүү айырма байкалган жок ($F(3) = 0.549$, $p = 0.649 > 0.05$). Таасир көлөмү да абдан кичинекей (0.001), башкача айтканда, курс деңгээлинин бул баалуулуктарга таасири дээрлик жок деп бааланат.

Орточо баллдар 49.84 менен 50.74 ортосунда өзгөрүп, айырмалар минималдуу болуп эсептелди. Бул жыйынтык студенттердин курсу өскөн сайын коомдук ак ниеттүүлүк баалуулуктарына болгон мамилеси олуттуу өзгөргөн жок экенин көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.5.8.** Бир туугандын саны жана коомдук ак ниеттүүлүк

| Бир туугандын саны | Орточо | SS | F (sd) | P | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 50.56 | 9.75 | 0.277 (4) | 0.893 | Жок | 0.001 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 50.37 | 10.16 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 49.9 | 9.24 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 50.21 | 9.4 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 50.5 | 8.68 | | | Жок | | |

Коомдук ак ниеттүүлүк фактору боюнча студенттердин бир тууганды н санына карата маанилүү айырма байкалган жок ($F(4) = 0.277$, $p = 0.893$). Бул жыйынтык, студенттер ээлик кылган бир тууганды н санына карабастан коомдук ак ниеттүүлүккө жакын деңгээлде маани беришерин көрсөтөт. Таасирдин көлөмү да абдан төмөн (0.001).

Орточо баллдар 49.9 менен 50.56 ортосунда болуп, айырмалар статистикалык жактан маанисиз жана практикалык жактан таасирсиз. Бул абал аталган баалуулуктардын көбүнчө үй-бүлө түзүлүшүнөн эмес, башка факторлордон көз каранды экенин көрсөтүшү мүмкүн.

**Таблица: 3.4.6.** (ФАКТОР: 6) Медиа-көңүл ачуу

| | Орточо | SS | Жүктөмдөр |
|---|---|---|---|
| **Фактор: 6, Медиа-көңүл ачуу** | | | |
| **Кино** | 3,91 | 1,01 | 0,78 |
| **Социалдык медиа** | 3,93 | 0,93 | 0,69 |
| **Театр** | 3,83 | 1,01 | 0,64 |
| **Музыка** | 3,91 | 1,13 | 0,615 |
| **Медиа (ТВ-радио)** | 3,74 | 1,02 | 0,47 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,76 |
| **Eigendeğeri** | | | 2,48 |
| ***Аныкталган варианс [%]*** | | | 4,44 |

Университет билим алып жаткан кыргыз жаштарынын арасында медиа жана көңүл ачууга берилген баалуулуктарды көрсөтүүчү алтынчы фактор – **«Медиа-көңүл ачуулар»** деп аталат жана ага кино, социалдык медиа, театр, музыка жана салттуу медиа (телевидение, радио) сыяктуу элементтер кирет. Факторлук анализде бул өлчөмдүн **Cronbach Alpha** көрсөткүчү 0,76 болуп, жогорку туруктуулукка ээ. Бул медиа жана көңүл ачуулар боюнча берилген жооптор бири-бири менен маанилүү деңгээлде байланыштуу экенин көрсөтөт. **Eigendeğer** 2,48 болгон бул фактор жалпы дисперсиянын 4,44%ын түшүндүрөт.

Бул фактор чегинде эң жогорку факторлук жүктөмгө ээ болгон баалуулуктар боюнча тартип менен кино (0,78), социалдык медиа (0,69) жана театр (0,64) болуп эсептелген. Бул көрүнүш медиа жана көңүл ачуучу тармакта эң маанилүү деп эсептелген элементтер визуалдык искусство жана санариптик платформалар экенин көрсөтөт. Музыка да маанилүү орунду ээлейт (0,615), ал эми телекөрсөтүү жана радио сыяктуу салттуу медиа каражаттары (0,47) салыштырмалуу төмөн бааланат. Бул маалыматтар жаштар көбүрөөк интерактивдүү жана жеке көңүл ачуучу каражаттарга багыт алып жатканын көрсөтөт.

Көпчүлүк учурда маданий коммуникациялык каражаттар катары алдыңкы орунда турган жана азыркы коомдордо таасирдүү орунду ээлеген бул каражаттардын, албетте, оң жана терс жактары боюнча ар кандай баалоолор болушу мүмкүн. Себеби, бул каражаттар азыркы коомдордо баалуулук, идентификация жана этика чөйрөсүнө айланганын көрүүгө болот. Баарынан мурда жаштар ушул элементтер аркылуу өздөрүн билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, дүйнөлүк аң-сезимин жогорулатып, коомдук маселелерге активдүү катышууга үндөлөт. Ошондой эле сапаттуу медиа

программалары улуттук иденттүүлүктүн өнүгүшүндө активдүү роль ойнойт.

Бирок бүгүнкү күндө көптөгөн жагдайларда бетинче маалымат, дезинформация жана манипулятивдүү кырдаалдар менен бетме-бет келүү мүмкүнчүлүгү бар. Айрыкча социалдык медиа, ар кандай жашоо ыкмаларын сунуштап, өзүнө ишенбестикти, канааттанбоону жана бааланган баалуулуктарды бекемдеши мүмкүн жана адамдарда зомбулук жана керектөө маданиятын күчөтүшү мүмкүн. Чындыгында жаштар менен жүргүзүлгөн көптөгөн изилдөөлөрдө аталган терс натыйжаларды көрүүгө болот. Социалдык медиадагы ылдам маалымат агымы жаштардын бетинче маалымат менен чектелишине алып келип, дезинформациянын жайылышына да өбөлгө түзөт. Кыргызстанда университет жаштары арасында жүргүзүлгөн изилдөөгө караганда, студенттердин социалдык медиага көз карандылыгы орточо деңгээлде экени аныкталган жана бул жаштардын академиялык ийгилигине жана коомдук мамилелерине терс таасир тийгизип жатканын көрсөтөт.

Кыргыз жаштары үчүн эң чоң тобокелдиктердин бири глобалдык медиа контенттери болуп саналат. Себеби, бул контенттер жаштарды салттуу баалуулуктардан алыстатуу жана улуттук, маданий иденттүүлүктөрүндө зыян келтирүү мүмкүнчүлүгүн күчөтөт. Бардык ушул жагдайларды эске алганда, сыноочу "медиа сабаттуулугу" жана үй-бүлө менен мектептин тарбиясы маанилүү функцияга ээ. Бул контекстте бул каражаттарды аң-сезимдүү колдонуу жаштардын глобалдык дүйнөдө активдүү жана аң-сезими жогору индивиддер болуп калышына өбөлгө түзөт.

**Таблица: 3.4.6.1.** Жыныс жана медиа-көңүл ачуу

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50,17 | 9,72 | 1,231 (2075) | 0 | 0,219 | 0,059 | |
| **Эркек** | 49,6 | 10,11 | | | | | |

Бул факторго байланыштуу жыныска жараша жүргүзүлгөн анализдин натыйжалары боюнча, айым студенттердин Медиа-көңүл ачуулар факторунун баллы (Орточо = 50,17; Станд. Дев. = 9,72) эркек студенттердикинен (Орточо = 49,60; Станд. Дев. = 10,11) статистикалык жактан маанилүү деңгээлде жогору болуп чыккан (t(2075) = 1,231; p = 0,000). Орточо айырма кичине көрүнсө да (0,219), анализ натыйжасы маанилүү деп табылган. Бирок бул айырманын таасири аз (Cohen's d = 0,059), демек жыныстын Медиа-Көңүл ачуулар баалуулуктарына тийгизген таасири чектелүү. Ошентсе да, эркек студенттер арасында да бул баалуулуктарга берилген маанини жалпы жогорку деңгээлде деп баалоого болот. Медиа жана көңүл ачууларга байланыштуу баалуулуктар эки жыныс үчүн тең заманбап жашоонун маанилүү бөлүгүн түзөт. Бирок айымдар бул чөйрөдөгү баалуулуктарды бир аз алдыга чыгарышат.

**Таблица: 3.4.6.2.** Ата-эненин билими жана медиа-көңүл ачуу

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | | F (sd) | p | Маанилүү айырма |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей** | 49.96 | 9.55 | | 4.026 (3) | 0.007 | Экөө тең унив.+ * |
| **Экөө тең унив.+** | 51.02 | 9.56 | | | | Энеси унив.+ Атасы колледж/ лицей- *, Энеси колледж/ лицей.- Атасы унив.+ * |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/ лицей-** | 49.09 | 10.40 | | | | Экөө тең унив.+ * |
| **Энеси колледж/ лицей.- Атасы унив.+** | 48.93 | 10.43 | | | | Экөө тең унив.+ * |

Фактор 6 болгон Медиа-көңүл ачуулар баалуулуктарына байланыштуу анализ ата-эненин билим деңгээли менен статистикалык жактан маанилүү байланыш бар экенин

көрсөттү (F(3) = 4.026; p = 0.007). Айрыкча эки ата-энеси тең университет бүтүргөн студенттер (Орточо = 51.02) бул баалуулукка башка топторго салыштырмалуу жогору баа беришет. Андан тышкары, болгону апасы (Орточо = 49.09) же болгону атасы (Орточо = 48.93) университет бүтүргөн студенттердин баллдары төмөн болуп, бул топтор менен "эки ата-эне тең университет бүтүргөн" топтун ортосунда статистикалык маанилүү айырмачылыктар бар. Бул натыйжа медиа жана көңүл ачуулар сыяктуу маданий контенттерге берилген маанинин жөн гана жеке тандоолорго эмес, ата-эненин билим деңгээлине байланыштуу маданий капиталга да тыгыз байланыштуу экенин көрсөтөт. Ата-эненин билими жогору болгондо, жаштардын маданий иш-чараларга кызыгуусу жана бул чөйрөдөгү баалуулук баллдары жогорулаары байкалат.

**Таблица: 3.4.6.3.** Аймак жана медиа-көңүл ачуу

| **Аймак** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма (Games-Howell)** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 49.76 | 10.9 | 3.659 (7) | 0.001 | Ош-Бишкек: -3.59133*, Жалал-Абад-Бишкек: -3.23800*, Нарын-Бишкек: -3.42908* | 0.012 | Кичинекей |
| **Ош** | 48.44 | 9.76 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 48.8 | 9.9 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 50.28 | 9.29 | | | | | |
| **Талас** | 49.47 | 10.01 | | | | | |
| **Баткен** | 50.66 | 9.79 | | | | | |
| **Нарын** | 50.27 | 9.78 | | | | | |
| **Бишкек** | 52.03 | 9.43 | | | | | |
| **Жалпы** | 50 | 9.84 | | | | | |

Медиа-көңүл ачуулар факторуна байланыштуу баллдар аймактар арасында статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктарды көрсөтөт (F(7) = 3.659; p = 0.001). Games-Howell көптүк салыштыруулар боюнча, бул айырма айрыкча Бишкек менен кээ бир башка аймактардын ортосунда белгилүү. Бишкек шаарында жашаган студенттердин медиа-көңүл ачуулар баллы

(Орточо = 52.03) башка көптөгөн аймактарга салыштырмалуу жогору. Маселен, Ош (Орточо = 48.44), Жалал-Абад (Орточо = 48.80) жана Нарын (Орточо = 50.27) аймактарына караганда статистикалык жактан маанилүү жогорку баллдар аныкталган.

Бул айырмачылыктардын таасир көлөмү кичине деңгээлде (0.012) болуп эсептелет. Ошого карабастан, натыйжа ири шаарларда – айрыкча баш калаада – медиа жана көңүл ачууларга байланыштуу баалуулуктар жогору экенин көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.6.4.** Мурун жашаган жери ve медиа-көңүл ачуу

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 50.80 | 9.61 | 5.093 (2) | 0.006 | Айыл (1.47561*) | 0.005 | Кичинекей |
| **Шаарча** | 50.15 | 10.65 | | | Жок | | |
| **Айыл** | 49.33 | 9.77 | | | Шаар (-1.47561*) | | |

Медиа-көңүл ачуулар факторуна байланыштуу баллдар студенттер университетке баштоодон мурун жашаган жайына жараша статистикалык маанилүү айырмачылыкты көрсөттү ($F(2) = 5.093$; $p = 0.006$). Орточо баллдарды караганда, шаарда өскөн студенттер бул баалуулукка эң жогорку маанини беришкен (Орточо = 50.80), ал эми айылдык студенттер төмөнрөөк балл беришкен (Орточо = 49.33). Орточо айырма статистикалык жактан маанилүү ($p < 0.05$), бирок таасирдин көлөмү кичине деңгээлде (0.005) болуп эсептелет.

Бул натыйжа шаарда өскөн жаштардын медиа жана көңүл ачуучу каражаттарга көбүрөөк дуушар болушу, кино, театр, социалдык медиа сыяктуу маданий контенттерге жеткиликтүүлүгү жеңил болушу менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Айылда өскөн студенттер үчүн болсо салттуу жашоо образы жана күнүмдүк башка приоритеттердин аркасында мындай баалуулуктарга берилген мааниси салыштырмалуу төмөн болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.4.6.5.** Университет жана медиа-көңүл ачуу

| № | Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **Ош мамлекеттик университети** | 46,21 | 9,91 | 5,2 | 0,000 | 3, 4, 6, 7, 8, 9, 10, 12, 13 | 0,029 | Кичинекей |
| **2** | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 48,42 | 9,75 | | | 12 | | |
| **3** | **Баткен мамлекеттик университети** | 51,19 | 9,34 | | | 1 | | |
| **4** | **Нарын мамлекеттик университети** | 50,43 | 8,97 | | | 1 | | |
| **5** | **Талас мамлекеттик университети** | 48,72 | 10,19 | | | 12 | | |
| **6** | **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 50,16 | 9,46 | | | 1 | | |
| **7** | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 51,56 | 9,14 | | | 1 | | |
| **8** | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 50,64 | 9,72 | | | 1 | | |
| **9** | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 50,51 | 10,51 | | | 1 | | |
| **10** | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 49,68 | 8,29 | | | 1, 12 | | |
| **11** | **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус славян университети** | 48,23 | 12,32 | | | 12 | | |
| **12** | **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 52,83 | 8,27 | | | 1, 2, 5, 10, 11 | | |
| **13** | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 51,7 | 9,98 | | | 1 | | |

Медиа жана көңүл ачуунун баалары студенттер окуган университетке жараша статистикалык маанилүү айырмачылыктарды көрсөттү ($F = 5.2$; $p < 0.001$). Анализдин жыйынты-

ктарына караганда, Оштогу мамлекеттик университеттин студенттери бул фактор боюнча эң төмөн орточо көрсөткүчтү беришкен (Орт. = 46.21), бул алардын медиа жана көңүл ачууга болгон кызыгуусу салыштырмалуу аз экенин көрсөтөт. Ага карама-каршы, Борбор Азиядагы Америка университети (Орт. = 52.83), И. Раззаков атындагы техникалык университет (Орт. = 51.70) жана Кыргыз-Түрк «Манас» университети (Орт. = 51.56) сыяктуу билим берүү мекемелеринде бул көрсөткүчтөр жогору болуп, студенттердин медиа жана көңүл ачууга болгон кызыгуусу салыштырмалуу күчтүү экенин билдирет.

Games-Howell тестинин[3] салыштырууларына ылайык, Ош мамлекеттик университетинин студенттери 9 башка университетке салыштырмалуу маанилүү түрдө төмөн бааларды берген. Бул айырмачылыктардын таасирдик көлөмү кичине деңгээлде болсо да (0.029), маданий, аймактык жана академиялык чөйрөнүн айырмачылыктары *медиа-көңүл ачуу* баалуулуктарына таасир этери байкалууда. Айрыкча эл аралык байланыштары күчтүү же чоң шаарларда жайгашкан университеттерде медиа жана көңүл ачууга байланыштуу баалуулуктардын жогору болушу, бул окуу жайлар сунуш кылган социалдык, санариптик жана маданий мүмкүнчүлүктөр менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.4.6.6.** Илим тармагы жана медиа-көңүл ачуу

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 49.8 | 9.58 | 3.143 (2) | 0.043 | Жок | 0.003 | Кичинекей |
| **Табигый илимдер жана инженерия илимдери** | 50.78 | 9.48 | | | | | |
| **Саламаттыкты сактоо илимдери** | 49.12 | 11.68 | | | | | |

[3] Games-Howell – бул статистикалык жупташкан топторду салыштыруучу тест, тактап айтканда көптөгөн топтордун орточо маанилерин (mean) бири-бири менен салыштыруу үчүн колдонулат.

Медиа-көңүл ачуулар фактору студенттердин окуган илимий багытына жараша статистикалык маанилүү айырмачылыкты көрсөттү ($F(2) = 3.143$; $p = 0.043$). Бирок Games-Howell тестинин натыйжалары боюнча топтордун ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма аныктала алган жок; башкача айтканда, статистикалык айырма болсо да, кайсы топтордо экенин так аныктоо мүмкүн болгон эмес.

Орточо баллдарды караганда, табигый илимдер – инженердик багыттагы студенттер Медиа-Көңүл ачуулар баалуулугуна эң жогорку балл беришет (Орточо = 50.78), андан кийин коомдук илимдер (Орточо = 49.80) жана саламаттык сактоо илимдери (Орточо = 49.12) келет. Бул айырманын таасир көлөмү өтө төмөн (0.003) болуп, демек илимий багыттын Медиа-Көңүл ачуулар баалуулуктарына тийгизген таасири өтө чектелүү.

**Таблица: 3.4.6.7.** Курс жана медиа-көңүл ачуу

| **Курс** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49.82 | 10.36 | 2.478 (3) | 0.06 | 3-4 ($p < 0.05$) | 0.004 | Кичинекей |
| **2** | 49.86 | 9.73 | | | | | |
| **3** | 51.1 | 9.18 | | | | | |
| **4** | 49.2 | 9.82 | | | | | |

Медиа-көңүл ачуулар факторунун баллдары студенттердин окуган курс  деңгээлине жараша кичине, бирок көңүл бурдурарлык айырмачылыктарды көрсөттү. Варианс анализине ылайык жалпы айырма маанилүүлүк чегинде орун алган ($F(3) = 2.478$; $p = 0.060$), бирок көптүк салыштыруулардан кийин 3-курс жана 4-курс студенттеринин ортосунда статистикалык маанилүү айырма аныкталган (3-курс > 4-курс).

Эң жогорку орточо көрсөткүч 3-курстун студенттерине тиешелүү (Орточо = 51.10), бул топтогу студенттер медиа жана көңүл ачууларга көбүрөөк маани беришкенин көрсөтөт. Ал эми эң төмөн орточо көрсөткүч 4-курста байкалган (Орточо =

49.20). Таасир көлөмү кичине деңгээлде болуп калган (0.004), демек курс деңгээлинин бул баалуулукка тийгизген таасири чектелүү.

**Таблица: 3.4.6.8.** Бир туугандын саны жана медиа-көңүл ачуу

| **Бир туугандын саны** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 52.49 | 10.1 | 3.726 (4) | 0.005 | 7ден көп | 0.007 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 51.09 | 9.8 | | | 7ден көп* | | |
| **3-4 бир тууган** | 49.88 | 9.68 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 49.67 | 10.06 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 47.68 | 9.69 | | | Бир тууганы жок, 1-2 бир тууган* | | |

**Медиа-көңүл ачуу** факторунун баллдары индивиддердин бир туугандарынын санына жараша маанилүү деңгээлде айырмачылык көрсөткөн (F(4)= 3.726; p= 0.005). Өзгөчө бир тууганы жок студенттер (Орточо = 52.49) жана 1-2 бир тууганы барлар (Орточо = 51.09) 7 же андан көп бир тууганы бар респонденттерге (Орточо = 47.68) салыштырмалуу бул факторго статистикалык жактан бир топ жогорку балл беришкен.

Көптүк салыштырма анализдерде **«бир тууганы жоктор»** жана **«1-2 бир тууганы барлар»** тобу менен **«7 жана андан көп бир тууганы барлардын»** ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма аныкталган. Таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү төмөн деңгээлде калган (0.007), башкача айтканда, бир туугандардын саны бул баалуулукка чектелүү болгондугуна карабастан, маанилүү таасирге ээ экенин көрсөтөт.

Жыйынтыгында аз бир тууганы бар адамдардын медиа жана көңүл ачуучу каражаттарга көбүрөөк убакыт, кызыгуу жана жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Ал эми чоң үй-бүлөлөрдө жеке медиаиы колдонуу же маданий иш-чараларга катышуу, колдонуу чектелүү болушу мүмкүн. Ошондой эле социалдык-экономикалык

факторлор да бул айырмачылыктын пайда болушунда кыйыр таасир этиши мүмкүн. Жалпысынан, бир туугандардын саны көбөйгөн сайын *медиа-көңүл ачуу* баалуулуктары төмөндөгөн көрүнүш аныкталды.

**Таблица: 3.4.7.** (ФАКТОР 7): Инсандын сезимталдыгы

| | **Орточо** | **SS** | **Жүктөмдөр** |
|---|---|---|---|
| **Фактор:7, Инсандын сезимталдыгы** | | | |
| **Табиятты сүйүү** | 4,55 | 0,63 | 0,64 |
| **Чынчылдык** | 4,68 | 0,58 | 0,63 |
| **Инсандык** | 4,727 | 0,56 | 0,61 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,61 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 1,90 |
| ***Açıklanan Varyans [%]*** | | | 3i40 |

Изилдөөдө университетте окуп жаткан жаштарга жүргүзүлгөн факторлук анализдин жыйынтыгында келип чыккан 7-фактор **«Инсандын сезимталдыгы»** деп аталды. Бул фактор **«Табиятты сүйүү»**, **«Чынчылдык»** жана **«Инсандык»** сыяктуу баалуулуктардан түзүлдү. Бул баалуулуктардын жалпы өзгөчөлүгү – адамдын табиятка да, башка адамдарга да болгон адеп-ахлактык жана ыймандык сезимталдыгын чагылдыруусунда болуп саналат. Факторлук жүктөр/маалыматтар тиешелүүлүгүнө жараша 0,64 (**Табиятты сүйүү**), 0,63 (**Чынчылдык**) жана 0,61 (**Инсандык**) болуп эсептелди. Бул фактордун ишенимдүүлүк коэффициенти (Cronbach Alfa) 0,61 болуп, ички шайкештиктин кабыл алууга боло турган деңгээлин көрсөткөн. Фактордун өздүк мааниси (Eigendeğeri) 1,90 болуп, жалпы вариациянын 3,40% түшүндүргөн.

Бул баалуулуктардын бири болгон **табиятты сүйүү** – адамдын жана коомдун табият менен болгон өз ара мамилесин аныктаган баалуулук болуп, адамдын жана коомдун табият менен түзгөн оң мамилесин да чагылдырат. Табият – жалпы коомдук жоопкерчилик тармактарынын бири болуп, экологиялык баалуулуктарды билдирет. **Чынчылдык** болсо коомдун эң маанилүү адеп-ахлактык капиталынын бири болуп, коомдордо

ишенимге негизделген мамилелерди түзүүдө чечүүчү роль ойнойт. Мунун баарын камтыган **инсандык** болсо, жеке жана коомдук деңгээлдеги адеп-ахлактык жана маданий жетилгендиктин көрсөткүчү болуп саналат.

Биз сөз кылган жана бул факторго кирген баалуулуктар, жеке адамдардын маданий курактык деңгээлинен тышкары, коомдук мамилелердеги сезимталдыгын да өнүктүрүп, баалуулуктарга негизделген жашоо философиясын пайда кылат.

**Таблица: 3.4.7.1.** Жыныс жана инсандын сезимталдыгы

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50,62 | 8,8 | 4,64 (2075) | 0,000 | 2,06616 | 0,221 | |
| **Эркек** | 48,56 | 10,53 | | | | | |

"Инсандын сезимталдыгы" факторунун жалпы баллдары жыныс өзгөрмөсүнө карата салыштырганда статистикалык жактан маанилүү айырма табылган. Кыз студенттердин орточо баллы 50,62 болсо, эркек студенттердики 48,56. Көз карандысыз үлгүлөрдүн t-тестинин натыйжалары боюнча бул айырма маанилүү деп табылган ($t(2075) = 4,64$, $p < 0,001$). Бул көрсөткүч кыз студенттердин эркек студенттерге караганда инсандуулукка сезимталдык боюнча жогору баалуулуктарга ээ экенин көрсөтөт. Бирок айырманын көлөмүн көрсөтүүчү таасир коэффициенти (Cohen's d = 0,221) өтө төмөн болуп, демек жыныстын бул факторго тийгизген таасири статистикалык жактан маанилүү болсо да практикалык жактан алсыз экенин билдирет.

Бул маалыматтарга караганда, кыз студенттердин табиятка, адалдуулукка жана адамгерчиликке карата сезимталдыгы эркек студенттерге салыштырмалуу жогору деп айтууга болот. Бул көрүнүш, коомдогу гендердик ролдордун кыздарга жүктөгөн камкордук, мээрим жана эмпатия сыяктуу баалуулуктарды ичкисине сиңиргенинен келип чыгышы мүмкүн. Ошондой

эле, коомдук структурада кыздарга карата жогорку этикалык күтүүлөр коюлушу да бул айырманын негизги себеби болуп саналат. Эркек студенттердин төмөнрөөк инсандуулукка сезимталдык баллдары болуусу, бул баалуулуктарга маани бербей турганын билдирбестен, кыздарга салыштырмалуу бул баалуулуктарга аз басым жасашарын көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.7.2.** Ата-эненин билими жана инсандын сезимталдыгы

| **Ата-эненин билими** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/ лицей-** | 48.96 | 9.72 | 5.078 (3) | 0.002 | Экөө тең унив.+*, Энеи унив.+ Атасы колледж/лицей- * | 0.008 | Кичинекей |
| **Экөө тең унив.+** | 50.63 | 9.47 | | | Экөө тең колледж/ лицей- * | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/ лицей-** | 50.69 | 9.23 | | | Экөө тең колледж/ лицей- * | | |
| **Энеси колледж/ лицей- Атасы унив.+** | 50.51 | 8.84 | | | - | | |

“Инсандын сезимталдыгы” факторунун баллдары ата-эненин билим деңгээли боюнча маанилүү айырмачылыктарды көрсөтөт (F(3) = 5.078; p = 0.002). Эң төмөн орточо көрсөткүч эки ата-энеси тең орто мектептен төмөн билим алган студенттерде байкалган (Орточо 48.96); ал эми эң жогорку орточо көрсөткүчтөр апасы университетти, атасы орто мектептен төмөн билим алган студенттерде (Орточо 50.69) жана эки ата-эне тең университет бүтүргөн топтордо (Орточо 50.63) аныкталган.

Бул көрсөткүч, айрыкча апасынын билим деңгээли жеке адамдагы инсандык сезимталдыкка оң таасир тийгизерин көрсөтөт. Бирок айырманын таасир көлөмү төмөн (0.008), демек натыйжа статистикалык жактан маанилүү болсо да практикалык таасири чектелүү. Ошого карабастан,

жалпы алганда билимдүү ата-энелердин балдары жогорку инсандык сезимталдыкка ээ болушат. Бул болсо үй-бүлөдөгү баалуулуктарды өткөрүү жаштардын этикалык жана ыймандык өнүгүүсүндө маанилүү роль ойноорун көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.7.3.** Аймак жана инсандын сезимталдыгы

| Аймак | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма (Games-Howell) | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 50.16 | 9.49 | 4.057 (7) | 0.000 | Ош-Ысык-Көл: 3.05429*, Жалал-Абад-Ысык-Көл: 2.57508*, Талас-Ысык-Көл: 2.81260*, Ысык-Көл-Бишкек: -3.42670* | 0.014 | Кичинекей |
| **Ош** | 50.88 | 8.91 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 50.4 | 09.09 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 47.83 | 10.06 | | | | | |
| **Талас** | 50.64 | 8.69 | | | | | |
| **Баткен** | 49.06 | 9.3 | | | | | |
| **Нарын** | 50.01 | 09.03 | | | | | |
| **Бишкек** | 51.25 | 10 | | | | | |
| **Жалпы** | 49.99 | 9.41 | | | | | |

“Инсандын сезимталдыгы” фактору жашаган аймакка жараша маанилүү айырмачылыктарды көрсөтөт ($F(7) = 4.057$; $p < 0.001$). Эң төмөн орточо көрсөткүч Ысык-Көл аймагында (Орточо 47.83), эң жогорку көрсөткүч Бишкекте (Орточо 51.25) байкалган. Games-Howell көптүк салыштыруулар боюнча, айрыкча Ош, Жалал-Абад жана Талас аймактарында жашаган студенттердин Ысык-Көлгө салыштырмалуу маанилүү деңгээлде жогорку инсандык сезимталдык баллдарына ээ экени аныкталган; ошондой эле Бишкек да Ысык-Көлгө караганда статистикалык жактан маанилүү деңгээлде жогорку сезимталдыкка ээ экени белгиленген.

Бирок айырманын таасир көлөмү кичине деңгээлде (0.014) болуп, бул аймактын таасири чектелгенин көрсөтөт. Ошого карабастан, натыйжалар регионалдык маданий айырмачылыктар баалуулук кабылдоолорго таасир этерин көрсөтүп турат.

Айрыкча Ысык-Көл аймагындагы студенттердин башка аймактарга караганда төмөнкү инсандык сезимталдыкты көрсөтүүсү, жергиликтүү социалдашуу процесстеринин айырмачылыгы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн.

**Таблица: 3.4.7.4.** Мурун жашаган жери жана инсандын сезимталдыгы

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 50.22 | 10.04 | 0.397 (2) | 0.673 | Жок | 0.000 | Өтө кичинекей |
| **Шаарча** | 49.84 | 8.93 | | | Жок | | |
| **Айыл** | 49.84 | 09.01 | | | Жок | | |

Студенттер университетке баштоодон мурун жашаган жайлары (шаар, шаарча, айыл) менен “Инсандын сезимталдыгы” факторунун баллдарынын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма жок экендиги аныкталды ($F(2) = 0.397$; $p = 0.673$). Орточо баллдар шаарда (Орточо 50.22), шаарчада (Орточо 49.84) жана айылда (Орточо 49.84) өтө окшош көрсөткүчтөрдү көрсөтүүдө.

Таасирдин көлөмү да нөлгө жакын болуп, мурдагы жашаган жери инсандык сезимталдык деңгээлине эч кандай маанилүү таасир тийгизбестигин көрсөтөт. Бул натыйжа жеке адамдардын этикалык жана ыймандык баалуулуктары айылдык же шаардык жашоодон көрө башка факторлордун негизинде калыптанаарын көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.7.5.** Университет жана инсандын сезимталдыгы

| № | Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Ош мамлекеттик университети** | 50,59 | 8,92 | 6,739 | 0,000 | 6 | 0,038 | Кичинекей |
| 2 | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 49,89 | 9,01 | | | | | |
| 3 | **Баткен мамлекеттик университети** | 47,9 | 10,13 | | | 7, 9, 12 | | |
| 4 | **Нарын мамлекеттик университети** | 48,67 | 8,85 | | | 7, 9, 12 | | |
| 5 | **Талас мамлекеттик университети** | 51,01 | 7,84 | | | 6 | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **6** | **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 46,69 | 9,64 | | | 1, 5, 7, 9, 10, 12 | | |
| **7** | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 52,3 | 8,27 | | | 3, 4, 6, 13 | | |
| **8** | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 49,83 | 9,31 | | | | | |
| **9** | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 52,4 | 8,03 | | | 3, 4, 6, 13 | | |
| **10** | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 50,81 | 8,21 | | | 6 | | |
| **11** | **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус славян университети** | 49,63 | 10,68 | | | | | |
| **12** | **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 52,75 | 9,54 | | | 3, 4, 6, 13 | | |
| **13** | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 47,64 | 11,39 | | | 7, 9, 12 | | |

“Инсандын сезимталдыгы” факторунун баллдары университет өзгөрмөлүүлүгүнө жараша маанилүү айырмачылыкты көрсөтөт ($F = 6.739$; $p < 0.001$). Эң жогорку орточо көрсөткүчтөр Борбордук Азиядагы Америка университетинде (Орточо 52.75), И. Ахунбаев атындагы медициналык академияда (Орточо 52.40) жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде (Орточо 52.30) байкалса, эң төмөн орточо көрсөткүчтөр К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл университетинде (Орточо 46.69) жана И. Раззаков атындагы техникалык университетте (Орточо 47.64) аныкталган.

Games-Howell тестинин натыйжалары боюнча көптөгөн университеттер арасында статистикалык маанилүү айырмачылыктар бар экени белгилүү болгон. Мисалы, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенттеринин баллдары Баткен,

Нарын, Ысык-Көл жана Техникалык университеттердин студенттериникинен маанилүү деңгээлде жогору.

Таасирдин көлөмү кичине деңгээлде (0.038) болуп, бул университеттин студенттердин инсандык сезимталдыгына чектелген, бирок маанилүү таасир тийгизерин көрсөтөт. Бул айырмачылыктар университеттердин билим берүү ыкмалары, студенттердин профили жана институттук маданияты менен байланыштуу болушу мүмкүн. Айрыкча эл аралык кызматташтык, социалдык жоопкерчилик долбоорлору жана этикалык билим берүүгө басым жасаган университеттерде бул баалуулуктардын көбүрөөк өнүккөнү байкалат.

**Таблица: 3.4.7.6.** Илим тармагы жана инсандын сезимталдыгы

| **Илим тармагы** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.36 | 9.14 | 7.112 (2) | 0.001 | Коомдук илимдер-Табигый жана инженерия илимдери, Табигый жана инженерия илимдери-Саламаттык сактоо илимдери | 0.007 | Кичинекей |
| **Табигый жана инжерения илимдери** | 48.8 | 10.02 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 50.97 | 8.98 | | | | | |

“Инсандын сезимталдыгы” факторунун баллдары студенттердин окуган илимий багытына жараша статистикалык маанилүү айырмачылыктарды көрсөтөт ($F(2) = 7.112$; $p = 0.001$). Эң жогорку орточо көрсөткүч саламаттык сактоо илимдеринде (Орточо = 50.97), андан кийин коомдук илимдерде (Орточо = 50.36), ал эми эң төмөн көрсөткүч табигый илимдер жана инженердик багытта (Орточо = 48.80) байкалган.

Көптүк салыштыруулар боюнча, коомдук илимдер менен табигый илимдер жана инженердик багыт, ошондой эле

табигый илимдер жана инженердик багыт менен саламаттык сактоо илимдеринин ортосунда статистикалык маанилүү айырмачылыктар бар. Бул айырмачылыктар адамга багытталган тармактарда окуган студенттердин инсандуулукка сезимталдык деңгээли жогору экенин көрсөтөт.

Таасир көлөмү кичине деңгээлде (0.007), демек илимий багыттын таасири чектелүү. Ошентсе да, натыйжалар окуу мазмуну жана кесиптик күтүүлөр баалуулуктардын өнүгүшүнө багыт бергенин көрсөтөт. Айрыкча саламаттык сактоо жана социалдык багыттарда адам менен түз байланыш бул айырманын пайда болушуна өбөлгө түзөт деп айтууга болот.

**Таблица: 3.4.7.7.** Курс жана инсандын сезимталдыгы

| **Курс** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 50.28 | 9.83 | 1.128 (3) | 0.336 | Жок | 0.002 | Кичинекей |
| **2** | 49.85 | 9.35 | | | | | |
| **3** | 49.4 | 9.49 | | | | | |
| **4** | 50.55 | 8.44 | | | | | |

“Инсандын сезимталдыгы” факторунун баллдары студенттердин курстук деңгээлине жараша статистикалык маанилүү айырмачылыкты көрсөтпөйт ($F(3) = 1.128$; $p = 0.336$). Орточо баллдар курстар боюнча өтө окшош: 1-курс (Орточо = 50.28), 2-курс (Орточо = 49.85), 3-курс (Орточо = 49.40) жана 4-курс (Орточо = 50.55).

Eta-квадраттын мааниси өтө төмөн (0.002) болуп, курстук деңгээлинин инсандуулукка сезимталдыкка дээрлик эч кандай таасир тийгизбесин көрсөтөт. Бул натыйжа студенттердин инсандуулукка болгон көз карашы университеттик жылдарынын ичинде негизинен туруктуу каларын билдирет.

**Таблица: 3.4.7.8.** Бир туугандын саны жана инсандын сезимталдыгы

| Бир туугандын саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 49.37 | 8.54 | 0.572 (4) | 0.683 | Жок | 0.001 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 49.67 | 10.51 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 49.9 | 9.25 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 50.23 | 9.15 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 50.94 | 7.93 | | | Жок | | |

Бир туугандардын саны менен “Инсандын сезимталдыгы” факторунун баллдарынын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма табылган эмес ($F(4) = 0.572$; $p = 0.683$). Орточо баллдар бир туугандардын санына жараша өтө аз айырмаланат: бир тууганы жоктордо Орточо = 49.37, 7 же андан көп бир тууганы барларда Орточо = 50.94.

Eta-squared мааниси абдан төмөн (0.001) болуп, бир туугандардын санынын инсандык сезимталдыкка тийгизген таасири дээрлик жок экенин көрсөтөт. Бул болсо адамдын этикалык жана ыймандык сезимталдыгы бир туугандардын санына көз карандысыз өнүгө турганын айгинелейт.

**Таблица: 3.4.8.** (ФАКТОР: 8). Билим берүү

| | Орточо | SS | Жүктөмдөр |
|---|---|---|---|
| **фактор: 8, Билим берүү** | | | |
| **Мектеп** | 4,53 | 0,71 | 0,67 |
| **Окутуучу** | 4,55 | 0,68 | 0,62 |
| **Университет** | 4,46 | 0,72 | 0,55 |
| **Билим берүү** | 4,76 | 0,52 | 0,50 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,66 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 1,88 |
| ***Açıklanan Varyans [%]*** | | | 3,36 |

Изилдөөгө кирген “Билим берүү” фактору университетте окуган кыргыз жаштарынын мектеп, мугалим, университет жана билим берүү түшүнүктөрүнө берген баасын өлчөйт. Бул фактор жалпы дисперсиянын 3,36% түшүндүрүп, Eigen мааниси 1,88 жана Cronbach Alfa ишенимдүүлүк коэффициенти 0,66 болуп, орточо деңгээлдеги ички туруктуулукка ээ. Фактор ичиндеги эң жогорку орточо мааниге ээ болгон түшүнүк “би-

лим берүү" (Орточо = 4,76) болуп, андан кийинки орундарды "мугалим" (4,55), "мектеп" (4,53) жана "университет" (4,46) ээлейт. Бул маалыматтар кыргыз жаштары билим берүүнү бир баалуулук катары абдан жогору баалашарын жана билим берүүгө карата жалпы оң мамилеге ээ экенин көрсөтөт.

Билим берүү коомдун негизги институттарынын бири болуу менен катар эле өз алдынча да баалуулук болуп саналат. Ал жеке адамдардын билим, көндүм, социалдашуу жана баалууллуктарды өздөштүрүүсүн камсыз кылган процесс. Бул процесс ишке ашкан мекемелер мектеп жана университеттер. Ал эми билим берүү процессинде эң маанилүү роль ойногон актёр мугалим.

Билим берүү жеке өнүгүүнүн да, коомдук курулуштун да негизги институту болуп, коомдун келечек багытын аныктоочу башкы мекемелердин катарына кирет. Ал адамдын социалдашышын, коомдук нормаларды өздөштүрүшүн жана билимдин топтолуп кийинки муундарга өткөрүлүшүн камсыз кылат.

Мектеп – билим берүү системасынын уюшкан түзүлүшү. Ал билим берүү системасынын ичинде билимдердин, ролдордун жана коомдук баалуулуктардын үйрөтүлгөн уюшкан бюрократиялык түзүлүш болуп саналат.

Мугалим болсо билим берүү системасындагы эң маанилүү актёр болуп, ал жөн гана билимди жеткирбестен, ошол эле учурда инсандарга мүнөз калыптандырып, баалуулуктарды үйрөткөн адам.

Университет болсо жогорку билим берүү деңгээлинде билим өндүрүүчү борбор, сынчыл ой жүгүртүү, илимий изилдөө жана маданий өндүрүүнүн борбору болгон уюшкан жайлар. Ал кесипке ээ кылуунун эле эмес, академиялык тажрыйбаны жана этиканы муундарга өткөрүүнүн орду. Университеттер өлкөлөрдүн илимий, экономикалык, технологиялык жана

маданий өндүрүш борборлору болуп саналат. Кыскасы, бул факторго кирген институттар жеке өнүгүүдөн тартып коом курулушуна чейин маанилүү ролду ойнойт.

**Таблица: 3.4.8.1.** Жыныс жана билим берүү

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 51,06 | 8,79 | 6,405 (2075) | 0,000 | 2,85555 | 0,305 | |
| **Эркек** | 48,21 | 10,58 | | | | | |

Бул фактор боюнча жыныс боюнча салыштыруу жүргүзүлгөндө, аял студенттердин (Орточо = 51,06) билим берүүгө болгон маани берүүсү эркек студенттерге (Орточо = 48,21) салыштырмалуу жогору экени аныкталган. Бул айырма статистикалык жактан маанилүү ($t(2075) = 6{,}405$, $p < .001$) болуп, орточо айырма 2,85 баллды түзгөн. **Cohen's d = 0,305** болуп эсептелип, таасир көлөмү кичине деңгээлде болсо да, олуттуу айырмачылыкты көрсөтөт.

Бул табылгалар аялдардын билим берүү баалуулуктарына көбүрөөк маани берерин көрсөтөт. Бул жагдайды социологиялык жактан алганда, аялдардын коомдогу статусун жогорулатуу, экономикалык көзкарандысыздыкка жетишүү жана жыныстык ролдорго каршы күчтүүрөөк инсан катары калыптануу мотивациялары менен байланыштырууга болот. Кыргызстан сыяктуу айрым тармактарда жыныстык теңсиздик дагы эле уланып жаткан коомдо, билим берүү аялдар үчүн жеке күчтөнүүнүн жана социалдык мобилдүүлүктүн негизги куралы катары каралышы мүмкүн.

**Таблица: 3.4.8.2.** Ата-эненин билими жана билим берүү

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей-** | 50.73 | 09.06 | 2.757 (3) | 0.041 | - | 0.004 | Кичинекей |
| **Экөө тең унив.+** | 49.51 | 9.84 | | | - | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 50.47 | 9.51 | | | - | | |
| **Энеси колледж/лицей- Атасы унив.+** | 49.20 | 10.31 | | | - | | |

"Билим берүү" фактору менен ата-энесинин билим деңгээлинин ортосунда маанилүү, бирок кичине деңгээлдеги айырма бар экени байкалууда ($F(3) = 2{,}757$, $p = 0{,}041$, $n^2 = 0{,}004$). Эң жогорку орточо көрсөткүч ата-энесинин экөө тең орто мектептен төмөн билим деңгээлине ээ болгон студенттерде байкалган (Орточо = 50,73), ал эми эң төмөнкү орточо көрсөткүч энеси орто мектептен төмөн, атасы университетти бүтүргөн студенттер тобунда кездешкен (Орточо = 49,20). Жалпысынан алганда, ата-энелердин билим деңгээли жогорулаган сайын, студенттердин билимге берген баасы бир аз төмөндөп жаткандыгы көрүнүп турат.

Бул жагдайды ата-энесинин билим деңгээли төмөн үй-бүлөлөрдөн чыккан студенттер билимди мүмкүнчүлүк жана социалдык көтөрүлүүнүн куралы катары көрүшү менен түшүндүрүүгө болот. Ал эми ата-энеси жогорку билимдүү үй-бүлөлөрдө болсо, билим берүү кадимки норма катары кабылданып, ага болгон баалоо салыштырмалуу төмөндөшү мүмкүн. Натыйжада, айырма чакан деңгээлде болсо да, студенттердин билимге берген маанисине ата-энесинин билим деңгээлинин таасири бар экенин айтууга болот.

**Таблица: 3.4.8.3.** Аймак жана билим берүү

| Bölge | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма (Games-Howell) | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 48.66 | 10.62 | 2.432 (7) | 0.018 | Жок | 0.008 | Кичинекей |
| **Ош** | 50.13 | 09.01 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 50.86 | 8.85 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 49.42 | 9.36 | | | | | |
| **Талас** | 51.15 | 8.25 | | | | | |
| **Баткен** | 50.53 | 8.84 | | | | | |
| **Нарын** | 51.13 | 10 | | | | | |
| **Бишкек** | 49.19 | 10.57 | | | | | |
| **Жалпы** | 50.18 | 9.46 | | | | | |

"Билим берүү" фактору менен студенттердин аймактарынын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма келип

чыкты (F(7) = 2,432, p = 0,018), бирок таасир көлөмү кичине деңгээлде болду (0,008). Games-Howell көптүк салыштыруу тестинин жыйынтыгында маанилүү айырма аныкталган эмес.

Аймактар боюнча орточо көрсөткүчтөрдү караганда, эң жогорку орточо баллдар Талас (51,15) жана Нарын (51,13) облустарында байкалды. Эң төмөн орточо көрсөткүчтөр Чүй (48,66) жана Бишкек (49,19) аймактарына тиешелүү. Бул жагдай, айылдык же шаарча аймактарынан келген студенттер билимге жогору баа беришерин, ал эми чоң шаарлардан келген жаштарда бул баалуулук салыштырмалуу төмөн экенин көрсөтүп турат.

Бул айырмачылыктар билим берүүнүн чоң шаарларда кадимки көрүнүш катары кабыл алынганын, ал эми айыл аймактарында билим мүмкүнчүлүк жана өнүгүүнүн куралы катары каралышы менен түшүндүрүлөт. Бирок айырмачылыктардын кичине деңгээлде болушу, жалпылап алганда бардык аймактарда билимге берилген баа бирдей деңгээлде экендигин да көрсөтүп турат.

**Таблица: 3.4.8.4.** Мурун жашаган жери жана билим берүү

| **Мурун жашаган жери** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 49.39 | 10.13 | 7.157 (2) | 0.001 | Айыл (1.58652*) | 0.007 | Кичинекей |
| **Шаарча** | 49.48 | 9.54 | | | Жок | | |
| **Айыл** | 50.98 | 8.83 | | | Шаар (-1.58652*) | | |

"Билим берүү" фактору менен студенттердин университетке чейин жашаган жеринин ортосунда маанилүү айырмачылык табылган (F(2) = 7.157, p = 0.001). Таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү кичине деңгээлде (0.007), бирок көңүлгө аларлык айырма бар.

Айылдан келген студенттер билимге жогору маани беришкен (Орточо = 50.98), ал эми шаардык студенттер эң төмөнкү орточо баллга ээ болушкан (Орточо = 49.39). Шаар-айыл айырмасы маанилүү деп табылган (p < 0.05), калган топтордун

ортосунда болсо олуттуу айырмачылык байкалган эмес. Бул көрүнүш, айылда өскөн жаштардын билимди көбүрөөк мүмкүнчүлүк жана көтөрүлүү куралы катары кабыл алышы менен түшүндүрүлөт. Ошентсе да, таасир деңгээлинин төмөн болушу бул айырмачылыктын чектелүү экенин көрсөтүп турат.

**Таблица: 3.4.8.5.** Университет жана билим берүү

| № | Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Ош мамлекеттик университети** | 50,8 | 8,39 | 6,072 | 0,000 | 11 | 0,034 | Кичинекей |
| 2 | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 52,1 | 8,53 | | | 11, 13 | | |
| 3 | **Баткен мамлекеттик университети** | 50,18 | 9,11 | | | 11 | | |
| 4 | **Нарын мамлекеттик университети** | 51,3 | 10,57 | | | 11, 13 | | |
| 5 | **Талас мамлекеттик университети** | 51,98 | 8,19 | | | 11, 13 | | |
| 6 | **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 49,6 | 9,47 | | | | | |
| 7 | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 51,49 | 9,47 | | | 11, 13 | | |
| 8 | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 51,66 | 7,47 | | | 11, 13 | | |
| 9 | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 49,45 | 9,49 | | | | | |
| 10 | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 50,32 | 8,63 | | | 11 | | |
| 11 | **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 45,84 | 11,52 | | | 1, 2, 3, 4, 5, 7, 8, 10, 12 | | |
| 12 | **Борбордук Азиядагы Америка униврситети** | 50,01 | 9,43 | | | 11 | | |
| 13 | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 47,27 | 10,37 | | | 2, 4, 5, 7, 8 | | |

Университетте окуп жаткан жаштардын “Билим берүү” баалуулугуна берген мааниси, алардын окуган университетине

жараша статистикалык жактан олуттуу айырмачылыкты көрсөттү ($F = 6.072$, $p < 0.001$). Таасир өлчөмү/таасир этүүчү күчү кичинекей деңгээлде (0.034), бирок айрым университеттер арасында көңүл буруууга арзырлык айырмачылыктар бар. Эң жогорку орточо көрсөткүчтөр Жалал-Абад мамлекеттик университетине (52,1), Талас мамлекеттик университетине (51,98) жана Нарын мамлекеттик университетине (51,3) тиешелүү. Тескерисинче, эң төмөн орточо көрсөткүчтөр Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин (45,84) жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (47,27) студенттеринде байкалган.

Games-Howell көптүк салыштыруу анализине ылайык, өзгөчө Славян университети менен бир катар университеттердин арасында маанилүү айырмачылыктар аныкталды. Бул көрүнүш студенттердин билим баалуулугуна берген мааниси университеттин жайгашкан чөйрөсү, окутуу тили, институционалдык маданияты же студенттик профили менен тыгыз байланышта болушу мүмкүн экенин көрсөтүп турат.

**Таблица: 3.4.8.6.** Илим тармагы жана билим берүү

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.69 | 9.21 | 6.666 (2) | 0.001 | Коомдук илимдер - Саламаттык сактоо илимдери | 0.006 | Кичинекей |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 49.93 | 9.46 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 48.37 | 10.4 | | | | | |

“Билим берүү” факторуна байланыштуу анализ студенттердин окуган илимий багытына жараша статистикалык маанилүү айырмачылыктар бар экенин көрсөткөн ($F(2) = 6.666$, $p = 0.001$). Бирок бул айырманын таасир көлөмү кичине деңгээлде (0.006) болуп эсептелет. Орточо баллдарды караганда, коомдук илимдерде окуган студенттер билимге эң жогорку бааны

беришкен (Орточо = 50.69), андан кийин табигый илимдер жана инженердик багыттар (Орточо = 49.93), ал эми эң төмөн орточо көрсөткүч саламаттык сактоо илимдеринде байкалган (Орточо = 48.37). Статистикалык маанилүү айырма болгону коомдук илимдер менен саламаттык сактоо илимдеринин ортосунда аныкталган.

Бул көрүнүш коомдук илимдерде окуган студенттер билимди көбүрөөк жеке өнүгүү, коомдук таасир жана социалдык көтөрүлүш үчүн баалашары менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Ал эми саламаттык сактоо илимдеринде билимдин техникалык жактары алдыңкы орунда тургандыктан, баалуулук катары кабылдоосу чектелүү болушу мүмкүн. Жалпысынан, илимий багыт билимге берилген бааны кээ бир деңгээлде таасир этсе да, айырмачылыктар төмөн болуп, бардык тармактагы студенттер билимге жалпы жогорку маанини беришет деп айтууга болот.

**Таблица: 3.4.8.7.** Курс жана билим берүү

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49 | 9.99 | 4.898 (3) | 0.002 | 1-2, 1-3, 1-4 ($p < 0.05$) | 0.007 | Кичинекей |
| **2** | 50.48 | 8.94 | | | | | |
| **3** | 50.84 | 8.98 | | | | | |
| **4** | 51 | 10.1 | | | | | |

Билим берүү фактору боюнча баллдар студенттердин окуган курстук деңгээлине жараша статистикалык маанилүү айырмачылыкты көрсөттү ($F = 4.898$, $p = 0.002$). Бирок бул айырманын таасир көлөмү кичине деңгээлде (0.007).

1-курстун студенттери билимге эң төмөн бааны беришкен (Орточо = 49.00), ал эми жогорку курстарда бул баа кадам сайын өсүп, 4-курста эң жогорку орточо көрсөткүчкө жеткен (Орточо = 51.00). Көптүк салыштыруулар боюнча, 1-курс менен башка курстар (2., 3. жана 4.) ортосунда статистикалык маанилүү айырмачылыктар бар. Бул натыйжа студенттердин окуу

мөөнөтү өткөн сайын билимге берген мааниси жогорулай турганын көрсөтөт. Бул өсүшкө, балким, билим берүү процессине көбүрөөк интеграцияланышы, кесиптик күтүүлөрдүн такталышы жана билимдин практикалык маанисин түшүнүшү таасир этүүдө. Бирок айырмачылыктардын кичине деңгээлде экенин эске алуу керек.

**Таблица: 3.4.8.8.** Бир тууганды саны жана билим берүү

| Бир тууганды саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 47.7 | 10.15 | 1.738 (4) | 0.139 | Жок | 0.003 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 49.67 | 10.27 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 50.09 | 9.44 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 50.79 | 8.95 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 50.75 | 8.69 | | | Жок | | |

"Билим берүү" фактору менен бир тууганды санынын ортосунда статистикалык маанилүү айырма табылган жок (F(4) = 1.738, p = 0.139). Ошондой эле, таасирдин көлөмү кичине деңгээлде (0.003), демек бир тууганды саны билимге берилген баага дээрлик эч кандай таасир тийгизбейт. Бирок орточо көрсөткүчтөргө караганда, бир тууганы жок адамдар билимге эң төмөн бааны беришкен (Орточо = 47.7), бир тууганды саны көбөйгөн сайын бул орточо көрсөткүчтүн кадам сайын жогорулаары байкалат. Эң жогорку орточо көрсөткүчтөр 5–6 (50.79) жана 7 же андан көп бир туугасы бар студенттерде байкалган (50.75).

Бул тенденция көп балалуу үй-бүлөлөрдө билим мүмкүнчүлүгү көбүрөөк бааланарын көрсөткөндөй сезилсе да, айырманын статистикалык жактан маанилүү болбогону бул баалоону этияттык менен жасоону талап кылат. Жыйынтык катары, бир тууганды саны билимге берилген баага статистикалык мааниде таасир этпейт деп айтууга болот.

**Таблица: 3.4.9.** (Фактор:9). Жеке эркиндик жана коомдук теңдик

| | **Орточо** | **SS** | **Жүктөмдөр** |
|---|---|---|---|
| **Фактор :9, Жеке эркиндик жана коомдук теңдик** | | | |
| **Түшүнүктүүлүк** | 4,25 | 0,52 | 0,70 |
| **Жекелик** | 4,323 | 0,64 | 0,64 |
| **Теңдик** | 4,47 | 0,35 | 0,60 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,64 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 1,72 |
| ***Аныкталган варианс [%]*** | | | 3.08 |

Факторлук анализде алынган тогузунчу фактор камтыган түшүнүктөргө ылайык "Жеке эркиндик жана коомдук теңдик" деп аталды. Бул фактордун ичинде орун алган "түшүнүүчүлүк" (Орточо = 4,25), "жеке өзгөчөлүк" (Орточо = 4,32) жана "тегиздик" (Орточо = 4,47) өзгөрмөлөрү, жеке адамдын өз укуктары жана тандоолору менен бирге башкалардын укуктарын урматтоо негизинде өнүктүргөн эркиндикчил жана теңдикчил баалуулуктарга болгон көз карашын чагылдырат. Фактордун Eigendeğer'i 1,72 болуп, жалпы вариациянын 3,08%ын түшүндүрөт.

"Жеке эркиндик жана коомдук теңдик" фактору адамдын өздүк инсандыгын жана чек араларын таанып-билүүсүн, ошондой эле коомдук деңгээлде ар түрдүүлүк менен бирге жашоо идеалына болгон күчтүү багытын чагылдырат. Бул алкакта, мындай баалуулуктар өзгөчө коомдук ар түрдүүлүк арткан, жеке укуктар жана демократиялык нормалар маанилүү орунга чыккан заманбап коомдор үчүн өтө маанилүү болуп саналат.

Бул баалуулуктар көбүнчө заманбап коомдордо алдыга чыккан баалуулуктар болуп эсептелет. Салттуу коомдор жагынан алганда да маанилүү болгону менен, алардын коомдук мааниси бир аз башкача деп айтууга болот. Себеби салттуу коомдордо индивидуализмге караганда коллективизм күчтүүрөөк, жана "мен" аң-сезиминин ордуна "биз" аң-сезими үстөмдүк кылат. Жеке адам өзүнүн таандык болгон коомунун жалпы чечим-

деринин бир бөлүгү болуп саналат. Индивидуализм көбүнчө өзүмчүлүктүн белгиси катары бааланат. Салттуу нормалар жана диний баалуулуктар маанилүү көзөмөл куралдары болуп эсептелет. Индивидуалисттик мамилелер коом тарабынан айыпталуу же четке кагылуу коркунучу менен коштолушу мүмкүн. Бирок индивидуализмди жөн гана “өзүмчүл” жүрүм-турум үлгүсү катары түшүнүүгө болбойт. Анткени ал жеке адамдын өз чечимдерин жана жоопкерчиликтерин өзү кабыл ала билишин жана анын аң-сезиминде болушун билдирет.

Толеранттуулук да теңдик да көбүнчө заманбап коомдордо алдыга чыккан баалуулуктардан, ошону менен катар коомдук эрежелер да толеранттуулук менен теңдикти колдоого алат. Бирок бул баалуулуктар айрым учурларда өзгөчө салттуу коомдордо коомдук бүтүндүктү сактоо максатында коркунуч жараткан фактор катары да кабылданышы мүмкүн.

Учурда кыргыз коомунда ургаалдуу коомдук процесстер жүрүп жатканы айдан ачык, университетте окуган кыргыз жаштары жогоруда айтылган факторлордо чагылдырылган баалуулуктардан тышкары, маани берип, баалап жаткан баалуулуктары өткөөл коомдун башынан кечирип жаткан өзгөчөлүктөрүнүн чагылышы катары каралышы мүмкүн.

**Таблица: 3.4.9.1.** Жыныс жана жеке эркиндик менен коомдук теңдик

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen’s d | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50,39 | 9,19 | 2,476 (2075) | 0,013 | 1,11778 | 0,118 | |
| **Эркек** | 49,28 | 10,14 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөлүүлүгүнө байланыштуу жүргүзүлгөн көз карандысыз тандамалардын t-тестинин жыйынтыгына ылайык, кыз студенттердин бул фактор боюнча орточо баллы (Орточо = 50,39) эркек студенттердикине караганда (Орточо = 49,28) статистикалык жактан маанилүү түрдө жогору экени аныкталган (t = 2,476; p = 0,013). Орточо айырма

1,12 баллды түзүп, Cohen's d = 0,118 менен бул айырманын таасир көлөмү абдан төмөн экени көрсөтүлгөн. Бул жыйынтык кыздардын эркиндик, теңдик жана толеранттуулук сыяктуу баалуулуктарга көбүрөөк маани беришерин көрсөтүү менен бирге, бул айырманын практикалык турмушта чектелүү таасири бар экенин да билдирет.

Бул жагдай аялдардын социалдашуу процессинде мамиле курууга байланыштуу баалуулуктарга жана башкалардын сезимдерине карата ийкемдүүлүгү көбүрөөк колдоого алынышы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Салттуу коомдук ролдор аялдарды көбүнчө боорукер, тынчтыкты сүйгөн жана түшүнүктүү адам катары калыптандырса, эркектерде өз алдынчалык жана күчтүүлүк сыяктуу баалуулуктары басымдуулук кылып, жеке эркиндик жагынан белгилүү бир тең салмактуулукту жаратканы менен, коомдук теңдик жана толеранттуулук жаатында салыштырмалуу төмөн болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.4.9.2.** Ата-эненин билими жана жеке эркиндик менен коомдук теңдик

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей** | 48.73 | 9.83 | 13.334 (3) | 0.000 | Экөө тең унив.+ *, Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей- *, Энеси колледж/лицей.- Атасы унив.+ * | 0.020 | Кичинекей |
| **Экөө тең унив.+** | 51.88 | 09.03 | | | Экөө тең колледж/лицей *, Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей- *, Энеси колледж/лицей.- Атасы унив.+ * | | |
| **Эне унив.+ Ата кесиптик лицей** | 50.27 | 9.44 | | | Экөө тең колледж/лицей *, Экөө тең унив.+ * | | |
| **Энеси колледж/лицей.- Атасы унив.+** | 49.87 | 8.59 | | | Экөө тең колледж/лицей *, Экөө тең унив.+ * | | |

“Жеке эркиндик жана коомдук теңдик” фактору ата-эненин билим деңгээлинин өзгөрмөлүүлүгүнө жараша статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктарды көрсөттү (F = 13,334; p < 0,001). Таасир көлөмү/таасир этүү күчү төмөн деңгээлде (0,020) экени аныкталган. Эгерде ата-эненин экөө тең орто мектеп деңгээлинен төмөн билимге ээ болсо, орточо балл 48,73тү түзсө, экөө тең жогорку билимдүү болгон учурда бул орточо 51,88ге чейин жогорулайт. Ошондой эле ата-энесинин бирөөсү жогорку билимдүү болгон топтордо да баллдар статистикалык жактан маанилүү түрдө жогору экени байкалат. Бул жыйынтыктар ата-эненин билим деңгээли адамдын эркиндик, теңдик жана толеранттуулук сыяктуу демократиялык баалуулуктарга болгон багытын күчөтөөрүн көрсөтөт. Ата-энеси жогорку билимдүү үй-бүлөлөрдөн чыккан жаштар адамга багытталган баалуулуктарды көбүрөөк камтыганы аныкталды. Ошондуктан ата-эненин билим деңгээли адамдын коомдук баалуулуктарга болгон багытын аныктаган маанилүү фактор болуп саналат.

**Таблица: 3.4.9.3.** Аймак жана жеке эркиндик менен коомдук теңдик

| **Аймак** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма (Games-Howell)** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 51.03 | 8.94 | 6.639 (7) | 0.000 | Чүй-Жалал-Абад: 2.65174*, Ош-Жалал-Абад: 2.85805*, Ош-Талас: 2.63959*, Жалал-Абад-Бишкек: -4.09651*, Талас-Бишкек: -3.87804*, Нарын-Бишкек: -3.70917* | 0.022 | Кичинекей |
| **Ош** | 51.23 | 8.47 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 48.37 | 9.31 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 50.37 | 9.98 | | | | | |
| **Талас** | 48.59 | 9.35 | | | | | |
| **Баткен** | 50.16 | 9.21 | | | | | |
| **Нарын** | 48.76 | 9.71 | | | | | |
| **Бишкек** | 52.47 | 9.78 | | | | | |
| **Жалпы** | 50.05 | 9.5 | | | | | |

“Жеке эркиндик жана коомдук теңдик” фактору респонденттердин келген аймактарына жараша статистикалык

жактан маанилүү айырмачылыктарды көрсөтөт ($F(7) = 6,639$; $p < 0,001$). Таасир көлөмү төмөн деңгээлде болуп, анын мааниси 0,022ге барабар. Орточо баллдар аймактарга жараша өзгөрүп турат: эң жогорку көрсөткүч Бишкекте байкалган (Орточо = 52,47), ал эми эң төмөн көрсөткүч Жалал-Абадда катталган (Орточо = 48,37). Games-Howell тестинин жыйынтыгына ылайык, Бишкек шаары Жалал-Абад, Талас жана Нарын облустарына салыштырмалуу статистикалык жактан маанилүү түрдө жогорку баллдарга ээ. Ошону менен бирге, Ош жана Чүй сыяктуу салыштырмалуу шаарлашкан аймактар да жогорку баллдары менен өзгөчөлөнүп турат.

Бул натыйжалар шаардык аймактарда жашаган жаштар жеке эркиндик жана теңдик сыяктуу баалуулуктарга көбүрөөк маани беришерин көрсөтөт. Ага карама-каршы, кээ бир шаарчанын аймактарында бул баалуулуктар салыштырмалуу төмөн деңгээлде каларын байкоого болот. Аймактар аралык айырмачылыктар социалдык түзүм, билим берүү мүмкүнчүлүктөрү жана маданий ар түрдүүлүк сыяктуу факторлор менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.4.9.4.** Мурун жашаган жери жана жеке эркиндик менен коомдук теңдик

| **Мурун жашаган жери** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 51.45 | 9.55 | 18.592 (2) | 0.000 | Айыл (2.66146*), Шаарча (0.74128) | 0.018 | Кичинекей |
| **Шаарча** | 50.71 | 9.23 | | | Айыл (1.92018*) | | |
| **Айыл** | 48.79 | 9.37 | | | Шаар (-2.66146*), Шаарча (-1.92018*) | | |

“Жеке эркиндик жана коомдук теңдик” фактору респонденттердин университетке чейин жашаган жерине жараша статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктарды көрсөтөт ($F(2) = 18,592$; $p < 0,001$). Таасир көлөмү төмөн деңгээлде болуп, $n^2 = 0,018$ге барабар. Орточо баллдар боюнча шаарда чоңойгон катышуучулар 51,45 менен эң жогорку көрсөткүчкө

ээ болгон, ал эми айыл жергесинен келген студенттер 48,79 менен эң төмөн орточо балл алышкан. Көптүк салыштыруу жыйынтыгында шаар менен айылдын, жана шаарча (касаба) менен айылдын ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктар аныкталган.

Бул жыйынтык көбүрөөк шаарлашкан чөйрөдө чоңойгон жаштар жеке укуктар, эркиндик жана теңдик сыяктуу баалуулуктарга көбүрөөк ачык болушарын; ал эми айыл жергелеринде бул баалуулуктарга болгон мамиле салыштырмалуу чектелүү экенин көрсөтөт. Бул айырма коомдук чөйрө, билим берүү ресурстары жана маданий өз ара аракеттенүү деңгээли менен түшүндүрүлүшү мүмкүн.

**Таблица: 3.4.9.5.** Университет жана жеке эркиндик менен коомдук теңдик

| № | Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Ош мамлекеттик университети** | 50,08 | 8,28 | 7,01 | 0,000 | 2 | 0,039 | Кичинекей |
| 2 | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 46,69 | 9,18 | | | 1, 6, 7, 9, 10, 11, 12 | | |
| 3 | **Баткен мамлекеттик университети** | 48,77 | 9,75 | | | 9, 11, 12 | | |
| 4 | **Нарын мамлекеттик университети** | 47,05 | 10,06 | | | 6, 7, 9, 10, 11, 12 | | |
| 5 | **Талас мамлекеттик университети** | 48,19 | 9,17 | | | 9, 11, 12 | | |
| 6 | **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 51,01 | 10,06 | | | 2, 4 | | |
| 7 | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 51,26 | 9,88 | | | 2, 4 | | |
| 8 | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 49,83 | 9,22 | | | | | |
| 9 | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 52,34 | 7,76 | | | 2, 3, 4, 5 | | |
| 10 | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 51,09 | 8,5 | | | 2, 4 | | |
| 11 | **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 52,35 | 8,93 | | | 2, 3, 4, 5 | | |
| 12 | **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 52,59 | 9,29 | | | 2, 3, 4, 5 | | |
| 13 | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 49,94 | 10,94 | | | | | |

**«Жеке эркиндик жана коомдук теңдик»** фактору студенттердин билим алып жаткан университетине жараша маанилүү деңгээлде айырмалангандыгы аныкталды ($F = 7,01$; $p < 0,001$). Таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү $n^2 = 0,039$ болуп, бул кичинекей деңгээлдеги таасирди көрсөтөт.

Аныктоочу статистикалык маалыматтарга ылайык, эң жогорку орточо баллдар Борбордук Азиядагы Америка университетинин (Орточо = 52,59), Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин (52,35) жана Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын (52,34) студенттерине таандык. Ал эми эң төмөн орточо балл Жалал-Абад мамлекеттик университетинде байкалган (Орточо = 46,69). **Games-Howell** тестинин жыйынтыгы боюнча Жалал-Абад университети көптөгөн университеттерге салыштырмалуу бир кыйла төмөн балл алгандыгы аныкталган. Натыйжада университеттер сунуштаган социалдык жана маданий чөйрөлөр жеке эркиндик жана коомдук теңдик сыяктуу баалуулуктардын өнүгүшүндө маанилүү роль ойной турганын көрсөтөт. Айрыкча чоң шаарларда жана эл аралык мүнөзгө ээ болгон университеттерде бул баалуулуктарга карата жогору сезимталдык бар экени көңүлдү бурат.

**Таблица: 3.4.9.6.** Илим тармагы жана жеке эркиндик менен коомдук теңдик

| **Илим тармагы** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.17 | 9.35 | 5.331 (2) | 0.005 | Табигый жана инженердик илимдер жана саламаттык сактоо илимдери | 0.005 | Кичинекей |
| **Табигый жана инженердик илимдер** | 49.2 | 9.94 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 51.46 | 9.02 | | | | | |

«Жеке эркиндик жана коомдук теңдик» фактору студенттердин билим алып жаткан илим тармагына жараша маанилүү айырмачылыктарды көрсөткөн ($F(2) = 5{,}331$; $p = 0{,}005$). Таасирдин көлөмү/таасир этүүчү күчү $\eta^2 = 0{,}005$ болуп, бул айырма кичинекей деңгээлдеги таасирди билдирет. Эң жогорку орточо балл саламаттыкты сактоо илимдеринин студенттеринде байкалган (Орточо = 51,46), ал эми эң төмөнкү орточо балл табигый илимдер жана инженердик тармакта окуган студенттерге таандык (Орточо = 49,20).

Маанилүү айырма саламаттык сактоо илимдеринин жана табигый илимдер менен инженердик илимдердин студенттеринин ортосунда аныкталган. Бул жыйынтыктар жеке эркиндик жана коомдук теңдик сыяктуу баалуулуктарга саламаттык сактоо тармагындагы студенттерде көбүрөөк сезгичтик бар экенин көрсөтөт. Бул айырма адамга багытталган билим мазмуну жана кесиптик этикага болгон басым менен түшүндүрүлүшү мүмкүн.

Саламаттык сактоо илимдери менен табигый/инженердик илимдеринде билим алып жаткан студенттердин ортосунда олуттуу айырмачылык байкалган. Бул жыйынтыктар саламаттыкты сактоо илимдеринин студенттери инсандын эркиндиги жана коомдук теңдик сыяктуу баалуулуктарга көбүрөөк сезимтал экенин көрсөтүп турат. Бул айырмачылыкты инсанга багытталган билим берүүнүн мазмунунун таасири жана кесиптик этикага басым жасоо менен түшүндүрүүгө болот.

**Таблица: 3.4.9.7.** Курсу жана жеке эркиндик менен коомдук теңдик

| **Курсу** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49.51 | 9.9 | 3.364 (3) | 0.018 | 1-4, 2-4 ($p < 0.05$) | 0.005 | Кичинекей |
| **2** | 49.7 | 9.74 | | | | | |
| **3** | 50.55 | 8.86 | | | | | |
| **4** | 51.4 | 8.75 | | | | | |

“Жеке эркиндик жана коомдук теңдик” фактору студенттердин курстук деңгээлине жараша статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктарды көрсөттү ($F(3) = 3,364$; $p = 0,018$). Таасир көлөмү $n^2 = 0,005$ болуп, бул айырмачылык төмөн деңгээлдеги таасирге ээ экенин билдирет.

4-курстун студенттери эң жогорку орточо көрсөткүчкө ээ (Орточо = 51,40), андан кийинки орунда 3-курстун студенттери турат (Орточо = 50,55). Биринчи (Орточо = 49,51) жана экинчи курстун (Орточо = 49,70) студенттеринин баллдары төмөнүрөөк болду. Бул маанилүү айырмачылыктар 1- жана 2-курстун студенттери менен 4-курстун студенттеринин арасында байкалган.

Бул жыйынтык курс деңгээли жогорулаган сайын студенттер эркиндик жана теңчилик сыяктуу баалуулуктарга көбүрөөк маани бере баштаарын көрсөтөт. Бул айырмачылык билим алуу процессинде калыптанган коомдук аң-сезим жана сынчыл ой жүгүртүү жөндөмдөрүнүн таасири менен түшүндүрүлөт.

**Таблица: 3.4.9.8.** Бир тууганды саны жана жеке эркиндик менен коомдук теңдик

| Бир тууганды саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 48.39 | 11.39 | 3.891 (4) | 0.004 | 1-2 бир тууган, 5-6 бир тууган | 0.007 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 51.3 | 9.51 | | | 5-6 бир тууган* | | |
| **3-4 бир тууган** | 50.25 | 9.5 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 49.18 | 9.3 | | | Бир тууганы жок, 1-2 бир тууган* | | |
| **7 жана андан көп** | 48.81 | 9.31 | | | Жок | | |

«Жеке эркиндик жана коомдук теңдик» фактору студенттердин бир туугандарынын санына жараша маанилүү айырмачылыктарды көрсөттү ($F(4) = 3,891$; $p = 0,004$). Таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү $\eta^2 = 0,007$ болуп, бул айырма кичинекей деңгээлдеги таасирди билдирет. Эң жогорку орточо балл 1-2 бир тууганы бар студенттерде байкалган (Орточо = 51,30), ал эми эң төмөнкү орточо балл бир тууганы жок (Орточо = 48,39)

жана 7 жана андан көп бир тууганы бар студенттерде (Орточо = 48,81) катталган. Маанилүү айырмачылыктар өзгөчө «1-2 бир тууган» тобу менен «5-6 бир тууган» тобунун ортосунда, ошондой эле «бир тууганы жоктор» менен «5-6 бир тууганы барлардын» ортосунда аныкталган.

Бул жыйынтыктар бир тууганы азыраак болгон адамдар жеке эркиндик жана коомдук теңдик сыяктуу баалуулуктарга көбүрөөк маани беришерин көрсөтөт. Бул абал үй-бүлөдө жеке көрүнүү, жоопкерчиликтин бөлүштүрүлүшү жана социалдык тажрыйбанын ар түрдүүлүгү менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.4.10.** (ФАКТОР: 10). Үй-бүлө

| | **Орточо** | **SS** | **Жүктөмдөр** |
|---|---|---|---|
| **Фактор: 10, Үй-бүлө** | | | |
| **Бир тууган** | 4,80 | 0,52 | 0,69 |
| **Ата** | 4,79 | 0,64 | 0,67 |
| **Үй-бүлө** | 4,90 | 0,35 | 0,62 |
| ***Cronbach Alfa*** | | | 0,61 |
| ***Eigendeğeri*** | | | 1,68 |
| ***Açıklanan Varyans [%]*** | | | 3,01 |

Изилдөөдө аныкталган 10-фактор - “Үй-бүлө” болду. Респонденттердин үй-бүлөгө байланыштуу негизги баалуулуктарды кандай деңгээлде баалаарын өлчөйт. Бул фактордун алкагында “бир тууган”, “ата” жана “үй-бүлө” сыяктуу түшүнүктөр камтылган жана фактордук жүктөмдөр/салмагы/жүгү тиешелүүлүгүнө жараша 0,69, 0,67 жана 0,62 деп аныкталган. Жогорудагы аталган түшүнүктөр бул факторду жогорку деңгээлде чагылдырарын билдирет. Фактордун орточо көрсөткүчтөрү да абдан жогору чыккан (мисалы, “Үй-бүлө” – 4,90), бул университетте окуган кыргыз жаштарынын арасында үй-бүлөгө байланыштуу түшүнүктөр жалпы жонунан абдан жогорку деңгээлде маанилүү деп эсептелерин көрсөтөт. Ал эми Кронбах Альфа коэффициентинин 0,61 болушу бул фак-

тордо берилген пикирлердин ортосунда кабыл алууга боло турган деңгээлдеги ички шайкештик бар экенин билдирет.

Белгилүү болгондой, үй-бүлө – коомдун негизги түзүмү болуп эсептелет. Мурунку *баалуулуктарга байланыштуу пикирлер* бөлүмүндөгү факторлорду карап көрсөк, үй-бүлө жана ага байланыштуу баалуулуктардын эч бир фактордун курамына кирбегенин белгилеген элек. Бул жердеги түшүнүктөргө байланыштуу баалуулуктардын да арткы планда турган бир фактордун курамына кириши өзгөчө көңүл бурууга арзыйт.

Көптөгөн коомдордогудай эле, кыргыз коомунда да үй-бүлө, ата жана бир тууган сыяктуу баалуулуктарды жөн гана биологиялык байланыш катары түшүнүүгө болбойт, алар коомдук системанын негизги тиреги болуп саналат. Тамырдык байланыш – өткөн тарых менен болгон мамиленин көрсөткүчү. Үй-бүлө – бул коргоонун жана адамга жол көрсөтүүнүн символу.

Коомдун модерндешүүсү менен бирге үй-бүлөлүк байланыштардын солгундашы кадимкидей көрүнүш. Бирок коомдук системанын негизи болгон үй-бүлөлүк баалуулуктардын кыргыз жаштарынын арасында баалуулук жактан жоголууга дуушар болушу кызыгууну арттырган жана толук изилдөөлөрдү талап кылган маселе катары каралат.

**Таблица: 3.4.10.1.** Жыныс жана үй-бүлө

| **Жыныс** | **Орточо** | **SS** | **t (sd)** | **p (2-tailed)** | **Орт. айырма** | **Cohen's d** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 51,03 | 7,94 | 5,427 (2075) | 0,000 | 2,34224 | 0,258 | |
| **Эркек** | 48,69 | 11,22 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөлүүлүгү боюнча жүргүзүлгөн анализдер бул факторго байланыштуу абдан маанилүү жыйынтыктарды көрсөткөн. Кыз студенттердин

«үй-бүлө» фактору боюнча орточо баллы 51,03 болсо, эркек студенттердики 48,69 болду. Бул айырма статистикалык жак-

тан маанилүү (t=5,427, p < 0,001). Мындан тышкары Cohen's d көрсөткүчү 0,258 болуп, бул айырманын таасир көлөмү/тассир этүүчү күчү кичинекей деңгээлде экенин көрсөтөт. Башкача айтканда, кыздар эркектерге салыштырмалуу үй-бүлөгө байланыштуу баалуулуктарга көбүрөөк маани беришет, бирок бул айырма чектелген деңгээлде.

Бул жыйынтыктарды социологиялык контексттен караганда, Кыргызстандын коомундагы гендердик ролдордун таасири азыркыга чейин сакталып келе жатканын көрсөтөт. Кыздардын үй-бүлөгө көбүрөөк баа беришин салт боюнча аялдарга жүктөлгөн «үй-бүлөнү бириктирип кармап турган», «боорукер», «мээримдүү» сыяктуу ролдор менен байланыштырууга болот. Ал эми эркектердин үй-бүлөгө байланыштуу баалуулуктарга аялдарга салыштырмалуу азыраак маани берүүсү, алардын социалдык ролдору өзүнчө үй-бүлөдөн тышкары жоопкерчиликтерге (мисалы, экономикалык камсыздоо, карьера, коомдук статус) көбүрөөк көңүл буруусунан келип чыгышы мүмкүн.

**Таблица: 3.4.10.2.** Ата-эненин билими жана үй-бүлө

| **Ата-эненин билими** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей -** | 50.16 | 09.05 | 1.736 (3) | 0.157 | - | 0.003 | Кичинекей |
| **Экөө тең унив.+** | 50.28 | 9.67 | | | - | | |
| **Энеси унив. + Атасы колледж/ лицей -** | 51.32 | 7.97 | | | - | | |
| **Энеси колледж/ лицей – Атасы унив.+** | 49.81 | 09.01 | | | - | | |

"Үй-бүлө" фактору адамдын үй-бүлөгө, ата-энеге жана бир туугандарына карата баалуулугун чагылдырат. Ата-эненин билим деңгээли менен бул фактордун ортосунда жүргүзүлгөн анализде статистикалык жактан маанилүү айырма табылган эмес (F=1.736, p=0.157). Бул көрүнүш ата-эненин билим деңгээли үй-бүлө баалуулугуна берилген мааниге олуттуу деңгээлде таасир бербестигин көрсөтөт.

Топтордун арасында эң жогорку орточо көрсөткүчкө “энеси – жогорку билимдүү, атасы – орто билимдүү” (51.32), ал эми эң төмөн орточо көрсөткүчкө “энеси – орто билимдүү, атасы – жогорку билимдүү” тобуна тиешелүү экени аныктал-ды (49.81). Бирок бул айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү эмес болуп саналат. Таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү (0.003) абдан төмөн, башкача айтканда, практикалык таасири чектелүү. Жыйынтык катары университетте окуган кыргыз жаштарында үй-бүлөгө карата берилген баалуулук ата-эненин билим деңгээлинен көз каранды эместиги аныкталып, жогорку деңгээлде бааланды. Мындан үй-бүлөгө байланыштуу баалуулуктар көбүнчө маданий жана салттуу негиздерге таянарын көрсөтөрүн билүүгө болот.

**Таблица: 3.4.10.3.** Аймак жана үй-бүлө

| **Аймак** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма (Games-Howell)** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 49.13 | 11.71 | 3.328 (7) | 0.002 | Талас-Бишкек: 2.49745* | 0.011 | Кичинекей |
| **Ош** | 50.83 | 7.73 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 50.72 | 8 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 51.51 | 7.68 | | | | | |
| **Талас** | 51.6 | 07.02 | | | | | |
| **Баткен** | 49.36 | 8.84 | | | | | |
| **Нарын** | 49.72 | 9.96 | | | | | |
| **Бишкек** | 49.1 | 11.53 | | | | | |
| **Жалпы** | 50.31 | 9.14 | | | | | |

“Үй-бүлө” факторуна байланыштуу баалуулуктар респонденттердин университетке чейинки жашаган аймактарына жараша статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктарды көрсөттү (F=3.328, p=0.002). Жүргүзүлгөн изилдөөнүн Games-Howell көптүк салыштыруу тестине ылайык, Талас менен Бишкек аймактарынын ортосунда маанилүү айырма аныкталган. Талас аймагындагы жаштар үй-бүлө баалуулуктарына жогору маани беришсе (Орточо = 51.6), Бишкекте бул маанилер төмөнүрөөк болгон (Орточо = 49.1). Eta-squared көрсөткүчү

(0.011) таасирдин төмөн деңгээлде экенин көрсөтөт. Бул аймак факторунун үй-бүлө баалуулуктарына тийгизген таасири статистикалык жактан маанилүү болгону менен, чектелүү экенин көрсөтүп турат.

Жалпысынан алганда, аймактык айырмачылыктар үй-бүлөгө берилген баалуулукка таасир эткени менен, бул таасир анчейин күчтүү эмес деп айтууга болот. Бирок Талас сыяктуу салттуу аймактарда үй-бүлөлүк байланыштар күчтүүрөөк болсо, шаарлашкан аймактарда (мисалы, Бишкекте) бул баалуулук салыштырмалуу төмөн деңгээлде экени байкалууда.

**Таблица: 3.4.10.4.** Мурун жашаган жери жана үй-бүлө

| **Мурун жашаган жери** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 49.55 | 10.70 | 7.296 (2) | 0.001 | Айыл (1.53649*) | 0.007 | Кичинекей |
| **Шаарча** | 49.59 | 9.72 | | | Жок | | |
| **Айыл** | 51.09 | 7.44 | | | Шаар (-1.53649*) | | |

Респонденттердин университетке чейинки жашаган жайына жараша “Үй-бүлө” факторуна берген маанилүүлүгү статистикалык жактан маанилүү айырмачылыкты көрсөттү (F = 7.296, p = 0.001). Эң жогорку орточо көрсөткүч айылда жашагандарга тиешелүү болгон (Орточо = 51.09), ал эми эң төмөнкү орточо көрсөткүч шаарда жашагандарда байкалган (Орточо=49.55). Айыл менен шаардын ортосунда статистикалык маанилүү айырма бар. Eta-квадраттын мааниси (0.007) таасирдин кичине деңгээлде экенин көрсөтөт. Бул көрүнүш жашаган аймак үй-бүлөгө берилген баага статистикалык жактан маанилүү, бирок чектелген таасир тийгизерин билдирет. Жыйынтыктап айтканда, шаарчада өскөн жаштар үй-бүлөгө көбүрөөк маани беришет, ал эми шаарда өскөндөр бул баалуулукту салыштырмалуу төмөн деңгээлде кабыл алышат деп айтууга болот. Бул айырма шаарчадагы салттуу түзүлүштүн таасири менен түшүндүрүлүшү мүмкүн.

**Таблица: 3.4.10.5.** Университет жана үй-бүлө

| № | Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Ош мамлекеттик университети** | 50,26 | 7,78 | 2,077 | 0,016 | Жок | 0,012 | Кичинекей |
| 2 | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 51,32 | 6,15 | | | | | |
| 3 | **Баткен мамлекеттик университети** | 49,03 | 9,02 | | | | | |
| 4 | **Нарын мамлекеттик университети** | 50,48 | 10,3 | | | | | |
| 5 | **Талас мамлекеттик университети** | 51,6 | 6,87 | | | | | |
| 6 | **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 50,78 | 9,05 | | | | | |
| 7 | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 48,93 | 11,89 | | | | | |
| 8 | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 51 | 6,43 | | | | | |
| 9 | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 49,44 | 9,39 | | | | | |
| 10 | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 51 | 7,1 | | | | | |
| 11 | **Б.Н. Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 48,3 | 11,53 | | | | | |
| 12 | **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 50,96 | 9,82 | | | | | |
| 13 | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 50,97 | 10,87 | | | | | |

Университет факторуна ылайык жүргүзүлгөн анализ студенттердин “Үй-бүлө” факторуна берген маанилүүлүгүндө статистикалык маанилүү айырма бар экенин көрсөттү (F=2.077,

p = 0.016). Бирок көптүк салыштыруулардагы тесттерде кайсы университеттер ортосунда айырма бар экени так аныкталган жок; башкача айтканда, маанилүү айырма белгиленген эмес. Eta-квадраттын мааниси (0.012) таасирдин кичине деңгээлде экенин көрсөтөт. Бул университет факторунун "Үй-бүлө" баалуулугуна статистикалык жактан маанилүү, бирок чектелген таасир тийгизерин билдирет.

Жалпысынан, Талас мамлекеттик университетинин (Орточо =51.6) жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (Орточо = 51.32) студенттери үй-бүлөгө эң жогорку маанини беришсе, Кыргыз-Орус Славян университетинин (Орточо = 48.3) жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (Орточо = 48.93) студенттеринде бул баалуулук төмөн деңгээлде көрүнөт. Кыскача айтканда, университеттин жайгашкан аймагы жана маданий атмосферасы студенттердин үй-бүлөгө берген маанисин түздөн-түз эмес, кыйыр түрдө калыптандыра алат.

**Таблица: 3.4.10.6.** Илим тармагы жана үй-бүлө

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.41 | 8.92 | 1.368 (2) | 0.255 | Жок | 0.001 |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 50.5 | 9.41 | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 49.44 | 9.48 | | | | |

"Үй-бүлө" факторуна байланыштуу баалуулуктар студенттердин окуган илимий багытына жараша статистикалык маанилүү айырма көрсөтпөйт (F = 1.368, p = 0.255). Коомдук илимдер, табигый илимдер жана инженердик багыттар менен саламаттык сактоо илимдеринин ортосунда статистикалык мааниде айырма жок. Топтордун ортосундагы орточо көрсөткүчтөр өтө жакын: эң жогорку орточо көрсөткүч табигый илимдер жана инженердик багыттарда (50.5), ал эми эң төмөнкү орточо көрсөткүч саламаттык сактоо илимдеринде (49.44) байкалган. Бирок бул айырма статистикалык жактан мааниге эмес жана таасир көлөмү (0.001) дээрлик жок.

Жыйынтыктап айтканда, студенттердин үй-бүлөгө берген мааниси окуган илим багытына жараша өзгөрбөйт. Бул үй-бүлө баалуулуктары бардык тармактардагы жаштар арасында маданий жактан жалпы жана күчтүү деңгээлде кабыл алынганын көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.10.7.** Курс жана үй-бүлө

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49.31 | 10.47 | 4.908 (3) | 0.002 | 1-2 ($p < 0.05$) | 0.007 | Кичинекей |
| **2** | 51.17 | 7.8 | | | | | |
| **3** | 50.09 | 9.81 | | | | | |
| **4** | 50.53 | 8.11 | | | | | |

“Үй-бүлө” факторуна байланыштуу баллдар курстук деңгээлге жараша статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктарды көрсөттү (F=4.908, p=0.002). Маанилүү айырма 1-курс менен 2-курстун студенттеринин арасында байкалган; 2-курстун студенттери үй-бүлөгө көбүрөөк маани беришет (Орточо = 51.17), ал эми 1-курстарда бул көрсөткүч төмөнүрөөк (Орточо = 49.31). Eta-squared мааниси (0.007) таасирдин төмөн деңгээлде экенин көрсөтөт. Бул курстук деңгээлдин үй-бүлө баалуулугуна болгон таасири статистикалык жактан маанилүү болгону менен, практикалык жактан чектелүү экенин билдирет. Жыйынтыгында, билим алуу процесси өнүгүп барган сайын студенттердин үй-бүлөгө болгон мамилеси жеңил-желпи болсо да жогорулаган тенденцияны көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.10.8.** Бир тууганды̆н саны жана үй-бүлө

| Бир тууганды̆н саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 47.54 | 12.49 | 10.914 (4) | 0 | 3-4 бир тууган, 5-6 бир тууган, 7ден көп | 0.021 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 47.89 | 12.44 | | | 3-4 бир тууган*, 5-6 бир тууган*, 7ден көп* | | |
| **3-4 бир тууган** | 51.13 | 7.97 | | | Бир тууганы жок, 1-2 бир тууган* | | |
| **5-6 бир тууган** | 50.8 | 7.85 | | | Бир тууганы жок, 1-2 бир тууган* | | |
| **7ден көп** | 50.97 | 6.58 | | | Бир тууганы жок, 1-2 бир тууган* | | |

«Үй-бүлө» фактору боюнча баллдар бир туугандардын санына жараша маанилүү айырманы көрсөтөт (F=10,914, p<0,001). Маанилүү айырма бир тууганы жоктор менен 1-2 бир тууганы барлардын; ошондой эле 3-4, 5-6 жана 7 же андан көп бир тууганы барлардын ортосунда байкалган. Эң төмөнкү орточо көрсөткүч бир тууганы жоктордо (Орточо = 47,54), эң жогорку көрсөткүч 3-4 бир тууганы бар адамдарда (Орточо = 51,13) катталган. Eta-squared мааниси (0,021) таасирдин аз экенин көрсөтөт. Бул бир туугандардын саны үй-бүлө баалуулуктарын кабыл алууга статистикалык жактан маанилүү таасир этерин, бирок таасиринин чектелүү экенин билдирет.

Жыйынтыктап айтканда, көп балалуу үй-бүлөдө чоңойгон жаштар «үй-бүлө» түшүнүгүнө көбүрөөк баа беришет. Бул абал өзгөчө көп балалуу үй-бүлөлөрдө ынтымак, бөлүшүү жана байланышуу сыяктуу тажрыйбалардын натыйжасы болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.4.11.** (Фактор: 11). Советтер союзуна байланыштуу түшүнүктөр

| | **Орточо** | **SS** | **Жүктөмдөр** |
|---|---|---|---|
| **Фактор: 11, Советтер союзу менен байланышкан түшүнүктөр** | | | |
| **Репрессия** | 3,22 | 1,19 | 0,64 |
| **Советтер союзу** | 3,29 | 1,16 | 0,63 |
| **Экинчи дүйнөлүк согуш** | 3,64 | 1,14 | 0,60 |
| *Cronbach Alfa* | | | 0,55 |
| *Eigendeğeri* | | | 1,65 |
| *Аныкталган варианс [%]* | | | 2,95 |

Фактордук анализде “Советтер союзу менен байланышкан түшүнүктөр” деген аталышта топтолгон түшүнүктөргө “Репрессия”, “Советтер союзу” жана “II дүйнөлүк согуш” кирет. Бул баалуулуктардын орточо көрсөткүчтөрү тиешелүү түрдө 3,22; 3,29 жана 3,64 болуп өлчөнгөн, ал эми фактордук жүктөмдөрү 0,60тан жогору болуп чыккан. Бул жагдай, аталган түшүнүктөрдүн бул факторду билдирүү күчүнүн абдан жогору экенин көрсөтөт. Фактордун ички туруктуулук коэффициенти (Cronbach's Alpha) 0,55 деңгээлинде болуп, бул фактордогу баалуулуктардын бири-бири менен орточо деңгээлде шайкеш экенин көрсөтөт. Ачыкка чыккан дисперсия 2,95% менен чектелген, бул фактордун маалыматтын жалпы дисперсиясынын аз бөлүгүн түшүндүрөрүн көрсөтөт.

Бул түшүнүктөр, айрыкча, совет доорунун тарыхый окуялары жана коллективдүү эс-тутум менен байланыштуу. Кыргыз жаштары бул баалуулуктарга берген маани жее баалуулук деңгээли совет доорунун тарыхый тажрыйбасынын бүгүнкү күндөгү жеке жана коомдук иденттүүлүк түзүү, тарыхты кабылдоо жана саясий аң-сезимге тийгизген таасирин көрсөтүү жагынан маанилүү. Бул фактор жеке адамдардын тарыхый мурастарга болгон сезимталдыгын жана өтмүштүн азыркыга тийгизген таасирлерин кабыл алуусун чагылдыра алат.

Белгилей кетсек, 1930-жылдардан тартып Советтер союзунда жүргүзүлгөн репрессиялык саясаттар Кыргызстанда да күч

менен колдонулган. 1937-1938-жылдары эл душманы деп жарыяланган интеллигенттер массалык түрдө камалып, сүргүнгө жөнөтүлгөн же атылган. Кыргыз жазуучусу Ч.Айтматовдун атасы Төрөкул Айтматов да атууга кеткен интеллигенттердин катарында болгон. Мындан тышкары, Совет режими бай айыл элин жана манаптарды максаттуу түрдө көпчүлүгүн сүргүнгө жөнөткөн жана мүлкүнөн ажыратуу менен колхоздорго (коллективдүү чарбаларга) айландырган. Советтер союзу жүргүзгөн бул репрессиялык саясаттар кыргыз коомунун интеллигенциясын жана билимдүү катмарын чоң масштабда жок кылган. Бул кырдаал кыргыз коомунун эс-тутумунда терең психологиялык соккуларды пайда кылган.

II дүйнөлүк согуш учурунда Советтер союзу фронтко Кыргызстандан болжол менен 360 000 адам жөнөткөн, бирок алардын 160 000и кайтып келген эмес. Согуштун таасирлери фронт менен гана чектелбей, кыргыз коомунда оор тагдырларды жараткан. Согуштан кийин Совет режими согуштун бүлүндүргүч таасирлерин айтуу үчүн тыюу салган.

Эгемендүүлүктөн кийин болгон бул процесстер кыргыз иденттүүлүгүн калыптандырууда жана улуттук аң-сезимди түзүүдө олуттуу таасирлерге ээ болгон. Жаштардын мындай маанилүү маселелерде коомдук сезимталдык реакциясы абдан маанилүү. Бирок кыргыз коомуна таасир эткен бул процесстер боюнча университет жаштарынан жогорку деңгээлдеги баалоону күтүүгө болот. Бул контекстте коомдун ар кандай институттарына, саясатчыларына жана айрыкча билим берүү мекемелерине маанилүү милдеттер жүктөлөт.

**Таблица: 3.4.11.1.** Жыныс жана советтер союзуна байланыштуу түшүнүктөр

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Effect size |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 49,84 | 9,58 | -1,435 (2075) | 0,151 | -0,66469 | -0,068 | |
| **Эркек** | 50,5 | 10,08 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөлүүлүгүнө жараша жүргүзүлгөн анализдин жыйынтыктарында кыздардын бул фактор боюнча орточо баллы 49,84 болсо, эркектердики 50,50 деп көрсөтүлгөн. Көз карандысыз үлгүлөр үчүн t-тестинин жыйынтыгына ылайык, бул айырма статистикалык жактан маанилүү эмес ($t = -1,435$, $p = 0,151 > 0,05$). Cohen's $d = -0,068$ болуп эсептелген, ал таасир көлөмү өтө төмөн экенин жана практикалык жактан жыныстын бул факторго тийгизген таасирин четке кагууга болорун көрсөтөт.

Бул жыйынтыктарга ылайык, кыргыз университет жаштарынын Совет дооруна байланыштуу түшүнүктөргө карата көз карашында жыныска негизделген маанилүү айырма жок. Эркектер да, кыздар да Совет тарыхына байланыштуу түшүнүктөргө бирдей деңгээлде маани беришет.

**Таблица: 3.4.11.2.** Ата-эненин билими жана советтер союзуна байланыштуу түшүнүктөр

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/ лицей** | 50.76 | 9.58 | 5.071 (3) | 0.002 | Энеси унив.+ Атасы колледж/ лицей- * | 0.008 | Кичинекей |
| **Экөө тең унив.+** | 50.16 | 9.96 | | | Энеси унив.+ Атасы колледж/ лицей- * | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/ лицей-** | 48.38 | 9.63 | | | Экөө тең колледж/лицей *, Экөө тең унив.+ * | | |
| **Энеси колледж/ лицей.- Атасы унив.+** | 49.76 | 9.94 | | | - | | |

Бул фактор боюнча ата-энелердин билим деңгээли өзгөрмөлүүлүгүнө жараша жүргүзүлгөн анализде топтор

арасында маанилүү айырма байкалган (F= 5,071, p = 0,002). Таасир көлөмү (0,008) аз болсо да, көңүл бурууга арзыйт. Эң төмөнкү орточо балл апасы университетти бүтүргөн, атасы орто мектеп же андан төмөн билимге ээ болгон топко тиешелүү болгон (48,38). Бул топ «экөө тең орто мектеп же андан төмөн» (50,76) жана «экөө тең университетти бүтүргөн» (50,16) топтордон статистикалык жактан маанилүү деңгээлде төмөн балл алган. Бул жагдай ата-энелердин билим деңгээлинин теңсиздиги тарыхый баалуулуктарга берилген мааниге таасир эте аларын көрсөтөт. Айрыкча энесинин жогорку билимине карама-каршы атанын төмөнкү билими айрым учурларда бул факторго болгон кызыгууну азайта алат.

Жыйынтыктап айтканда, ата-энелердин билим деңгээли Совет доорунун баалуулуктарын кабыл алууда чектелген болсо да, статистикалык жактан маанилүү таасирге ээ.

**Таблица: 3.4.11.3.** Аймак жана советтер союзуна байланыштуу түшүнүктөр

| **Аймак** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма (Games-Howell)** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 49.4 | 10.13 | 5.306 (7) | 0.000 | Баткен-Чүй: 3.94096*, Баткен-Ош: 3.16490*, Баткен-Жалал-Абад: 2.97762*, Баткен-Ысык-Көл: 3.56929*, Баткен-Талас: 3.48716*, Баткен-Нарын: 4.78488*, Баткен-Бишкек: 4.17743* | 0.018 | Кичинекей |
| **Ош** | 50.18 | 9.76 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 50.36 | 9.16 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 49.77 | 8.84 | | | | | |
| **Талас** | 49.85 | 9.36 | | | | | |
| **Баткен** | 53.34 | 9.45 | | | | | |
| **Нарын** | 48.56 | 10.48 | | | | | |
| **Бишкек** | 49.16 | 10.37 | | | | | |
| **Жалпы** | 50.04 | 9.74 | | | | | |

Респонденттердин Совет доорунун түшүнүктөрүнө берген маани аймактарга жараша маанилүү айырма көрсөтөт (F = 5,306, p < 0,001). Бул айырманын таасир көлөмү аз болсо да (0,018), статистикалык жактан маанилүү.

Баткен аймагы орточо 53,34 менен бардык аймактардын ичинде эң жогорку көрсөткүчтү алган жана көпчүлүк башка аймактарга салыштырмалуу статистикалык маанилүү айырманы көрсөттү. Ал эми эң төмөнкү орточо көрсөткүч Нарындагы (48,56) жана Бишкектеги (49,16) аймактарда байкалган.

Бул жыйынтык Совет доору на берилген маанинин аймактык эс-тутум жана тажрыйбалар менен байланыштуу болушу мүмкүн экенин көрсөтөт. Айрыкча Баткенде бул баалуулуктарга жогорку маани берилсе, Нарын жана Бишкек сыяктуу борбордук аймактарда маани төмөн болуп көрүнөт. Бул айырмачылыктар аймактык коомдук эс-тутумдун жана билим берүүнүн Совет доору на болгон мамилелерди калыптандыруудагы таасирин көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.11.4.** Мурун жашаган жери жана советтер союзуна  байланыштуу түшүнүктөр

| Мурун жашаган жери | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 49.54 | 10.20 | 2.789 (2) | 0.062 | Жок | 0.003 | Кичинекей |
| **Шаарча** | 49.54 | 9.36 | | | Жок | | |
| **Айыл** | 50.55 | 9.45 | | | Жок | | |

Респонденттердин университетке чейин жашаган аймактары менен Совет доору на тиешелүү түшүнүктөргө берген баасы арасында статистикалык жактан маанилүү айырмачылык аныкталган эмес (F = 2.789, p = 0.062). Бул натыйжага караганда, шаарда, шаарчада же айылда жашагандыгы бул факторго таасир этпейт. Эффекттин көлөмү дагы абдан төмөн (0.003).

Айрыкча айылда жашагандардын орточо көрсөткүчү (50.55) шаар (49.54) жана шаарча (49.54) топторуна салыштырмалуу бир аз жогору болгону менен, бул айырмачылык стати-

стикалык жактан маанилүү эмес. Демек, Совет дооруна байланыштуу бааларды кабыл алууда адамдардын жашаган аймагы анык рол ойной бербейт. Бул түшүнүктөр көбүнчө жеке же үй-бүлөлүк социалдашуу аркылуу калыптанаарын көрсөтүшү мүмкүн.

**Таблица: 3.4.11.5.** Университет жана советтер союзуна байланыштуу түшүнүктөр

| № | Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Ош мамлекеттик университети** | 50,88 | 9,04 | 4,027 | 0,000 | | 0,023 | Кичинекей |
| 2 | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 50,53 | 9,1 | | | | | |
| 3 | **Баткен мамлекеттик университети** | 53,79 | 9,54 | | | 4, 6, 7, 9, 10, 12 | | |
| 4 | **Нарын мамлекеттик университети** | 48,62 | 10,78 | | | 3 | | |
| 5 | **Талас мамлекеттик университети** | 50,63 | 8,71 | | | | | |
| 6 | **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 49,32 | 9,07 | | | 3 | | |
| 7 | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 48,76 | 9,88 | | | 3 | | |
| 8 | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 50,88 | 8,62 | | | | | |
| 9 | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 48,45 | 9,69 | | | 3 | | |
| 10 | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 49,71 | 9,63 | | | 3 | | |
| 11 | **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 50,54 | 10,21 | | | | | |
| 12 | **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 47,81 | 11,51 | | | 3 | | |
| 13 | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 50,44 | 9,53 | | | | | |

Университеттер арасында Советтик мураска байланыштуу түшүнүктөргө берилген маани боюнча статистикалык маанилүү айырмачылыктар аныкталган ($F = 4.027$, $p < 0.001$). Бул айырманын таасиринин көлөмү төмөн деңгээлде болуп (0.023), университеттин бул баалуулуктарга тийгизген таасири чектелген, бирок көңүлгө алынууга татыктуу экенин көрсөтөт.

Эң жогорку орточо көрсөткүч Баткен мамлекеттик университетине таандык (53.79). Бул университетте окуган студенттер Советтик доорго байланыштуу түшүнүктөргө көптөгөн башка университеттерге караганда жогору баа беришет. Айрыкча, Нарын мамлекеттик университети (48.62), Кыргыз-Түрк «Манас» университети (48.76), К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети (49.32), Ахунбаев атындагы медициналык академия (48.45), Бишкек мамлекеттик университети (49.71) жана Орто Азиядагы Америка университети (47.81) менен салыштырганда маанилүү айырмачылыктар бар.

Бул айырмачылыктар университеттер жайгашкан аймактын социалдык-маданий түзүлүшү, окуу программасынын тандоолору же студенттердин профили менен байланыштуу болушу мүмкүн. Мисалы, Баткен сыяктуу салттуу аймактардагы университеттерде Совет мурасына болгон кызыкчылык жогору болсо, борбордук же Батыш таасириндеги университеттерде бул кызыкчылык төмөн болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.4.11.6.** Илим тармагы жана советтер союзуна байланыштуу түшүнүктөр

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.24 | 9.42 | 2.280 (2) | 0.103 | Жок | 0.002 | Жок |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 50.15 | 10.27 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 48.83 | 9.94 | | | | | |

Студенттердин окуп жаткан илим тармагына жараша советтер союзуна байланыштуу түшүнүктөргө берилген маани

статистикалык жактан маанилүү айырма көрсөтпөйт (F = 2,280, p = 0,103). Таасирдин көлөмү да өтө төмөн (0,002) болуп, практикалык таасири жок экенин көрсөтөт.

Орточо көрсөткүчтөр коомдук илимдерде (50,24) жана табигый менен инженердик илимдерде (50,15) бири-бирине абдан жакын, ал эми саламаттык сактоо илимдеринде бул көрсөткүч бир аз төмөн (48,83). Бирок бул айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү эмес. Бул жыйынтык студенттердин Советтик доордогу тарыхый түшүнүктөргө карата көз карашы окуган академиялык дисциплинасына көз каранды эмес экенин көрсөтүп турат. Демек, илим тармагы бул фактор боюнча аныктоочу өзгөрмө эмес.

**Таблица: 3.4.11.7.** Курс жана советтер союзуна байланыштуу түшүнүктөр

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 50.55 | 9.85 | 1.1 (3) | 0.348 | Жок | 0.002 | Кичинекей |
| **2** | 50.03 | 9.84 | | | | | |
| **3** | 49.75 | 9.5 | | | | | |
| **4** | 49.4 | 9.56 | | | | | |

Университет студенттеринин курстарына жараша совет дооруна байланыштуу түшүнүктөргө берген маанисинде статистикалык жактан маанилүү айырма байкалган эмес (F(3) = 1,1, p = 0,348). Таасир көлөмү өтө төмөн (0,002), башкача айтканда курстун бул факторго белгилүү таасири жок. 1-курстун студенттери (50,55) башка курстарга салыштырмалуу бир аз жогорку орточо көрсөткүчкө ээ болушса да, бул айырма статистикалык жактан маанилүү эмес. Бул жагдай студенттердин Совет дооруна болгон мамилеси университеттеги окуу жылдарынын узактыгына жараша статистикалык мааниде өзгөрбөгөнүн көрсөтөт. Башкача айтканда, бул тарыхый баалуулуктарга карата кабылдоолор университеттик билим алуунун жүрүшүндө айкын өзгөрбөйт.

**Таблица: 3.4.11.8.** Бир туугандын саны жана советтер союзуна байланыштуу түшүнүктөр

| Бир туугандын саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 47.09 | 11.88 | 1.727 (4) | 0.141 | Жок | 0.003 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 49.63 | 10.03 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 50.14 | 9.75 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 50.12 | 9.29 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 51.38 | 9.85 | | | Жок | | |

Бир туугандардын санына жараша Совет доорунун түшүнүктөрүнө берилген мааниде статистикалык жактан маанилүү айырма байкалган эмес (F = 1,727, p = 0,141). Таасир көлөмү да өтө төмөн (0,003), бул бир туугандардын санынын бул факторго статистикалык маанилүү таасири жок экенин көрсөтөт. Ошентсе да, бир тууганы жоктордун орточо көрсөткүчү эң төмөн деңгээлде калып (47,09), ал эми 7 жана андан көп бир тууганы барлардын орточо көрсөткүчү эң жогору (51,38) болгон. Бул кичине айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү болбосо да, чоң үй-бүлөдө чоңойгон адамдар тарыхый баалуулуктарга аз да болсо көбүрөөк көңүл бурушу мүмкүн экенин көрсөтөт. Жалпысынан алганда, Совет доорунун түшүнүктөрүнө болгон мамиле бир туугандардын санынан көз каранды эмес деп айтууга болот.

**Таблица: 3.4.12.** (ФАКТОР: 12). Байлык

| | Орточо | SS | Жүктөмдөр |
|---|---|---|---|
| **Фактор: 12, Байлык** | | | |
| **Байлык** | 4,37 | 0,86 | 0,76 |
| **Акча** | 4,5 | 0,73 | 0,71 |
| **Cronbach Alfa** | | | 0,64 |
| **Eigendeğeri** | | | 1,58 |
| **Аныкталган варианс [%]** | | | 2,66 |

«Байлык» аталышында топтолгон «Байлык» жана «Акча» түшүнүктөрү университетте окуган кыргыз жаштарынын арасында материалдык байлыкка берилген маанини

чагылдырат. Бул фактордун орточо баллдары абдан жогору: «Акча» үчүн орточо = 4,50, «Байлык» үчүн орточо = 4,37. Бул жагдай жаштардын материалдык киреше жана экономикалык бакытты маанилүү жашоо баалуулугу катары кабыл алганын көрсөтөт. Факторлук жүктөмдөрү 0,76 жана 0,71 деңгээлинде жогору болуп, бул эки баалуулуктун фактор менен күчтүү байланышта экенин көрсөтөт. Cronbach Alpha коэффициенти 0,64 болуп, орточо деңгээлде ички туруктуулукту көрсөтөт. Ачыкка чыккан дисперсия %2,66 түзөт, башкача айтканда, бул фактор маалыматтагы жалпы дисперсиянын болжол менен %2,66сын түшүндүрөт. Бул көрсөткүч аз болгону менен, факторлук түзүм көп өлчөмдүү болгондуктан маанилүү деп эсептелиши мүмкүн.

Белгилүү болгондой, байлык жана акча бардык коомдо жеке жана коомдук жашоодо күчтүү таасирге ээ болгон каражаттардын бири болуп саналат. Заманбап жана салттуу коомдордо социалдык-экономикалык түзүмдү, коомдук мамилелерди жана баалуулуктар системасын калыптандырууда таасирдүү. Экономикалык өнүгүү жана бактылуулуктун деңгээлин жогорулатууда өзүнө карата ишенимдин жана керектөө ашыкчылыгы сыяктуу көрүнүштөрдү да пайда кылышы мүмкүн.

Мурунку бөлүмдө экономикалык баалуулуктарга токтолгонубуздай эле, кыргыз жаштарында акча жана байлык сыяктуу баалуулуктарды бир фактордун астына чогултуу, жашоодо материалдык ийгиликке артыкчылык берүүгө жана көргөзмө/демонстративдүү жашоо тандоосуна умтулгандыгын көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.12.1.** Жыныс жана байлык

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Effect size |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50,48 | 9,38 | 3,27 (2075) | 0,001 | 1,52654 | 0,156 | |
| **Эркек** | 48,95 | 10,73 | | | | | |

Жыныс өзгөрмөлүүлүгү боюнча бул факторго байланыштуу баалуулуктарда маанилүү айырма аныкталган (t = 3,27, p = 0,001). Кыз студенттердин «Байлык» факторуна байланыштуу орточо баллы 50,48 болсо, эркектердики 48,95. Орточо айырма 1,52 баллды түзөт жана бул айырма статистикалык жактан маанилүү. Бирок таасир көлөмү Cohen's d = 0,156 менен төмөн деңгээлде болуп, жыныстын «Байлык» факторуна таасири чектелүү экенин көрсөтөт.

Бул жыйынтык университет жаштарынын байлыкка жана акчага берген баасы жыныска жараша өзгөрөрүн көрсөтөт. Кыз студенттер эркектерге караганда материалдык байлыкка көбүрөөк баа беришет. Бул абал кыздардын социалдык-гендердик ролдорунун талаптарына ылайык экономикалык коопсуздукка болгон муктаждыгын көбүрөөк сезишине байланыштуу болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.4.12.2.** Ата-эненин билими жана байлык

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей** | 49.87 | 9.44 | 1.082 (3) | 0.356 | - | 0.002 | Кичинекей |
| **Экөө тең унив.+** | 50.54 | 9.84 | | | - | | |
| **Энеси унив.+ Атасы колледж/лицей-** | 49.44 | 10.88 | | | - | | |
| **Энеси колледж/лицей.- Атасы унив.+** | 49.74 | 10.18 | | | - | | |

«Байлык» фактору (акча жана байлык) менен ата-энелердин билим деңгээли боюнча жүргүзүлгөн анализде статистикалык жактан маанилүү айырма байкалган эмес (F = 1,082, p = 0,356). Eta-squared мааниси 0,002 болуп, таасир көлөмү өтө төмөн. Орточо баллдар кичине айырмачылыктарды көрсөт-

сө да (мисалы, эки ата-эне тең университетти бүтүргөндөрдө 50,54; болгону апасы университетти бүтүргөндөрдө 49,44), бул айырмачылыктар статистикалык жактан маанилүү эмес.

Бул жыйынтык университетте окуган кыргыз жаштарынын байлыкка жана материалдык бакытка берген мааниси ата-энелердин билим деңгээлинен көз каранды эмес, жалпы жана кеңири кабыл алынган баалуулук экенин көрсөтөт. Экономикалык баалуулуктар ата-энелердин билим деңгээли сыяктуу салттуу социалдык-маданий өзгөрмөлөргө караганда, жеке тынчсыздануулар жана учурдагы экономикалык шарттар менен аныкталат деп айтууга болот.

**Таблица: 3.4.12.3.** Аймак жана байлык

| **Аймак** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма (Games-Howell)** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 51.59 | 8.53 | 7.366 (7) | 0.000 | Чүй-Ысык-Көл: 4.10647*, Жалал-Абад-Ысык-Көл: 3.55600*, Талас-Ысык-Көл: 3.57772*, Чүй-Нарын: 3.41115*, Жалал-Абад-Нарын: 2.86067*, Талас-Нарын: 2.88239*, Ысык-Көл-Бишкек: -4.28377*, Нарын-Бишкек: -3.58845* | 0.024 | Кичинекей |
| **Ош** | 49.9 | 9.1 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 51.04 | 9.19 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 47.48 | 11.89 | | | | | |
| **Талас** | 51.06 | 8.41 | | | | | |
| **Баткен** | 49.81 | 8.59 | | | | | |
| **Нарын** | 48.18 | 10.9 | | | | | |
| **Бишкек** | 51.77 | 9.55 | | | | | |

«Байлык» фактору боюнча аймактарга карата жүргүзүлгөн салыштыруу маанилүү айырмаларды көрсөттү ($F(7) = 7,366$, $p < 0,001$). Орточо баллдарда байкала турган айырмалар төмөнкүдөй: эң төмөнкү орточо Ысык-Көлдө (47,48), ал эми эң жогорку орточо Бишкек (51,77) жана Чүй (51,59) аймактарында

катталган. Eta-squared мааниси 0,024 болуп, таасир көлөмү аз деңгээлде, бирок статистикалык жактан маанилүү.

Games-Howell көптүк салыштыруу тестине ылайык, Ысык-Көл Чүй, Жалал-Абад жана Талас аймактарына салыштырмалуу статистикалык жактан маанилүү деңгээлде төмөн баллдарга ээ. Ошондой эле Нарын Чүй, Жалал-Абад жана Таласка салыштырмалуу орточо баллдары төмөн. Ысык-Көл жана Нарын аймактары Бишкекке салыштырмалуу да статистикалык жактан маанилүү деңгээлде «байлык» баалуулугун төмөн баалашат.

Бул жыйынтык аймактык айырмачылыктар «байлык» баалуулугун баалоодо таасир этерин көрсөтүп, айрыкча борбордук жана өнүккөн аймактарда (Чүй, Бишкек, Жалал-Абад, Талас) материалдык баалуулуктарга жогорку маанини беришет. Ал эми айылдык жана салыштырмалуу аз өнүккөн аймактарда бул баалуулуктардын мааниси төмөн экенин аныкталды.

**Таблица: 3.4.12.4.** Мурун жашаган жери жана байлык

| **Мурун жашаган жери** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 50.35 | 10.41 | 6.919 (2) | 0.001 | Шаарча (1.36013) | 0.007 | Кичинекей |
| **Шаарча** | 51.71 | 8.16 | | | Айыл (2.39721*) | | |
| **Айыл** | 49.31 | 9.70 | | | Шаарча (-2.39721*) | | |

Байлык фактору боюнча жеке адамдардын университетке келгенге чейин жашаган жерине жараша маанилүү айырмачылыктар аныкталган (F = 6,919, p = 0,001). Eta-squared мааниси 0,007 болуп, таасир көлөмү аз болсо да статистикалык жактан маанилүү.

Эң жогорку орточо көрсөткүч шаар чөйрөсүндө чоңойгон жаштарда байкалган (51,71), эң төмөнкү көрсөткүч айылдык жаштарда (49,31) катталган. Көптүк салыштыруулар тестине ылайык, шаар менен айылдын ортосундагы айырма статистикалык жактан маанилүү (p < 0,05).

Бул табылга шаарларда чоңойгон жаштардын материалдык баалуулуктарга (байлык жана акча) көбүрөөк маани беришерин, ал эми айылдык жаштарда бул баалуулуктун төмөн деңгээлде каларын көрсөтөт. Шаардык жаштардын орточо баллы орто деңгээлде (50,35). Бул шаарчада чоңойгон адамдар экономикалык байлыкка көбүрөөк мааниси беришет деп түшүнүүгө, ал эми айылдык жаштардын баалуулуктары анча жогору эмес, аз деңгээлде болушу мүмкүн деп айтууга болот.

**Таблица: 3.4.12.5.** Университет жана байлык

| № | Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Ош мамлекеттик университети** | 49,72 | 8,97 | 5,884 | 0,000 | | 0,033 | Кичинекей |
| 2 | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 51,46 | 9,39 | | | 4, 6 | | |
| 3 | **Баткен мамлекеттик университети** | 49,66 | 8,43 | | | | | |
| 4 | **Нарын мамлекеттик университети** | 47,29 | 11,59 | | | 2, 8, 9, 11 | | |
| 5 | **Талас мамлекеттик университети** | 50,43 | 8,37 | | | 6 | | |
| 6 | **К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети** | 45,78 | 12,62 | | | 2, 5, 8, 9, 10, 11, 12 | | |
| 7 | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 49,53 | 10,57 | | | | | |
| 8 | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 51,23 | 7,75 | | | 4, 6 | | |
| 9 | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** | 51,24 | 7,92 | | | 4, 6 | | |
| 10 | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 50,84 | 8,17 | | | 6 | | |
| 11 | **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 53,05 | 10,46 | | | 4, 6 | | |
| 12 | **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 50,48 | 8,34 | | | 6 | | |
| 13 | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** | 49,76 | 11,73 | | | | | |

«Байлык» фактору боюнча университеттер боюнча маанилүү айырмачылыктар байкалган ($F = 5,884$, $p < 0,001$). Eta-squared мааниси 0,033 болуп, таасир көлөмү аз деңгээлде, бирок статистикалык жактан маанилүү айырма бар экенин көрсөтөт.

Эң жогорку орточо балл Б.Н.Ельцин Кыргыз-Орус Славян университетинде (53,05), эң төмөнкү балл К. Тыныстанов Ысык-Көл мамлекеттик университетинде (45,78) катталган. Көптүк салыштыруулар боюнча өзгөчө Ысык-Көл университетинин башка университеттерге (мисалы, Жалал-Абад, Талас, Бишкек мамлекеттик университети, Кыргыз-Орус Славян, Америка университет) салыштырмалуу статистикалык мааниде төмөн «байлык» баалуулугуна ээ экенин көрсөттү. Нарын университетинин студенттери да ушуга жакын баллдарга ээ болушкан. Ал эми Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университети «байлык» баалуулугун эң жогорку деңгээлде баалаган топтордун бири болуп эсептелет.

Бул жыйынтык университеттер арасындагы академиялык чөйрөнүн, маданий түзүмдүн же студенттик профилдердин «байлык» баалуулугуна берилген мааниге таасир этиши мүмкүн экенин көрсөтөт. Айрыкча борбордук чоң шаардагы жана престиждүү университеттерде окуган студенттер материалдык байлыкка көбүрөөк баа беришет, ал эми айылдык аймактардагы университеттерде бул баалуулук артта калганы байкалат. Бул абал аймактык жана институттук айырмачылыктардын баалуулукка карата багыттарды кандайча таасир этерин көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.12.6.** Илим тармагы жана байлык

| **Илим тармагы** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.09 | 9.38 | 7.145 (2) | 0.001 | Коомдук илимдер-Саламаттык сактоо илимдери, Табигый жана инженерия илимдери-Саламаттык сактоо илимдери | 0.007 | Өтө кичинекей |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 49.06 | 11.04 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 51.81 | 8.68 | | | | | |

Байлык фактору менен илим тармактарынын ортосунда маанилүү айырмачылык аныкталган (F = 7,145, p = 0,001). Eta-квадрат көрсөткүчү 0,007 болуп, таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү абдан кичине, бирок статистикалык жактан маанилүү деп табылган. Эң жогорку орточо көрсөткүч саламаттык сактоо илимдери багытында билим алып жаткан студенттерде байкалган (51,81), андан кийин коомдук илимдер (50,09) жана табигый менен инженердик илимдер (49,06) орун алган. Саламаттык сактоо тармагындагы студенттер, коомдук илимдер менен табигый жана инженердик илимдердин студенттерине караганда байлык баалуулугуна көбүрөөк маани беришет.

Бул табылга саламаттык сактоо тармагында окуган студенттер материалдык жыргалчылыкты жашоодогу маанилүү баалуулук катары көрүшөрүн, балким бул жагдайга алардын кесиптик күтүүлөрү же коомдогу киреше боюнча калыптанган элестетүүлөрү таасир этиши мүмкүн. Бирок таасир көлөмүнүн/таасир этүүчү күчүнүн төмөн болушу бул айырмачылыктардын практикалык турмушта чектелүү таасири бар экенин билдирет.

**Таблица: 3.4.12.7.** Курс жана байлык

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | P | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 50.57 | 9.5 | 1.052 (3) | 0.369 | Жок | 0.002 | Кичинекей |
| **2** | 49.65 | 10.15 | | | | | |
| **3** | 49.85 | 10.06 | | | | | |
| **4** | 49.96 | 9.4 | | | | | |

Байлык фактору менен студенттердин окуп жаткан курстарынын деңгээлинин ортосунда жүргүзүлгөн талдоодо маанилүү айырма табылган эмес (F(3) = 1,052, p = 0,369). Eta-квадрат көрсөткүчү 0,002 болуп, таасир көлөмү/таасир этүүчү күчү кичине жана практикалык жактан эске алына турган олуттуу айырмачылыкты көрсөтпөйт. Бардык курстун деңгээлдериндеги орточо баллдар бирине-бири абдан жакын болуп (49,65 менен 50,57нин ортосунда), бул студенттердин курсу жогорулаган сайын байлык баалуулугуна болгон мамилелеринде эле байкаларлык өзгөрүү болбогонун көрсөтөт.

Жыйынтыгында байлык түшүнүгүнүн университеттик билим берүүнүн кайсы курсунда окуп жатканына карабастан, баалуулуктар көбүрөөк жеке же айлана-чөйрөдөгү факторлор менен калыптанарын түшүндүрөт.

**Таблица: 3.4.12.8.** Бир туугандын саны жана байлык

| Бир туугандын саны | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared (η²) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 50.78 | 6.9 | 2.004 (4) | 0.091 | Жок | 0.004 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 51.1 | 10.06 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 49.84 | 9.69 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 49.68 | 9.88 | | | Жок | | |
| **7 жана андан көп** | 48.78 | 10.69 | | | Жок | | |

Байлык фактору менен бир туугандардын санынын ортосунда жүргүзүлгөн талдоодо статистикалык жактан маанилүү айырма табылган эмес (F(4) = 2.004, p = 0.091). Eta-квадрат көрсөткүчү 0,004 болуп, таасир көлөмү/таасир этүүчү

күчү кичине экенин көрсөтөт. Бир туугандардын саны көбөйгөн сайын байлыкка карата маанилүүлүктүн орточо көрсөткүчү азайганын көрсөтөт (мисалы, бир тууганы жоктордо орточо 50,78 болсо, 7 же андан көп бир тууганы бар респонденттерде 48,78). Бирок бул айырмалар статистикалык жактан маанилүү деңгээлге жеткен эмес.

Жыйынтыгында материалдык баалуулуктар маанилүү деп баалоо бир туугандардын санынан көз каранды эместигин, тактап айтканда, адамдын үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны байлык баалуулугун аныктоодо таасир бербестигин көрсөтөт. Анын ордуна маданий, жеке же экономикалык башка өзгөрмөлүүлөр көбүрөөк аныктоочу ролду ойношу мүмкүн.

**Таблица: 3.4.13.** (ФАКТОР: 13). Адилеттүүлүк

| | **Орточо** | **SS** | **Жүктөмдөр** |
|---|---|---|---|
| **Фактор: 13, Адилеттүүлүк** | | | |
| **Адилеттүүлүк** | 4,73 | 0,53 | 0,76 |
| **Адеп-ахлак** | 4,59 | 0,62 | 0,73 |
| **Cronbach Alfa** | | | 0,58 |
| **Eigendeğeri** | | | 1,49 |
| **Açıklanan Varyans [%]** | | | 2,66 |

Университетте окуган кыргыз жаштарынын баалуулуктарын изилдөөдө 13-фактор келип чыкты. Ал факторлордун бири “Адилеттүүлүк” фактору. Бул фактор респонденттердин “Адилеттүүлүк” жана “Адеп-ахлак” түшүнүктөрүнө берген маанисинин негизинде түзүлгөн. Бул фактордун ичинде орун алган “Адилеттүүлүк” түшүнүгү (Орточо = 4,73; Жүктөмү = 0,76) жана “Адеп-ахлак” түшүнүгү (Орточо = 4,59; Жүктөмү = 0,73) жогорку орточо баллдар менен өзгөчөлөнүп, көңүл бурдурат. Бул эки баалуулуктун факторго жогорку деңгээлде жүктөлүшү – жаштардын аң-сезим дүйнөсүндө ушул эки түшүнүк тыгыз байланышта экенин жана орток мааниге ээ бир кластерге кирерин көрсөтөт. Бирок бул фактордун Cronbach Alpha көрсөткүчү 0,58 болуп, баалоо чегинен бир аз төмөн эке-

нин көрсөтүп, ички шайкештиги чектелүү экенин билдирет. Ошого карабастан, бул фактордун түшүндүрүлгөн вариансы %2,66 болуп, факторлук анализдин жыйынтыгында маанилүү маселе катары аныкталган.

Белгилүү болгондой, адилеттүүлүк менен адеп-ахлак салттуу жана заманбап коомдордун экөөсүндө тең маанилүү функцияларды аткарышат жана коомдун негизги түзүүчү бөлүктөрүнүн катарын түзүшөт. Алар коомдук ынтымакты сактоого багытталган баалуулуктар болуп саналат.

Мындай маанилүү эки баалуулуктун изилдөөдөгү баалуулук түшүнүктөрүнө байланыштуу факторлордун арасында акыркы фактор катары орун алышына карабастан, университеттеги жаштардын баалуулук түзүмүндө орун алышы абдан маанилүү.

**Таблица: 3.4.13.1.** Жыныс жана адилеттүүлүк

| Жыныс | Орточо | SS | t (sd) | p (2-tailed) | Орт. айырма | Cohen's d | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аял** | 50,7 | 8,68 | 3,714 (2075) | 0,000 | 1,66654 | 0,177 | |
| **Эркек** | 49,03 | 10,95 | | | | | |

13-Фактор боюнча «жыныс» өзгөрмөлүүлүгүнө карата жүргүзүлгөн көз карандысыз үлгүлөрдүн t-тестинин жыйынтыктары бул баалуулуктун жыныс менен статистикалык жактан маанилүү байланышта экенин көрсөттү (t=3,714; p< .001). Аял респонденттердин адилеттүүлүк факторунун орточо баллы (Орт. = 50,7) эркек катышуучуларга салыштырмалуу (Орт. = 49,03) жогору чыккан. Бул айырма статистикалык жактан маанилүү. Бирок айырманын таасир көлөмү Cohen's d = 0,177 менен өтө төмөн деңгээлде болуп, практикалык жактан чектелгендигин көрсөтөт.

Бул жыйынтык Кыргызстандагы университет жаштары арасында адилеттүүлүк жана моралдык сыяктуу баалуулуктар жалпы жогорку деңгээлде кабыл алынганын, бирок бул

баалуулуктарды ички кабылдоодо жыныстын чектелген гана рол ойноорун көрсөтөт. Аялдардын адилеттүүлүк жана моралга жогору балл беришкени, алардын бул баалуулуктарга көбүрөөк сезимтал экенин же жогорураак күтүүлөргө ээ экенин билдириши мүмкүн. Мындай жагдай аялдар социалдык теңсиздиктерден көбүрөөк таасирлениши менен байланыштуу болушу мүмкүн; адилеттүүлүк издөө аялдардын социалдык тажрыйбаларында көбүрөөк үстөмдүк кылган муктаждык катары көрүнүшү менен байланыштырса болот.

**Таблица: 3.4.13.2.** Ата-эненин билими жана адилеттүүлүк

| Ата-эненин билими | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең колледж/лицей-** | 50.48 | 9.46 | 0.576 (3) | 0.631 | - | 0.001 | Кичинекей |
| **Экөө тең универ.+** | 50.20 | 9.18 | | | - | | |
| **Энеси унив. + атасы колледж/ лицей-** | 49.75 | 9.83 | | | - | | |
| **Энеси колледж/ лицей- атасы унив.+** | 50.55 | 8.70 | | | - | | |

Адилеттүүлүк факторунун ата-эненин билим деңгээли өзгөрмөлүүлүгүнө жараша статистикалык мааниде айырмаланып-айырмаланбасын аныктоо максатында жүргүзүлгөн бир багыттуу дисперсия анализинин жыйынтыгы боюнча топтордун ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма табылган жок (F = 0,576; p = 0,631). Орточо баллдар бири-бирине өтө жакын болуп, эң жогорку көрсөткүч 50,55 (атасы мектептик билим, энеси университетти бүтүргөн), эң төмөнкү көрсөткүч 49,75 (энеси университет бүтүргөн, атасы мектептик билим) болуп белгиленген. Таасир көлөмү өтө төмөн деңгээлде аныкталган (0,001).

Бул жыйынтык университет жаштарында адилеттүүлүк жана моралдык сыяктуу баалуулуктарга берилген маани же баа ата-эненин формалдуу билим деңгээлине көз каранды

эместигин көрсөтөт. Адилеттүүлүк сезим көбүрөөк коомдук чөйрө, жеке тажрыйбалар жана жалпы маданий нормалар аркылуу калыптанышы мүмкүн.

**Таблица: 3.4.13.3.** Аймак жана адилеттүүлүк

| Аймак | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма (Games-Howell) | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Чүй** | 49.48 | 9.18 | 4.291 (7) | 0.000 | Ош-Ысык-Көл: 3.40609*, Жалал-Абад-Ысык-Көл: 3.40887*, Ысык-Көл-Баткен: -2.92684*, Баткен-Бишкек: -3.76668* | 0.014 | Кичинекей |
| **Ош** | 51.5 | 8.81 | | | | | |
| **Жалал-Абад** | 51.51 | 8.47 | | | | | |
| **Ысык-Көл** | 48.1 | 9.61 | | | | | |
| **Талас** | 49.68 | 10.09 | | | | | |
| **Баткен** | 51.02 | 10.27 | | | | | |
| **Нарын** | 50.05 | 8.41 | | | | | |
| **Бишкек** | 50.19 | 10.34 | | | | | |

«Адилеттүүлүк» факторунун респонденттердин жашаган аймактарына жараша айырмаланып-айырмаланбашын анализдеген жыйынтыктар боюнча аймактар арасында статистикалык жактан маанилүү айырмачылыктар келип чыкты ($F = 4{,}291$; $p < 0{,}001$). Таасир көлөмү төмөн деңгээлде болгону менен статистикалык жактан маанилүү (0,014).

Games-Howell көптүк салыштыруу тестине ылайык айрым аймактар арасында маанилүү айырмачылыктар аныкталган. Мисалы, Ош жана Жалал-Абад аймактарынан келген студенттердин «адилет» факторунун баллдары Ысык-Көл аймагынан келгендерге салыштырмалуу статистикалык жактан маанилүү жогору (+3,4 баллга жакын). Ошондой эле, Баткен аймагынан келген студенттер Бишкектегилерге караганда маанилүү жогору балл алышкан (+3,8 баллга жакын).

Бул жыйынтык, айрым аймактарда адилеттүүлүк жана моралдык баалуулуктарга көбүрөөк көңүл буруларын көрсөтөт.

Ысык-Көл аймагы бул баалуулуктарда салыштырмалуу төмөн орточо көрсөткүчкө ээ болсо, Ош, Жалал-Абад жана Баткен сыяктуу аймактар жогорку баллдар менен айырмаланат. Бул абал аймактык маданий айырмачылыктардын адилеттүүлүк түшүнүгүн кабыл алууда таасир этиши мүмкүн экенин көрсөтөт.

**Таблица: 3.4.13.4.** Мурун жашаган жери жана адилеттүүлүк

| **Мурун жашаган жери** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared (η²)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Шаар** | 49.37 | 10.08 | 8.405 (2) | 0.000 | Айыл (1.67767*) | 0.008 | Кичинекей |
| **Шаарча** | 49.29 | 9.67 | | | Айыл (1.75354*) | | |
| **Айыл** | 51.05 | 8.82 | | | Шаар (-1.67767*), Шаарча (-1.75354*) | | |

Респонденттердин университетке чейин жашаган жерлери менен «адилеттүүлүк» факторунун баллдарынын арасында статистикалык жактан маанилүү айырма байкалган ($F = 8,405$; $p < 0,001$). Таасир көлөмү аз деңгээлде (0,008).

Эң жогорку орточо балл айылдан чыккан студенттерде катталган (Орточо = 51,05), бул топ шаардык (Орточо = 49,37) жана шаарчадагы (Орточо=49,29) студенттерге салыштырмалуу статистикалык жактан маанилүү жогорку «адилеттүүлүк» баллына ээ. Бул айырма шаар-айыл жана шаарча-айыл салыштырууларында да статистикалык жактан мааниге ээ.

Мындай жыйынтык айылдык топтон чыккан студенттер адилеттүүлүк жана моралдык баалуулуктарга көбүрөөк көңүл бурушарын көрсөтөт. Бул абал салттуу жашоо образы дагы деле күчтүү болгон айыл чөйрөлөрүндө социалдык нормалар жана кыялга негизделген баалуулуктар күчтүү болушу мүмкүн экенин билдирет.

Таблица: 3.4.13.5. Университет жана адилеттүүлүк

| № | Университет | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Ош мамлекеттик университети** | 52,17 | 8,75 | 6,449 | 0,000 | 5, 6, 11 | 0,036 | Кичинекей |
| 2 | **Жалал-Абад мамлекеттик университети** | 51,32 | 8,83 | | | 6, 11 | | |
| 3 | **Баткен мамлекеттик университети** | 51,28 | 9,88 | | | 6 | | |
| 4 | **Нарын мамлекеттик университети** | 49,41 | 8,51 | | | 7 | | |
| 5 | **Талас мамлекеттик университети** | 48,32 | 11,03 | | | 1, 7 | | |
| 6 | **К.Тыныстанов Ысык-Кл мамлекеттик университети** | 46,74 | 10,57 | | | 1, 2, 3, 7, 8, 9, 10 | | |
| 7 | **Кыргыз-Түрк «Манас» университети** | 53,3 | 7,23 | | | 4, 5, 6, 11, 12, 13 | | |
| 8 | **Ж.Баласагын ат. Кыргыз улуттук университети** | 50,8 | 8,5 | | | 6 | | |
| 9 | **И.Ахунбаев ат. Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы** | 50,51 | 8,57 | | | 6 | | |
| 10 | **К.Карасаев ат. Бишкек мамлекеттик университети** | 51,43 | 8,07 | | | 6, 11 | | |
| 11 | **Б.Н.Ельцин ат. Кыргыз-Орус Славян университети** | 47,5 | 10,5 | | | 1, 2, 7, 10 | | |
| 12 | **Борбордук Азиядагы Америка университети** | 49,7 | 9,19 | | | 7 | | |
| 13 | **И.Раззаков ат. Кыргыз мамлекеттик техникалык университет** | 49,69 | 10,74 | | | 7 | | |

«Адилеттүүлүк» факторунун баллдары университеттерге карата статистикалык жактан маанилүү айырмаланган ($F = 6,449$; $p < 0,001$). Таасир көлөмү төмөн деңгээлде (0,036), бирок маанилүү айырмачылыктар бар.

Эң жогорку орточо балл Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (Орточо = 53,3) жана Ош мамлекеттик университетинин (Орточо = 52,17) студенттеринде катталган. Ал эми эң төмөнкү баллдар К.Тыныстанов Ысык-Көл мамлекеттик университетинде (Орточо = 46,74) жана Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус

Славян университетинде (Орточо = 47,5) байкалган. Айрыкча Ош, Жалал-Абад жана Кыргыз-Түрк «Манас» университеттери Ысык-Көл, Ельцин жана Талас университеттерине салыштырмалуу статистикалык жактан маанилүү жогору балл алышкан.

**Таблица: 3.4.13.6.** Илим тармагы жана адилеттүүлүк

| Илим тармагы | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук илимдер** | 50.43 | 9.09 | 1.864 (2) | 0.155 | Жок | 0.002 | Жок |
| **Табигый жана инженерия илимдери** | 50.1 | 9.74 | | | | | |
| **Саламаттык сактоо илимдери** | 49.19 | 10.49 | | | | | |

«Адилеттүүлүк» факторунун баллдары студенттердин окуган илим тармагына карата статистикалык мааниде айырмаланбай турганы аныкталды (F= 1,864; p = 0,155). Таасир көлөмү өтө төмөн (0,002) жана статистикалык жактан маанилүү деңгээлде эмес. Коомдук илимдер боюнча студенттер (Орточо = 50,43) аз да болсо жогору орточо балл алышса да, бул айырмачылыктар статистикалык жактан мааниге ээ эмес.

Бул жыйынтык адилеттүүлүк жана моралдык сыяктуу негизги баалуулуктарга берилген маанинин илим тармагынан көз каранды эмес жана жалпы тенденция экенин көрсөтөт. Окуу жүргүзүлгөн тармак бул баалуулуктарды кабыл алууда чечүүчү роль ойнобойт.

**Таблица: 3.4.13.7.** Курс жана адилеттүүлүк

| Курс | Орточо | SS | F (sd) | p | Маанилүү айырма | Eta-squared ($\eta^2$) | Таасир деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | 49.31 | 9.97 | 4.174 (3) | 0.006 | 1-4 ($p < 0.05$) | 0.006 | Кичинекей |
| **2** | 50.08 | 9.5 | | | | | |
| **3** | 50.78 | 9.19 | | | | | |
| **4** | 51.48 | 8.41 | | | | | |

«Адилеттүүлүк» факторунун баллдары студенттердин окуган курстарына жараша статистикалык мааниде айырмаланган ($F = 4{,}174$; $p = 0{,}006$). Таасир көлөмү төмөн деңгээлде болсо да маанилүү (0,006). Эң төмөнкү орточо балл биринчи курстун студенттеринде байкалган (Орточо = 49,31), ал эми эң жогорку орточо балл 4-курстун студенттеринде (Орточо = 51,48) катталган. Маанилүү айырма айрыкча 1- жана 4-курстар арасында белгиленген.

Бул абал университеттик билим алуу өнүгүп, студенттер адилеттүүлүк жана моралдык сыяктуу баалуулуктарга көбүрөөк маани бере баштаганын көрсөтөт. Коомдук аң-сезимдин убакыт менен өсүшү, университеттик тажрыйба жана коомдук түшүнүк бул өсүшкө таасир эткен болушу мүмкүн.

**Таблица: 3.4.13.8.** Бир тууганДын саны жана адилеттүүлүк

| **Бир тууганДын саны** | **Орточо** | **SS** | **F (sd)** | **p** | **Маанилүү айырма** | **Eta-squared ($\eta^2$)** | **Таасир деңгээли** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Бир тууганы жок** | 47.82 | 11.99 | 1.264 (4) | 0.282 | Жок | 0.002 | Кичинекей |
| **1-2 бир тууган** | 49.65 | 9.37 | | | Жок | | |
| **3-4 бир тууган** | 50.41 | 9.2 | | | Жок | | |
| **5-6 бир тууган** | 50.44 | 9.23 | | | Жок | | |
| **7ден көп** | 49.83 | 11.74 | | | Жок | | |

«Адилеттүүлүк» факторунун баллдары студенттердин бир туугандарынын санына жараша статистикалык жактан маанилүү айырмачылык көрсөтпөйт ($F(4) = 1{,}264$; $p = 0{,}282$). Eta-squared көрсөткүчү (0,002) өтө төмөн болуп, таасир деңгээли алсыз экени аныкталды.

Орточо баллдар 47,82 (бир туугандары жоктор) менен 50,44 (5-6 бир тууганы барлар) ортосунда өзгөрөт, бирок бул айыр-

мачылыктар статистикалык жактан мааниге ээ эмес. Бул абал бир туугандын санынын адилеттүүлүк жана моралдык баалуулуктарга карата көз карашында чечүүчү ролду ойнобой тургунын көрсөтөт. Башкача айтканда, үй-бүлөдө өскөн тартип жана бир туугандардын саны мындай баалуулуктарга карата тенденцияны маанилүү деңгээлде калыптандырбайт.

# КОРУТУНДУ ЖАНА БААЛОО

Бул изилдөөнүн максаты – университетте окуган кыргыз жаштарынын баалуулуктарын аныктоо болуп саналат. Изилдөөгө Кыргызстандын 7 облусунда жана Бишкек шаарында жайгашкан 13 университеттен кокустан тандоо ыкмасы менен 2 077 студент тандалып алынып, сурамжылоо жүргүзүлдү. Изилдөөнүн жүрүшүндө "Аралаш изилдөө ыкмасы" (сандык жана сапаттык ыкманы айкалыштыруу) колдонулган.

Изилдөө негизинен үч бөлүмдөн турат. I бөлүмдө изилдөөгө байланышкан адабияттар талданган; II бөлүмдө изилдөөнүн методу баяндалган; III бөлүмдө жаштардын баалуулук боюнча пикирлерине жана баалуулук мазмунуна байланыштуу түшүнүктөргө берген баалуулук деңгээли каралып, талдоого алынган.

Бул изилдөөнүн эң негизги бөлүгүн жаштардын баалуулуктарын өлчөө түзөт. Батыш өлкөлөрүндө башталган изилдөөлөрдө баалуулуктар өз түрлөрүнө жараша иерархиялык тартип менен топтолуп, ошол иретте изилденет. Бул изилдөөдө Рокич (1973) тарабынан башталып, андан кийин Шварц (Schwartz) тарабынан улантылган системалуу изилдөөлөрдүн катарын түзгөн "Баалуулуктардын мазмуну жана анын түзүмүндөгү универсалдуулуктар" (1992) аттуу эмгекте колдонулган баалуулуктардын элементтери негиз катары алынган. Шварцтын баалуулук элементтерине таянып түзүлгөн бул сурамжылоо Кыргызстандын шарттары эске алынып, кайрадан

түзүлдү. Муну менен бирге, түшүндүрмөнүн тактыгын жана дал келүүсүн жогорулатуу максатында кыргыз коомчулугуна ылайыкташтырылып даярдалган.

Изилдөөнүн маалыматтарына ылайык, ЖОЖдун студенттери Кыргызстандагы эң олуттуу үч көйгөй катары төмөнкүлөрдү көрсөтүшкөн: биринчи орунда - «Паракорчулук/Коррупция», экинчи орунда - «Ишсиздик», үчүнчү орунда - «Инфляция/Жашоодогу кымбатчылык» турат. Ал эми студенттердин Кыргызстанда эң көп ишеним арткан институт катары Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровду белгилешкен. Экинчи орунда - «Университеттер» болсо, үчүнчү орунда - «Муфтият» турат.

Университетте окуп жаткан жаштардын баалуулуктарын аныктоого багытталган ар түрдүү баалуулук көз караштарына жүргүзүлгөн **“Varimax-айлантуусу колдонулган фактордук талдоонун”** жыйынтыгы боюнча студенттердин баалуулуктары тогуз фактордун негизинде топтолгону аныкталды.

Биринчи фактор - “Динчилдик жана канааттануучулук” болуп саналат. Университет жаштарынын динге карата сый-урматы, динчил болуу жана диний ибадаттарды аткаруу жагынан абдан маанилүү баалуулуктарга ээ экенин байкоого болот. Кыргызстанда ислам динине кызыгуу өсүп жатканы менен бирге ислам ибадаттарын аткарууга болгон умтулуу да кеңири жайылып жатканын көрүүгө болот. Изилдөө жүргүзүлгөн аймактардын арасында кээ бир айырмачылыктар болгону менен, жалпы жонунан диний баалуулуктардын жана исламдык жашоо образынын кыргыз коомунда барган сайын жакшы кабыл алынып, маанилүү орунду ээлеп жатканы байкалат. Университетте окуган жаштардын арасында да дин жогору бааланган баалуулук катары аныкталды.

Экинчи фактор «Өзүн-өзү сыйлоо – өзүн баалоо». Кыргыз

жаштарынын арасында өзүнө болгон ишеним жогору экени, өзүн урматтоо жана өз чечимин өзү кабыл алуу жагынан күчтүү эрк бар экени аныкталган. Айрыкча салттуу коомдордо, салттык коддор адамдын жүрүм-турумуна чектөөчү таасир этери белгилүү. Тез өзгөрүп жаткан кыргыз коомунда айрым салттык эрежелердин жаштар тарабынан талап кылынышы жана өздөрүн баалуу, жетишерлик деп эсептөө тенденциясынын өсүшү терс көрүнүш катары каралбашы керек. Тескерисинче, бул жагдайды заманбап дүйнөдө жаштардын өз сезимдери менен муктаждыктарын олуттуу кабыл алышы катары баалоого болот.

Үчүнчү фактор «Бирге / чогуу жашоо». Кыргызстандагы этникалык жана маданий айырмачылыктар жаштардын арасында кеңири түрдө байлык катары кабыл алынары аныкталды. Бул жагдайда респонденттердин пикирлеринде толеранттуулукка жана плюралисттик көз карашка негизделген мамилелер басымдуулук кылары көрүнүп турат. Ошондуктан университеттин жаштары этникалык ар түрдүүлүктү коркунуч катары эмес, коомдук жашоонун табигый чындыгы катары кабыл алышат деп айтууга болот.

Төртүнчү фактор «Башкалардын тандоолоруна жана укуктарына сый-урмат менен мамиле кылуу». Кыргыз жаштарынын башкалардын укуктарына жана тандоолоруна сый-урмат көрсөтүүдө жогорку деңгээлде катышуусу алардын жеке этикалык баалуулуктарды да, коомдук нормаларды да маанилүү жүрүм-турум үлгүсү катары кабыл алганын айгинелейт. Канчалык заманбап коомдордо коомдук мамилелер негизинен өз ара принципке таянса да, салттуу коомдордо бул жагдай жөн гана өз ара мамилеге эмес, ошондой эле жеке жана коомдук ар-намысты чагылдырган көрүнүш катары түшүндүрүлөт. Кыргыз жаштарынын мындай заманбап коомдук баалуулук-

тарды кабыл алышы кыргыз коомунун келечеги үчүн үмүт жараткан процесстер катары бааланса болот.

Бешинчи фактор «Кыргыз тилине маани берүү». Бүгүнкү Кыргызстанда талкууланып жаткан маселелердин сап башында орус жана кыргыз тилдеринин колдонулушу турат. Чындыгында, тил бирге жашаган адамдардын ортосундагы байланышты камсыз кылган жөн гана каражат эмес, ошол эле учурда алардын тагдырына айланган курал болуп саналат.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда эки тил тең колдонулат, орус тилинин кеңири жайылышына бир катар себептер таасир этүүдө. Алардын катарына орус тилинде билим берүүнүн дагы деле кеңири уланып жатышы, академиялык тилде орус тилин басымдуу колдонуу, саясатта орус тилин көп колдонуу, экономикалык турмушта анын таасиринин уланышы жана орус тилинин эл аралык деңгээлде колдонулушу ж.б. кирет. Айрыкча борбор шаар Бишкек баш болгон жерлерде орус тили шаардык тил катары бардык тармактарда күчүн сактап келүүдө. Кыргызстанда орус тилинин кеңири колдонулуп жатканына карабастан, жаштардын катарын толуктаган студенттер өздөрүнүн эне тили болгон кыргыз тилинин кеңири колдонулушу зарыл деген ойдо болушу улуттук иденттүүлүк, маданий улануучулук жана коомдук биримдик жагынан абдан чоң мааниге ээ. Жаштардагы бул ишеним улутунун эс тутумун, баалуулуктарын жана улут катары бар болуусун сактап калуу талабы катары баалоого тийиш болгон маанилүү көрүнүш болуп саналат.

Алтынчы фактор "Экология" болуп эсептелет. Заманбап баалуулук катары экология баалуулугу жөн гана табиятты коргоо аң-сезими гана эмес, келечектеги муундарга жашоого ылайыктуу дүйнө калтыруу этикасына негизделген коомдук түшүнүк. Университет жаштарынын экологиялык баалуулуктарды ка-

был алышы – экологиялык туруктуулук жана коомдук трансформация жагынан келечекке багытталган абдан маанилүү жана стратегиялык көз карашка ээ экенин билдирет. Бул аң-сезимдин жаштар арасында кеңири жайылышы табиятка карата сый-урмат жана аны сактоо менен эле чектелбестен, ошол эле учурда жашоо образынын, экономикалык мамиленин жана адептик философиянын да калыптанышын шарттайт.

Жетинчи фактор "Экономикалык жыргалчылыкты баалоо" болуп саналат. Экономикалык байлыкка маани берүү – бул биринчи кезекте адамдын өзүн-өзү өнүктүрүү, коомдо кадыр-баркка ээ болуу жана коомдук макамга жетүү каалоосу менен тыгыз байланышта болгон баалуулук. Бул фактор ошондой эле заманбап коомдордо атаандаштыктын негизги критерийлеринин бири катары каралат. Бирок ошол эле учурда, экономикалык ийгиликти өтө маанилүү баалуулук катары көрүү – материалисттик, каражатка багытталган жана көп учурда жеке мүдөөчүлүккө негизделген дүйнө таанымдын чагылуусу катары кабылданат. Мындай баалуулукка ээ болгон адамдардын жашоосундагы ийгиликтер жана баалуулуктар көбүнесе материалдык пайда аркылуу аныкталып, ички руханий принциптерге караганда сырттан берилген баа жана таанууга көбүрөөк көз каранды абалда болуп калышат. Натыйжада ак ниеттүүлүк, чынчылдык, тилектештик сыяктуу баалуулуктар артта калып, алардын ордуна канааттанбастык жана чарчоо сезимдери пайда болушу мүмкүн. Кыргыз жаштарынын арасында экономикалык байлыкка өзгөчө маани берүү сыяктуу тенденциялардын кабыл алынганы – кыргыз жаштары жана жалпы коом үчүн көңүл бурууга жана этияттык менен кароого тийиш болгон маанилүү маселе болуп саналат. Анткени мындай баалуулук түшүнүгү – жашоону гана чектеп койбостон, адамдын мүнөзүнүн оңой бузулушуна, ички стержени бош

жана алсыз "мендиктин" (иденттүүлүктүн) жаралышы менен баалуулук системасынын материалдык ийгиликтин тегерегинде гана калыптанышына алып келет. Жыйынтыгында мурдагы факторлордо көрсөтүлгөн руханий баалуулуктар менен бул фактордогу материалдык баалуулуктардын кагылышы кыргыз жаштарынын баалуулук кризиси же ички карама-каршылыктардын чегинде турганын билдирет.

Сегизинчи фактор "Жыныстык иденттүүлүк". Бул фактордун ичине бири-бирине карама-каршы келген эки баалуулук тобу аныкталды. Биринчи топ – орточо арифметикалык көрсөткүчү жогору болгон "Адамдар төрөлгөндө берилген жынысын сакташы керек" деген көз караш менен мүнөздөлөт. Бул позиция жыныстык иденттүүлүктү табигый жана туулганда берилген сапат катары кабыл алып, анын өзгөртүлүшүн табиятка каршы көрүнүш катары баалаган баалуулук системасына негизделет. Экинчи топто – арифметикалык орточо көрсөткүчтөрү төмөн болгон "Адамдар жынысын өзгөртүү эркиндигине ээ болушу керек" жана "Ар кимдин жыныстык тандоосуна сый-урмат **менен мамиле кылуу зарыл"** деген көз караштар орун алган. Бул позиция негизинен адам өзүнүн жыныстык иденттүүлүгүн өзү аныктоого толук эркин болушу керек деген баалуулуктарга таянат. Изилдөөгө катышкан жаштардын дээрлик баары жыныс алмаштырууга каршы экенин билдиришкенине карабастан, ошол эле учурда кыргыз коомунда жынысты алмаштырууга эркин болушу керек деген тенденциянын акыркы убактарда көбөйүп баратканына да басым жасашкан.

Тогузунчу фактор "Шаңдуу жашоо" болуп саналат. Салттуу коомдордо көбүнчө баш ийүү жана гармония ичинде жашоо алдыңкы орунга чыкса, заманбап жана постзаманбап коомдордо кызыктуу жашоону издөө мыйзамдуу жана каалоого арзый турган жашоо образы катары сунушталат. Мындан тышкары,

азыркы коомдордо үзгүлтүксүз өзгөрүүнү каалоо мурдагыдай алсыздыктын белгиси катары эмес, тескерисинче, тездик жана көп кырдуу жөндөмдөрдүн символу катары кабыл алынууда. Коомдук тез өзгөрүүнү баштан кечирип жаткан кыргыз коомундагы ЖОЖдун студенттеринин баалуулуктарында мындай баалуулук тенденцияларынын басымдуу болушу жаштардын позитивдүү өнүгүүсүнөн кабар берет, бирок ошол эле учурда, жогоруда айтылгандай, коомдук ыдыроонун, өздүк идентүүлүк кризисинин жана нааразычылыктын да булагы болушу мүмкүн.

Изилдөөнүн үчүнчү бөлүмүнүн экинчи бөлүгүн түзгөн "Түшүнүктөргө тиешелүү баалуулуктардын камтыган чөйрөлөрүн аныктоо үчүн жалпы баалуулуктар бөлүмүндөгүдөй эле маалыматтарды кайра Varimax айлантуу ыкмасы менен факторду талдоо жасалып, 13 фактор аныкталды. Бул түшүнүктөргө университетте билим алып жаткан жаштар кандай жооп бергендигин аныктоо, алардын баалуулук түзүлүштөрүн ачып берүүдө маанилүү нускама бергендиги билинди".

Биринчи фактор "Салттуу символдор". Университетте билим алып жаткан кыргыз жаштарынын боз үй, «Манас», калпак, жети ата, туу жана салт-санаалар сыяктуу салттуу символдорго жогору деңгээлде баалуулук катары маани берүүсү, алардын коомдук таандыктык сезимин, муундар аралык байланышын жана маданий туруктуулугун көрсөтүшү жагынан абдан маанилүү болуп саналат.

Экинчи фактор "Демократиялык институттар". Кыргыз жаштарынын саясий партия, парламент, шайлоо, профсоюз, милиция жана өкмөт сыяктуу демократиялык институттарга жогорку деңгээлде маани берүүлөрү, Кыргызстандагы демократия маданиятынын келечеги үчүн абдан маанилүү. Анткени жаштардын бул баалуулуктарга ээ болуусу жеке гана бир ар-

тыкчылык эмес, ошол эле учурда коомдун келечеги үчүн катышуучу, эркин коом жана адилеттүү коомду бекемдөөгө салым кошот.

Үчүнчү фактор "Адеп-ахлактык жүрүм-турумдар". Бул ой-пикирлерде берилген тарбия, тазалык, жөнөкөйлүк, ден соолук, сый-урмат жана сабырдуулук сыяктуу түшүнүктөрдү карасак, бул түшүнүктөр жөн гана жеке ак ниеттүүлүктү билдирген түшүнүктөр эмес, ошондой эле коомдун биримдигин жана тартиптүүлүгүн сактаган нормативдик принциптер болуп саналат. Алар коомдун моралдык тартибин, күнүмдүк жашоо нормаларын жана адамдардын ортосундагы мамилелердин сапатын аныктаган негизги коомдук баалуулуктардын маанилүү бөлүгүн түзөт. Ошондуктан бул баалуулуктар коомдук тартиптин туруктуулугун, жалпы жашоо маданиятын жана моралдык түзүмүн аныктоодо абдан таасирдүү. Эгерде бул баалуулуктар өнүкпөсө, коомдун моралдык, социалдык жана структуралык бүтүндүгү олуттуу зыянга учурап, ылдам коомдук бузулууга дуушар болот. Кыргыз жаштарынын арасында бул баалуулуктардын маанилүү орунда болушу кыргыз коомунун келечеги үчүн абдан маанилүү натыйжаларды жаратат деп күтүлүүдө.

Төртүнчү фактор "Диний түшүнүктөр". Бул факторго кирген дин, мечит, ыйман жана аксакал сыяктуу түшүнүктөр коомдо жөн гана жеке диний баалуулуктар эмес, ошондой эле коомдук тартипти, моралдык нормаларды, жалпы жашоо тарздарын жана жалпы маданий иденттүүлүктү аныктоодо маанилүү жумшак күчкө ээ болгон баалуулуктар катары каралат. Бул баалуулуктардын жаштар арасында кеңири кабыл алынганы жөн гана диндин кыргыз коомунда жайылышы эмес, ошондой эле коомдук тартипти, моралдык нормаларды, коомдук жашоо формаларын жана жалпы иденттүүлүктү аныкто-

одо маанилүү роль ойной турганын көрсөтөт. Бул жагынан алганда абдан маанилүү.

Бешинчи фактор "Коомдук ак ниеттүүлүк". Бул факторго кирген эрдик, ар-намыс, сыпайылык, меймандостук, боорукерлик жана тайманбастык сыяктуу баалуулуктар салттуу коомдордо жамааттык иденттүүлүктүн, коомдук көзөмөлдүн жана коомдук ар-намыстын маанилүү элементтери болуп эсептелет. Заманбап коомдордо бул баалуулуктар көбүнчө жеке купуялуулук жана адам укуктары контекстинде орчундуу баалуулук катары каралат. Бүгүнкү тез өзгөрүп жаткан кыргыз коомунда жаштардын мындай салттуу баалуулуктарды алдыга чыгарышы коомдогу моралдык түзүлүштү, маданий улантуучулукту жана иденттүүлүктү калыптандыруу үчүн абдан маанилүү деп бааланат. Ошондой эле, Кыргызстанга багытталган келечектеги социалдык тенденциялар үчүн маанилүү маалыматтарды берет.

Алтынчы фактор – "Медиа-көңүл ачуу". Бул фактор көбүнчө маданий байланыштардын каражаттары катары маанилүү болуп, азыркы коомдордун бардыгында таасирдүү орунга ээ. Айрыкча социалдык медиа, ар кандай жашоо образдарын сунуштап, өзүнө ишенбестикти, канааттанбастыкты жана баалуулуктарды баалоо түшүнүктөрүн бекемдөөгө шарт түзүп, адамдарда зордук-зомбулук жана керектөө маданиятын күчөтүшү мүмкүн. Медиа каражаттарын кеңири колдонуу оң жактары менен бирге, салттуу баалуулуктардан алыстоо жана улуттук жана маданий иденттүүлүктө бузулууларга алып келүү коркунучун күчөтөт. Муну эске алганда, сынчыл "медиа сабаттуулугу" жана үй-бүлө менен мектептеги тарбия маанилүү функцияга ээ. Бул контекстте бул каражаттарды аң-сезимдүү колдонуу жаштардын глобалдуу дүйнөдө активдүү жана аң-сезими жогору болгон жарандар болушуна шарт түзөт.

Жетинчи фактор – “Инсандын сезимталдыгы”. Бул фактордун ичинде табиятты сүйүү, чынчылдык жана адамгерчилик түшүнүктөрү камтылган. Бул баалуулуктардын жалпы мүнөзү – адамдын өзүн гана эмес, табиятка жана башка адамдарга болгон моралдык жана ар-намыстуу сезимин чагылдыруусу. Бул баалуулуктар жеке адамдардын маданий жетилгендигинен сырткары, коомдогу мамилелердеги сезимталдуулукту да өнүктүрүп, этикага негизделген жашоо философиясын калыптандырууга чоң таасир тийгизет. Бул баалуулуктардын кыргыз жаштарынын арасында орчундуу орунду ээлеши абдан маанилүү деп бааланат.

Сегизинчи фактор “Билим”. Билим жеке өнүгүүнүн гана эмес, коомдук түзүлүштүн негизги институту болуп саналат жана коомдун келечек багытын аныктоодо негизги ролду ойнойт. Ал адамдын социалдашуусун камсыз кылат, коомдук нормаларды үйрөнүүгө жардам берет жана билимдин өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, кийинки муундарга өткөрүлүшүн камсыз кылат.

Тогузунчу фактор “Жеке эркиндик жана коомдук теңдик”. Бул фактордо камтылган түшүнүктөр адамдын өздүк идент-түүлүгү жана жеке чектерин аныктоосун гана эмес, коомдук деңгээлде түрдүү улуттар менен чогуу жашоо аркылуу күчтүү бир тенденциянын бар экенин чагылдырат. Толеранттуулук жана теңдик көбүнчө заманбап коомдордо басымдуулук кылган баалуулуктар катары каралса да, коомдук эрежелер толеранттуулукту жана теңдикти колдойт. Тездик менен болуп жаткан коомдук өзгөрүүлөрдү көрүп жаткан кыргыз коомундагы университет курагындагы жаштар жогоруда аталган факторлордо көрсөтүлгөн баалуулуктардан тышкары, мындай баалуулуктарга да маанилүү мамиле кылуусу өткөөл коомдун таасирлеринин көрүнүшү катары бааланат.

Онунчу фактор "Үй-бүлө". Бул фактордо "Бир тууган-дар", "Ата" жана "Үй-бүлө" сыяктуу түшүнүктөр камтылган. Көпчүлүк коомдордо болгондой эле, кыргыз коомунда да үй-бүлө, ата жана туугандар сыяктуу баалуулуктарды жөн эле биологиялык байланыш менен чектөө мүмкүн эмес, алар ошондой эле коомдук системанын негизги түйүнүн түзөт. Коомдук системанын негизин түзгөн үй-бүлөлүк баалуулуктар кыргыз жаштарынын арасында баалуулук катары маанисин жоготууга учурашы, башкача айтканда, бул баалуулуктардын башка факторлорго караганда төмөнкү орунда болушу абдан көңүл буруучу жана тереңирээк изилдөөнү талап кылган маселе болуп саналат.

Он биринчи фактор "Советтер союзуна байланыштуу түшүнүктөр". Бул жерде "Репрессия", "Советтер союзу" жана "II дүйнөлүк согуш" түшүнүктөрү камтылган. Бул түшүнүктөр совет доорунун тарыхый окуялары жана жамааттык эс менен байланыштуу. Кыргыз жаштарынын бул баалуулуктарга берген баасы совет мезгилинин бүгүнкү күндөгү таасири катары ошол учурдун тарыхый түшүнүгү, саясий аң-сезимге тийгизген таасири, иденттүүлүгүнүн калыптанышы жагынан маанилүү болуп эсептелет.

Он экинчи фактор "Байлык". Бул фактордун ичинде "байлык" жана "акча" түшүнүктөрү камтылган. Кыргыз жаштарынын арасында акча жана байлык сыяктуу баалуулуктарды бир факторго топтоштуруусу, алардын турмушта материалдык ийгиликке артыкчылык берүү жана жаркын, көрүнүктүү жашоону тандоого умтулушу тууралуу баа берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Он үчүнчү фактор "Адилеттүүлүк". Адилеттүүлүк жана адеп-ахлак салттуу да, заманбап да коомдо маанилүү функцияларга ээ болуп, коомдун түзүмүндөгү негизги элементтердин

катарына кирет. Мындай маанилүү эки баалуулуктун биздин изилдөөбүздөгү баалуулук түшүнүктөрү менен байланыштуу факторлордун акыркысы катары орун алгандыгы, абдан көңүл бура турган жана тереңирээк талкуулоого татыктуу маселе деп эсептелет.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


Асанканов, А. (1997), Кыргызы: рост национального самосознания. Бишкек: Мурас.

Atalay, B.; Demir, Ö.; Dalmış, İ.; Toprak, A. Ö. ve Eyerci, C. (2024) Türkiye'de Kimlikler: Din Ekonomi ve Siyaset (2024 Değer Araştırması), Ankara Коомдук илимдер Vakfı Yayınları, Ankara. https: //www.sosyalbilimlervakfi.org/wp-content/uploads/2024/10/)

Aydın, M. (2003), "Gençliğin Değer Algısı: Konya Örneği, Değerler Eğitim Dergisi", Cilt 1, Sayı, 3, ss. 121-144.

Bağrıyanık, Mehmet, (2005), Kuşaklar, Medya ve Kimlik Bağlamında Toplumsal Değerler, Selçuk Университетsi, Коомдук илимдер Enstitüsü, Doktora Tezi, Konya.

Baran, A. G. (2013), "Genç ve Gençlik: Sosyolojik Bakış", Gençlik Araştırması Dergisi, Cilt, 1 Sayı 1, ss. 6-25.

Билим берүү уюмдарынын аймактар боюнча саны. Балдардын жана окуучулардын аймактар боюнча саны. https://stat.kg/kg/statistics/obrazovanie/

Жунушова, С. О. (2012) "Молодежь Кыргызстана в современном мире: проблемы социокультурной идентификации", Наука и новые технологии, № 6, 174-175.

Çileli, M. (1990), Gençlik Değerleri Üzerine Bir Araştırma, Ara Yayınları, Ankara.

Демографический ежегодник Кыргызской Республики 2018-2022 г. (2023). Бишкек: Национальный статистический комитет.

Ersoy, E. (2018), "Sosyolojide Değerler ve Değer Araştırmaları", Uluslararası Sosyal Araştırmalar Dergisi / The Journal of International Social Research, Cilt 11,Sayı 56. 356-366.

Fichter, J. (1990), Sosyoloji Nedir? (Çev. N. Çelebi), Toplum Yayınları, Konya.

Güngör, E. (1998), Değerler Psikolojisi Üzerine Araştırmalar, Ötüken Yayınları, İstanbul,

Inglehart, R.F. (2001), "Değişen Değerler, Ekonomik Kalkınma ve Siyasi Değişim", (Çev. A. Koçak), Ege Университетsi Sosyoloji Dergisi, Sayı 8-9, ss. 88-120.

Inglehart, R., C. Haerpfer, A. Moreno, C. Welzel, K. Kizilova, J. Diez-Medrano, M. Lagos, P. Norris, E. PoНарын & B. Puranen et al. (eds.) (2014a) World Values Survey: Round Six - Country-Pooled Datafile Version: https://www.worldvaluessurvey.org/WVSDocumentationWV6.jsp. Madrid: JD Systems Institute.

Inglehart, R., C. Haerpfer, A. Moreno, C. Welzel, K. Kizilova, J. Diez-Medrano, M. Lagos, P. Norris, E. PoНарын & B. Puranen et al. (eds.). (2014b) World Values Survey: All Rounds - Country-Pooled Datafile Version: https://www.worldvaluessurvey.org/WVSDocumentationWVL.jsp. Madrid: JD Systems Institute.

Индекс благополучия и развития молодежи в Кыргызской Республике. (2022). https://kyrgyzstan.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/giz_ibrm_kyrg_russ_0.pdf

Исаев, К. (2017). Кыргыз ким болгон? Ким болду? Ким болушу керек? Бишкек: Улуу Тоолор.

Казакбаева, Элнура (2021). Ситуационный анализ молодежи. Маалыматты алуу: https://kyrgyzstan.unfpa.org/sites/default/files/pub-pdf/situacionnyy_analiz_molodezhi_ru_0.pdf

Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим 2018-2022 (2023). Статистикалык жыйнак. Бишкек: Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети. Уюмдардын менчик формалары боюнча балдардын жана окуучулардын саны. Билим берүү уюмдарынын түрлөрү жана менчик формалары боюнча саны. https://stat.kg/kg/statistics/obrazovanie/

Кыргызстан цифраларда (2023). Бишкек: Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети.

Kilby, R. W. (1993), The study of Human Values, University Press o f America, Boston.

Landes, D. S. (1995), Kapitalizmin Doğuşu (Çev. S. E. Gündüz), İnsan Yayınları, İstanbul,

Маткеримов, Н.Т. (2010) Социализация учащейся молодежи в Республике Кыргызстан, ВАК РФ 22.00.04, (докторлук диссертация), Бишкек.

Молодежь Кыргызской Республики: затерянные в трансформации 2020/2021 (2022). Бишкек: Триада Принт

Молодежь Кыргызстана сегодня традиции и современность (2015). Бишкек: M-Maxima.

Молодежь Центральной Азии, Вызовы миростроительству: Комплексный исследовательский обзор (2022). https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000380326, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000380818

Молодежь Центральной Азии: Сравнительный Обзор (2017). Алматы: Deluxe Printery. Маалымат алуу: https://library.fes.de/pdf-files/bueros/kasachs-tan/14109.pdf

Молодежь в Кыргызской Республике 2004-2018 (2019). Статистический сборник. Бишкек: Национальный статистический комитет.

Молодежь в Кыргызской Республике 2009-2013 (2014). Статистический сборник. Бишкек: Национальный статистической комитет.

Özensel, E. (2003), "Sosyolojik Bir Olgu Olarak Değer", Değerler Eğitimi Dergisi, Cilt 1, Sayı 3, s. 217-239.

Özensel, E. (2004), Türk Gençliğinin Değerleri: Liseli gençlik Üzerine Bir Araştırma, S.Ü. Коомдук илимдер Enstitüsü, Yayınlanmamış Doktora Tezi, Konya.

Schwartz, S. H. (1992), "Universal In The Content And Structure O f Values. Theoretical Advences And Empirical Tests in Countries". L. Berkowitz (Ed.), Adavances in Ewprimental Social Psychology, Vol. 25, pp, 1-65,.

Sombart, W. (1913), The Jews and Modem Capitalism, London, Ficsher, Unwin.

Шакеева Ч. А и Чолпонкулова Н. Т. (2019) "Особенности самооценки студентов в посткризисный для Кыргызстана период (2010-2011 гг.)", Бюллетень науки и практики, Т. 5. №12., 387-391.

Theodorson G. A., Theodorson A. G., Theodorson A. A. (1979), Modem Dictionary o f Sociology, Bames and Noble Books, New York.

Topçuoğlu, A. (1999), Университет Gençliğinin Değerleri. Vadi Yayınları. Ankara.

Toraman, S. (2021), "Karma Yöntemler Araştırması: Kısa Tarihi, Tanımı, Bakış Açıları ve Temel Kavramlar", Nitel Коомдук илимдер, Cilt3, Sayı, 1, ss. 1-29.

Туруктуу калктын жынысы жана куракттык топтору боюнча саны. https://stat.kg/kg/statistics/naselenie/

Туруктуу өнүгүүнүн максаттары жана Кыргыз Республикасындагы жаштар (2022). Бишкек: Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети.

UNESCO Operational Strategy on Youth 2014-2021 (2014). France: Agence Publics. https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000227150

Усубалиева А, (2017), Трансформация семейно-брачных отношений молодежи Кыргызстана. Дисс.канд.социол. наук., Кыргызский Национальный университет им. Ж.Баласагына, Бишкек.

Ülgener, S.F. (1981.a), İktisadî Çözülmenin Ahlâk ve Zihniyet Dünyası, Der. Yayınları, İstanbul,

Ülgener, S.F. (1981.b), Zihniyet ve Din, Der. Yayınları, İstanbul.

Ülgener, S.F. (1983), Zihniyet Aydınlar ve İzimler, Mayaş Yayınları, Ankara.